БГУ жарчысы
Вестник БГУ

№ 1(43)
2018

К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ
НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ БИШКЕКСКОГО ГУМАНИТАРНОГО УНИВЕРСИТЕТА им. К.КАРАСАЕВА

ISBN 9967-410-59-0

Башкы редактор
А.И. МУСАЕВ
филология илимдеринин доктору, профессор

Башкы редактордун орун басары
Г.М. МУРЗАХМЕДОВА
филология илимдеринин доктору, профессор

РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

АКМАТАЛИЕВ А.А. - филология илимдеринин доктору, академик
БАЙГАЗИЕВ С.Б. - филология илимдеринин доктору, профессор
ИСАЕВ К.И. - философия илимдеринин доктору, профессор
КАНИМЕТОВ Ж.К. - педагогика илимдеринин доктору, профессор
ТЫНАЛИЕВА Б. - медицина илимдеринин доктору, профессор
САДЫКОВ А.С. - филология илимдеринин доктору, профессор

ИЛИМИЙ-РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮ

АБДУЖАБАРОВ Х.А. - тарых илимдеринин кандидаты
АКМАТОВ Б.М. - педагогика илимдеринин доктору
АСАНОВА А.А. - филология илимдеринин кандидаты
ЕЛЕБЕСОВА С.А. - педагогика илимдеринин кандидаты
ИСКЕНДЕРОВА С.И. - филология илимдеринин доктору, профессор
ИСМАИЛОВА Э.И. - философия илимдеринин доктору, профессор
ИШЕМКУЛОВ Т.И. - профессор
КОЗУЕВ Д.И. - филология илимдеринин кандидаты
МАШРАПОВ Т.Т. - тарых илимдеринин кандидаты
ОРОЗАЛИЕВ Э.С. - философия илимдеринин доктору, профессор
САВИН В.Е. - экономика илимдеринин доктору, профессор
СЕЙИТБАЕВ Б.Т. - саясий илимдеринин кандидаты
ЧОГУЛДУРОВ М.Д. - география илимдеринин кандидаты

Илимий журнал
2003-жылы негизделген
Жылына 4 жолу жарык көрөт

Журнал КРнын Адилет министрлигинен 2001-жылы 2-мартта каттоодон өткөн.
Каттоо күбөлүгү № 504

Журнал
2017-жылдан
РИНЦтин
түзүмүнө кирди

© К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети

Вестник БГУ
БГУ жарчысы

№ 1(43)
2018

НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ БИШКЕКСКОГО ГУМАНИТАРНОГО УНИВЕРСИТЕТА им. К.КАРАСАЕВА
К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ

ISBN 9967-410-59-0

Главный редактор
А.И. МУСАЕВ
доктор филологических наук, профессор

Заместитель главного редактора
Г.М. МУРЗАХМЕДОВА
доктор филологических наук, профессор

РЕДАКЦИОННЫЙ СОВЕТ

АКМАТАЛИЕВ А.А. - доктор филологических наук, академик
БАЙГАЗИЕВ С.Б. - доктор филологических наук, профессор
ИСАЕВ К.И. - доктор философских наук, профессор
КАНИМЕТОВ Ж.К. - доктор педагогических наук, профессор
ТЫНАЛИЕВА Б. - доктор медицинских наук, профессор
САДЫКОВ А.С. - доктор филологических наук, профессор

ЧЛЕНЫ НАУЧНО-РЕДАКЦИОННОЙ КОЛЛЕГИИ

АБДУЖАБАРОВ Х.А. - кандидат исторических наук
АКМАТОВ Б. - доктор педагогических наук
АСАНОВА А.А. - кандидат филологических наук
ЕЛЕБЕСОВА С.А. - кандидат педагогических наук
ИСКЕНДЕРОВА С.И. - доктор филологических наук, профессор
ИСМАИЛОВА Э.И. - доктор философских наук, профессор
ИШЕМКУЛОВ Т.И. - профессор
КОЗУЕВ Д.И. - кандидат филологических наук
МАШРАПОВ Т.Т. - кандидат исторических наук
ОРОЗАЛИЕВ Э.С. - доктор философских наук, профессор
САВИН В.Е. - доктор экономических наук, профессор
СЕЙИТБАЕВ Б.Т. - кандидат политических наук
ЧОГУЛДУРОВ М.Д. - кандидат географических наук

Научный журнал основан в 2003 г.
Выходит четыре раза в год

Журнал зарегистрирован в Министерстве Юстиции КР 2 марта 2001 г.
Свидетельство о регистрации № 504

Журнал входит систему РИНЦ с 2017 г.

© Бишкекский гуманитарный университет им. К.Карасаева

Уважаемые читатели!

6 апреля 2018 года факультет Славяноведения Бишкекского гуманитарного университета провел международную научно – практическую конференцию «Этнопедагогические и этнопсихологические общности Алтайских народов», собравшую более 70 исследователей педагогов, историков, философов, искусствоведов из Казахстана, России и Кыргызстана.

Бишкекский Гуманитарный университет стал той площадкой, на которой выступающие в своих научных докладах отметили, что Алтай, являясь одной из колыбелей человеческой цивилизации, тысячелетиями связывает наши народы общей историей и культурой. По мнению участников конференции, усилия алтайских народов должны быть направлены на придание нового импульса научным исследованиям и развитию идеи общности народов алтайской языковой семьи в современных условиях глобализации, изучению и популяризации алтайской цивилизации.

Также, выступающие акцентировали внимание и на том, что этнопедагогика и этнопсихология алтайских народов принадлежит общечеловеческим духовным сокровищам, а исчезновение уникальной алтайской цивилизации явилось бы невосполнимой утратой для всего человечества. Алтай, через который проходит «культурный меридиан», по определению участников конференции, есть центр евразийской культурной эволюции.

Поэтому основной целью конференции было обобщение и анализ научных результатов исследований и практического опыта работы ученых и специалистов по актуальным проблемам этнопедагогической и этнопсихологической общности алтайских народов. Для успешного достижения поставленной цели, конференция работала по следующим направлениям:

- *общее и особенное в этнопедагогике народов Алтая;*
- *современные этнические процессы у народов Алтая и их трансформация в период глобализации;*
- *современные этнолингвистические проблемы алтайской цивилизации;*
- *этнопсихологические общности алтайских народов и вектор их развития в XXI веке.*

Настоящий сборник материалов конференции рекомендуется педагогам общеобразовательных учебных заведений, алтаистам, тюркологам, историкам, политологам, археологам, этнографам, и другим исследователям и читателям, желающим глубже исследовать алтайскую цивилизацию, историю народов, имеющих общие алтайские историко- культурные и этногенетические корни.

Участники конференции отметили значимость и положительный эффект в обсуждении вопросов на пленарном и секционном заседании. Рекомендовали продолжить обсуждение проблематики конференции на форумах, посвященных высшему образованию, фундаментальным вопросам методики преподавания.

Выражаем искреннюю благодарность всем участникам научно - практической конференции и надеемся, что опубликованные материалы будут содействовать развитию науки и научного потенциала современного Кыргызстана.

Желаем всем участникам конференции новаторских и научных идей!

Орг комитет

УДК: 371.213

Качиева А. Е.
К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети
Ага окутуучу E-mail: kachieva63@mail.ru

“ЭТНОПСИХОЛОГИЯ” ПРЕДМЕТИН КОНТЕКСТТИК ПРИНЦИПТЕРДИН НЕГИЗИНДЕ ОКУТУУ

ОБУЧЕНИЕ ПРЕДМЕТА “ЭТНОПСИХОЛОГИЯ” НА ПРИНЦИПАХ КОНТЕКСТНОГО ОБУЧЕНИЯ

TRAINING OF THE SUBJECT “ETHNOPSYCHOLOGY” ON PRINCIPLES OF CONTEXT TRAINING

Аннотация*: Макалада этнопсихология предметин контексттик окутуу натыйжалуу экендиги аңдалат жана анын негизинде студенттердин этнопсихологиялык компетенциялары калыптанат.*

Түйүндүү сөздөр: *студенттер, этнопсихология, предмет, контексттик окутуу, принциптер, компетенциялар.*

Аннотация: *В статье применение контекстного обучения в преподавании предмета этнопсихология приводит к эффективным результатам, что способствует формированию у студентов этнопсихологических компетенций.*

Ключевые слова: *студенты, этнопсихология, предмет, контекстное обучение, принципы, компетенции.*

Annotation: *in the article the application of contextual teaching in the teaching of the subject ethnopsychology leads to effective results, which contributes to the formation of ethnopsychological competencies in students.*

Keywords: *students, ethnopsychology, subject, contextual training, principles, competences.*

Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй иштелип чыккан программанын же дисциплинанын майнаптуулугун айкындаган шарттардын бири - аны окутуу методдору. Дүйнөдө таанымал билим берүү мекемелери да бири биринен эң обол окутуу ишин уюштуруу методдорунун прогрессивдүүлүгү менен айрымаланышат. Бул жагынан алып караганда жогорку окуу жайларынын студенттерин окутуу процесси адекваттуу мамилени талап этет.

Этнопсихология предмети элдик психологиянын теориялык негиздери, методдору, психологиялык изилдөөлөрү, этномаданий кубулуштары менен тааныштыруу менен байланыштуу.

Аталган дисциплинаны окутуунун негизинде студенттердин төмөнкүдөй компетенциялары калыптанат: студенттер этнопсихология предметинин теориялык жана практикалык көйгөйлөрүн билишет; улуттук этномаданий окшоштуктар жана психологиялык механизмдери калыптандыруу боюнча илимий түшүнүктөрдү чечүүнү үйрөнүшөт; ар кандай улуттун гендердик, этникалык, кесиптик жана социалдык топторунун негиздерин билишет; этностор аралык өз ара аракеттенүү психологиялык көйгөйлөрдү жана этностук сабырдуулуктун жана психологиялык механизмдерин түзүлүшүн аңдашат.

Ошондуктан татаал жана кызыктуу этнопсихология предметин окутууда контексттик окутуунун принциптерин колдондук.

Контексттик окутуунун (лат. contextus - тыгыз байланыш) концепциясына ылайык [4], болочок

адистерди окутуу - алардын ишмердүүлүгүн моделдештиргендей таризде уюштурууну талап этет. Бул жагдай семинардык сабактарда окутууну биринчиси экинчисинин контекстинде аткарылуучу окутуу жана кесиптик максаттардын эки тибин бир максаттын системасы катары моделдештирүүнү шарттайт.

Контексттик окутуунун концепциясы көрүнүктүү психолог А.А. Вербицкий тарабынан иштелип чыккан [3]. Аны ишке ашыруунун айрым аспекттери А. Алимбеков [1], Н. В. Борисова[2], М. В. Картежникова [1] жана башкалардын илимий эмгектеринде чагылдырылган.

А. А. Вербицкий окутуу ишиндеги ишмердүүлүк парадигмасына таянуу менен аны талдоо менен студенттин ишмердүүлүгүнүн биринен бирине өтүүчү төмөнкүдөй үч негизги формасын айкындаган: *1) академиялык типтеги окуу ишмердүүлүгүгү* – бул кесиптик ишмердүүлүктүн негизин түзгөн маалыматтарды жеткирүү жана активдүү өзөштүрүүгө багытталган проблема таламдуу лекция же семинар дискуссия процесстери. Бирок, ушул процесстердин өзүндө да кесиптик ишмердүүлүктүн социалдык жана предметтик контексттери көңүл борборунда болушу абзел; *2) квазикесиптик ишмердүүлүк* – предметтик, социалдык жана психологиялык мазмундагы иммитациялык жана иштиктүү оюндар аркылуу үйрөнүүчүнү кесиптик ишмердүүлүктү аткаруу процессине аралаштыруу. Мында үйрөнүүчү кесиптик ишмердүүлүктүн толук контекстинин ичинде болот. 3) *окуу прцессиндеги кесиптик ишмердүүлүк* - бул үйрөнүүчүнүн мурдагы үйрөнгөндөрүнө негизденип өндүрүштүк практика, дипломдук проект аткаруу процессиндеги нукура иш жүзүндөгү кесиптик ишмердүүлүгү.

Контексттик окутуу - ишмердүүлүккө негизделген парадигма катары төмөнкүдөй интерактивдүү методдорду ийкемдүү колдонууну талап этет (1 –сүрөт).

Контексттик жагдайда этнопсихология предметин окутуу процесси төмөнкү принциптерди эске алуу менен түзүлдү:

1) студенттин өзүнүн ишмердүүлүк позициясында турушу, анткени окутуу иши жеке ишмердүүлүк формасында уюштурулат;

2) чечимдер биргеликте кабыл алынгандыктан болочок мугалимдер өздөрүнүн активдүүлүк потенциалын толугу менен колдонушу талап этилет;

3) окутуу иши класс жетекчинин ишмердүүлүгүнүн негизги компоненттерин моделдештирүү таризинде өнүгүп олтурушу шарт;

4) билимдер атайын моделдештирилген кесиптик педагогикалык кырдаалдарды чечүү контекстинде өздөштүрүлүшү шарт;

5) окутуу процессинин мазмунунда билим берүүнүн теориясындагы жана практикасындагы прогрессивдүү баалуулуктар бир түйүнгө бириктирилип, бир эле мезгилде студенттин илимий жана кесиптик компетенттүүлүгүнүн барабар өнүгүшүнө өбөлгө түзүлүшү шарт;

6) контексттик окутууда бир жактуу методдорго артыкчылык берүүгө жол бербейт, башкача айтканда мында коюлган маселенин ыңгайына карай салттуу жана инновациялык ыкмалар өз ара айкалышта колдонула берет.

Болочок мугалимдер арасында чыгармачыл абалды жаратып, өз оюн эркин айта билүүгө, башка бирөөнүн пикирин сын көз менен кабыл алуу жана сыйлоо сыяктуу жөндөм-сезимдерин өркүндөтүүгө багытталган инсан таламдуу методдордун бири талкуу.

Ошондуктан, семинардык сабактардын алкагында “Этнопсихологиялык ойлордун тарыхы”, “Кыргыз улутунун психологиялык негиздери”, “Этнопсихологиялык кубулуштардын маңызы, түзүлүшү жана өзгөчөлүгү”, “Этникалык аң-сезим, анын калыптануу этаптары жана анын спецификалык өзгөчөлүгү”, “Этникалык стереотиптер” “Улуттук каада салттарды, үрп-адаттарды сактоонун, кийинки муунга өткөрүүнүн механизмдери” жана башка темаларда талкуулар, тренингдер, тегерек стол жана ар түрдүү тапшырмаларды талдоолор өткөрүлдү.

Натыйжада контексттик принциптердин негизине таянуу менен окутуу - ар кандай шарттарга шайкеш келген методдорду колдонуу менен этнопсихология предметин окутуу процессинин натыйжалуулугун камсыз кыла алды деген тыянакка келдик.

Адабияттар

1. Алимбеков, А.А. Теория и практика этнопедагогической подготовки в системе высшего педагогического образования [Текст]: автореф. дис. … д-ра пед. наук: 13.00.01 / А.А. Алимбеков. – Бишкек, 2010.

2. Борисова Н.В. Образовательные технологии как объект педагогического выбора /Н.В.Борисова. -М.: Исслед. центр, 2000.- 86с.

3. Вербицкий А.А. Теория контекстного обучения: сущность и практическое: значение / А.А.Вербицкий // Школьные технологии;- 2006.- №5.- с.41-45.

4. Жапанов, А. Чет тилдер сөздүгү. 2 том. [Текст] /А. Жапанов. –Б.: Турар 2013. - 480 б;

5. Картежникова А.Н. Контекстный подход к обучению студентов в современных условиях: содержание и основные принципы Текст. / А.Н. Картежникова // Сборник статей научно-методической конференции. — Чита: ЗИП Си-6 УПК, 2005.- С.8-15.

УДК: 37.047

Абдыракунова Ж. С.
К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин доцентинин м.а.

ҮЙ-БҮЛӨ ТАРБИЯСЫНЫН БАЛАГА КЕСИПКЕ БАГЫТ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНДЕГИ ОРДУ

МЕСТО СЕМЕЙНОГО ВОСПИТАНИЯ В ПРОЦЕССЕ ПРОФОРИЕНТАЦИИ РЕБЕНКА

THE PLACE OF FAMILY EDUCATION IN THE PROCESS OF THE CHILD'S PROFESSIONAL DIRECTION

Аннотация: *Макалада кесипке багыт берүү ишин алып барууда элдик педагогиканын таасири аныкталган. Ошондой эле балага кесипке багыт берүү процессинде үй-бүлөнүн орду белгиленген.*

Түйүндүү сөздөр: *үй-бүлө, кесипке багыт берүү, кесип, тарбия, элдик тарбия, аңгеме, жомоктор, адеп-ахлак.*

Аннотация: *В статье раскрывается влияние народной педагогики в профориентационной работе. Также рассказывается о место семьи в профориентации ребенка.*

Ключевые слова: *семья, профориентация, профессия, воспитание, народное воспитание, рассказ, сказки, нравственность*

Abstract: *The article considers the importance of national pedagogical views of professional work. It also tells the role of the family in professional orientation.*

Key words: *a family, career guidance, profession, upbringing, public education, story, fairy tales, moral.*

Бүгүнкү күндө үй-бүлө проблемаларын илимдин бир катар тармактары, атап айтканда, экономика, укук, социология, демография, психология, педагогика жана башка илимдер изилдеп келишет. Бул илимдердин ар бири өзүнүн изилдөө объектиси менен предметине ылайык "үй-бүлө" институтунун өнүгүүсүнүн тигил же бул аспектисин изилдешет. Ал эми педагогика илими үй-бүлөнүн заманбап коомдогу тарбиялык функциясын, анын максаттары жана каражаттарын, ата-энелердин укуктарын, милдеттерин, балдарды тарбиялоодо ата-энелердин мектеп жана башка мекеме-уюмдар менен өз ара иш алып баруулары сыяктуу аспектилерин карайт, үй-бүлөлүк тарбиянын мүмкүнчүлүктөрүн жана келечегин аныктайт. Белгилей кетүүчү нерсе, бүгүнкү күндө мектеп менен үй-бүлөнүн өз ара биргелешип иш алып баруусу актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Анткени, жогорку класстын окуучуларына кесиптик багыт берүү процессинде мектептин жана үй-бүлөөнүн таасирлери – эки негизги фактор катары каралат.

"Кыргыз үй-бүлөсү" категориясы башка элдердин үй-бүлөлөрү сыяктуу эле аныкталгандан бери бул мезгилге чейин ар түрдүү баскычтарды басып өтүп, түрү жана түзүлүшү боюнча бир катар өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Белгилүү болгондой, баардык социалдык институттар коомдук мамилелердин негизинде калыптанат жана ал мамилелердин өзгөрүүлөрүнүн таасиринин натыйжасында жаңы деңгээлге өтүшөт. Кыргыз үй-бүлөсүнүн башаты эң байыркы доорго, алгачкы жамааттык түзүлүштүн стадиясындагы этникалык жалпылыктарга негизделген. Себеби, бир канчалаган кыргыз уруулардын калыптанышынын негизинде, жалпы көз караш пайда болгондон кийин кыргыз эли түзүлгөн. Бүгүнкү күндө эң байыркы социалдык институттардын бири болуп саналган үй-бүлө XXI кылымда чыгыш элдеринде, мунун ичинде кыргыз коомунда өзүн жигердүү түрдө сактоо менен бирге, милдеттерин, функцияларын аткарууга аракет кылууда. Үй-бүлө үй-бүлөлүк бакыттын үйү болуп, жаңы муундун пайда болушунда жана алардын улуттук баалуулуктарды сакташына жана аны байытууга негизги ролду ойнойт. "Үй-бүлө" институту андагы мүчөлөрү ортосундагы мамилелерде сүйүү, сый-урмат түшүнүктөрүндө айрым бир айырмачылыктар пайда

болушуна карабастан, жалпы адамдык баалуулуктар сактоого негиз болууда. Белгилүү болгондой, инсандык касиеттердин өнүгүшү, улуттук адеп, руханий менталитет, баалуулуктардын калыптанышы "үй-бүлө" институтунда орун алат. Үй-бүлө уясы - насыятчы, сүйүү, сый-урмат, мээрим очогу . болуп саналат. Ал жаш муунду турмушка даярдаган, алгачкы таалим-тарбия берген институт болуп саналат. Улууларга, аялдарга сый-урмат көрсөтүү менен, муундардын тарыхый жолун уулоо аркалуу, маданиятты жана жалпы адамзаттын баалуулуктарын сактап келүү менен кыргыз улутунун эң негизги идентификациялык белгилери өсүп келе жаткан жаш муунга калыптанууда.

Кыргыз коомунда таалим-тарбиянын негизин балдардын жана жаштардын адептүү, маданияттуу болушу, билим алышы, туура багытта өсүп-өнүгүшү түзөт. Ошондуктан, таалим-тарбия берүү айтылган принциптердин бүтүндүгү катары кабыл алынат. Таалим-тарбия балдардын жана жаштардын коомдук турмушта өз ордун табуу үчүн керек болгон билим, жөндөм, түшүнүктөргө ээ болууну, мүнөздү өнүктүрүүнү жана коомдук баалуулуктарды кабыл алууну билдирет.

Үй-бүлөлүк тарбиянын алкагында элдик таалим-тарбия дагы орун алат. Тарыхый жолду басып өткөн элдик тарбия, элдик оозеки чыгармачылыкта, каада-салттарда, оюндарда сакталып, педагогикалык идеялар жана тарбиялык тажрыйбалар түрүндө болуп, элдин тарыхынан, коомдук тажрыйбаларынан чыгып, практикалык мааниде муундан муунга, ооздон оозго өткөрүлүп улуттук үрп- адат катары түшүндүрүлөт. Элдин тарбиясы уламыштардан, аңгемелерден, жомоктордон, макалдардан, табышмактардан, ырлардан, санжырадан, жазмалардан, айтыштардан, төкмө акындардын чыгармаларынан келип чыгат. Элдик тарбия акылдуулукту, адептүүлүктү, ден соолукту сактоону, кооздукту үйрөтүп, жаратылыш, эне тил, эмгек, каада-салт, өнөр, ишеним, турмуш жөнүндөгү билимдерди берген. Улуттук тарбия үлгү көрсөтүү, түшүндүрүү, ишендирүү, өтүнүч, сүйлөшүү, белги көрсөтүү, мактоо, алкоо, тыюу жана дем берүү жана башка ыкмалар менен ишке ашат. Ата-эне баласы сөз түшүнгөн чагынан тартып, анын акыл-эсинде туура ассоциацияларды ойготууга аракет кылат. Кыргыз элинде балага тарбия канчалык эрте берилип баштаса, ошончолук пайдалуу боло тургандыгы тууралуу ой-пикирлер өкүм сүрөт: "Сүт менен бүткөн мүнөз сөөк менен кетет", "Жашында кылжың болсо, карыганда мылжың болот" жана башка макалдар менен даана чагылдырат.

Үй-бүлөлүк тарбия дайыма орун алуучу жана үзгүлтүккө учурабаган процесс болуп саналат. Натыйжада, ал дайыма кыймыл-аракетте болуп турат. Ата-эненин үлгүлүү жүрүм-туруму балдардын таза аңсезиминде жана кыймыл-аракеттеринде чагылып, өз "тамгасы" анын кийинки турмушунда пайдубал болуп калат.

Үй- бүлө тарбиясы элдик жокмоктор жана насыяттар аркалуу жүрөт. Баланын үй-бүлөдө тарбияланышында кыргыз элинин салты жана ата-бабалардан калган мурасы чоң мааниге ээ болот. Алардын жардамы менен өсүп келе жаткан муундун билим казынасы, ички дүйнөсү байып, турмушта жолуктурган терс окуялар оңдолот, достук, туугандык, жакындык, орток пикир жана баалуулук сыяктуу сапаттар пайда болуп, алар калыптанат. Жерге, сууга, нанга чоң сый көрсөтүлүп, жаратылыш, анын байлыктары терең урматталганы жана башка касиеттер калыптанат. "*Нандын күкүмү жерге түшсө убал болот, алып кой", " ичер сууңду булгаба", "жерди таза карма", "чөптү өрттөбө"* сыяктуу акыл-насыяттар колдонулат.

Үй-бүлөлүк тарбия баланын турмушунда мүнөзүнүн калыптанышына жана социалдык баалуулуктарды кабыл алышында эң маанилүү процесс болуп саналат. Балдардын үй-бүлөдө тарбия алышы көпчүлүк учурда субъективдүү мүнөзгө ээ. Ата-эненин маданиятына, адеп-ахлагына, турмуштук тажрыйбасына, план жана идеалдарына, мүнөзүнө жана темпераментине, социалдык мамилелерине, каада-салтына, үрп-адатына жана башка факторлорго тыгыз байланыштуу болот. Кыргыз коомунда баланын тарбиясы коом жана аныкталган катмарлар тарабынан, үй-бүлөнүн салты, ырым-жырымга айланган адаттары, ата-бабалардын санат-насыяттарына негизделип уланган. Үй-бүлөлүк таалим-тарбиядагы принциптердин бир тобу атадан уулга өтүп, кийинки муундун кабыл алышы менен уланып келген. Бул принциптер боюнча коомдун объективдүү ой-пикирлери пайда болотдагы, алар табигый нормалар катары кабыл алынат. Кыргыз үй-бүлөлүк салт боюнча бул абал чоң атадан же бабадан керээз же осуят түрүндө түшүндүрүлөт. Керээз жана осуяттар кыргыз үй-бүлөсүндө маанилүү орунга ээ болуп, жаш муундун таалим-тарбиясында кыйыр түрдө катышып турган. Окутуу функциясынын аткарылышында өзүнүн таасирин жоготпойт. Кыргыз үй-бүлөсүндө тарбия жөнөкөй көрүнгөнү менен анын таасири жана натыйжасы өтө терең болот. Ал таалим- тарбия коомдук жүрүм-турумду жөнгө салат, байкоодон чыгарбайт жана дайыма көзөмөл астында болот.

Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо жана өстүрүү биринчи ирээт аялдардын милдети болгондуктан, энелердин жана чоң энелердин үлгүлүүлүгү орчундуу мааниге ээ болот. Тилекке каршы, бүгүнкү күндө кээ бир аялдар эненин да атанын да ролун аткарып, турмуш-тиричилик түйшүгүн тартып жатышат. Аялдардын турмуштагы орду жана салттуу үй-бүлөдөгү таасири өтө күчтүү. Аялдардын жергиликтүү деңгээлде экономикалык, саясий жана маданий тармакта ордун тактоо зарыл. Аялдардын көп жылдан бери чектелип келген укуктары жана коомдук маселелерден алыс кармалышы, өлкөнүн социалдык-экономикалык турмушуна терс таасирин тийгизүүдө.

Кыргызстанда үй-бүлө түшүнүгүнүн маңызы аныкталган деңгээлде алмашууда. Жаштардын жоопкерчилиги кайсы бир деңгээлде төмөндөгөн. Адистердин пикири боюнча, "үй-бүлө" институтунун коомго болгон жалпы таасири жана функционалдык өзгөчөлүктөрү эске алынбай калууда. Ошондуктан, "үй-бүлө" институту боюнча жаңы коомдук пикирди жаратуу зарыл. Үй-бүлөлөргө камкордук көрсөтүп, алар менен түздөн-түз иштеген мамлекеттик борборлор дээрлик жокко эссе. Мамлекеттеги экономикалык абалдан улам, Кыргыз Республикасы эгемендүү болгондон тартып, абдан көптөгөн кыргыз жарандары татыктуу жашоо үчүн акчанын айынан агылып башка өлкөлөрдүн мигранты болуп, абдан оор шартта эмгектенишүүдө.

Кыргыз үй-бүлөсүндө башка улуттук үй-бүлөлөрдөй эле, кесипке багыт берүү иши кандайдыр бир деңгээлде жүргүзүлүп келген. Бирок, көпчүлүк учурда балдары ата-энелеринин кесиптерин аркалаган учурлар көп кездешет. Себеби бул үй-бүлөлөрдө илгертен калган салт-санааларга таянуу, кыргыз улутунун өздөрүнө тиешелүү менталитине да көз карандылыктар да байкалбай койбойт.

Элдик салттардын таасири коомго, өзгөчө өсүп келе жаткан муунга абдан күчтүү. Орустун улуу классик педагогу А.С.Макаренко мындай деп жазган: "Салттардай коомчулукту эч нерсе бекемдей албайт. Тарбиялоо ишинин эң эле маанилүү милдети – салттарды өрчүтүү, аларды сактап калуу" [4, 79-бет]. Чындыгында, азыркы мезгилде ата-бабалардан калган салттарды, үрп-адаттарды туура, орундуу колдонуу менен биз жаштарды эмгекке тарбиялоого жана ошондой эле келечектеги өз кесиптерине багыт берүү процессин үзүрлүү жүргүзүүгө болот. Себеби, бала бул жарык дүйнөгө келгенден баштап үй-бүлөдө тарбияланып, ата-энесинен таасирленип чоңоёт. Ар бир ата-эне сөзсүз түрдө баласынын, кызынын өзүнө ылайыктуу кесипти тандоосуна кызыктар. Бирок, ар бир үй-бүлөдөгү үй-бүлөлүк салттарга, көз караштарга жараша ата-энелердин кесипти тандоого таасирлери ар түрдүү болот. Ата-энелер жана мугалимдер ар дайым биргеликте кесипке багыт берүү боюнча иш алып барышса, анда окуучулардын келечектеги кесибин туура тандашына шек болбос эле.

Ошентип, кесип тандоодо туруктуулук калыптанышы үчүн өсүп келе жаткан муун үй-бүлөлүк салтты терең түшүнүү менен кабыл алып, аны андан ары улашы абдан маанилүү болуп саналат. Баса көрсөтүүчү нерсе, эгерде тандоо жөн гана ата-эненин эркин аткаруу болбостон, абдан терең ойлонулган процесс болсо, ата-энелер балдарына келечектеги кесибине болгон сүйүүсүн үйрөтө билсе, анда таасир этүү оң беделин тийгизет. Бирок, ата-энелер дайыма эле балдарынын ишмердүүлүктүн кандайдыр бир түрүнө болгон кызыгууларына жана шыктарына дем беришип колдошпойт, дайыма эле алардын жөндөмдүүлүктөрүн туура баалай билишпейт, дайыма эле балдарынын аракеттери ата-энелеринин каалоолору, ниеттери менен дал келишпейт. Демек, азыркы мезгилде ата-энелер кесипти тандоо үчүн атайын даярдалган курсу өтүүсү зарыл болуп саналат. "Кесип тандоо" атайын курсу бүтүрүүчү класстардын ата-энелери үчүн эмес, эң жок дегенде 10 класстын окуу жылынын башында жүргүзүлүшү туура болот. Анткени, ата-энелер мектептин мугалимдеринин жамааты менен бирдикте, ар бир окуучуга анын ички мүдөөсүнө, анын жөндөмүнө жана көз карашына туура келген кесипти тандоо өз убагында жүрсө гана аныкталган жыйынтыктарды алып келет. Кесип тандоонун алдын ала жүрүшү, окуучулардын кесип боюнча маалыматтарды гана албастан, түздөн-түз кесиптик процесстерди "көрүү", "байкоо" жана "анализдөө" менен терең түшүнүшө алышат. Мисалы, "каражат" адистигин тандайм десе, анда ал окуучуну банктардын, каражаттарды берүү уюмдардын "ички түзүлүшүн" көрсөтүү менен каражат адистеринин түйшүктөрүн көрсөтүүгө болот. Ал эми, машина оңдоо боюнча адистикти тандаса анда, түздөн-түз машина оңдоочу жайлардагы процесстерге катыштыруу жана башка ушул сыяктуу.

Демек, кесипти тандоо процессине бир жагынан "үй-бүлө" институтун активдүү катышуусунун жана экинчи жагынан кесиптердин өзгөчөлүктөрүн түздөн-түз жүрүшү менен тааныштыруу ар бир мектеп бүтүрүүчүсүнүн болочоктогу адистигин туура тандоого шарт түзөт.

Адабияттар

1. Акматалиев А. Каада-слт, үрп-адат, адамдык оңтерс сапат. – Б., 2002.

2. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы / А.Алимбеков I Бөлүк.- Б.: Алтын-Тамга, 1996.

3. Касымов Т. Үй-бүлөдөгү мектепке чейинки бала тарбиясы. –Б., 2010.

4. Макаренко А.С. Избранные педагогические сочинения. –М., 1946.

УДК 378.2(575.2)(04)

Али Актюрк
Аспирант БГУ им. К. Карасаева
Турция, Хаккари
E-mail: aliakturk-@hotmail.com

СОЦИАЛЬНО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЙ ПОДХОД ПО ФОРМИРОВАНИЮ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ БУДУЩИХ СОЦИАЛЬНЫХ ПЕДАГОГОВ

КЕЛЕЧЕКТЕГИ ПЕДАГОГДОРДУН АДИСТИК КОМПЕТЕНТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ БОЮНЧА СОЦИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК МАМИЛЕ

SOCIAL AND PEDAGOGICAL APPROACH ON THE DEVELOPMENT OF PROFESSIONAL COMPETENCE OF TEACHERS IN THE FUTURE

Аннотация: *В статье рассматриваются основные направления по формированию профессиональной компетентности у специалистов, которые посвятили себя делу воспитания подрастающего поколения. В этой связи, в настоящее время социально-педагогический подход как методологический ориентир воспитания и образования обоснован нами в результате анализа существующих научных подходов. Классифицируя их, можно увидеть группы, связанные с целевой направленностью на развитие личности (аксиологический, личностно-ориентированный, деятельностный) и связанные со структурно-содержательным построением педагогических процессов и явлений (системный, синергетический, информационный, технологический) подходы.*

Ключевые слова: *Социально-педагогический подход, компетенция, социальная компетентность.*

Аннотация: *Макалада өздөрүн келечек муунду тарбиялоо ишине арнаган адистердин адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруу багытындагы негизги маселелер каралат. Ушуга байланыштуу бул эмгекте учурдагы илимий методдорду анализ кылуунун натыйжасындагы социалдык-педагогикалык мамилелер таалим-тарбия жана билим берүүнүн методологиялык багыты катары берилди. Аларды түрлөргө бөлүштүрүүдө эң аз дегенде эки топту көрүүгө болот. Личносту максаттуу өнүктүрүү багыты менен (аксиологиялык, личностко багытталган, ишмердүүлүккө багытталган) жана педагогикалык процесстердин жана кубулуштардын мазмундук түзүлүшү менен байланыштуу (системалуу, синергетикалык, маалыматтык, техникалык) мамилелер.*

Түйүндүү сөздөр: *социалдык-педагогикалык мамиле, компетенция, социалдык компетенция.*

Abstract: *In this article specialists devoted themselves to the upbringing of the future generation will be considered the main issues of formation of professional competence.*

That's why in this research we gave the result of modern scientific methods of analysis of the social and pedagogical approaches as a methodological orientation of training and education. At a minimum, the distribution of the species, divided into two categories: targeted development of the personality (axiological, to the origin, about activities) and the relationships of the structure of pedagogical processes and phenomena (systematically, synergistic, informational, technical).

Keywords: *social and pedagogical relationship, competence, social competence*

Социально-педагогический подход содержит немалые резервы для реализации нового взгляда на процессы воспитания и образования:

- понятийный ряд отражает истоки заложенных в истории общества смыслов, отражающих: а) потребность человека в деятельности по совершенствованию и улучшению окружающей его среды; б) возможность становления личности в ходе усвоения внешних обстоятельств через внутренние условия развития мира человека, общения и самопреобразования;

- содержательно задано поле воззрения на педагогическую действительность как неразрывно связанную общность целостных, интегрированных базовых элементов жизнедеятельности (природных, социальных и личностных), максимально воздействующих на реальную образовательную практику;

- технологическое оснащение осуществляется в логике объединения усилий всех субъектов образования во имя расширения диапазона способов преобразования условий для социализации и самореализации личности, позволяющих прогнозировать успешность жизни в новом режиме или нестандартных социальных ситуациях, а также обеспечивает эффективность функционирования сконструированных инновационных образовательных объектов.

В современной педагогической науке принято употреблять понятие "подход" в значении "взгляд", "позиция", "точка зрения", "ориентация", задающих стратегию педагогических процессов и обуславливающих тактику действий в конкретной ситуации. Благодаря применению приоритетного доминирующего подхода формируется качественное своеобразие стиля организации педагогических процессов, оказывается существенное влияние на отбор педагогической деятельности и педагогические взаимодействия.

Социально-педагогический подход в воспитании и образовании актуален, так как ориентирован не столько на объектный, предметный мир, сколько на развитие условий самореализации личности в мире обновляющихся коммуникаций, связей и взаимоотношений в образовательных системах; на предметное и социально-педагогическое обеспечение развивающей и организующей социальной среды.

Понятие "социально-педагогический подход" наиболее часто встречается в современных диссертационных исследованиях и монографиях по социологии, социальной работе, социальной психологии, деонтологии, девиантологии, социальной и общей педагогике. Несмотря на признание, которое получил социально-педагогический подход в различных областях знаний, он пока не имеет сформулированных общих принципов и собственного образа. Это обнаруживается, прежде всего, в многозначности определений понятия, разнообразии авторских позиций. Социально-педагогический подход как педагогическая категория до настоящего времени не описан в целостном виде его составляющих.

Это потребовало осмысления и теоретического обоснования, и объяснения общего представления о нем в совокупности трех его составляющих.

В отечественной науке понятийное поле социально-педагогического подхода отражено в исследованиях, которые содержат современные трактовки процессов образования, воспитания как социально-педагогических явлений (А.Я. Журкина, В.Г. Бочарова, Е.В. Бондаревская, Ю.В. Василькова, О.С. Газман, М.А. Галагузова, Ю.Н. Галагузова, В.И. Загвязинский, Р.А. Литвак, Л.В.Мардахаев, А.В. Мудрик, В.А. Никитин, С.В. Сальцева, М.Н. Руткевич, Е.И. Холостова и др.).

Социально-педагогический подход как методологический ориентир воспитания и образования обоснован нами в результате анализа существующих научных подходов. Классифицируя их, можно увидеть, как минимум две группы: связанные с целевой направленностью на развитие личности (аксиологический, личностно-ориентированный, деятельностный) и связанные со структурно-содержательным построением педагогических процессов и явлений (системный, синергетический, информационный, технологический) подходы.

Ограниченность подходов первой группы состоит в значительном сужении возможности описания социальных аспектов, как составляющих теории педагогики. В воспитании и образовании, между тем, объективно присутствуют и влиятельно участвуют социализационные процессы, игнорировать которые исследователи не имеют права. Они порождают целеполагание, особенности управления и специфику социально-ориентированной педагогической действительности, как объекта и субъекта социальной политики, обеспечивая в этом случае ее реализацию с возможной коррекцией в сугубо педагогических целях.

Вторая группа представленных подходов (системный, синергетический, информационный, технологический), несмотря на то, что по смыслу они достаточно функциональны, практикоориентированны, сложны в применении на практике в силу излишней теоретизированности, привнесенной из фундаментальных наук, что зачастую затрудняет результативность их использования в условиях педагогической практики. В рамках конкретных ситуаций воспитания и образования они не могут одновременно в полной мере учесть и социально-ориентированные и субъектно-личностные их детерминанты.

Существующие подходы, таким образом, имеют определенные ограничения, которые не позволяют заявить их в качестве общеметодологического основания, обеспечивающего целостность и всесторонность, гармоничность и органичность педагогических процессов, касающихся конструирования воспитания и образования, целью и результатом которого выступает становление человека, являющего собой сочетание проявленности различных качеств и состояний, связанных с объединением таких биосоциальных начал, как: разум, тело и душа человека.

Современному взгляду на обновление воспитания, на наш взгляд, в наибольшей степени соответствует социально-педагогический подход. Именно он выступает в качестве необходимого методологического основания, обеспечивающего реализацию интегративно-координационной функции общей и социальной педагогики.

Социально-педагогический подход определяет ориентиры образовательной политики, как целенаправленной системы деятельности субъектов по пре-

творению в жизнь согласованных общенациональных, государственных и личностных потребностей в сфере образования, обеспечивает, в первую очередь, глубокое осмысление и ответственный выбор перспективных социальных целей и культуросберегающих моделей социального развития и, во вторую - определение технологий (механизмов) их реализации.

Основными функциями социально-педагогического подхода выступают: методологическая (обеспечение целостного единства знания учащимися общей картины мира, человека, отечества, культуры; знаний о законах и закономерностях; об общенаучных понятиях; методах познания и языках; о функциональных теориях и идеях); проектировочная (конструирование и реконструирование содержания, методов и форм организации учебно-воспитательного процесса с позиций социальных изменений); диагностическая (изучение социальной и жизненной ситуации учащихся, их личностного развития, условий среды); преобразующая (активизация субъектной социально ориентированной позиции; развитие индивидуальности, гармонизация отношений, формирование значимых интересов, мотивов, потребностей в познании и труде; обогащение опыта творчества); технологическая (определение содержания, средств и технологий организации воспитания как социального института); координационно-регулирующая (создание единого образовательного пространства; согласование усилий его субъектов, обеспечение социально-психологического комфорта жизнедеятельности учащихся; педагогическая поддержка самоопределения, самореализации и рефлексивности); аналитико-рефлексивная (осуществление контроля, анализа и оценки эффективности педагогической поддержки развития личности).

Идеи социально-педагогического подхода концентрируют в себе помощь и поддержку меры человечности в человеке и отражаются в соответствующих способах и средствах жизнедеятельности человека, ориентированной на индивидуализацию и дифференциацию взаимодействия, на создание комфортных условий для развития личности каждого. Индивидуализация означает деятельность педагогов по поддержке того единичного, своеобразного, что заложено в данном индивиде от природы и что онприобрел в индивидуальном опыте социализации. При этом гуманистический взгляд на личностьне отрицает, а предполагает наличие у него социальной, этическойи индивидуальной ответственности за принимаемые им решения.

Происходит развитие субъекто-объектно-субъектных отношений, сотрудничества, сотворчества педагога и ребенка, в которых доминирует равный, взаимовыгодный обмен личностными смыслами и социальным опытом, что позволяет достичь свободы выбора действий и решает задачу помощи будущему члену общества, как субъекту свободного сознания (самосознания), свободной деятельности (самодеятельности), свободного поведения (жизнедеятельности). Данное обстоятельство позволяет в образовательном и воспитательном процессе сместить приоритеты от влияния нормативного, жестко регламентированного процесса к личностно и социально значимой деятельности детей в условиях социально-педагогической поддержки.

Понятийно-категориальный аппарат социально-педагогического подхода и его сущностные характеристики выражены в совокупности следующих составляющих: понятийной (характеристика терминов "социальное", "педагогическое, "социализация"), содержательной (характеристика основных идей и адекватных им принципов) и технологической (характеристика методов и приемов, процедур и этапов действия).

Сущностной смысл категории "социальное" отражает необходимость в рамках образовательного процесса искоренить постулаты общей педагогики, провозглашающие приоритет педагогического руководства всей жизнедеятельностью учащегося без учета желаний, интересов и состояния социальной ситуации развития личности. "Педагогическое" как компонент "социально-педагогического" подчеркивает необходимость изучения закономерностей воспитания и образования человека, развития его личности в процессе передачи социокультурного опыта посредством целенаправленно организованной специалистами, профессионалами педагогической деятельности в различного вида и типа, образовательных учреждениях (дошкольных, общеобразовательных, учреждениях профессионального и дополнительного образования). При этом со стороны педагогов, организаторов, координаторов деятельности школы, семьи, общественности, задаются общие цели, формы и методы образования и воспитания в единстве для всех участников социально педагогического процесса, включая родителей и учащихся.

На наш взгляд, социально-педагогический подход отражает глубину и широкомасштабность в процессе социализации личности, так как "социализация" - целеобразующее звено личностного подхода, характеризует процесс становления человека компетентным членом общества, развитие социальной природы и характера индивида; подготовку человека к социальной жизни, содержащей определенные образцы поведения, из которых человек выбирает наиболее для себя подходящие, обретая свою индивидуальность.

Время показало, что задача современного высшего образования состоит не столько в передаче студенту определенной суммы знаний по специальности, сколько в необходимости формирования у него способности распорядиться этими знаниями в нужный момент. Нужно оказать ему помощь в развитии способностей добывать информацию, обрабатывать её и анализировать, умело использовать и принимать на ее основе эффективные решения. Цель образования сегодня – развитие социально, культурно и профессионально компетентной личности.

Асипова Н.А. пишет – «выпускники высших учебных заведений должны получать не только интеллектуальный багаж, квалифицированную подготовку по специальности, но и определенную социальную подготовку, как статус, связи, имидж и др., которые позволяют успешно социализироваться в сфере будущей профессиональной деятельности и компетентно решать профессиональные задачи». Там же, она указывает, что «необходима модернизация не только содержание образования и внедрение кредитных технологий, но и совершенствование образовательных

технологий, которые гармонично сочетали бы в себе образовательно-направляющую деятельность преподавателя и непрерывную самообразовательную деятельность студента».

Потребности современного рынка труда продиктовали запросные характеристики, которыми должен обладать выпускник социально-педагогического профиля. При переводе этих характеристик на язык образовательных реалий и возникло понятие «компонентность», под которым понимается «успешное поведение в нестандартных ситуациях, предполагающих неформализованное взаимодействие с партнерами, решение сложных или запутанных задач, оперирование противоречивой информацией, динамичными и сложноинтегрированными процессами, управление которыми требует теоретических знаний.

В этой связи нами была проанализирована литература, связанная с понятием «профессиональная компетентность». В педагогической науке понятие «профессиональная компетентность» рассматривается как: совокупность знаний и умений, определяющий результативность труда; объем навыков выполнения задачи; комбинация личностных качеств и свойств; комплекс знаний и профессионально значимых личностных качеств; вектор профессионализации; единство теоретической и практической готовности к труду; способность осуществлять сложные культуросообразные виды действий и др.

Разнообразие и разноплановость трактовок понятия «профессиональная компетентность» обусловлены различием научных подходов: личностно-деятельностного, системно-структурного, знаниевого, культурологического и др. к решаемым исследователями научными задачам. Можно утверждать, что сущность понятия «компетентность» должна рассматриваться в контексте вопросов целеполагания. Цели высшего и дополнительного педагогического образования различны. Педагогические вузы несут ответственность за освоение уже исторически сложившихся, устоявшихся профессиональных знаний и умений, а институты повышения квалификации – за освоение актуальных и инновационных профессиональных компетенций.

Если рассматривать формирование компетентности будущего педагога в рамках системы вузовского образования, то можно говорить о знаниях, умениях и навыках, способностях, т.е. о готовности специалиста. Обучения педагога в системе повышения квалификации включает два циклически повторяющихся этапа – курсовой и межкурсовой, каждый из которых имеет свою направленность. Процесс обучения предполагает взаимосвязь деятельности методических служб различного уровня (муниципальные, институционные) и самого педагога.

Система повышения квалификации призвана создавать условия для самоактуализации педагогических работников, совершенствовать приемы самообразования на основе имеющегося профессионального опыта. Если характеризовать понятие «компетентность» в этом контексте, необходимо говорить об индивидуальных способностях педагога: легко и быстро овладевать новыми востребованными способами деятельности, успешно выполнять профессиональные обязанности.

В психолого-педагогической науке существует три основных подхода к исследованию содержания и структуры профессиональной компетентности: профессиографический, уровневыйи задачный. Каждый из них имеет свои особенности. Так, профессиограмма, как набор требований к специалисту, удобна в применении, но целесообразна при описании только операциональных компетентностей. Система ключевых компетентностей, как многопараметрическая характеристика специалиста, не может определяться простой суммой имеющихся личностных качеств и способностей. Для этого необходимо применение комплекса взаимосвязанных параметров.

Своеобразная противоречивость целевых установок системы педагогического образования заключается в том, что, с одной стороны, она направлена на раскрытие внутренних личностных возможностей педагога, а с другой-на адаптацию к нуждам и требованиям, предъявляемым к нему школой и государством (профессионально ориентированный подход). Соотнести и общественные нужды и потребности призван проблемно-ориентированный подход. При этом на первый план выдвигается необходимость совершенствования интеллектуальных способностей социального педагога в процессе непрерывного решения многообразных проблем школьной жизни. Акцент делается не на интернализацию внешних по отношению к педагогу целей и ценностей и не на раскрытие спонтанных пульсов и эмоций, а на активное участие педагога в разрешении реальной социальной ситуации.

С необходимостью постановки и решения задач педагог сталкивается во всех сферах профессиональной деятельности, на всех ее этапах. Как отмечает В.Н. Дружинин, интеллект (как общая способность) лежит в основе других способностей и определяет успешность любой деятельности. В этой связи целесообразно ввести понятие «интеллектуально-педагогическая компетентность» как базовое.

Литература

1. Аксенова Л.И. Социальная педагогика: программы пед. учебных заведений // Дефектология, 1997.

2. Андреев А.Л. Компетентностная парадигма в образовании // Педагогика, 2005.

3. Антипова В.М. Компетентностный подход к организации дополнительного педагогического образования в университете // Педагогика, 2006.

4. Басов А.В. К вопросу о предмете социальной педагогики / В кн. Теория и практика социальной работы: отечественный и зарубежный опыт. Кн. 1. -М.-Тула, 1993.

5. Курилина О.Я. Социально-политическая направленность высшего педагогического образования в развитых капиталистических странах. На примере Англии, США, Франции: Автореф. Д. ... канд. пед. наук: М., 1985.

6. Наторп П. Социальная педагогика. – М., 1986.

УДК 373. 1 (575.2) (043. 3)

Сулайманкулова Ж.К.
п.и.к., доц.
К.Карасаев ат.БГУ.
Бактыкалый к. Гулжайнар
Бишкек ш.№ 6 АУВКнын англис тили мугалими

ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДЫН ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАГА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

ВЛИЯНИЕ УСТНОГО НАРОДНОГО ТВОРЧЕСТВА НА ЭТНОПЕДАГОГИКУ

THE INFLUENCE IF ORAL NATIONAL CREATION ON ETHNOPEDAGOGICS

Аннотация: *Бул макалада элдик педагогиканы үйрөнүүдө ар бир улутка тиешелүү болгон оозеки чыгармалардын маани зор экендиги тууралуу айтылган. Башка элдер сыяктуу эле, кыргыз элинде оозеки чыгармалар бир муундан экинчи муунга өтүп турушу шартка ылайык болгондугу кеңири баяндалган.*

Түйүндүү сөздөр: *элдик педагогика, улут, оозеки чыгарма, элдер, муундан-муунга, шарт, эпос,тарбия, идея, эмгекчилдик.*

Аннотация: *В статье написано о том, какое значение имеет устное народное творчество каждого народа в изучении народной педагогики. Как и в других народах, устное народное творчество кыргызского народа переходил из поколения в поколение.*

Ключевые слова: *народная педагогика, нация, устные произведения, народ, из поколения в поколение,условие, эпос, воспитание, идея, трудолюбие.*

Annotation: *In this article has written about the importance of oral folk art of each people in studying the people´s pedagogy. As another nation, oral folk art of Kyrgyz people passed from generation to generation.*

Key words: *national pedagogics, nation, oral work, nation, from generation to generation, condition, epic, upbringing, idea, diligence.*

Элдик педагогиканы үйрөнүүдө ар бир улутка тиешелүү болгон оозеки чыгармаларды талдап көрүүнүн маани зор. Башка элдер сыяктуу эле, кыргыз элинде оозеки чыгармалар бир муундан экинчи муунга өтүп турушу шартка ылайык болгон.

Кыргыз элинде балдар үй-бүлөдө тарбияланган-дыгы белгилүү. Ата-энелер тарбия куралы катарында оозеки чыгармаларды кеңири колдонушкан. Биздин элде "Манас" эпосунан тартып элге кеңири таралып ар кайсы учурда өз шартына ылайык колдонулуучу макал-ылакаптар көп. Ошолордун ичинен үй-бүлөдө тарбиялоодо колдонууга ыңгайлуулары жомоктор жана макал-ылакаптар.

Кыргыз фольклорунун арасында жомоктор белгилүү орунду ээлейт. Ал жомокторду айтуучу атайын жомокчулар болушкан. Жомокту көбүнчө мал четинде чогулуп алышып айтуу менен уктабай малга көз салып, жомокко алаксып таңды аттырышчу. Мал багуучулардын арасында тестиер эркек балдар да көп болгон. Жомок айтылган жерге аны угуу үчүн үйдөгү балдар, аялдар келишчү. Жомок угуу көңүл ачуучу негизги иштердин бири болуп эсептелген. Балдар жомокту айрыкча жакшы көрөөрү белгилүү. Жомок айтуучулар улгайган адамдар болушкан. Ишендирүүдө жомоктордун маани чоң жана чындыктын үлүшү бар. Анда адамдардын ой тилеги, каалоосу да кеңири көрсөтүлөт.

Ата-энелер балдарына жомок айтып бергенде аны чындык менен байланыштырып, балдардын жүрүш-турушуна оң таасир бергидей кылып баяндашкан.

Профессор Г.Н.Волков жомок айтуудагы чоң энелердин чебердигин баалаган. Балдар табиятында бейпил, мээрман карыларды жакшы көрүшөт. Алардын айткан акылы, даана берген акыл-насааттары турмуштан алган өрнөгүн билгичтик менен балдарга үйрөтүүсү жаштар үчүн баалуу. Карыларды урматтоо бардык эле элдерде кездешет. А.С.Пушкин өзүн баккан Арина Радионовнаны өтө жакшы көргөн. Ал адам А.С.Пушкиндин белгилүү акын болушуна көмөк берген. Эртели кеч жомокторду айтып, ырдап, акындык талантын ойготкон.

Ал эми Л.Н.Толстой болсо өзүн тарбиялаган адам жөнүндө төмөнкүдөй пикирин айткан: “Татьяна Филипповна жүрөктү элжиреткен адам эле, ал баккан балдарынын ата-энелери менен ушунчалык жакын болуп кете алган. Ал менин эсимден эч качан чыкпайт”.

Үлгүлүү жүрүм-турумду тарбиялоодо жаш өзгөчөлүгүнө карата жана ар бир баланын мүнөзүнө жараша жомоктордун туура тандалышы маанилүү.

Орус элинин улуу педагогу А.С.Макаренко: “Жакшы айтылган жомок маданияттуу жүрүш-турушту тарбиялоонун башталышы”, – деп жомоктун тарбиялоочулук күчүн таамай белгилеген.

Кыргыз жомоктору жаш муундардын талантын ачууга да чоң жардам берген. Кыргыздын белгилүү акыны Токтогулдун энеси Бурма элдик оозеки чыгармаларды мыкты билген. Бурма кошокту да кыйын айткан адам болгон. Токтогулга жаш кезинен баштап ар кандай жомокторду айтып берип, болочок акындын талантын өрчүтүүгө жардамдашкан. Эл жазуучусу Т.Сыдыкбековдун энеси кошокту жана жомокту жакшы билип, өз баласынын талантынын ачылышына таасирин тийгизген.

«Коркут баба китебинде» аталык тарбиячылык парызын татыктуу аткаруунун өрнөктөрү жана коом тарабынан сынчыл сыпатталган айрым жагдайлар Байындыр хан, Салур Казан, Дирсе хан, Аруз Кожо, Бай Пүре, Бай Бижан, Канлы Кожо, Беил, Ушун Кожо, Кара Гүне, Эйлик Кожо сыяктуу каармандардын образдары аркылуу баяндалат. «Коркут баба китеби» боюнча аталардын милдеттери азыркыга салыштырмалуу өтө эле көп кырдуу жана татаал болгон. Алар туш тарабы кооптуу көчмөндүк турмушта эл-жерин, үй-бүлөсүн коркунучтан сактоо үчүн эрдик көрсөтүү, үй-бүлөсүн эмгек кылып азык оокат менен камсыздоо, өзүнүн ордун ээлей турган балдарды тарбиялоо, балдарын үйлөнтүү үчүн татыктуу жар табуу сыяктуу кош кабат милдеттерди аркалашкан. Огуздар аталар үйүндө да, сыртта да да коомчул адеп-салттарды алып жүргөн нарктуу болушун талап этишкен. Алар байыркы бабалардан мурасталган жашоо турмуштун ырасым салттарын сактоочу, келечек муунга кемитпей өткөрүп берүүгө милдеткер. Ушундай милдеттерди жерине жеткире аткарууга жетише алгандар гана ата деген наамга ээ болуп, эл-журт жана урпактары тарабынан кастарланган. Жалпылап айтканда аталык парызды толук жана татыктуу аткаруунун даражасы балдарынын ким болуп чыккандыгы менен аныкталган. Мындай акыйкатты өткөн дооорлордо орун алып, азыркыга чейин уланып келе жаткан турмуш салттары да ырастап турат. «Коркут баба китеби»нде тастыкталгандай түрк элдеринде баланын өз ысмынан мурда «Үйсүн Кожо уулу Сегрек» – деген сыяктуу атасынын аты айтылган. Тигил же бул баланын нарктуу же наадандык жоругуна күбө болгондор: «Бул кимдин баласы болду экен?» – деп ата тегин сурашкан. «Атаңа ыракмат!» же «Атаңа наалат» –деп балага болгон ыраазычылык менен нараазычылыкты да атасына багышташкан.

«Коркут баба китебинде» аталардын жогоркудай турмуштун туш тарабы менен ажыргыс байланыштагы милдеттеринин ичинен өз перзентин эрдик жасоого тарбиялоо парызы өзөктүү түшүнүк катары экендиги алдыңкы орунга чыккан.

Мындай парызды таназар албагандар коомчулук гана эмес, өз балдарынын да катуу сынына кабылышкан. Казанбек уулу Орозду он алты жашка чыкканча эрдик көрсөтүп, өз ысмына ээ боло электигине ардаңып, атасына минтип кайрылат:

"Ата, дөөдөй чоңойдуң, тайлагыңдай акылың жокпу? Тоодой чоңойдун, таруудай акылың жокпу? Өнөрдү атадан бала үйрөнөбү, же баладан ата үйрөнөбү? Качан сиз мага капырлардын чек арасын көрсөттүңүз? Качан кылыч карматып, баш кестирдиңиз, мен сизден үйрөнө турган эч нерсе көргөн жокмун. Казанбек алаканын чаап, ках-ках күлдү". "Мырзалар, бектер, Орозду туура айтып жатат. Силер ичип, жеп, сүйлөшүп, эс алып, отура бергиле. Мен Ороздуну алып аңчылыкка чыгайын, жети күндүк күл азык алып, ок атып, кылыч-ташып, баш кесип, кан төккөн жерлеримди көрсөтөйүн. Капырлардын чек арасын, тоолорду көрсөтөйүн, кийин керек болот го бул балага" – дейт. [1, 60-61 б.]

Мында Орозду атасынан баатырдыктын эрежелерин, жолдорун көрсөтүп, үлгү болуп, үйрөтүшүн талап этет. Огуз элинде аскер башчы жана алп катары мааанилүү адамдардын бири болгон Казан да баласынын каалоосун орундатып, Орозду менен бирге аң уулоого чыгат жана ага үлгү болуу үчүн бар аракетин жумшайт. Аңгеменин жүрүшүндө Казанбек менен уулу Орозду аң уулап жүрүшүп, душмандарга жолугат. Орозду атасына душмандарга каршы жалгыз өзү согуша ала тургандыгын жана душмандарды жеңе ала тургандыгын айтат.

Бирок атасы Ороздуга:

"Уулум, уулум, жан уулум,
Үнүмдү угуп, сөзүмө кулак сал,
Күчүмдү топтоп,
Карагер атыма мен минейин,
Келген капыр мага теңдүү, мен барайын,
Кара болот кылычымды алайын,
Арам диндүү капыр башын мен кесейин,
Согушайын, кармашайын,
Кылыч кармап баш кескенимди карап, үйрөн,
Кара башыңа күч келгенде керек болот сага" – дейт. [1, 63-64]

Мында өз баласын ээрчитип жүрүп, эр, баатыркылып тарбиялоо багытындагы бир атанын усул ыкмасы, каалоо-тилеги таасирдүү баяндалат. Алгач, өзүнүн жоону кандайча чаап, кыргандыгын, кайсылжерде ким менен чабышканын айтып, баланын канын кызытып, жоого каршы туру сезимин өстүрөт. Ата балага жоо менен кармашууда идеал – үлгү болот, бала атасын кандайча кармашып жатканын алысыраактан көрүп турат. Бул эпизоддо ата баланын эң алгачкы мугалими катары «мен жасагандай жаса» принцибинин негизинде эзелтен калыптанган жоокердик өнөрдүн купуя сырларын таанытып, үйрөтөт. Ошентип түрк огуздар салтында ата болу өтө чоң коомдук педагогикалык жоопкерчилик болгон. Алар урууда кадыр-барк күтүшү үчүн өзү үй-бүлөсүн, эллин коркунучтан сактоо, өзүнүн ордун басууга татыктуу балдарды тарбиялоо, балдарын үйлөнтүп, тукум улоосун камсызкылуу милдеттерин жогорку даражада аткарууга милдеттүү болгон.

«Коркут баба китеби» аңгемелеринде белгилегендей түрк элдеринде уул балдардын эрдик көрсөтүп, өзүнө таандык ысмына ээ болуп, эл ичинде ээлеген ордунун өзгөрүшү энелердин да эң башкы тилеги болгон. Мунун түптүү маданият экендигин Күлтегин эстелигиндеги "Умай энедей каныша энемдин багына иним Күл-Тегин эр атын (наамын) алды" – деген жазуулар да тастыктайт. Энелер үчүн уул балдардын эр алп болуп жетилишин түп жактан шыктандырып, ар кандай таасир көрсөтүшкөн. Алардын бири аңгемелерде баяндалгандай энелердин баласы аңчылыкка алгач аттанганда ырым кылып элдин батасын, ыраазычылыгын алуу ишин уюштуруу аракеттери болгон. Алсак, "Дерсекан уулу Букашы" аттуу аңгемеде "Дерсекандын байбичеси баламдын биринчи аң уулашы деп, жылкыдан айгыр, төөдөн буудан, койдон кочкор сойдуруп, Огуз бектерине сый көрсөтөйүн" – дейт. [1, 16] Мындай салт "Казанбектин уулу Ороздун ун туткунга түшүшү" деген аңгемеде да дал ошондой эле калыбында кайталанат: "Казанбектин үйүнө келгенин угуп, жылкыдан айгыр, төөдөн буудан, койдон кочкор сойдурат. Уулунун биринчи жолу аң уулаганга чыгышы, улуу Огуз бектерин чакырып тамак берейин" – дейт Бөрте. [1, 65] Бул салттарга байланыштуу бардык салтанаттарда бирдей жандыктардын союлушу булл ишчараны өткөрүүнүн бекем эрежелери болгондугунан кабар берет. Балдардын эр алптыкка баш коюу акты энелер тарабынан өзгөчө кубаныч менен коштолгон салтык шаан-шөкөттөрдүн уюштурулушу перзентин "эр алп" катары жетилишинде энелердин бул процесске активдүү катышышынан кабар берет.

Жалпы түрк элдерине таандык мындай параллелдер "Манас" дастанында да өзөктүү түшүнүк катары берилет. Алсак, Чыйырды Манасты атасы Жакыптын жалтанчаак, арабөк адамдык сапаттарынын таасиринен коргоп «Эрик үчүн, эл үчүн ылаачындай талбагын» – деп тапшырма берет. Жусуп Мамайдын вариантында Манасты дагы таалимал сын үчүн Акбалтага атайы жөнөтөт. Кошмо вариантта Манасты Ошпурга "дагы төрт жыл тарбиялап бер" – деп дайындайт. Демек, Манастын энеси Чыйырды таалим-тарбия жолунун башында турган эне – тарбиячы катары чырайына чыгара даңкталат. Баланы "Эрешентарткан эр кылуу, эр уулу менен тең кылууга" байланыштуу эне тарбиясынын салты Каныкейдин бейнесинде Чыйырдыдан да жогорку даражага көтөрүлөт. "Ал баланы аман гана сактап калбастан, анын келечекте мекенчил, баатыр болуп жетилиши үчүн күлгүн жаш өмүрүн садага чабат. "Тайторуну чабуу" окуясындагы Төлгөнүн далдаасында Каныкейдин Семетей үчүн бушайман болуп, "Ал атасын тарткан эр болобу, Ата Журтуна барып, элине кызмат көрсөтө алабы? Же эли журту менен иши жок, аңкөөдөк баатыр, чоңкурсак бай болуп калабы?" – деген ой тынчытпайт. Эпосто куулуп, азган элинин чачылганы жыйналып, жоголгону табылып, түзөлүп, уланып кетиши Каныкейдин энелик жана тарбиячылык ишмердүүлүгүнө: Семетейди суук көздөн сактап, шумкардай таптап, ата-бабаларынын баатырдык салтында чебер тарбиялай алгандыгы менен түшүндүрүлөт. Ошентип, түрк элдеринин дастандарында энелер коомдун түзүүчүсү, уюткусу деген жалпы адамзаттык акыйкатты ар тараптуу ырастаган фактылар арбын.

«Коркут баба китебинин" кээ бир варианттарында уул балдар согуш өнөрүн үйрөнүүгө киришүүдөн мурда кат таанып, сабатын жоюп, билим алышы керектиги тууралуу да маалыматтар кездешет. Мындай билим берүү системасынын курамына согуш куралжарактарын туура колдонууга үйрөтүү да кирген. Буга байланыштуу төмөнкү эпизод көөнө тарыхтын көп тажрыйбаларынан кабар берет: "Бейрек сабакка кетип бара жатса, көчөдө ойноп жүргөн балдар "атсыз" деп шылдыңдашат. Бейрек сабатсыздыгын жойгондон кийин, атасы аны ок-жааны атканды жакшы билген адамга "балама согуш куралдарын туура колдонууну үйрөт" – деп берет.

Бейрек ал адамдын колунда көпкө калат. Бир күнү устазы: "Бул бала менин шакиртим болду. Бул кайда барса да өзүн коргой алат. Бейрек мындан ары жалгыз башына жүрө алат" – дейт.

Каралып жаткан маселени талкуулоонун негизинде төмөнкүдөй корутунду чыгарууга болот:

- байыркы көчмөн түрк элдеринде балдарды жоокердик өнөргө тарбиялоонун мазмунунда айрымачылыктарга караганда жалпылыктар арбын;
- согуштук өнөрдү өздөштүрүп эрдик көрсөтүү инсандык жетилүүнүн, коомдо өз ордун табуунун эң бийик чени болгон;
- балдарды жоокердик өнөргө даярдоо практикасы салттык усул ыкмалар менен бирдикте улам жаңычыл табылгалар менен толукталып олтурган;
- өз урпагын эр алп катары тарбиялоо ата-энелер үчүн эң башкы парыз жана сыймык болгон.

Адабияттар

1. Акматалиев А. "Манас" Дастанында «Түрк» сөзүнүн мааниси //II Эл Аралык Түрк цивилизациясы Конгресси. - Б.: 2005 – 704 б.

2. Алимбеков А. "Коркут ата китеби" - көөнөрбөс педагогикалык мурас" //Шоокум журналы, 2008, 12-13 б.

3. Волков Г.Н. Этнопедагогика. Учеб. для студ. сред. и высш. пед.учеб. заведений. – М.: Академия, 2000. – 176 б.

4. Гашимов А. Ш., Гашимов И.Б. "Китаби Деде Коркуд" памятник народной педагогики //Советская педагогика. - Москва, 1989, 123-12 бб.

5. Тойнби А. Дж. Постижение истории. – М.: Прогресс, 1994. – 26 б.

УДК: 371.3.39

Жуматаева А. С.,
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окутуучусу

КЫРГЫЗ МАКАЛ-ЛАКАПТАРЫНДА БАЛДАРДЫ УЛУУЛАРДЫ УРМАТТООГО ТАРБИЯЛОО ИДЕЯЛАРЫ

ИДЕИ ВОСПИТАНИЯ ДЕТЕЙ УВАЖЕНИЮ СТАРШИХ В КЫРГЫЗСКОЙ ПОСЛОВИЦЕ

THE IDEA OF GIVING EDUCATION TO CHILDREN WITH KYRGHYZ PROVERBS APRISHATE A DULTS

Аннотация: *Бул макалада, кыргыз макал-лакаптарында чагылдырылган балдарды улууларды урматтоого тарбиялоо идеялары каралды. Улуттук нарк, макал-лакап, нускалуу сөздөрдү таалим тарбияда колдонуудагы өзгөчөлүктөрдүн негизинде жаш муунду улууларды урматтоого тарбиялоо.*

Түйүндүү сөздөр. *Макал-лакап, этнопедагогика, адеп, тарбия, рух, айкөл, мурас, улууну урматтоо, фальклор, маданият, ата-эне.*

Аннотация: *В данной статье рассмотрены идеи воспитывать детей уважать старших в киргизском пословице. А также особенности уважение к старшим в использование народных ценностей, пословице, ввоспитании.*

Ключевые слова: *Пословицы, этнопедагогика, нравстенность, воспитания, дух, доброта, наследство, уважение к старшим, фальклор, культура, родители.*

Annotation. *In this item is shown the idea of children education with k proverbs to. Apre shiate adults. At the jame time to snow how use the special values of kyrghyz customs and folklor, proverbs for childrens education.*

Key words. *Proverbs, etnopedagogy, education, moral, kind hearted, folklore, cultural, parents.*

Кыргыз элинин жаралуу, өнүгүү тарыхы канчалык терең болсо, анын бала тарбиялоо маданияты да ошончолук көөнө экендиги маалым. Кенже курагынан баштап, балдарга таалим-тарбия берүүдө, дүйнө таанытууда элдик педагогиканын идеяларын салттуу, илимий педагогиканын жоболору менен жарыш пайдалануу, аны менен катар, тарбиялоонун мазмунун олуттуу байытуу, мүмкүнчүлүгүн арттыруу, аларга адам рухун калыптандыруучу, байытуучу, өркүндөтүүчү түбөлүктүү, келечектүү дөөлөттөр катары артыкчылык берүү кадамдары кеңири жайылгандыгы байкалып турат. Эң негизгиси - жогорудагы таалим-тарбия жоболору, фольклордук чыгармалардын өзөгүндө чагылдырылгандыгы элибиздин оозеки көркөм чыгармачылыгы, элибиздин турмуш-тиричилиги, маданияты менен айрып алгыс өзөктөш экендиги. Анткени элдик жөө-жомокторубуздан улуу дастандарга чейин, ал тургай накыл кептеribизден, макал-лакаптардан тартып, санат-насыя ырларыбызга чейин баарынын мазмунунда элдик таалим-тарбия маданияты чөгөрүлгөн. [1,31] Ошол элдик таалим-тарбия маданиятынын белгилери, алардын педагогикалык мааниси, өзгөчө балдарды улууларды урматтоого тарбиялоо идеялары туурасындагы ойлорду элдик накыл-кептердин макал-лакаптардын мисалында карап көрөлү.

Бул маселелерге токтолуудан мурда Кыргыз Эл Баатыры Түгөлбай Сыдыкбековдун жаштарга кайрылып, макал-лакаптардын тарбиялык мааниси, басма-сөздө жарыяланышы жөнүндө айткандарын баяндап кетүүнү туура көрдүм. Ал мындай деп жазат: «Улуулар кичүүлөргө акыл кеңешин айтууга милдеттүү». «Жакшы кеп жанга жагымдуу». Ошондуктан «Адеп башы тил» деген макал бар. Бул мындан тогуз жүз жыл мурда китеп бетине жазылган байыркы макал. Албетте, бул макал, китеп бетине жазылуудан алда канча мурда эле эл сөзүндө айтылып, адамдарга акыл кошкон кенч, мурас болуп келген. Бабаларыбыздын өздөрү сактаган асыл мурастарды оозеки айтып урпактарга таалим берүү менен өздөрүнүн рухий дүйнөлөрүн азыктан-

дырып, байытып, улуулары кичүүлөрүнө, билгендери билбегендерине жол көрсөтүштү.

Ошондуктан «Улуудан уялуу, кичүүдөн ийменүү», «Сыйга-сый, сыр аякка-бал» деген макалдар да жаштарды адептүүлүккө, кичи пейилдүүлүккө үйрөттү. Улуудан уялуу деген улууну көргөндө баш көтөрбөй жер карап калуу эмес. Андай уялыш жаштын рухий дүйнөсүн өстүрбөйт, анын эркин эзет. Улуудан уялуу деген — улууну урматтоо, сыйлоо, алардан жакшы иштеринен таалим алуу. Алардын алдында адеп сактоо. Ошондой эле улуулар да тек жашынып улуулугуна сыймыктанып, кичүүлөргө жогортон караса, ал баарыдан мурда керсегей болуп калат. Эмесе улуулардын ошондой кай бир керсегейлигине, элибиз: - кичүүдөн ийменүү керек деген акыл кошот. Улууларга айтылган бул кеңеш да, алар өздөрүн токтоо, адептүү, салттуу кармоо дегенге жатат.

Ошентип ата, эне менен уул-кыздардын, улуулар менен кичүүлөрдүн ортосундагы адептүүлүк, сый-урматтар байыртан эле баба салттарынын эң бийик, эң күчтүү таалим болуп жалпы элдик адепти түзгөн! [2. 605]

Мындан сырткары көптөгөн макал-лакаптарда балдарды улууларды урматтоого тарбиялоо идеялары, тажрыйбалары кездешет. Алсак «Улуунун сөзүн урматта, улуулар менен сырдашпа» деген макалда улуулар бизге (жаш муундарга) акылга акыл, тарбиялоо максатында көп акыл насааттарын айтышат. Биз алардын өзүн сыйлагандай эле, сөзүн да сыйлашыбыз керек. Бул макалдын түздөн түз тарбиялык мааниси эки мааниде айталган: Улуулар менен отурганда (маек куруп) аларды урматтоо ирээтинде сөзүн кунт коюп угуу же сөзүн бөлбөө. Улуулар айткан ар бир сөзүн турмушта колдонуп, тарбиялык маанисин жаштарга жеткирүү. Мисалы: Ч.Айтматов: «Адамга эң кыйыны кун сайын адам болуу» деп айткан. Ал эми «Жаш келсе ишке, кары келсе ашка» деген макалда **э**либиздин наркында тигил-бул иштердин оор жеңилине карабай, токтонуп турбай, иш кылып жаткан жайда жаштар шымаланып, абалы ишке денелерин таштайт. Улуулардын колдорундагысын ала коет да, аракетти ары улайт. Улуулар, карап тургандар, анын ал адебине ыраазы болот. Батасын берет. Карылар ишке эмес, ашка чакырылат. Санжыра чечип, балдардын иштерин баамдап төрдүн төбөсүнөн орун алышат. Дасторкондо жадырап-жайнап отурушу-өзүнчө көрк. Ушундан улам «Жакшы ишке барат, жаман ашка барат» - деген тууунду макал бар. Бул идея тууралуу Кыргыз Эл акыны Токтогул Сатылгановдун жаштарга жана мен жигитмин дегендерге,

«Түргүнүп иштеп эр жигит
Тишин барда таш чайна» - деп,

кайраттуулукту, белди бекем байлап иштөөгө умтулууну үндөйт.[3] **«Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан жакшылык көрөсүң».** Ар бир инсан ата-эне болот эмеспи. Бул макалда «кайтар дүйнө», ошондой эле «кыңыр иш кырк жылда билинет» - деген сыяктуу мааниде айтылган. Ата-энени урматтоо ар бир перзенттин парзы. Ислам динибизде да ата-энени урматтоо, алардын ыраазылыгын алуу баса белгиленген. Бул макал менен маанилеш **«Улууга урмат, кичүүгө ызат»** деген макал да көпчүлүктүн көңүлүндө орун алып келет. Ар бир инсан өзүнө ылайыктуу урмат-сыйга татыктуу. Ошол сыңары эле ар бир инсан өзгөнү да сыйлай билүүсү зарыл. Улууларды урматтоо жана кичүүлөрдү ызаттоо менен бирге өзү да урмат сыйга татыктуу болот.

«Карынын сөзү, акылдын көзү». Кары дегенде эле биз эч нерсени түшүнбөгөн, илгерки заманда жашаган адамды элестетебиз. Жок андай эмес алар баарын түшүнүп илгерки заман болобу, азыркы заман болобу алар жалаң гана жаштарды туура жолго салуу максатында акыл кептерин айтышат. Бул карылар сүйлөгөн сөздөр акыл кептери кээ бир жаштарга жакпай да калат. Бирок алар кантсе да көптү көргөн, акылдуу болушат. Биздин жаштарга жалаң акыл сөздөрүн гана айтышат. **«Карыга катуу айтпа»**. Кыргыз макалдарынын көпчүлүгү урматтоо, тарбиялоо ирээтинде айтылат. Ошол сынары эле «Карыга катуу айтпа» - деген кыргыз макалы да улууларды урматтоо ирээтинде эл арасында колдонулуп келет. Негизги мааниси да ушунда. Карыга катуу сүйлөө, чоңдорго каяша айтуу бул эң жаман көрүнүш болгондуктан жана сыйлабагандыктын белгиси. Ушул сыяктуу терс көрүнүштөрдү жоюу максатында колдонулат. [4]

Байыртан эле улууларды урматтоого, жаштарды үндөө бул эл турмушунда, орчундуу орунду ээлеп тургандыгын макалдар аркылуу да, билип алса болот. Макалдын негизги мааниси жаштарды туура тарбиялоо. Эл ичинде урмат сыйды сактап туруу, жаштардын тарбиясы сыяктуу маселелер көп учурда чоңдордун жоопкерчилиги экени макалдарда кеңири айтылып кетти. Кыргыз макалдарын негизинен алып караганда, окуучуларга жакшы таасирин тийгизе турган макалдарды көрсөтмө куралдарга, карточкаларга пайдалануунун мааниси өтө зор.

Ар бир мугалим өз сабагында, класстан тышкаркы иштеринде же окуучулар менен болгон ар кандай максаттагы аңгемелеринде макал- лакаптарды кеңири пайдаланууга тийиш. Бирок макалдарды кандай учурларда кандай шартта, кандай тартипте, кандай ыкмаларда, пайдалануу керектигин билүү зарыл. Элдик оозеки адабияттарды, алардын ичинен элдик макалдарды тарбиялоо ишине пайдалануу деген пикир, мурдатан эле айтылып келет. Ошондуктан байыртан эле кыргыз эли тарбияга тың келип, жаштарды тарбиялоонун ар кандай жолун табышкан. Алар бизге тээ ата бабаларыбыздан бери ооздон оозго өтүп келе жаткан мурастардын бири болуп эсептелет.

Демек, биз мугалим, кыргыз жараны катары, ушундай чоң сыйкыр күчү камтылган, элдик макал-лакаптарыбыздагы балдарды улууларды урматтоого тарбиялоо идеяларын туура пайдаланып, урпактарга жеткиликтүү түшүндүрүү менен өткөрүп берүү биздин милдетибиз.

Адабияттар

1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. -Б., 1996, 31-бет.

2. Түгөлбай Сыдыкбеков. Табылга. -Б.: «Адабият», 1991, 605-бет

3. Т. Сатылганов. Насыят Кыргыз адабияты Ант., Акындар поэзиясы, 3-том. -Б., 2011-267-б.

4. Кыргыздар 14-том. 409-444-398- бб.

5. Макал-лакаптар / А.Алсеитов. -Б.: Мам.тил жана энциклопедия борбору, 2005.-13-б.

6. «Макал-лакаптар» / Б.Алымов, В. Романов,У. Суракматова. -Ф., 1967. -3 б.

УДК 81

Янкын Н. В.
Кыргызско-Турецкий университет «Манас»
Lesnaya80@yahoo.com

ПРАГМАЛИНГВИСТИЧЕСКИЙ АСПЕКТ РЕЧЕВОГО АКТА «ПОЖЕЛАНИЕ» В РУССКОМ И ТУРЕЦКОМ ЯЗЫКАХ

ОРУС ЖАНА ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕГИ КААЛОО-ТИЛЕКТИ БИЛДИРГЕН КЕПТИК АКТЫНЫН ПРАГМАЛИНГВИСТИКАЛЫК АСПЕКТИСИ

THE PRAGMALINGUISTIC ASPECT OF THE SPEECH ACT WISHES IN RUSSIAN AND TURKISH

Аннотация: *Знание особенностей функционирования отдельных речевых актов помогает предотвратить конфликтные ситуации в процессе общения между представителями разных лингвокультур. В данной статье дается описание речевого акта пожелание в русском и турецком языках с целью выявления их национально-культурных особенностей.*

Ключевые слова: *прагмалингвистика, речевой акт, речевая ситуация, речевой этикет, пожелание, цель высказывания.*

Аннотация: *Айрым кептик актылардын өзгөчөлүктөрүн билүү ар түрдүү лингвомаданияттын өкүлдөрүнүн өз ара баарлашуу процессиндеги конфликттик кырдаалдарды алдын алат. Бул макалада орус жана түрк элдеринин улуттук жана маданий өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү максатында тилдердеги каалоо-тилекти билдирген кептик акт көрсөтүлгөн.*

Түйүндүү сөздөр: *прагмалингвистика, кептик акт, кептик кырдаал, кептик этикет, каалоо-тилек, айтуунун максаты.*

Abstract: *Knowledge of the peculiarities of the functioning of individual speech acts helps to prevent conflict situations in the process of communication between representatives of different linguocultures. This article describes the speech act in Russian and Turkish languages in order to identify their national-cultural peculiarities.*

Key words: *pragmalinguistics, speech act, speech situation, speech etiquette, wish, purpose of utterance.*

В последнее время в языкознании внимание ученых смещено со структуры языка на языковую личность и на особенности функционирования языка. Многие лингвисты пишут об антропоцентрической парадигме как важнейшей системе научных представлений. Основной единицей общения между людьми признается речевой акт, который составляет ядро прагматики. Речевой акт предполагает совершение речевого действия, целью которого является воздействие говорящего на слушающего. Центральной категорией в прагматике выступает теория речевого акта. Понятие речевого акта впервые ввел представитель английской лингвистической философии, логик Джон Остин. Как Дж. Остином, «сказать что-либо значит совершить некоторый поступок» [5, 27]. Аналогично американский философ Дж. Серль утверждает, что «основной единицей языкового общения является не символ, не слово, не предложение и даже не конкретный экземпляр символа, слова или предложения, а производство этого конкретного экземпляра в ходе совершения речевого акта» [6, 151].

Теория речевых актов выделяет три аспекта анализа речевого акта. Во-первых, речевой акт представляет собой собственно говорение чего-либо – это локутивный акт. Во-вторых, речевой акт, рассматриваемый с точки зрения его внеязыковой цели – это иллокутивный речевой акт. Ведь в процессе говорения человек одновременно совершает еще и некоторое

действие: он спрашивает или отвечает, информирует, уверяет или предупреждает, назначает кого-то кем-то, критикует кого-то за что-то, обещает кому-то что-то и т.п. И, наконец, речевой акт, рассматриваемый в аспекте его реальных последствий, выступает как перлокутивный акт. Перлокутивный акт представляет собой эффект иллокутивного акта и его воздействие на слушающего. Изучая речевые акты, Остин особое внимание уделял такому типу высказывания как перформативы, выполнение которых равносильно действию, названному глаголом. Выделяют два вида перформативов: эксплицитные и имплицитные. Эксплицитные включают перформативные глаголы, которые называют действия. Например, я приказываю/ клянусь/ прошу. В имплицитных нет такого глагола, но они выражают присутствие его.

Одной из важных проблем лингвистической прагматики является **классификация речевых актов.** Классификацию иллокутивных актов, основанных на списке перформативных глаголов, обозначающих намерение говорящего предлагает Дж. Серль. В этой классификации выделяются следующие речевые акты: 1) **репрезентативы** – описывают определенное положение дел, констатируют факт; производя такой речевой акт, говорящий берет на себя ответственность за истинность сообщения; 2) **директивы –** речевой акт, который использует говорящий для побуждения слушающего совершить некоторое действие (приказы, просьбы, требования, совет, приглашение, рекомендация и др.); 3) **комиссивы –** при таком речевом акте на говорящего возлагается обязательство совершить некоторый поступок (обещание, клятва, заверение, угроза, уверение, предостережение и др.); 4) **экспрессивы** – речевые акты, которые передают психологическое состояние говорящего (благодарность, извинение, соболезнование, упреки, удивление и др.); 5) **декларативы** – это приговоры, назначение на должность, объявления; успешность таких речевых актов зависит от их истинности.

Поскольку в нашей статье речь пойдет о формулах пожелания, которые входят в проблематику речевого этикета и употребляются в ситуациях поздравления, приветствия, прощания, благодарности, то мы будем иметь дело с такими видами речевых актов, как экспрессивы.

В процессе общения человек принимает участие в межличностных взаимодействиях, поэтому, совершая речевые действия, он должен соблюдать нормы поведения, принятые в данном обществе. Нормы поведения определяются речевым этикетом, единицы которого играют большую роль на всех уровнях общения. Знание норм речевого общения является важным как для межличностного общения, так и для иноязычного общения в диалоге культур.

Теперь рассмотрим сходство и различия пожеланий как единиц речевого этикета в русском и турецком языках. В данной статье представлены позитивные пожелания (пожелания-поздравления, пожелания-предписания, пожелания-советы, благословения) в различных ситуациях общения. Наблюдаются существенные различия в содержании и употреблении формул в сопоставляемых нами языках. Это связано с наличием в турецком языке большого количества единиц религиозного характера, пришедших в современный турецкий язык из арабского. В русском речевом этикете пожелания реализуются чаще всего вслед за прощанием и поздравлением. Пожелание строиться как выражение с глаголом *желать* и зависимым родительным падежом существительного или зависимым инфинитивом: *Я желаю вам + сущ.род.пад. успехов; +инфинитив (сдать экзамен).* Глагол *желать* нередко распространяется степенным определителем: *От всей души желаю счастья,* который придает пожеланию особую вежливость и экспрессию.

Пожелания бывают общие, безотносительно к конкретной ситуации, и частные, применительно к данной ситуации. Общие пожелания в русском языке реализуются во фразах типа: *Желаю вам всего хорошего (доброго, наилучшего).*

Частные пожелания в русском языке реализуются при конкретном указании на то, чего желают: *Желаю сдать экзамен (хорошо отдохнуть, приятного аппетита, счастливого пути)!*

Инфинитивные пожелания реализуются в односоставном инфинитивном предложении с модальность желательности: *Счастливо отдохнуть!* Такая же модальность заключена в выражениях, образованных повелительным наклонением глагола: *Не болей! Выздоравливай! Береги себя!* Ту же роль играет и форма *Будь(те)*: *Будь(те) счастлив(а,ы).* Наконец, модальность желательности может придаваться выражению частицей *пусть: пусть всё у тебя (у вас) будет хорошо!* Лексическое выражение желательности в формулах пожелания создается при помощи глагола *хотеть* + глагол *пожелать: Я хочу (я хотел бы, мне хочется, мне хотелось бы) пожелать вам счастья!* Как обычно стилистическую повышенность выражению придают элементы *разрешите, позвольте.* Например: *Разрешите пожелать вам успехов!* К пожеланиям примыкают тосты, которые в русском языке строятся по модели *За + винительный падеж: За ваше (твоё) здоровье!*

Репликой-реакцией на пожелание оказывается благодарность и, возможно, ответное пожелание: *Спасибо! И вам желаю счастья!* У людей старшего поколения можно услышать реплику *Дай то бог!*

Скрытые пожелания при прощании содержатся в русских выражениях: *Всего хорошего! Всего доброго!* (с устаревшим значением слова «добрый»). Немотивированный родительный падеж в выражениях- от глагола *желать.* Тот же оттенок пожелания и в выражении: *Счастливо!* (с особым ударением). Пожелание счастья при прощании передаётся выражением *Будь(те) счастлив(а, ы)!*

Специфические пожелания отъезжающему: *Счастливого пути!* Реже *Доброго пути,* а также более или менее нейтральные фразы: *Приятного путешествия! Удачной поездки!* Ответной репликой лица старшего поколения на такое пожелание может быть *Счастливо оставаться!* Люди старшего поколения употребляют нередко и такие пожелания отъезжающему, а также начинающему трудное дело, как: *В добрый путь! В добрый час!*

Пожеланием человеку, уходящему сдавать экзамен (или выполнять трудное задание), является часто применяемое выражение: *Ни пуха, ни пера!* Прощаясь с людьми больными, им обычно желают здоровья: *Не*

болей(те)! Выздоравливай(те)! Люди старшего поколения могут желать *Доброго здоровья!*

Ответной репликой на пожелание при прощании в русском языке является благодарность, а также выражения: *И вам (тоже)! И вам того же! И вам успехов! И вам желаю счастья!*

В русском языке часто используют эксплицитно-перформативные высказывания, содержащие перформативный глагол. Эксплицитно-перформативные высказывания пожеланий могут модифицироваться в основном за счет модальных глаголов, а также сослагательного наклонения и императива.

Теперь рассмотрим формулы-пожелания в турецком речевом этикет. Также, как и в русском речевом этикете, формулы поздравления и прощания в турецком языке могут предшествовать пожеланию. Однако, проявляются различия употребления формул – пожеланий в двух сопоставляемых языках. Это объясняется более широкой сферой их употребления в турецком языке в отличие от русского. Прежде всего, нужно сказать, что Турция - это мусульманское государство, религиозные каноны здесь присутствуют во всем. При пожелании турок обращается к Аллаху с просьбой дать, помочь и т.д. человеку, которому адресовано пожелание. Подобное пожелание может быть заключено в словесную формулу, вставленную в речь и напоминающую текст молитвы: *Allah versin! (пусть Бог даст)*, иногда в значении отказа подать милостыню.

Очень часто можно услышать такие пожелания:

Allah mübarek etsin! – Да ниспошлёт Аллах счастье! Allah gönlüne göre versin! – Да исполнит Аллах твои желания! Allah rahatlık versin! – Спокойной ночи! Allah toprağı kadar ömür versin! – Пусть Аллах даст долгую жизнь!

Стремление к постоянному произнесению и частому употреблению подобных словесных формул, было связано с идеологией, сформировавшейся на предшествующих стадиях общественного развития этноса, и в сознании турок отождествлялось с неосознанной целью и попыткой привести в реальное действие механизм вербальной магии.

Когда речь заходит о каком-то произошедшем несчастье, горе, стремясь отвести от себя или от кого–нибудь зло, неприменно произносят: *Allah vermesin!- Не дай Бог! Не приведи Аллах!* Желая добра и благополучия, говорят: *Allah eksik etmesin! – Пусть Аллах не заставит испытать нищету!; Allah ecir sabır versin! – Да поможет тебе Аллах быть терпеливым и стойким; Allah dört gözden ayırmasın!- Пусть Аллах не оставит (дитя) сиротой (букв. « Пусть Аллах не разлучит с двумя парами глаз», т.е. с родителями).*

Довольно значительная часть словесных формул применяется по отношению к лицу, занятому каким-либо видом деятельности:

*Allah utandırmasın! – Не дай ему Аллах осрамиться! (*так говорят человеку, принимающемуся за какое-либо дело); *Allah yardımcın olsun!- Пусть Аллах будет тебе помощником! Kolay gelsin- Пусть это дело будет лёгким! (*Распространенное выражение, которое произноситься с целью подбодрить, выразить своё дружелюбное отношение к человеку, занимающемуся какой-нибудь тяжёлой работой).

Значительна группа ритуализированных благопожеланий: *Hayır ola! – Даст бог всё обойдётся!;En iyi dilekler ! – Наилучших пожеланий.*

Эти стереотипные выражения придают большое своеобразие речи турок и используются в разных слоях общества, однако в основном они характерны для речевого общения населения сельской местности.

Помимо ритуализированных формул-пожеланий, в турецком речевом этикете существуют другие формы, которые активно используются в речи. Как и в русском языке, пожелания в турецком языке часто следуют после поздравлений по поводу всевозможных праздников и событий в жизни турок.

В Турции праздники разделяются на светские (сюда можно включить и семейные праздники) и религиозные. За поздравлением по поводу светского праздника могут следовать следующие пожелания: *Sana barış, kardeşlik, mutluluk, huzur temenni ediyorum (Желаю тебе мира, братства, счастья, спокойствия).*

В этих пожеланиях сложный глагол *temenni etmek* (желать) может быть заменён *dilemek*, с тем же значением.

Эти формулы сами по себе носят оттенок вежливости и используются как в официальной, так и в неофициальной обстановке. Особую вежливость и экспрессию придаёт пожеланию степенный определитель: *Candan yürekten (От чистого сердца, сердечно!)*

Наиболее важными в жизни турок являются религиозные праздники, сопровождающиеся пожеланием: Bayramınız mübarek olsun*! (Пусть ваш праздник будет благословенным!).* Формулы пожелания в турецком языке, в отличие от русского, также широко используются в бытовой сфере общения и связаны с определёнными событиями в жизни турок. Например, если в турецкой семье родился ребёнок, то желают: *Ömürlü olsun! – Пусть живет долго!; Analı babalı büyüsün! (букв.«Пусть вырастет с матерью и отцом!»); Bahtı açık olsun! (Пусть сопутствует удача!).*

Эти формулы в основном употребляют люди старшего поколения.

На свадьбе произносят пожелания: Allah mesut etsin*!- Пусть Аллах сделает вас счастливыми! Allah bir yastıkta kocatsın! - Живите вместе до старости!*

(букв.«Пусть Аллах вас состарит на одной подушке!»). На помолвке говорят: *Allah tamamına erdırsın!- Пусть Аллах приведет к единству!*

В повседневных жизненных ситуациях, например при покупке новой вещи турки говорят: Hayırlı olsun*! – Пусть будет доброй вещь! или Güle güle kullanınız! – Чтоб хорошо использовалась(вещь)!* Вообще , выражение güle güle в этикете повседневного речевого общения турок имеет разнообразное применение в различных жизненных ситуациях. Его используют турки как похвалу при покупке новой вещи либо при переезде в новый дом. Продавец может сказать покупателю приобретшему что-нибудь из одежды: Güle güle giyiniz*!-носите на здоровье!* Гости могут поздравить хозяев с новосельем: *Güle güle oturunuz!- С новосельем вас! Живите счастливо!* Человеку, побывавшему в бане могут пожелать: Güle güle kirleniniz*! (букв. «Счастливо вам снова стать грязным, т.е. снова сходить в баню!»)* По ситуации употребления это по-

желание соответствует русскому пожеланию *С лёгким паром!*

После еды гости желают хозяину, который приготовил угощение: *Elilize sağlık! (букв. «Здоровья вашим рукам!»),* а хозяин в ответ говорит: *Afiyet olsun!- На здоровье и приятного аппетита!*

В повседневном общении употребительно выражение *Geçmiş olsun*, образованное от глагола *geçmek (миновать, проходить)* и отглагольной формы *olsun (пусть будет)*, т.е. в целом оно обозначает: *Пусть пройдёт, пусть минует!* Ответом на пожелания в турецком языке может быть благодарность или ответное пожелание.

Широко используются в турецком языке формулы пожелания в ситуации прощания. Наиболее распространённой является следующая формула: уходящий человек говорит: *Allaha ısmarladık!* (букв. «Препоручаем вас Аллаху!»); человек, который остаётся, отвечает: *Güle güle!* (букв. « Смеясь,смеясь!», что означает «Всего наилучшего!»). Кроме того возможна формула Allaha emanet olun (букв. « Будь(те) препоручены Аллаху!»; т.е. « Да хранит тебя/вас Аллах!»). Эта формула встречается лишь среди пожилых жителей деревни.

В турецком языке в ситуации прощания характерными словесными компонентами-пожеланиями могут быть речевые формулы, произносимые гостем: *Hoşçakalın!(Будьте здоровы! Счастливо оставаться!* В свою очередь, хозяин, провожая человека, уходящего из дома, процедуру прощания сопровождает целым набором напутственных слов: *Allah yolunu açık etsin! (букв. «Пусть Аллах сделает его путь открытым!», т.е. «Счастливого пути!»); İyi yolculuklar! (Счастливого пути);* напутствие отъезжающему человеку от более старшего по возрасту: *Allah kavuştursun! (букв. « Пусть Аллах приведет его!»),* т.е. пожелание счастливого возвращения домой.

Также распространённой фразой пожелания при прощании является *Kendinize iyi bakın! (букв. « Хорошо за собой смотри», т.е. «Береги себя»).*

Уходя от больного человека, турки желают ему скорейшего выздоровления фразой: *Geçmiş olsun! (букв. « Пусть станет прошлым!», т.е. « Желаю вам поправиться!»).* Если турок идет на экзамен, или на какое-либо другое важное дело, то ему желают *Başarılar! (Удачи!), или Kolay gelsin (букв. «Пусть будет легким!»)*.

Итак, проведенный в статье анализ позволяет сделать следующие выводы: речевой акт пожелания – это речевое действие, которое реализуется говорящим с целью выразить надежду на определенное положение дел в жизни адресата в будущем; как в русском, так и в турецком языке средствами выражения пожеланий являются эксплицитные и имплицитно-перформативные высказывания; в турецком языке можно увидеть более широкое употребление пожеланий, охватывающих различные ситуации общения; а также большое количество словесных ритуализированных формул.

Литература

1. Акишина А. А., Формановская Н. И. Русский речевой этикет. /А.А Акишина, Н.И Формановская. - М., 1978.

2. Серебрякова М. Н. О некоторых особенностях этноэтикета у современных турок //Этикет у народов Передней Азии. - М.:Наука, 1988.

3. Формановская Н.И. Употребление русского речевого этикета. / Н.И. Формановская - М.: Русский язык, 1982.

4. Формановская, Н. И. Речевое общение: коммуникативно-прагматический подход. / Н.И Формановская.- М.,2002. 216 с.

5.Остин Дж. Слово как действие // Новое в зарубежной лингвистике: теория речевых актов. Вып. XVII. – М., 1986. С. 27.

6 Серль Дж. Что такое речевой акт // Новое в зарубежной лингвистике: теория речевых актов. Вып. XVII. - М., 1986. С. 151-169.

УДК: 811.111:811.512.154

Жумаш кызы Элмира,
Международный университет инновационных технологий
преподаватель
E-mail: Zhumashkyzye@gmail.com

КЫРГЫЗ ЖАНА АНГЛИС ТИЛДЕРИНДЕГИ «ДОСТУК» КОНЦЕПТИНИН ЛИНГВОМАДАНИЯТТЫК АНАЛИЗИ

ЛИНГВОКУЛЬТУРОЛОГИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ КОНЦЕПТА «ДРУЖБА» В КЫРГЫЗСКОМ И АНГЛИЙСКОМ ЯЗЫКАХ

LINGUA CULTURAL ANALYSIS OF THE CONCEPT “FRIENDSHIP” IN THE KYRGYZ AND ENGLISH LANGUAGES

Аннотация: *Бул макалада концепт жана концептосфера түшүнүктөрү жөнүндө сөз болуп, кыргыз жана англис тилдериндеги «дос, достук» концепцияларына жана айтылган концепцияларга карата кыргыз жана америка элдеринин маданий көз караштарынын өзгөчөлүктөрү изилденет.*

Түйүндүү сөздөр: *лингвистика, когнитивдик лингвистика, концепт, концептосфера, семантика, маданият, достук.*

Аннотация: *В данной статье рассматриваются понятия как концепт и концептосфера, анализируются концепции «друг, дружба» и культурологические особенности взглядов кыргызского и американского народов данным концепциям.*

Ключевые слова: *лингвистика, когнитивная лингвистика, концепт, концептосфера, семантика, культура, дружба.*

Annotation: *In this article concept and its sphere are considered, concepts "friend, friendship" and cultural features of views of the Kyrgyz and American people to these concepts are analyzed.*

Key words: *linguistics, cognitive linguistics, concept, sphere of concept, semantics, culture, friendship.*

Заманбап лингвистика илиминде концепт түшүнүгү актуалдуу ролду ээлеп, көптөгөн окумуштуулардын көңүлүн өзүнө бурдуруп келет. «Концептосфера» термини илимге алгачкы жолу академик Д.С.Лихачёв тарабынан киргизилген жана бүгүнкү күндө когнитивдик лингвистиканын маанилүү, өзөктүү түшүнүктөрүнүн бири болуп саналат. Д.С.Лихачёвдун «Концептосфера русского языка» деген эмгегинде берген аныктамага ылайык, концептосфера – бул улуттук концепттердин жыйындысы, ал тил ээлериндеги концепттердин бардык потенциялары жана топтому аркылуу жүргүзүлөт. [8;5]

Ал эми жогоруда айтылган концептосферанын өзөгүн түзгөн негизги объектиси болгон «концепт» термини алгачкы жолу 1928-жылы С.А.Аскольдовдун «Концепт жана сөз» аттуу макаласында белгиленген. Ал аркылуу автор: «мысленное образование, которое замещает нам в процессе мысли неопределенное множество предметов одного и того же рода» деген ойду түшүнгөн. [3;260]

Жогорудагы Аскольдовдун аныктамасына таянсак, концепт – ой жүгүртүү процессинде көптөгөн аныкталбаган тектеш предметтердин ордуна колдонулуучу ой-жүгүртүү түзүмү дегенди туюнтат. Байкалып тургандай, концепт түшүнүгүнүн илимий адабиятка киргенине жетишээрлик убакыт өтсө да аталган түшүнүк өзүнө конкреттүү, бирдиктүү аныктамага ээ боло элек.

Концепт терминин маанилик жактан айкын эместиги, анын чегинин так аныкталбагандыгы, универсалдуу аныктамасынын жетишсиздиги айрым тактоолорду жана толуктоолорду талап кылат. Муну С.А.Аскольдов, Д.С.Лихачёв, Ю.С.Степанов, З.Д.Попова, А.П,Бабушкин жана башка россиялык белгилүү лингвисттердин эмгектери ачык далилдеп турат.

Концепт терминине берилген бирдиктүү, так аныктама жоктугунан ар бир окумуштуу аны өз ал-

дынча чечмелеп келет. Мисалы, А.Вежбицкая алгачкылардан болуп концептке төмөндөгүдөй аныктама берген. «Это объект из мира «идеальный», имеющий имя и отражающий определенные культурно-обусловленные представления человека о мире «действительность». [5;416]

Мында концепт термини адам баласынын идеалдуу дүйнөсүнөн чыныгы жашоосуна алынган, аталышка ээ болгон жана айрым бир маданий көрүнүштөрдү чагылдырган объект катары сүрөттөлөт.

Ошондой эле, В.Н.Телиянын ою боюнча, концепт-бул «все то что мы знаем об объекте во всей экстензии этого знания». Концепт-объект тууралуу билимдердин жалпы жыйындысы. Ал жалпы семантиканын конкретизациясынын жеке маанилерин өзүнө камтыган, абстракциянын эң жогорку даражадагы семантикалык категориясын өзүнө камтыйт.[9;173]

Ал эми биздин Ата Мекендик окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянсак, концепт түшүнүгү кандайдыр бир улуттун маданияты, менталитети менен тыгыз байланышта болуп, ал элдин дүйнө таанымынан көз каранды деген бүтүмгө токтолсок болот. Буга мисалы, З.К.Дербишеванын «Ключевые концепты кыргызской лингвокультуры» аттуу монографиясы фундаменталдык эмгек катары саналып, анда социомаданий, антропоморфтук, улуттук-маданий, рухий-маданий, рухий-нравалык концепттер тууралуу кенен сөз болгон. [6;37]

С.М. Амиралиевдин берген аныктамасында, концепт – дүйнөнүн тилдик сүрөтү боюнча маалыматтарды топтоочу жана сактоочу конструктивдик түшүнүк болуп эсептелет. [2;26]

Г.А.Абыканова «Концепт *вода/суу* в русском и кыргызском языках» деген аталыштагы диссертациясында *суу* концептисинин орус жана кыргыз тилдериндеги маанисин салыштырмалуу тил илиминин принциптерине жана идеяларына таянып сүрөттөйт. Ал өзүнүн эмгегинде ар бир улуттук маданияттын өзүнө гана таандык, кайталангыс, уникалдуу концепциялары болоорун жана аларды бири-биринен ажырата билүү өтө маанилүү экендигин баса белгилеген.[1;38]

Жогорудагы айтылып өткөн изилдөөчүлөрдүн эмгектеринен сырткары, А.Т.Бутешова, Э.Т.Төлөкова сыяктуу Ата Мекендик окумуштуулар да концепт илиминин өнүгүүсүнө өз салымдарын кошушкан. Тактап айтканда, А.Р.Бутешова «концепт – билим алуу, аны сактоо жана жеткизүүнүн маанилүү бирдиги. Ал айрым бир сөздүн сөздүктөгү мааниси менен адамдын жеке тажрыйбасы жана кабыл алуусунун дал келүүсүнөн алынган жыйынтык» болоорун айтып, кыргыз жана орус тилдериндеги «жашоо» концепциясын изилдеген. [4;27]

Ал эми Э.Т.Төлөкова «концепт – биринчиден, мазмунуна бизди курчап турган дүйнөгө байланыштуу жалпы маалыматты камтыган бирдик болсо, экинчиден улуттук маданиятта сакталуучу, топтолуучу, муундан-муунга өтүүчү, өздөштүрүлүүчү касиетке ээ болгон менталдык бирдик» деген аныктамага токтолуп, кыргыз тилиндеги бала концептинин өзгөчөлүктөрүн кеңири ачып берген. [10;9]

Эми «достук» концепти туурасында сөз кылсак. Дос – жакшы мамиледеги, көңүлү жакын, тилектеш адам. [7;142] Мунун негизинде абстрактуу түшүнүк болгон «достук» сөзү келип чыгып, ал дос болуучулук, тилектештик, коңүлү жакындык деген түшүнүктөрдү өзүнө камтыйт. Бул түшүнүккө жолдоштук, замандаштык, курдаштык, сырдаштык деген сыяктуу түшүнүктөр синоним боло алышат.

Ал эми англис тилинде «friend» сөзү дос маанисин түшүндүрүп, түп-нускасы германдык тилдерге таандык жана Индо-Европалык түпкү маанисинде «сүйүү» деген түшүнүктөн келип чыккан. Ал эми англис сөздөрүнүн түшүндүрмө сөздүктөрүнүн негизгиси болгон Кембридж сөздүгүндө «дос» сөзү негизги үч маани менен аныкталат: 1) биз жакшы билип жана жактырып, бирок көпчүлүк учурда үй-бүлө мүчөсү болбогон адам; 2) «friend» сөзү тең чамал бирөөгө кайрылаарда колдонулат (Well, friends, I think it's time to go); 3) Кандайдыр бир уюмду же идеяны колдой билгендик (The senator was a friend of business interests). [10;623]

Кыргыз маданиятында достук мамиле илгертен эле жогору бааланып, коомдо маанилүү ролду ойногон. Достук сезими адамдардын социалдык жана материалдык статусунан, жаш курагынан, керек болсо жынысынан да көз каранды эмес. Ал эми Америка элинин достук түшүнүгүнө болгон көз карашы биздикинен кыйла эле айырмаланып турат. Мындай айырмачылыктарга себеп болуучу негизги факторлор катары алардын менталитеттик өзгөчөлүктөрүн, тактап айтканда алардын көз карандысыздыгы, эркиндиги жана жашоо шарттарын, жумуш ордун, турак жайларын тез-тез өзгөртүүгө ынтызарлыгын алсак болот. Ушундай коомдук өзгөчөлүктөрүнөн улам америкалыктар өз досторун «кызматтагы достор», «мектептеги достор», «үй-бүлөлүк достор» сыяктуу бир нече категорияларга бөлүшөт.

Англис тилинде достуктун даражасы аба-ырайы менен да сүрөттөлөт. Мисалы, "fair weather friend" – сөзмө-сөз которгондо жагымдуу аба-ырайындагы дос, маанисинде телегейиң тегиз учурда коштоп жүрүп, башыңа кыйынчылык түшкөндө жүз буруп кеткен адамдарды түшүндүрүп, кыргыз тилинде «талкан дос» деген сөз айкашына туура келет.

Жогорудагыдай туруктуу сөз айкаштарынын дал келүүсү эки тилде кеңири байкалат. Мисалы: Never look a gift horse in the mouth – досуң бергендин тишин ачпа, a friend in court is better than a penny in purse – жүз сомуң болгончо жүз досуң болсун, a friend in need is a friend indeed – досту кыйын күндө сына, a man is known by his friends – досуңдун ким экенин айт, мен сага сенин ким экенинди айтып берем, bosom friend – жан дос.

Жана да айта кетчү нерсе, эки элдин тең маданиятында достун санына эле эмес, сапатына да терең көңүл бурушат. Буга далил катары төмөндөгү сөз айкаштары көрсөтүлдү. Кыргыз тилинде: «Досуңа ишенбе, досуңдун да досу бар», «жамандын жолдошу көп, жанына пайдасы жок», «көңүлүмө жагат деп, көрүнгөнгө дос болбо» ж.б. Англис тилинде: "A wise enemy is better than a foolish friend" (акылсыз достон даанышман душман артык), "With friends like you, who needs enemies?" (Сендей «досум» турганда мага душмандын кереги не?)

Жыйынтыктап айтканда, концепт – бул сөз тизмектери менен жеткире алгыс, адам баласынын аңсезиминдеги ой жүгүртүүсүнүн элементи жана ал кандайдыр бир тилдин өкүлдөрүнүн улуттук, маданий көз карашы жана дүйнө таанымы менен тыгыз бай-

ланышта. Ал эми баарыбызга белгилүү, андай көз караштагы өзгөчөлүктөр ар бир улуттун жашоо-шарты, жүрүм-туруму, улуттук баалуулуктары жана руханий асылдыктары менен бирге калыптанат.

Адабияттар

1. Абыканова Г.А. ф.и.к., «Концепт вода/суу в русском и кыргызском языках», диссертация.- Б., 2012

2. Амиралиев С.М., ф.и.к., «Тилдин менталдык семантикасындагы кинологиялык концепттер», диссертация, -Ош 2014

3. Аскольдов С.А. Русская словесность. От теории словесности к структуре текста. –М., 1997.

4. Бутешова А.Р. Концепт «жизнь» в русской и кыргызской языковой картине мира», диссертация. - Б., 2012

5. Вежбицкая А. Язык. Культура. Познание. – М., 1997.

6. Дербишева З.К. Ключевые концепты кыргызской лингвокультуры. –Б., 2012

7. «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү» . – Ф., 1969

8. Лихачёв Д.С., Концептосфера русского языка. – М., 1993

9. Телия В.Н. Роль человеческого фактора в языке: Язык и картина мира. - М., 1988

10.Төлөкова Э.Т. Кыргыз тилиндеги «бала» концепти», диссертация, -Б., 2012

11.Oxford Cambridge Dictionary, Oxford University Press, 1998.

УДК 811.512.154;811.111

Карагулова М. Ш.
Азиатский медицинский институт имени С.Тентишева
ст. преподаватель,
E-mail: meyerim@mail.ru

ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ПРЕДПОСЫЛКИ ИЗУЧЕНИЮ ФРАЗЕОЛОГИЧЕСКИХ СРЕДСТВ КОНЦЕПТУАЛИЗАЦИИ ЭМОЦИЙ КЫРГЫЗСКОГО И АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКОВ

КЫРГЫЗ ЖАНА АНГЛИС ТИЛИНДЕГИ ЭМОЦИЯЛАРДЫ КОНЦЕПТУАЛДАШТЫРУУЧУ ФРАЗЕОЛОГИЯЛЫК КАРАЖАТТАРЫН ИЗИЛДӨӨСҮНҮН ТЕОРЕТИКАЛЫК ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

THEORETICAL PREREQUISITES FOR THE STUDY OF PHRASEOLOGICAL MEANS OF CONCEPTUALIZATION OF THE EMOTIONS OF KYRGYZ AND ENGLISH LANGUAGES

Аннотация: *В данной статье рассматривается эмотивное направление когнитивной лингвистики, и возможность изучения и сравнения национальных особенностей миропонимания и эмотивной концептосферы различных языковых общностей. Автор полагает что, изучение и сопоставление эмотивных средств, а именно фразеологизмов, имеет лингводидактическую ценность в изучении языков и развитии эмотивной компетентности как говорящего, так и реципиента.*

Ключевые слова: *когнитивная лингвистика, эмоция, эмотивные средства, концептуализация эмоций, фразеологические средства.*

Аннотация: *Бул макалада тил илиминин когнитивдик тармагы, ар түрдүү тилдик жамааттардын айлана-чөйрөнү таанып билүүдөгү улуттук өзгөчөлүктөрүн жана түшүнүк чөйрөсүн изилдөөгө жана салыштырууга мүмкүнчүлүк берери талкууланат. Автор, тилдин эмотивдик каражаттарын, алардын ичинен фразеологиялык бирдиктерди изилдөө жана салыштыруу, тил изилдөөдө, баяндамачынын жана угуучунун эмотивдик компетентүүлүгүн өнүктүрүүдө лингводидактикалык мааниге ээ деп эсептейт.*

Түйүндүү сөздөр: *когнитивдик лингвистика, эмоция, эмотивдүү каражаттар, эмоцияларды концептуалдаштыруу, фразеологиялык каражаттар.*

Annotation: *This article deals with the emotional direction of cognitive linguistics, and the possibility of studying and comparing the national features of the world outlook and the emotive concept-sphere of various linguistic communities. The author believes that study and comparison of emotive means, namely phraseological units, has a linguodidactical value in the study of languages and development of the emotional competence of speaker and of recipient.*

Keywords: *cognitive linguistics, emotion, emotive means, conceptualization of emotions, phraseological means.*

Рассмотрение языка как совокупности функциональных единиц способных нести и сохранять в себе определенный смысл привело к актуализации изучения когнитивных механизмов происходящих в языке, познания, восприятия и осмысления мира с целью накопления и передачи знаний. В результате когнитивных процессов в сознании человека накапливаются, как понятийное миропонимание – вербальные сред-

ства для обозначения явлений окружающего мира, и как образное миропонимание – физические характеристики окружающего мира такие как, зрительные, слуховые, вкусовые, обонятельные и тактильные. На стыке этих двух составных миропонимания образуется единица познания мира – концепт, в результате накопления единиц познания формируется система концептов, как на личностном, так и на общественном и мировом уровне.

Однако в обычном случае концептуальная система не осознается. О большинстве мелочей, которые мы делаем каждый день, мы просто не думаем, и делаем их более или менее автоматически по определенным схемам. Что представляют собой эти схемы – не ясно. Один из способов изучения этого – наблюдение за особенностями функционирования языка. Так как коммуникация основывается на той же концептуальной системе, которая используется и в мышлении, и в деятельности, язык оказывается важным источником данных об этой системе [5, 27].

В настоящее время выделены несколько направлений в изучении концептуальной и когнитивной структур языковых явлений, с целью раскрытия содержания концептов, как единиц мышления носителя языка, что в свою очередь позволяет раскрыть национальную концептосферу и национальные особенности миропонимания.

Известный лингвист, положивший начало развитию фразеологии как лингвистической науки, В.фон Гумбольдт писал что, каждое движение человека тесно связано с эмоциями. Любой когнитивный процесс имеет эмоционально-оценочный характер, процессы познания и осмысления окружающего мира постоянно сопровождаются с чувствами и эмоциями. Из этого следует что, параллельно с познавательным процессом происходит и процесс лексикализации, т.е. подбор определенных эмоционально-оценочных вербальных средств. При этом в сознании человека собрана определенная эмоционально-лингвистическая память, которая включает в себя лингвистические средства концептуализации эмоций. Эти лингвистические средства сохраняются в памяти в обязательной привязке с эмоциями и используются для описания того или иного эмоционального состояния.

Процесс языкового оформления эмоций и соотношение номинативно-дескриптивного компонента с денотативным компонентом, и как это взаимосвязано с эмотивным компонентом одна из сложных задач стоящих перед современной лингвистикой.

Эмоции – психологическая реакция человека на окружающий его мир, обстоятельствам и явлениям, других людей и даже на самого себя. Вся познавательная жизнь человека пронизана эмоциями, и он стремится к выражению этих эмоций вербальными и невербальными средствами, это создает некую совокупность бытового и эмоционального познания и его лексическим, мимическим и физиологическим оформлением – что и представляет собой концепт эмоции. В процессе коммуникации человек транслирует свое эмоциональное отношение или состояние, при помощи средств выражения эмоций, эмотивных средств. Правильный подбор и использование эмотивных средств адресантом, и правильное распознавание этих средств адресатом обусловлено наличием универсальной национальной эмотивной концептосферы. Конечно же, познание мира индивидуальный процесс и эмоциональная реакция также сугубо личное и уникальное, но, как и национальный интеллектуальный опыт и багаж знаний об окружающем мире собираемый и передаваемый от поколения к поколению, так и в системе каждого языка имеется средства концептуализации эмоций – эмотивные лексические единицы. Состав этих средств так же обогащается, дополняется, сохраняется и передается от поколения к поколению. Каждый носитель языка обладает индивидуальным и национальным эмотивным знанием, набором понятий-концептов об объектах окружающего мира в связке с психологическими ощущениями причиной, которых является этот объект и физиологическим состоянием обусловленных этими ощущениями. Знания об эмоциях формируются линейно, постепенно, на основе личностного, видового опыта и биологической памяти. Они включают в свою концептуальную структуру знания-рецепторы и знания-ретуши, которые формируют концептуальное значение лексикализованной эмоции [6, 25]. И точно как в процессе коммуникации предмет соотносится с его лексическим значением или графическим обозначением, так же выражение ***hair stood on end*** – *төбөө чачы тик туруу* – ассоциируются с чувством страха, физиологическим и психологическим состоянием человека в момент ощущения страха.

Однако универсальность эмоций и коммуникативно-эмоциональная компетентность внутри одной языковой группы, не обеспечивают адекватный прием и распознавание эмоциональной информации. Более того психологи различают этнопсихологическую особенность языковой общности, в которую входят системы национальных, религиозных, нравственных и культурных норм и ценностей, которые предопределяют степень эмоциональной реакции и форму выражения эмоций, т.е., в одной языковой общности принято ярко выражать эмоции, а в другой нормой поведения является эмоциональная сдержанность. В связи с этим происходит ошибочная либо безуспешная коммуникация. Этот факт предопределяет актуальность изучения не только эмотивной семантики языковых единиц, но и раскрытия концептосферы эмоций с учетом национальных особенностей, семантического анализа эмотивных средств разных языков с последующим сопоставлением.

Эмотивная функция присуща каждому языку и эмотивные средства присутствуют во всех ее уровнях и системах, в том числе и во фразеологии. Фразеологические единицы отличаются как образностью, так и эмоциональной и стилистической окраской, они имеют не только назывную, но и оценочную функцию, выражая отношение говорящего к предмету речи [2, 202]. Фразеологизм – единица основными признаками, которой являются образность, устойчивость и экспрессивность. Будучи созданным языковым сообществом, фразеологическая единица сохраняется в системе языка в неизменном виде, отражая культурно-национальную и бытовую особенности той или иной языковой общности. Вместе с этим фразеологические средства языка являются концепт-единицами

национального мировоззрения и миропонимания. Представителей всех языковых общностей объединяет теория универсальности эмоций, однако, они отличаются друг от друга оформлением и акцентированием в процессе коммуникации, отличия диктуются как личностными, так и национально-культурными особенностями. Фразеологизмы обладают высоким эмоциональным и оценочным потенциалом для передачи информации о психическом состоянии говорящего, его оценочном отношении к объекту или ситуации, а свойство образности позволяет реципиенту понять и представить транслируемое эмоциональное состояние.

При более подробном изучении трудов по фразеологии кыргызского языка было выявлено, что до 2000 года они были посвящены разработкам разных проблем фразеологии: классификация фразеологизмов и определения границ фразеологического фонда кыргызского языка (Ж.Осмонова, Р.Эгембердиев, А.П.Назаров). А после 2000 года многие труды сопоставительно-сравнительного характера (К.У.Кыдыев, Г.Ж.Жамшитова, Н.К.Абдыракматова).

Изучение фразеологического фонда кыргызского и английского языков, как совокупности средств концептуализации эмоций, их семантическое сопоставление имеет большую научно-практическую ценность и актуальность для развития когнитивной лингвистики в Кыргызстане, так как создает возможность сравнить национальные особенности эмоционального познания мира этих языковых сообществ.

Литература

1. Амосова Н. Н. Основы английской фразеологии. -Л.: Изд-во Ленинградского университета, 1963. - 208 с.

2. Арнольд И.В. Лексикология современного английского языка: учеб.пособие - 2-е изд., перераб. – М.: ФЛИНТА: Наука, 2012. – 376 с.

3. Ильин Е. П. Эмоции и чувства. – СПб.:Питер, 2001. – 752 с: ил. – (Серия «Мастера психологии»)

4. Кунин А.В. Англо-русский фразеологический словарь/ Лит.ред. М.Д. Литвинова. – 4-е изд., перераб. и доп. – М.: Рус.яз., 1984 – 944 с.

5. Лакофф Джордж, Джонсон Марк Метафоры, которыми мы живем: Пер. с англ./Под ред. и с предисл. А. Н. Баранова. – М.:Едиториал УРСС, 2004. – 256 с.

6. Шаховский В.И. Лингвистическая теория эмоций: Монография. – М.:Гнозис, 2008. – 416 с.

7. Эгембердиев Раимжан. Фразеологизмдердин маани-маңызы жана алардын сөздүктөрдө камтылуусу. – Б.: Турар, 2016. – 328 б.

УДК: 1/14:32.

Аалиева Ш.К., *ф.и.к.*
Ж. Баласагын атындагы КУУ
доцент

САЯСИЙ ЛИДЕРДИН ӨЗГӨЧӨ САПАТТАРЫ

ОСОБЫЕ КАЧЕСТВА ПОЛИТИЧЕСКОГО ЛИДЕРА

SPECIAL INTERNALSS OF POLITICAL LEADER

Аннотация: *Макалада лидер инсандын өзгөчө баалуу сапаттары чагылдырылды. Лидер инсандын өзгөчө сапаттары катары анын анализ жүргүзүүгө, өзүнүн артынан ээрчиген топтун өнүгүшүн, маанайын сезип-туюуга, андагы жагдайдын келечегин көрүп билүүгө, коюлган максатка жетүүдө чечкиндүүлүгү жана сабырдуулугу, ошондой эле, башкаларга караганда калктын, анын катмарларынын же топтун кызыкчылыктарын чагылдырууга багытталган ишмердүүлүктүн энергиялуу, билгичтик менен ийгиликтүү уюштура билүү жөндөмдүүлүгү көрсөтүлдү. Саясий лидердин компетенттүүлүгү, профессионализми, эл алдында кадыр-баркы, ишеними, жөндөмдүүлүктөрү, уюштуруучулугу макалада кеңири ачылып берилди.*

Түйүндүү сөздөр*: лидер, жөндөмдүүлүк, уюштуруучулук, компетенттүүлүк, профессионализм, тобокелдик.*

Аннотация*: В статье отражены особые личностные качества лидера. Как особые личностные качества лидера показаны его способности анализировать, чувствовать настроение и развитие группу последовавшая за ним, предвидеть будущее различных обстоятельств в обществе, решительности и толерантность в постижение поставленной цели, а также направленность его энергичной деятельность в отражении интересы народа, различных слоев в отличие от других. В статье широко раскрыта компетентность, профессионализм, авторитет перед народом, доверия, способности, организаторская качества политического лидера.*

Ключевые слова: *лидер, способность, организатор, компетентность, профессионализм, рискованность.*

Annotation: *The special personality internalss of leader are reflected in the article. As the special personality internalss of leader are shown to his ability to analyse, feel a mood and development group following on him, to foresee the future of different circumstances in society, to the decision and tolerance in understanding of the put aim, and also orientation his energetic activity in a reflection interests of people, different layers unlike other. In the article a competence, professionalism, authority, is widely exposed before people, trust, ability, organizational internalss of political leader.*

Key words: *Leader. Ability. Organizer. Competence. Professionalism. Riskiness.*

Лидерликтин манызын терең түшүнүү үчүн лидерди баалоодогу анын сапаттарын ырааттуу анализдөө зарыл. Ири алдыда лидер – бул активдүүлүктүн демилгечиси, иш-аракеттердин координатору. Лидерликке талапкер инсан анализ жүргүзүүгө, өзүнүн артынан ээрчиген топтун өнүгүшүн, маанайын сезип-туюуга, андагы жагдайдын келечегин көрүп билүүгө, коюлган максатка жетүүдү чечкиндүү жана сабырдуу болууга тийиш. Лидердин эн негизги сапаты болуп башкаларга караганда калктын, анын катмарларынын же топтун кызыкчылыктарын чагылдырууга багытталган ишмердүүлүктү энергиялуу, билгичтик менен ийгиликтүү уюштура билүү жөндөмдүүлүгү эсептелет. Ушул өңүттө саясий лидердин негизги белгилери катары коомдук ишти аткарууга болгон жөндөмдүүлүктү, курч акылды, компетенттүүлүктү, социалдык жана мамлекеттик ишмердүүлүккө болгон өзгөчө шыкты, альтернативдүү жолдорду кабыл алуудагы жана жаңы ыкмаларды изилдөөдөгү принциптер менен ынанымдардын бекемдигин, адамдарды ишендирүүгө жана өз

артынан ээрчитүүгө болгон жөндөмдүүлүктү, социумга жана анын проблемасына көңүл бура билүүчүлүктү, оптимизмди, алдын-ала көрө алуучулукту атоого болот. Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн саясий лидердин негизги белгилери дээрлик жалпы мүнөзгө ээ. Кандай гана көп кырдуу сапаттык белгилерди камтыбасын, лидердин башкы белгиси болуп жеке кишинин билимине, акылына, талантына, жөндөмдүүлүктөрүнө адамдар тарабынан берилген бийик баа катары аныкталган анын коомдук артыкчылыгы эсептелет.

Жөндөмдүүлүктөр тууралуу сөз кылганда биринчи кезекте интеллектке токтолуу абзел. Эреже катары лидер курч жана ийкемдуу акылга ээ. Өз учурунда акыл ой жүгүртүүгө жана түшүнүүгө болгон жөндөмдүүлүк катары. [1] Социомаданий, адам болумуштарын окуп-үйрөнүү, билим алуу, өздөштүрүү акыл жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшүнө көмөк берет же алардын кемчиликтерин кандайдыр бир деңгээлде компенсациялайт. Мисалы, Жусуп Баласагын акылды мээнин функциясы, дүйнө таанымдын чечүүчү күчү, инструменти, адамдын табигый касиети деп жарыялоо менен, бул жөндөмдүүлүк кишиге гана мүнөздүү жана акыл атуулга потенциалдык мүмкүндүк түрүндө берилгендигин көрсөткөн:

Адамды айбандардан айрыйт акыл,
Билими артык болсо – ошол асыл. [2]

Акындын чыгармасында билим жана илим коомдун нормалдуу жашоосун камсыз кылган лидер үчүн зарыл каражат катары түшүнүлөт:

Акылы бар адамдар асыл келет,
Билим күчү бектерге өтө керек [2]
Баардык ишин шашпай иштеп ойлонуп,
Эл башкарат илим, билим колдонуп. [3]

Интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрдү жалпы жана атайы деп экиге бөлүүгө болот. Жалпы жөндөмдүүлүктөр тубаса универсалдуу мүнөзгө ээ, ал эми атайы-конкреттүү жөндөмдүүлүктөр социомаданий чөйрөдөгү себеп-натыйжалуу байланыштарды таанып билүү, кубулуштарга анализ жана синтез жасоо, ошондой эле алардын өзгөчө касиеттерин айырмалай билүү, логикалык ой жүгүртүү жана тыянактарды аргументациялоо сыяктуу феномендерден куралат. Мындай жөндөмдүүлүктөрдүн негизинде лидердин ишкер сапаттары калыптанат, маселен, компетенттүүлүк жана уюштуруучулук шыктары. Компетенттүүлүк (латынчадан **competo** – жетем, ылайык келем) деп конкреттүү уюмга же жетекчиге мыйзам, устав ж.б.у.с. официалдуу документ тарабынан берилген ыйгарым укуктардын чөйрөсү, же болбосо, тигил же бул чөйрөдөгү билимдерге, тажрыйбаларга ээ болуу аталат. [4] Компетенттүүлүк дегендик атуулдун өзү аткарган иштин маңызын, социумдагы кубулуштар менен процесстердин татаал байланыштарын, коюлган максатка жетүүнүн ыктымалдуу ыкмалары менен каражаттарын ийне-жибине чейин деталдуу билүү катары түшүнүлөт. Саясий лидер үчүн компетенттүүлүк “ар бир катмардын, кесиптин ж.б.у.с. өкүлдөрүнүн психологиясынын өзгөчөлүктөрүн, маңыздуу белгилерин түшүнүү үчүн эл массасына чыдамкайлык жана аярлык менен мамиле кылууну үйрөнүү керек [5] экендигин билдирет. Дегеле, жетекчиден өз ишмердүүлүгүнүн шарттарын оптималдуу уюштуруу, ишмердүүлүктүн эффективдүүлүгү көз каранды болгон социалдык-психологиялык жагдайды туура баалай билүү талап кылынат. Бул үчүн чечкиндүүлүк менен кайраттуулук аздык кылат. Мында аз күч жумшап, мыкты натыйжаларды алууга көмөк берген саясий ишмердүүлүктүн каражаттарын, ыкмаларын жана методдорун тандай билүү зарыл.

Компетенттүүлүктөн сырткары лидер үчүн негизги сапаттардын бири болуп профессионализм эсептелет. Профессионализм деп инсандын кандайдыр бир ишмердүүлүккө болгон даярдыгын, ылайыктуулугун далилдеген билимдер менен шыктардын кеңири жыйындысын атоого болот. Бийик профессионализм жетекчилердин, чыныгы лидерлердин мамлекеттик аппаратта, бийик структурасында ишмердүүлүк жүргүзүүсүнүн маанилүү жана зарыл шарты. Лидер өзүнүн акылын күчтүү эрк менен айкалыштыруусу абзел, ушундай учурда гана ал өзүнүн ой-тилегин оперативдүү жана кыйшаюсуз турмушка ашыра алат, башталган ишти аягына чейин чыгарууга умтулат. Ошону менен катар эле лидер татаал жагдайларда тапкычтыкты көрсөтүп, аныксыз шарттарда кайраттуу жана чечкиндүү аракеттерди жасап, тобокелдикке да баруусу мүмкүн. Эгер анын чечкиндүүлүгү компетенттүүлүк менен айкалышса, тобокелдик жемиштүү аяктайт.

Тобокелдик тууралуу сөз козгоо менен биз уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүнүн ички табиятына, социалдык мейкиндик-убакыттык тутумундагы динамикасына көңүл бурабыз. Лидердин уюштуруучулук жөндөмдүүлүктөрү ири алдыда келечекти гана эмес, ар бир конкреттүү жайгдайдагы өтө маанилүү маселелерди айырмалап, так аныктай билүүдөн, аргументтелген чечимдерди өз убагында кабыл алуудан жана алардын аткарылышын камсыз кылуудан, өз ойлорунун ишмердүүлүк шарттары менен шайкеш келтире алуудан, кол алдындагылардын ишмердүүлүгүн туура уюштуруудан жана координациялоодон көрүнөт. Уюштуруучулук жөндөмдүүлүктөрүнө ээ лидер жетекчи жагдайды, түзүлгөн кырдаалды тез жана туура баалай алат, биринчи кезекте ишке ашырууну талап кылган милдеттерди айырмалайт, маселелерди чечүүнүн мөөнөттөрүн так аныктоого жөндөмдүү. Ушуга байланыштуу Наполеон Бонопарттын төмөнкүдөй ою өтө кызыгууну туудурат: “Мен иштин татаалдыгын жана аларды чечүүнүн бардык ыкмаларын бир карап эле аныктап кое алам, мындай жөндөмдүүлүгүм мени көсөмгө айландырган”. [6] Адамдын жетекчиликке болгон таланты негизинен социалдык-психологиялык комплекстерге таянат. Эл массаларынын өз лидерлерине болгон ишеними жана сүйүүсү зор мааниге ээ. “Миллиондогон эмгекчилердин жүрөгүндө өз жол башчысына карата ысык тартылуу болбосо, ири шаардын калкын көтөрүү мүмкүн эмес”. [7] Лидерге болгон ишеним – бул анын кадыр-баркын, сиңирген эмгегин жана ыйгарым укуктарын таануу, иш-аракеттеринин зарылдыгын, тууралыгын жана натыйжалуулугун моюнга алуу. Бул кадыр-барктуу инсан менен макул болуу, анын эрежелерине ылайык иш-аракет жасоого болгон даярдык. Анткени, мажбурлоосуз адамдарды өз артынан ээрчитүү ишенимдин гана негизинде болушу мүмкүн.

Өзүнө болгон ишенимди сактоо үчүн лидер калк менен тыгыз байланышта болууга милдеттүү, башкача айтканда ал “жумушчулардын кыйналган турмушунда

жашап, бул турмушту узун-туурасынан бери билүүгө, каалагандай маселени катасыз чечүүгө, каалагандай учурда эл массаларынын маанайын, алардын чыныгы керектөөлөрүн, умтулууларын, ой-тилектерин так аныктоого... эл массаларынын өзүнө болгон чексиз ишенимине тартууга"[8] тийиш. Мындан сырткары, лидер элден озгон же алар менен жуурулушкан абалда эмес, авангарттуу позицияда башкаруу жүргүзүп, массаны өз артынан ээрчитүүгө тийиш. Мындай иште лидердин саясий сапаттары зор мааниге ээ. Мисалы, 7-кылымдын аягында Борбордук Азияда ири саясий өзгөрүүлөр болуп өтөт да, коңшуларына коркунуч туудурган Экинчи түрк каганаты түзүлөт. Алсыз коңшулар ага баш иет, күчтүүлөрү биригүү үчүн жол издешет. Ажо Барс-бег башында турган күчтүү Кыргыз мамлекети түрктөргө каршы кыймылдын негизинде түзүлгөн.

Барс-бег өз мезгилинин чыгаан ишмери болгон. Өтө татаал тышкы саясий жагдайлардын шартында ал өзүнүн жеке сапаттарынын негизинде кубаттуу Кыргыз мамлекетинин күчтүү лидерине айланат. 7-кылымдын аягында Барс-бег өз элинин күчүн сезип, маанилүү саясий акт жасап, Ынанчу Алп Билге деген такты даражасы бар кагандык титулду кабыл алат. Түрктөрдүн каганы Капаган кыргыздардын коркунучун сезип, Енисейге жортуул жасайт. Барс-бегдин жеке лидерлик сапаттарынын негизинде касташкан душмандар тынчтык келишимин түзөт. Келишимдин шарты боюнча Капаган Барс-бегди каган деп таанып, ага өз карындашын аялдыкка берет. Бул келишим Барс-бег Ынанчу Алп Билге кагандын саясий сапаттарын айгинелеп, Кыргыз мамлекетинин абалын бекемдеген жана аны тарыхка алтын тамгалар менен жазып калууга мүмкүндүк берген. [9] Бекем принципсиз эффективдүү жетекчилик кылуу мүмкүн эмес. Компромисске, ал тургай айрым учурда акыйкатсыздыкка жеңил ойлуу мамиле жасаган "күн карама" саясий ишмер эреже катары өз пикирин коргоону билбейт же каалабайт, ал ийгиликке жетүүнүн жеңил жолдорун издейт жана нааданчылык менен алдамчылыкка да барат. Саясатчынын принципсиздиги – анын саясий аң-сезиминин төмөн деңгээлинин анык белгиси. Саясий жетилгендик, профессионалдык компетенттүүлүк жана уюштуруучулук жөндөмдүүлүктөрүнө караганда лидердин адеп-ахлактык, психологиялык структурасы абдан татаал болгондуктан, мындай сапаттар көп түрдүүлүгү менен айырмаланышат.

Адабияттар

1. Караңыз: Большой энциклопедический словарь. – М.: Научное издательство "Большая Российская энциклопедия"; - СПб.: Норинт, 1998.

2. Баласагын Ж. Куттуу билим. / Которгон Т. Козубеков. – М., 1993.

3. Большой энциклопедический словарь / Под ред. А. М. Прохорова. – М.: Научная издательство "Большая Российская энциклопедия"; СПб.: - "Норинт", 1998.

4. Ленин В.И. Полное собрание сочинений. – Т. 41. – С.192.

5. Теплов Б.М. Проблемы индивидуальных различий. – М., 1961.

6. Ленин В.И. Полное собрание сочинений. – Т. 20. – С.143.

7. Ленин В.И. Полное собрание сочинений. – Т. 44. – С.348.

8. Караңыз: История кыргызов и Кыргызстана. Учебник для вузов. – Бишкек, 1998; Введение в историю кыргызской государственности. Курс лекций для вузов. – Бишкек, 1994.

УДК: 37.013:821.512.154

Таирова К.
БГУнун окутуучусу

КЫРГЫЗ ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫ АРКЫЛУУ ЖОГОРКУ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН МЕКЕНЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИН МОДЕЛДЕШТИРҮҮ

МОДЕЛИРОВАНИЕ ПРОЦЕССА ПАТРИОТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ СТАРШЕКЛАССНИКОВ СРЕДСТВАМИ ПРОИЗВЕДЕНИЙ КИРГИЗСКИХ ПИСАТЕЛЕЙ

MODELING THE PROCESS OF PATRIOTIC EDUCATION OF PUPILS THROUGH THE WORKS OF KYRGYZ WRITERS

Аннотация: *Макалада мектеп окуучуларын адабий чыгармалар аркылуу мекенчилдикке тарбиялоону моделдештирүү маселелери каралган. Анын негизги компоненттери болгон критерийлер менен уюштуруу принциптерин айкындоого өзгөчө көңүл бөлүнгөн.*

Түйүндүү сөздөр: *мекенчилдикке тарбиялоо, көркөм адабият, окуучу, моделдештирүү, критерийлер, көрсөткүчтөр, принциптер.*

Аннотация: *В статье рассмотрены проблемы моделирования процесса патриотического воспитания учащихся средствами художественной литературы. При этом особое внимание уделено определению критериев и принципов патриотического воспитания в качество его основных компонентов.*

Ключевые слова: *патриотическое воспитание, художественная литература, учащийся, моделирование, критерии, показатели, принципы.*

Annotation: *The article deals with the problems of modeling the process of patriotic education of pupils by means of fiction. At the same time, special attention is paid to the definition of the criteria and principles of patriotic upbringing in the quality of its main components.*

Key words: *patriotic education, fiction, students, modeling, criteria, indicators, principles.*

Окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоодо чечүүчү роль окуу процессине айрыкча гуманитардык окуу предметтерине таандык экендиги көптөгөн А.Алимбеков, Б. Апышев, Н.А. Асипова, С.О. Байгазиев, М.Р. Балтабаев, И.Б. Бекбоев, Ж. Бешимов, А.Э. Измайлов, Н.И. Имаева, К. Иманалиев, С. Иптаров сыяктуу ж.б. окумуштуулардын эмгектерине эскертилип тастыкталган. Ошону менен бирдикте бүгүнкү окуу планында адам тарбиялоочу сабактардын орду өтө эле жупуну экендигин ачуу чындык катары моюнга алууга тура келет. Алсак, башталгыч класстардын окуу планы 7 тармактык сабактардан турат. Тилдик, математикалык сабактар окуу планындагы окуу жүктөрдүн 70%ын түзөт. Ал социалдык көндүмдөрдү, эстетикалык маданиятты түптөөгө бөлүнгөн 5 тармакка окуу жүктөрдүн 30%ы эле туура келет. Бул эл аралык стандарттарга карама-каршы келет. [1, 44]

Жогорку класстарда деле абал ушундай. Гуманитардык сабактардын окуу программаларынын мазмунун Кыргыз Республикасынын мекенчил атуулун тарбиялоо максатына ылайык анализдеп, өркүндөтүп чыгуу зарыл. Бул предметчилер менен тарбиялоо теориясы боюнча адистердин катышуусу, экспертизасы аркылуу ишке ашышы шарт. Ал эми окутуу системасындагы эң башкы каражат окуу китептеринин мазмуну. Мектептик окуу китеби түздөн-түз мектеп окуучусуна арналгандыгына карабастан, ал ошол эле мезгилде мугалим үчүн эмгек

куралы. Буга өз мезгилинде К.Д. Ушинский көңүл бөлүп, бүткүл окутуу процесси үчүн окуу китебинин ролун төмөндөгүдөй сөздөр менен мүнөздөгөн: «Жакшы окуу китеби жана таасирлүү метод болгондо ортозаар окутуучу жакшы болушу мүмкүн, ал эми тигиниси да, мунусу да болбосо мыкты окутуучу да ... узак мезгил бою, мүмкүн такыр эле туура жолго чыга албайт». [7, с. 48]

Биз мурдагы эмгектерибизде орто мектептин кыргыз адабияты сабактарынын мазмунунун балдарды мекенчилдикке тарбиялоо потенциалы тууралуу сөз кылып айрым кем өксүктөр орун алгандыгына карабастан аталган маселени ишке ашырууга баштапкы мүмкүнчүлүктөр бар экендигин белгилегенбиз. [4, 5] Мисал иретинде 9–11-класстардын окуу китептеринде Т.Сыдыкбековдун «Көк асаба» романындагы, Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу» повести менен Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романдарындагы эл-жерди коргоонун, сүйүүнүн жанаага кызмат кылуунун мыкты үлгүлөрү керектүү деңгээлде интерпретацияланганын байкоого болот.

Мындай интерпретациялоолор методикалык-педагогикалык адабияттарда да даана байкалат. Атап айтканда, профессор С.Байгазиевдин «Педагогикалык руханият» (Б., 2008), п.и.д. А.Муратовдун «Көркөм чыгарма жана анын ички сырлары» (Б., 2009), «Кыргыз адабияты сабагында көркөм тексттин маңызын ачуу». (Б., 2009) ж.б. методикалык эмгектеринде кыйла деңгээлде кеп болгон.

Жогорудагы окумуштуулардын интерпретацияларына кошулуу менен биз да окуучулардын патриоттук сезимдерин ойготууда жана өз Мекенин сүйүүгө тарбиялоодо мектептеги адабият курсу үчүн тандалып алынган чыгармалардын мааниси чоң экендигин белгилейбиз. Ошону менен бирдикте адабий көркөм чыгарма кандай гана күчтүү тааным-дык жана тарбиялык дараметке ээ болбосун атайын уюштурулган таалим-тарбия мейкиндиксиз өзүнөн өзү тарбиялык таасир көрсөтө албайт. Кезегинде бул окуучуларды кыргыз жазуучуларынын чыгармалары аркылуу тарбиялоо процессин моделдештирүү зарылдыгын жаратат.

Аталган максатты ишке ашыруунун моделин иштеп чыгууда төмөнкүдөй жоболорго таяндык:

– тарбиялоо процесси окуу процесси сыяктуу эле бүтүн педагогикалык процесстин негизги компоненти;

– тарбиялоо инсандын өнүгүүсүн камсыз кылган шарттарды түзүү, инсандын калыптанышы, дөөлөттөр дүйнөсүндө өзүн-өзү аныктоосуна багытталган педагог менен тарбияланууучунун алака катышта аракеттенүү процесси;

– билим берүү программалары олуттуу тарбиялык потенциалга ээ; анын мүмкүнчүлүктөрүн жүзөгө ашыруу атайын уюштурулган тарбиялык чөйрөнү (иш формаларын, методдорун конструкциялоо) жаратуудан көз каранды.

Ошентип тарбия процесси тарбиялоонун максаты, багыты, мазмуну, тарбиялоо процессин уюштуруунун каражаттары жана усулдары, натыйжаларды өлчөө жана баалоо критерийлери сыяктуу компоненттер системасынан турат

Изилдөөнүн түйүндүү түшүнүктөрүнө, аталган процесстин табияты тууралуу педагогика илим фонундагы изилдөөлөргө жана ошондой эле өзүбүздүн эмпирикалык изилдөөлөрүбүздүн маалыматтарына таянуу менен «Кыргыз жазуучуларынын чыгармалары аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо» деген түйүндүү түшүнүктү төмөнкүчө айкындап, тактоого мүмкүнчүлүк берди.

"Кыргыз жазуучуларынын чыгармалары аркылуу мекенчилдикке тарбиялоо" дегенде биз жазуучулардын чыгармаларындагы мазмундагы нравалык- этикалык, эстетикалык дөөлөттөрдү өздөштүрүү аркылуу балдарда эл жерди коргоо, эне тил, элдик ырасым-салттарды өнүктүрүүгө моралдык–психологиялык жактан жеткилең инсандык касиеттерди тарбиялоого багытталган максаттуу, үзгүлтүксүз, ыраатту уюштурулган педагогикалык процессти түшүнөбүз.

Кыргыз жазуучуларынын чыгармалары аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоону моделдештирүүнүн маанилүү багыттарынын бири анын *критерийлерин* көрсөткүчтөрүн илимий жактан негиздеп иштеп чыгуу жана практикада колдонуу.

Критерий бул норма, чен-өлчөм. Түпкүлүгүндө изилденүүчү кубулуштун процесстин эң жогорку өнүккөн деңгээлинин үлгүсү, эталону катары кызмат кылат. Бирок, мындай функцияны аткарыш үчүн критерий көп кырдуу компоненттерден өлчөө, баалоо үчүн ийкемдүү көрсөткүчтөрдөн турушу шарт.

Окуучуларды көркөм адабий чыгармалар аркылуу патриоттуулукка тарбиялоо, патриоттук аң-сезим жана патриоттук ишмердүүлүктүн биримдиги жөнүндөгү педагогикалык принципке негизделет.

Балдардын адабий чыгармалардын идеяларынын жана идеалдарынын үлгүсүндө тарбияланган-дыгын мүнөздөөчү көп кырдуу көрсөткүчтөрдүн баары дал ушул принципке интеграцияланат.

Окуучулардын адабий чыгармалар аркылуу патриоттуулукка тарбияланган-дыгынын критерийлери, деңгээлдери

Деңгээлдер	Критерийлер	Критерийлердин көрсөткүчтөрү
Төмөн	керектөө	Көркөм адабиятты руханий тарбия маданиятындагы уникалдуу дөөлөт катары кабылдоо сезиминин жетилбегендиги. Ата–мекендин тарыхый маданий салттарына кызыкпагандык.
	билим	Адабий чыгармалардагы Ата Мекен, атуулдук парыз, улуу муундардын өрнөктөрү жөнүндөгү билимдеринин тайыздыгы.
	жүрүм -турум	Мекен үчүн жалпы иштерге пассивдүү катышуу, ата–бабалардын мекенчилдик салттарын өз жүрүм турумунда өнүктүрө албагандык.

Орто	керектөө	Адабий чыгармаларды айрыкча фольклордук жанрдагы чыгармаларды улуттук руханий тарбия маданиятындагы уникалдуу дөөлөт катары кабылдоо сезими байкалат, Ата Мекендин тарыхый маданий салттарына кызыгуусу бар, бирок алар туруктуу эмес.
	билим	Адабий чыгармалардагы Ата Мекен, атуулдук парыз, улуу муундардын өрнөктөрү жөнүндөгү билимдерди билет, бирок алардын азыркы турмуш менен байланышын жеткилең билбейт.
	жүрүм -турум	Мекен үчүн жалпы иштерге катышат, бирок туруктуу мүнөзгө ээ эмес, ата-бабалардын мекенчилдик салттарын өз жүрүм турумунда толук өнүктүрө алган эмес. Көпчүлүктүн көзүнчө гана сактоого аракет кылуу .
Жогору	керектөө	Ата Мекендин тарыхый маданий салттарына кызыгуусу жогору жана туруктуу.
	билим	Адабий чыгармалардагы Ата Мекен, атуулдук парыз, улуу муундардын өрнөктөрү жөнүндөгү билимдери программанын чектеринен алда канча жогору.
	жүрүм -турум	Мекен үчүн жалпы иштерде демилгелүү. Ата-бабалардын мекенчилдик салттарын өз жүрүм турумунда толук өнүктүрө алган. Атуулдук иш-аракеттери дайыма башкалар үчүн өрнөк.

Адабий чыгармалардын идеяларынын жана идеалдарынын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун критерийлерине жана көп кырдуу көрсөткүчтөрүнө негизденип анын мазмунун төмөнкүдөй компоненттерге бөлүп кароого болот.

Когнитивдик (таанымдык) компонент окуучулардын патриотизм жөнүндөгү этномаданиятка адабий чыгармалардын идея жана идеалдарына негизделген түшүнүктөрүн, билимдерин өнүгүш деңгээлин мүнөздөйт. Адабий чыгармалардын мекенчилдикке байланыштуу түшүнүктөрдү калыптоодо андагы ички байланышты, уланмалуулукту бекем сактоо зарыл. Антпесе бирдиктүү адептик аң-сезимди тарбиялоо жолу бузулат. Айрым сөздөрдүн, түшүнүктөрдүн, туюнтмалардын маани-маңызы улам класс жогорулаган сайын тереңдеп, алардын жаңы кырлары, маанилери ачылып жүрүп олтурушу керек. Окуучулар адабий чыгармалардагы мекен, эл жер алдындагы парыз түшүнүктөрүнүн ортосундагы маанилик айырмаларын жана байланыштарын ачык так билиши абзел. Аң-сезим, парасат менен өздөштүрүлгөн адептик түшүнүктөр гана мекенчилдик аң-сезимди жаратат. Бирок, С.В. Яковлев: «жүрүм-турум (социалдык, маданий, адептик) нормаларын билүү чыныгы жашоодо окуучулардын бул нормаларды сактоосун камсыздабайт», – деп адилет белгилейт [9, 26].

Көз караштык дөөлөттүк компонент – окуучулардын патриоттук түшүнүктөргө карата көз караштарын, ишенимдерин, ынанымдарын мүнөздөйт. Адептик ынанымдар – адептик нормаларга жана принциптерге карата бекем, туруктуу көз караш. Алардын акыйкаттыгына, тууралыгына окуучу өз аңсезиминде терең, шексиз ишенет. Ошондуктан, адептик ынанымдар адамды жүрүм-турумдун кандайдыр бир нормасына салып, активдүү аракетке, кадам жасоого, жигердүү ишке шыктантып турат. Алар адамдын коомдук жүрүм-турумунун өзөгүн түзүү менен аны аныктап да турат. Адептик ынанымдар саясий, идеологиялык, илимий ынанымдар менен байланыштуу. Жетик, терең ынанымдар туруктуу, бекем көз караштардын бирдиктүү системасын түзүү менен адамдын дүйнөгө болгон көз карашын аныктайт.

Жүрүм турумдук компонент- инсандын реалдуу патриоттук аракетери жорук жосундары аркылуу ачыкталат. Жүрүм турумдук компонент – мекенчилдик мүнөздөгү таанып-билүү, практикалык жана чыгармачылык билимдин калыптануусуна, эрк сапатынын өнүгүүсүнө багытталган адамдардын ишаракетинин түрлөрүн жана ыкмаларын камтыйт. Ал муундар аралык руханий-ыймандык жана маданий-тарыхый уланмалуулукту бекемдөөгө, ата-мекен тарыхы, эне –тил, элдик салттарды сактоого изгилик жана күйүмдүүлүк; улуттук ыйык дөөлөттөрдү жана символдорду сыйлоо, коомго жана мамлекетке жан аябай татыктуу кызмат кылууга чын ыкластуу ишаракет; адабий чыгармалардын мазмунунда орун алган даанышман осуят насыяттарды, инсандык өрнөктөрдү окуп үйрөнүп өздөштүрүүгө карата жигердүү аракет; ата мекенди, эне тилди, ата-баба салттарын коргоо, өнүктүрүү үчүн зарыл болгон билгичтик, көндүм жана тажрыйбалардын калыптангандыгы; ата журттун гүлдөп өнүгүүсү, мекендештеринин бейпил жыргал турмушу үчүн патриоттук иш аракеттердин субъекти катары социалдык активдүүлүгү сыяктуу сапаттар менен өлчөнөт. Аталган мазмундук компоненттердин ички мазмуну төмөнкүдөй критерийлердин жана көрсөткүчтөрдүн негизинде ачыкталат.

Кыргыз жазуучуларынын чыгармалары аркылуу мекенчилдикке тарбиялоонун мазмундук структурасын, критериалдык көрсөткүчтөрүн анализдеп келип төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот:

- бардык компоненттер жана көрсөткүчтөр бири бири менен өз ара тыгыз катышта аларды бири биринен ажыратып кароого болбойт алар тутумдаш турганда кайтарымдуу;

- таалим-тарбиянын мазмунун өркүндөтүү талабы курч коюлуп турган чакта аны мүнөздөөчү критериалдык көрсөткүчтөрдүн көлөмү да көп кырдуу аспектте кеңейе бериши мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Адабият сабагынынын алкагында жана жалпы эле педагогикалык процессте окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоо процессин төмөнкүдөй принциптердин негизинде уюштуруу максатка ылайык.

1. Адабий чыгармалардын мазмунундагы жалпы адамзаттык жана улуттук патриоттук идеяларды жана өрнөктөрдү өз ара байланышта жектекчиликке алуу.

2. Мекенчилдикке тарбиялоо ишин бүгүнкү коом турумушунун практикасы, бала жашаган социумдун өзгөчөлүктөрүнө шайкеш уюштуруу.

3. Балдардын куралтык жеке психологиялык өзгөчөлүктөрүн сөзсүз эсепке алуу.

4. Адабий чыгармалардын патриоттук дөөлөттөрүн өздөштүрүүдөгү аң сезимдүүлүк жана активдүүлүк принциби. Педагогикалык процессте патриоттуулукка тарбиялоодо жагымдуу эмоционалдык жагдай түзүүгө, окуучулардын чын-ыкластуу активдүүлүгүн артырууга өбөлгө болгон методдорго артыкча маани берүү.

Албетте, мындай принциптерди жетекчиликке алуу адабий чыгармалардын окутуунун максат мазмунунун, усул ыкмаларын олуттуу коррекциялоо талабын жаратат. Экинчиден, адабият мугалиминин окуучуларды адабий чыгармалар аркылуу тарбиялоо жаатындагы теориялык жана практикалык даярдыгын олуттуу өркүндөтүүнү талап этет. Ал көркөм сөздөгү айтылган эмоционалдык-образдын маани маңызын ачуучу методдор менен ыкмаларды терең өздөштүргөн жана өзү да мекенчилдиктин асыл үлгүсү болушу абзел.

Адабияттар

1. Алимбеков А. Тарбиянын максатын айкындоонун тарыхый негиздери жана азыркы проблемалары.//Окутуу тарбиялоонун орчундуу көйгөйлөрү. -Жалал-Абад. -2012.-44-48 б.б

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү тереңдетүү жана атуулдук мекенчилдикти калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндөгү» указы. // Кут Билим, 2012, 27-январь

3. Никольский, В.А. Методика преподавания литературы в средней школе [Текст] / В.А. Никольский. – М., 1971.

4. Таирова К. «Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жашмуундарды мекенчилдикке тарбиялоо мотивдери.» И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин Жарчысы. Чыгарылышы: 1 (2017), 2-бөлүк, -130 б.

5. Таирова К. «Мектептин адабият окуу китептериндеги фольклордук чыгармалардын мекенчилдикке тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрү». // Наука, Новые Технологии и Инновации Кыргызстана. №9, 2017, 191-б.

6. Тешебаев М. «Кыргыз адабиятын интеграциялап окутуунун илимий-методикалык негиздери (5-7-класстар). Автореф. пед.илим.канд. окум. даража. үчүн жазылган диссер. / М. Тешебаев. – Б., 2010. – 15-б.

7. Ушинский К.Д. О народности в общественном воспитании /Собрание соч. Т.2. М., Л., 1998, с.161

8. Шилова, М.И. Учителю о воспитанности школьников. – М.: Педагогика, 1990. – 144 с..

9. Яковлев С.В. Воспитание ценностных оснований личности в условиях культурной среды, организованной педагогом // Педагогическое образование и наука. - 2006. - N 4. - С. . 25-27 .

УДК 81

Малдыбаева М.Б., *преподаватель*
Кыргызско-Турецкий университет «Манас»
E-mail: 1213_marianna@list.ru

ГРАММАТИЧЕСКАЯ ИНТЕРФЕРЕНЦИЯ В РУССКОЙ РЕЧИ ТЮРКОЯЗЫЧНЫХ УЧАЩИХСЯ

ТҮРК ТИЛДҮҮ СТУДЕНТТЕРДИН ОРУС ТИЛИНДЕГИ ГРАММАТИКАЛЫК ИНТЕРФЕРЕНЦИЯСЫ

GRAMMATICAL INTERFERENCE IN RUSSIAN SPEECH OF TURKIC-LANGUAGE STUDENTS

Аннотация: *Данная статья рассматривает причины возникновения грамматических ошибок и пути их преодоления в связи с категорией рода в атрибутивных и предикативных словосочетаниях в русской речи тюркоязычных учащихся на начальном этапе обучения.*

Ключевые слова: *интерференция, акцент, грамматическая категория рода, языковые ошибки.*

Аннотация: *Бул макала башталгыч денгээлдеги Түрк тилдүү окуучуларынын орус тилинде сүйлөвдө, аныктоочтук жана предикативдик сөз айкаштарындагы гендердик категория боюнча кетирген каталарынын келип чыгуу себептерин жана алардын пайда болушун изилдейт.*

Түйүндүү сөздөр: *интерференция, акцент, грамматикалык гендердик категория, тил каталары.*

Abstract: *This article examines the causes of grammatical errors and ways to overcome them in connection with the category of gender in attributive and predicative phrases in the Russian speech of Turkic language students at the initial stage of education.*

Key words: *interference, accent, grammatical gender category, language errors.*

В нашей стране русский язык, язык межнационального общения и науки, не перестаёт вызывать интерес среди молодого поколения, особенно приезжающих учиться в город из окраин страны. Мотивация изучения русского языка растёт и среди учащихся из Турции – страны туризма и бизнеса. Но уже на первых этапах обучения тюркоязычные учащиеся сталкиваются с новой для них, не свойственной родному языку, грамматикой русского языка – категорией рода, и в русской речи тюркоязычных учащихся начинают возникать интерферентные языковые ошибки.

Термин «интерференция» возник в физике, изучающей увеличение или уменьшение волн при их наложении друг на друга [6]. В языкознании тоже существует такое наложение одних свойств языка на другой. В лингвистическом понимании результатом интерференции являются нарушения в русской речи иностранцев ошибки, которые возникают при подчинении чужой системы законам своего родного языка. А результатом таких ошибок является акцент, охватывающий все уровни функционирования языка [5]. Под акцентом здесь понимается совокупность особенностей или ошибок в речи человека, говорящего на неродном языке, которые обусловлены влиянием системы его родного языка. Исследователями этой проблемы были выделены графическая, фонетическая, лексическая, грамматическая, синтаксическая, словообразовательная, культурологическая интерференции.

Данная статья посвящена грамматической интерференции, ошибкам, которые возникают у тюркоязычных учащихся в русской речи уже на начальном этапе обучения. На элементарном уровне, знакомясь с основой русской грамматики, делением существительных по родам, носители тюркских языков допускают ряд ошибок в согласовании местоимений и прилагательных с существительными, таких как: *мой дом, мой ручка, мой машина.* Так, например, в турец-

ком языке эти выражения представлены следующим образом: притяжательное местоимение ben-im – *мой* не меняет своей формы при согласовании с существительными: *ben-im ev-im, ben-im kalem-im, ben-im araba-m.* Местоимения в третьем лице: он, она, оно не имеет также делений ни по родовому признаку, ни по признаку одушевленности-неодушевленности, представлено в турецком языке местоимением – *о. Это Иван. Он студент. – Bu Ivan. O bir öğrenci. Это Анна. Она студентка. – Bu Anna. O bir öğrenci.* Неразличение рода, отнесение всех слов к мужскому роду – это типичные и распространенные ошибки, так как категория рода в родном языке учащихся не представлена. В русском языке категория рода присуща всем существительным, является синтаксически независимой – род имени существительного определяет родовую форму согласуемых слов[4]: *красивый дом, красивая комната, красивое окно*. В речи тюркоязычных студентов можем встретить типичные ошибки: *Это красивый дом. Это красивый подруга Алина.* Например, в турецком языке слово *guzel – красивый* не меняет своей формы: *Bu guzel ev. Bu benim güzel kız arkadaşım Alina.* Существительные разных родов различаются парадигмой склонения: *друг – друга – другу* и т.д. *подруга – подруги – подругу* и т.д. В русском языке у существительных неодушевлённых род является чисто формальным, у одушевленных – не только формальный, но и знаменательный («естественный род»), так как связан с различением названий лиц и животных мужского и женского пола. Но для того чтобы понять это грамматическое явление для тюркоязычных учащихся недостаточно семантических показателей, *например: папа, мама, брат, сестра, сын, дочь,* потому как деление существительных по родам не всегда имеет отношение к логической классификации предметов окружающего мира. Поэтому в процессе обучения тюркоязычным учащимся стоит обращать внимание больше на форму слова, чем на его значение при конструировании словосочетаний и предложений. Категория рода отчётливо обнаруживается только в форме единственного числа. Так на начальных этапах обучения тюркоязычным учащимся нужно дать понять, что в русском языке деление существительных по родам свойственно не только одушевленным существительным, но и неодушевленным. Следует наиболее наглядно представить это разделения по родам в форме единственного числа, где будут выделены формальные показатели родов, с подбором наиболее частотных исключений. Так, к мужскому роду относятся существительные, имеющие в именительном падеже единственного числа нулевую флексию после твердого согласного основы: *дом, стол, телефон.* К женскому роду относятся существительные, имеющие в именительном падеже единственного числа окончания –а (-я): *книга, сумка, ручка.* К среднему роду – относятся существительные, имеющие в именительном падеже единственного числа окончание –о (е): *окно, молоко, море.* Максимальные сложности у тюркоязычных учащихся возникают при определении рода существительных с окончанием на –ь. В них отсутствует формальный показатель рода в именительном падеже единственного числа. Поэтому можно столкнуться с ошибками типа: *у меня новый тетрадь, это большой площадь.* В затруднительных случаях учащиеся чаще выбирают форму мужского рода существительных и зависимых слов. Поэтому преподавателю русского языка необходимо выявить признаки, которые помогали бы тюркоязычным учащимся определить род существительных на -ь по форме именительного падежа единственного числа. Большую помощь в этом может оказать классификация существительных на -ь, сгруппированных по семантическим, словообразовательным и другим признакам. Наряду с этим очень важной оказывается количественная дифференциация существительных по конечным буквенным сочетаниям, служащих существенным внешним ориентиром при определении рода. Например, в русском языке *на -арь, -тель* чаще оканчиваются слова мужского рода: *словарь, календарь, фонарь, учитель, читатель;* слова на *-бь, -вь, -ость*, женского рода: *любовь, кровь, бровь, старость, молодость.* Выявление дифференционных признаков, обуславливающих принадлежность существительных к определенному родовому классу, может служить лингвистической основой при разработке методических приёмов преподавания грамматической категории рода и содействовать устранению интерферентных явлений в русской речи тюркоязычных учащихся[1]. При согласовании существительных и прилагательных во множественном числе студенты также переносят специфику родного языка и возникают ошибки типа: *старый машины, большой города, иностранный студенты и т.п.* Отсутствие парадигмы рода в родном языке замечаем при сочетании существительных с глаголами прошедшего времени: *Студентка читал текст. Вчера был собрание,* или вовсе отсутствие показателя прошедшем времени. *Вчера собрание.* Так как в родном языке показатель времени присоединяется к основе слова *собрание - toplantı: Dun toplantı-y-dı*, что свойственно агглютинативным языкам.

Словоизменительная грамматическая категория падежа частей речи в русском языке, которая выполняет синтаксическую или семантическую роль в предложении тоже вызывает трудности у тюркоязычных учащихся при связи слов для передачи сообщения с помощью форм. Несмотря на то, что категория падежа свойственна языкам и агглютинативного строя, у тюркоязычных учащихся возникают ошибки с использованием нужной флексии, поэтому замечаем конструкции со смешением падежных окончаний мужского рода с существительными женского рода: *Я подарил моего подруга интересный книга. Я родился в маленьком деревня. Я думал мой близкий друг,* или *я думал моего близкого друга* вместо *я думал о моём близком друге.* Это объясняется многообразием падежных окончаний в русском языке[3], а также значительным расхождением в падежных системах. Так, например, вместо винительного падежа при глаголе *спросить кого?: спросил друга*, *подругу* турецкие учащиеся используют дательный падеж: *спросил другу, подруге,* происходит замена, так как в родном языке после глагола *спросить* используют дательный падеж – *soru veriyorum kime?*, как в с русском – *задавать – задать вопрос кому?*

Поэтому при работе с тюркоязычными учащимися преподавателю необходимо обращать больше внимания на выполнение специальной системы упражнений, которые будут направлены на выработку навыков пра-

вильного определения рода, усвоение способов выражения определительных отношений и закрепление навыков правильного согласования главных членов предложения. Если не провести работу с подборкой упражнений по правильному определению рода с первых этапов обучения, то у тюркоязычных учащихся будут возникать вопросы и при дальнейшей работе уже с более сложной грамматикой, где не обойтись без знаний и правил парадигмы рода. Это позволит снизить или предотвратить ошибки, которые могут возникнуть в русской речи тюркоязычных учащихся, учитывая при этом особенности родного языка.

При анализе ошибок, которые мы можем исследовать на всех уровнях языка, мы сможем преодолеть эти потенциальные ошибки, устранить проблему акцента в русской речи тюркоязычных учащихся.

Литература

1. Алтынбекова О.Б. Категория рода русского языка как потенциальная область интерференции [Электронный ресурс] // http://dosvie.yandex.ru

2. Говорим по-русски. Начальный курс. Учебник русского языка как иностранного. – Б., 2016.-261с.

3. Джахонтова З.Х., Горбулинская Е.И. Межъязыковая интерференция в русской речи турецких студентов. [Электронный ресурс] // http://scjournal.ru/articles/issn_1997-2911_2016_2-1_56.pdf

4. Розенталь Д.Э. Современный русский язык. – 15-е изд. – М.:АЙРИС –пресс, 2017.-448с.

5. Рогозная Н. Н. Типология лингвистической интерференции в русской речи иностранцев. На материале разноструктурных языков. [Электронный ресурс] www.dissercat.com

6. Википедия. [Электронный ресурс] http://ru.m.wikipedia.org

УДК 811.512.154

Абдиев Т.К.
Кыргызско-турецкий университет "Манас",
кандидат филол. наук, доцент
taalaykambar@gmail.com

ДОРЕВОЛЮЦИОННЫЕ РУСИЗМЫ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ РЕВОЛЮЦИЯГА ЧЕЙИНКИ РУСИЗМДЕР

PRE-REVOLUTIONARY RUSSISMS (RUSSIAN LOANWORDS) IN KYRGYZ LANGUAGE

Аннотация: *В данной статье речь идет о русизмах, вошедших в кыргызский язык до Октябрской революции. Поскольку они были позаимствованы устно, они подвергались фонетическим и семантическим изменениям.*

Ключевые слова: *русизмы, кыргызский язык, фонетические и семантические сдвиги.*

Аннотация: *Макалада кыргыз тилине Октябрь революциясына чейин кирген русизмдер жөнүндө сөз болот. Алар оозеки кабыл алынгандыктан, фонетикалык жана семантикалык өзгөрүүлөргө дуушар болгон.*

Түйүндүү сөздөр*: русизмдер, кыргыз тили, фонетикалык жана семантикалык өзгөрүүлөр.*

Annotation: *This report presents the Russian loanwords whichentered Kyrgyz language before October Revolution. As they were borrowed orally, they were subjected to phonetic and semantic changes.*

Keywords: *Russian loanwords, Kyrgyz language, phonetic and semantic changes.*

Роль русского языка в развитии кыргызского литературного языка огромна. Достаточно сказать, в известном «Киргизско-русском словаре» К.К. Юдахина (1965) русизмы составляют 10,5% всего лексического состава (*Дыйканов, 1980:44*). Следует сказать, что под термином русизм подразумевается также лексика из европейских языков, поскольку они позаимствованы через русский язык в соответствии с его нормами.

В данной статье речь идет о русизмах, вошедших в кыргызский язык до Октябрьской революции. По своей тематике они довольно разнородны, их можно разделить условно на следующие группы:

Административная лексика: *болуш* (волость и волостной), *үйөз* (уезд), *басөлкө* (поселка), *бротокол* (протокол), *ыштырап* (штраф), *күүнадыр* (губернатор), *бесир* (писарь), *ыстарчын* (старщина), *болитсей* (полицей), *бирыстан* (пристан), *жандармей* (жандармерия), *биригобор* (приговор), *начандик* (начальник), *сот* (судья), *сыяз* (съезд) и т.д.

Лексика, связанная с экономикой и торговлей: *жарманке* (ярмарка), *сөлкөбай* (целковый), *чербен* (червонец), *көпөс* (купец), *бурасант* (процент) и т.д.

Лексика, связянная с культурой и образованием: *бочто* (почта), *дилгирем* (телеграмма), *белчир* (фельдшер), *ышкол* (школа), *кезит* (газета), *арген* (орган) и т.д.

Названия промышленных товаров: *атилес* (атлас), *болотнай* (полотно), *момозуй* (бумазия), *колустенке* (холстинка), *сукно* (сукно), *сатин* (сатин), *ширеңке* (серники), *тырайке* (трико), *баркыт* (бархат) и т.д.

Бытовая лексика: *намеркен* (американский), *көлөш* (галош), *желетке* (жилетка), *кемсел* (камзол), *шапке* (шапка), *батыныс* (поднос), *самоор* (самовар), *чайнек* (чайник), *бөтөлкө* (бутылка), *адыял* (одеяло), *керебет* (кровать), *үстөл* (стол), *панар* (фонарь), *мүшөк* (мешок), *ылампа* (лампа), *меш* (печь), *бөлкө* (булка), *момпосуй* (монпасъе), *картөшкө* (картошка) и т.д.

Лексика, связанная с хозяйством: *соко* (соха), *божу* (вожжи), *каамыт* (хомут), *дого* (дуга), *бороз* (борозда), *саржан* (саженъ), *учаске* (участка), *бут* (пуд), *агорот* (огород) и т.д.

Как видно из примеров, почти все заимствованные слова подвергались фонетическим изменениям, поскольку они были позаимствованы устно.

Фонологическое сито языка работало безотказно и через каких то четверть века их уже невозможно была узнать. Даже в советское время, когда русификация шла полным ходом, было принято следующий

пункт орфографии киргизского языка: «**§ 75.** Допускается написание заимствованных из русского языка или через него слов в соответствии с особенностями фонетики кыргызского языка: **белет** (билет), **ашмүшкө** (осьмушка), **бардеңке** (берданка, винтовка), **ирет** (ряд), **көзүр (козырь), саржан** (сажень), **мүштөк** (мундштук), **момпосуй** (монпасье), **тамеки (**табак**), чыт** (ситец), **чиркөө** (церковь), **сот** (суд)… и т.д.». [4]

Что касается семантики, в основном она сохранилась, но и здесь наблюдаются случаи, когда заимствованные слова приобрели дополнительные оттенки. Иногда дело дошло до того, что слово означало совсем не то, что подразумевалось. Например, слово *арген* – фонетически измененная форма *орган* (музыкальный инструмент), которая, как известно, в свое время позаимствована русскими из древнегреческого. Но данное слово, как отмечает К.К. Юдахин, означает не орган, а шарманку, поскольку так русские в Средней Азии называли шарманку. А в кыргызском означает приятный, главным образом женский голос, то есть, голос сравнивается со звуками шарманки: айткан сөзүң аргендей (фольклор) твои слова мелодичны; шаңк этип күлүп койгонуң, аргендин асыл үнү эле (фольклор) бывало, когда (она) звонко засмеётся, (смех её) был подобен благородным звукам шарманки. [1, 66]

После присоединения к России граница с Китаем естественно оказалась под контролем российских пограничных служб. В те времена опиумная торговля с Китаем была очень выгодной, поэтому и появились первые контрабандисты. Поскольку они отказались подчиняться закону, из называли аткезчи «отказавшийся». Таким образом, русское слово отказ приобрело доселе неизвестное новое значение: *аткез*контрабанда; что-либо запрещенное; *аткез мал* запрещенный товар, контрабандный товар. Появились и производные слова: *аткезчи* контрабандист; түн жамынып, кыр ашып бараткан аткезчи эмесмин - я не контрабандист, который под покровом ночи переезжает хребет; *аткезчилик* занятие контрабандой; өзү апийим сатып, аткезчилик да кылган он и контрабандой занимался, продавая опиум. [1, 79] В настоящее время данные слова употребляются в большинстве случаев в качестве архаизма.

Слово *пьяный* превратился в *пиян* и с добавлением суффикса *–кеч* иранского происхождения появился *пиянкеч* «пьяница»: пиянкеч болуп кетти он спился. По сведению К. Юдахина, воскресные базары стали называться *пиян базар*, из-за того что там было много пьяных. [1, 610] Хотя К. Юдахин отметил *пиян базар* как историзм, такие базары существуют и по ныне (например, в г. Ош).

А слово *ирет* (от русского ряд) в современном кыргызском языке имеет следующие значения: 1. ряд, порядок; ирети менен в порядке; по порядку; *перен.* толково, дельно; ирети жок сөз бестолковая, путаная речь; 2. черёд, очередь; ирет бүттү *перен. разг.* с плеч долой, я своё отбарабанил (а как – не имеет значение); 3. удобный момент, удобный случай ирети келгенде при (удобном случае); 4. раз; эки ирет два раза. [1, 303]

У русизма *чыштай* (от русского чистый) появились новые дополнительные значения: 1. чистоганом, наличными; сполна; акчаны чыштай эле санап бердим деньги я отсчитал (отдал) чистоганом, наличными, полностью; 2. (об одежде) чисто, аккуратно, с иголочки; 3. начисто, дотла. [1, 893] Появился даже фраеологизм: *чыштай кийинүү* одеваться с иголочки. [7, 489]

Слово *завод* в форме *зоот* неожиданно приобрел в кыргызском языке новое значение «породистый, чистокровный». Дело в том, что чистокровные жеребцы, привезенные из конезаводов сразу понравились кыргызам и они стали называть их «зоот айгыр», «зоот жылкы», подчеркивая их чистокровность. Позже зоот стали применять и породистым коровам.

Сегодня некоторые русизмы встречаются только в отдельных говорах в качестве диалектизма. Например, в Иссык-Кульском говоре большая чаша называется *бадыбот*. Данное слово происходит от русского подвода. До революции извозчики обычно пили бозо или другие напитки продавцов по дороге из таких больших чаш. И стали они называться *бадыбот аяк, бадыбот кесе,* но со временем стали говорить только *бадыбот*. Таким образом, бадыбот сегодня обозначает и подводу и большую чашу. В данном говоре также встречается слово *болотнай* от русского *полотно*. [3, 243]

В южном диалекте киргизского языка до сих употребляется *памил чай* «черный чай». В некоторых говорах северного диалекта встречается в форме *мамили чай*. Данное слово происходит от русского *фамильный чай*. Так назывался черный чай, которого поставляли русские купцы в XIX веке из Китая. Обычно в упаковке указывали фамилию производителя или название компании, как бы гарантируя качество товара.

Хотя в современном русском языке слово *серники* сейчас не употребляется, оно есть в кыргызском языке в виде *ширеңке*. Следует отметить, иранизм *күкүрт* «сера» позаимствован кыргызами давно, на что указывают языковые материалы: «күкүрт ир. 1. горючая сера; моңолдорду кыйнаса, коломтодон күкүрт чыгарат (или табат) погов. если (киргиза рода) моңолдор поприжать, так он в коломто горючую серу изобретёт (или найдёт); 2. спички; күкүрттөй күчө стать крепким (напр. о бузе); күкүрттөй түтөп турган жигит парень энергичный и здоровый». [1, 462] Тем не менее, данное слово сейчас используется только в южном диалекте. А русизм *ширеңке*, означающий «спички» входит в активный пласт киргизской лексики.

Точно также русизм көлөч//көлөш (от русского галоши, который в свои очередь были заимствованы русскими из немецкого) какое-то время параллельно употреблялся с иранизмом кепич «кожаные галоши». Но сегодня слово *кепич* почти не встречается, поскольку сейчас кыргызы носят только резиновые галоши.

Отдельные прилагательные хотя потеряли свой облик, сохранили свою функцию. Например, слово *амыркен//намыркен* является видоизмененной формой русского прилагательного американский. Так назывался лакированная дорогая кожа, привезенная первоначально из Америки. *Амыркен* обычно употребляется вместе *өтүк*: *амыркен өтүк* «лакированные сапоги». Поскольку в кыргызском языке *амыркен* звучит неприлично, появилась в качестве эвфемизма форма *намыркен*. Такие случаи наблюдаются в таких словах как *котоз* > *топоз, амыра* > *мамыра* и т.д.

А слово *агылес* происходит от старой формы прилагательного английский – аглицкий и означает в языке иссык-кульских и кашгарских киргизов «острый»: агылес орок «острый серп». [1, 21; 3, 77]

Русизм *точь-в-точь* превратился в *точмо-точ*, однако тут есть и элемент иранских языков, то есть, *мо* является иранизмом. Для того чтобы понять это, рассмотрим иранизм *ру бе ру* > *оропара* «лицом к лицу». Поскольку таджикстанские киргизы живут вместе с таджиками, они говорят ближе к оригиналу: *рупару*. [8, 117] Данная модель встречается в ряде таких словосочетаний как бетме-бет < бет бе бет «лицом к лицу», сөзмө-сөз<сөз бе сөз «слово в слово», оозмо-ооз< ооз бе ооз «рот в рот» и т.д. К.Юдахин, тонко чувствующий язык, точно отметил данное явление: точмо-точ р.-ир.-р. точь-в-точь. [1, 755]

Как выше сказано, под термином русизм подразумевается также лексика из европейских языков,поскольку они позаимствованы через русский язык в соответствии с его нормами. Иногда они тоже приобретали дополнительные семантические оттенки. Слово *борум* (от латынского forma) в современном киргизском кроме исконного имеет также следующие значения: 1. форма, внешний вид; боруму түз боз бала, боздотпочу, садага (*фольк*.) стройный паренёк, не заставляй (меня) рыдать (о тебе) милый; азыркы турган борумуң, алманын кызыл гүлүндөй*стих*. в этом своем виде ты подобна розовому ветку яблони; 2. красота, изящество; щегольство; борумуңду көргөндө, бозодой ичим кайнады (фольк.) при виде твоей красоты нутро моё взволновалось, как буза (во время брожения); мурунуң борум мистедей нос твой изящен, как фисташка. [1, 148]

Иногда такие слова фонетически изменились до неузнаваемости. Так, французское слово *портмоне* в киргизском оказался в форме *гертман*. [1, 177] А в южном диалекте говорят вообще *картман*. А италянское слово трикот, которое русские говорили трико, в киргизском стал *тырайке* и означает «бумажная ткань для верхней одежды». [1, 793] Латынское слово quartārius «квартарий, четверть», которое по мнению этимологов, в XVIII веке через немецкий заимствован русскими в форме квартира в кыргызском стал батир.

Следует сказать, что в русизмах, вошедших в советское время такие фонетические и семантические сдвиги особо не наблюдаются. По видимому, этому помешало новые нормы кыргызской орфографии и орфоэпии, согласно которым русизмы должны были употребляться без изменений.

Литература

1. Юдахин К. Киргизско-русский словарь. - М., 1965.
2. Дыйканов К. Кыргыз тилинин тарыхынан. - Ф., 1980.
3. Мукамбаев Ж. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. - Б., 2009.
4. Правила правописания кыргызского языка. - Б., 2008.
5. Кыргыз тилинин сөздүгү. - Б., 2010.
6. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы. - Б., 1997.
7. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү. - Б., 2001.
8. Каримов М. Тажикстандык кыргыздар. - Б., 2007.

УДК: 39:37.013(575.2)

Кошалиева С.Ш.
ст. преподаватель
БГУ им. К.Карасаева
E-mail: Saltanat-bhu@mail.ru

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН МАКАЛ-ЛАКАПТАРЫ, АНЫН ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛАНЫ ТАРБИЯЛООДОГУ РОЛУ

“КЫРГЫЗСКИЕ НАРОДНЫЕ ПОСЛОВИЦЫ, ПОГОВОРКИ И ИХ РОЛЬ В ВОСПИТАНИЕ ДЕТЕЙ В СЕМЬЕ

KYRGYZ PROVERBS, SAYINGS AND THEIR ROLE IN UPBRINGING OF CHILDREN

Аннотация: *Бул макалада Кыргыз элинде жаштарды салттуу мүнөзгө ээ болгон адептүүлүк, улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо, жол көрсөткөн насаат айтуу, турмуштун ар кандай шарттарында жаштарды сабырдуулукка, чыдамкайлыкка жана ийкемдүүлүккө тарбиялоо салтка айланып калган жөнүндө Элибиздеги меймандостук, улууну урматтоо, туулган жерди сыйлоону туугандар аралык карым-катнаш жана өткөн муундарды эскерүү сыяктуу касиеттер байыркы түрк доорунан бери эле келе жаткандыгы айтылган. Анткени аталган сапаттар азыркы учурда бир эле кыргыз элине эмес, бардык тараптагы элдерине мүнөздүү экендиги айтылган.*

Түйүндүү сөздөр: *этникалык, маданият жана элдердин үрп адаты, каада салт, макал-лакаптар, үзүр, өнөр, мыкты, шамдагай, чыйрак*

Аннотация: *В статье, Кыргызский народ, молодежь в традиционном характере вежливости, уважения, ваше превосходительство, самый младший из различных условий жизни, проповедуя терпимость, выносливость и гибкость подготовки молодых людей о традиционном гостеприимстве и прекрасные отношения уважения к месту рождения, родственников и как и предыдущие свойства памяти поколения, так как дни древнего турецкого народа. Его качество в настоящее время одни и те же люди, но это характерно для всех его людей...*

Ключевые слова: *Этнографических, кыргыз, храбрый, этнической культуры, традиции обычаи народов, ловкий, умный, смелый.*

Annotatio*n: The Kyrgyz people, the youth in the traditional character of courtesy, respect, Your Excellency, the youngest of the various living conditions, preaching the tolerance, endurance and flexibility of training young people about traditional hospitality and excellent respect for the place of birth, relatives and the like, since the days of the ancient Turkish jatatkandıgı. His quality is now the same people, but this is typical of all his people*

Keywords: *ethnographic, Yenisei, change of, ethnic culture, traditions and customs.*

Кыргыз элдик педагогикасы үй-бүлөлүк тарбия менен тыгыз байланышта каралып, тарбиялоонун мүнөзү жана багыты боюнча андан айырмаланбайт. Элдик педагогиканын негизи элдик оозеки чыгармаларда жатат, башкача айтканда, кыргыздын элдик макал лакаптары менен элдик идеяны, традицияларды үйрөтүүгө болот. Бул багытта жаш муундарды жашоого жана эмгекке тарбиялоодо этнографиянын ролуна баа берүү, ал турмуштук ар кандай кырдаалдар, муундардын ортосундагы байланыш, этикалык, жүрүм-турумунун нормаларын сактоо. [4]

Демек, элдик педагогиканы **үй-бүлөлүк педагогика** аркылуу үйрөнүүгө болот, аны муундан мууна калып келе жаткан макал лакаптар менен далилдесек болот. Кыргыз эли кыз баланы тарбиялоого өзгөчө көңүл бурган. Биринчи эле **“ Энесин көрүп кызын ал”**-

анткени эненин кыз бала үчүн таасири чоң . Эне кыз баланын эң кымбат адамы жана эң жакын кеңешчиси. Эненин ар бир сын пикири, кыз баланын кыйшыгын түздөп, терс адатын жөнгө салып турат. Ошондуктан **“Уядан эмне көрсө, учканда ошону алат”-** деп кыз бала бирөөнүн бүлөсү болгондуктан аны учкан кушка теңеп койгон. “**Кыз адеби кымбат”,** деп кыз баланы адептүүлүккө көндүрүшкөн. Кыз адеби бул кыз баланын сылык мүнөзү, кичи пейилдиги, токтоолугу, тилалчаактыгы, элпектиги, гигиеналык тазалыгы, ачык маанайы жана эптүү жүрүм-турумунун көрүнүшү. Адеби бар кызды эл адептүү кыз деп жогору баалайт. Кыз бала табиятынан ишенчээк сезимтал келет. Ошондуктан элибиз кыз баланы өз бактысын таап кеткичекти **“Кызга кырк үйдөн тыйуу”** -деп анын баскан турганын көзөмөлдөп, керек учурда теске салып тургашкан**. “Кыздуу үйдө кыл жатпайт”**- деген сөздүн накыл мааниси, - кыз баланы тазалыктын үлгүсү катары көрсөткөн. Ал эми **“Эжени көрүп, сиңди өсөт”-**деген макалдын тарбиялык маанисине көңүл бурсак. Мында улуу кыздардын, өзүнөн кичүү кыздардын алдында, кандайдыр бир деңгээлде жоопкерчилик бар экендигин сезе жүрүүсүн талап кылат. Анткени сиңдиси эжесинен көбүрөөк таасир алат, башкача айтканда эжесин көрүп өсөт. Ошондуктан улуу кыздар жүрүм -турумун оңдоп, бой келбетин түзөп кичүүлөргө үлгү болушу керектигин эскертет. [1]

Ал эми үй-бүлөдөгү эркек баланын адеби, эркек бала – бул үй-бүлөдөгү атанын жөлөгү, мураскери, эненин сыймыгы, элдин тиреги, ата-журттун, мекендин ишенимдүү сакчысы. **“Эр жигит эл четинде жоо бетинде”.** Анын, ата-эненин, ата журттун, Ата-Мекендин алдында чоң жоопкерчилиги жана зор милдети бар. Бул ата-бабалардан калган салт, ошондуктан ар бир эркек бала мындай сыймыктуу ишке даярдана жүрүш керек. **“Жазбай аткан мерген бар, алыскы ишти көргөн бар”**- деген бул баланын зээндүүлүгүн айтат. Зээндүү бала бир нерсени бат байкап алдын ала сезип, бир нерсени тез түшүнүп, ыкчам, жөндөмдүү болот. **“Жакшы болуучу азамат жатып алып бий болот” “Ата конушу ардак, ата салты — сыймык”.**

Эркек балага ар кандай адамдык мыкты сапаттар таандык-деп аларды шыктандырган. **Эркек бала** – кайрымдуу, чыдамкай, кайраттуу, эр жүрөк, шамдагай, чынчыл, адептүү, тыкан, жоопкерчиликтүү, эрктүү, чечкиндүү, убадага бек, айткан сөзгө турган, айкөл, кеңпейил, жигит. [1]

Кыргыз макалдарынын көпчүлүгү урматтоо, тарбиялоо ирээтинде айтылат. Ошол сынары эле **“Эр жигитке жетимиш өнөр аздык кылат”. Өнөр** бул **таланттын үзүрү**, ал эми ар бир кесип табиятына жараша таланттуулукту талап кылат. Эгерде жетекчи таланттуу болсо , анда ал элдин турмушун гүлдөтөт.

Бардык түрк элдери сыяктуу эле кыргыз элинде адамдын жүрүм-туруму, бири-бирине болгон мамилеси тууралуу макал-ылакаптар, меймандостук, ата-бабаларды, улууларды урматтоо, өз мекенин сүйүү традициялары азыркы күндө да сакталып, өз маанисин, актуалдуулугун жоготпой келе жатат.[4]

Жакшы бала эр болот, жаман бала жер,
Жаман болуучу азамат качып жүрүп ит болот.
Адеби жок жигит — жүгөнү жок атка окшош.
Адеби жок аял кабанаак итке окшош.
Ата көргөн — ок бычат, эне көргөн — тон бычат.
Ата көргөн ат берет, эне көргөн тон берет.
Ата көргөн ок жонор, эне көргөн тон бычар.
.Ата намысын арсыз уул кетирет.
Ата сөзү — акыл, ага сөзү — асыл.
Ата сөзү — алтын, көңүл коюп уксаң.

“Уядан эмнени көрсө, учканда учканда ошону алат”- деген сөз бул, бала үй-бүлөөнүн күзгүсү. Үйдөн кандай тарбия көрсө ошону алат “Атасы жакшы айттырбайт, теги жакшы дедирбейт, сөөгү жакшы сөктүрбөйт.”

Азыркы учурда элдик педагогика деген түшүнүктүн маани-маңызы жана ал боюнча изилдөөлөрдүн төмөндөгүдөй багыттарын байкоого болот:

1. Элдик түшүнүктөрдө жашап келе жаткан “каада-салт”, “үрп-адат” түшүнүктөрүнүн ички маани-маңызын чечмелеген элдик философиясы.

2. Кыргыз элинин каада-салттары менен үрп-адаттарын кеңири түшүндүргөн этномаданий, этнология жана этнографиялык илим концепциялары.

3. Мектеп окуучуларына кеңири жана максаттуу тарбия берүүдө элдик каада-салттар менен үрп-адаттардын максат-милдеттери, мүмкүнчүлүктөрү,

4. Окуучуга билим жана тарбия берүүнүн илимий-педагогикалык концепциялары. Коомдук система аркылуу тескелип (регулировкаланып) турган турмуштук чындыктын өзүн өздөштүрүүдөгү системдүү-структуралык мамилелер.

5. Окуучуларга тарбия берүүнүн коомдук жана моралдык милдетин алган тарбиячылардын педагогикалык даярдалышынын идеялары менен концепциялары.

Адеби жоктун аты-жөнүн сураба.
Адеби жоктун, уяты жок.
Адепсиз бала — таманга жабышкан чыла.
Адепсизден алыс кач.
Адепсизден да адептүүлүктү үйрөн.
Атанын тилдегени — баласын бил дегени.
Атанын уулу болуш — урмат, элдин уулу болуш — кымбат.
Атасы балам десе, баласы балам дейт.
Атасы башка менен коён уулаба.
Атасы башка, аты кашка.
Атасы болушчаактын — уулу урушчаак, энеси болушчаактын — кызы ыйлаак.
Атасы жакшы айттырбайт, теги жакшы дедирбейт, сөөгү жакшы сөктүрбөйт.
Баланы тарбиялоо — ташты кемиргенге тете.
Баланы таяк менен урба, сөз менен ур.
Баланы таяк менен эмес, акыл менен тарбияла.
Баланы чыйрак өстүр, жоодо сына.
Баланы—жашынан, катынды— башынан.

2. Элдик педагогиканын негизи элдик оозеки чыгармаларда жатат, башкача айтканда, кыргыздын элдик **фольклорун** окутуу менен элдик идеяны, **традицияларды** үйрөтүүгө болот.

3. Бул багытта жаш муундарды жашоого жана **эмгекке тарбиялоодо** этнографиянын ролуна баа берүү, ал турмуштук ар кандай кырдаалдар, муундардын ортосундагы байланыш, этикалык, жүрүм-турум нормаларынын системасын калыптандырууга өбөлгө түзөт. Кыргыз элинде жаштарды салттуу мүнөзгө ээ болгон адептүүлүк, улууну урматтоо,

кичүүнү сыйлоо, жол көрсөткөн насаат айтуу, турмуштун ар кандай шарттарында жаштарды сабырдуулукка, чыдамкайлыкка жана ийкемдүүлүккө тарбиялоо салтка айланып калган көрүнүш. Элибиздеги меймандостук, улууну урматтоо, туулган жерди сыйлоону туугандар аралык карым-катнаш жана өткөн муундарды эскерүү сыяктуу касиеттер байыркы түрк доорунан бери эле келе жатат деп айтууга болот.

Анткени аталган сапаттар азыркы учурда бир эле кыргыз элине эмес, бардык тараптагы элдерине мүнөздүү. Улуттук традицияда тарбиялоо маселесинде кыргыз элине баланы жашынан тартып турмушка, эмгекке жарактуу, чыдамкай, туруктуу кылып тарбиялоо мүнөздүү. Бул максаттарды аткарууда бир эле чөйрөнүн таасири аздык кылат. Ошол себептен мурунку муундар адамдын жашоосуна керектүү болгон жаратылыш, турмуш чындыгы боюнча өз тажырыйбаларын жаш муундардын үйрөнүүсүнө шарт түзүлгөн. Жаштарды тарбиялоого терең маани беришип, чыгармачылыгын сарптап, ык-машыгууларга ээ болсун үчүн акыл жана ар бир элдин улуттук традициясы чексиз жана өтө бай. Элдин дүйнө таанымы, турмушуклады, кесиби, этикалык жана моралдык нормалары, элдик искусствосу, философиясы, оозеки чыгармачылыгы, кол өнөрчүлүгү илим-билими, медицинасы, тамак-ашы миңдеген жылдардын аралыгында калыптанган. Ошол жолдо ар мезгилдин талабына, жашоо-шартынын ыңгайына жана улуттук өзгөчөлүктүн чен өлчөмүнө туура келбеген айрым бир жактарын электен өткөрүп элдин жашоосу үчүн эң керектүү, эң баалуу деп эсептелген нукура элдик, нукура улуттук деген ат менен эл менен кошо жашоосун уланткан жана ага кызмат кылган. Традиция үрп адат сакталып калган.

Адабияттар

1. Кармышаков А.Н. Адеп. - Б., 2012.

2. «Макал-лакаптар» Б.Алымов, В. Романов, У. Сыракматова. -Ф., 1967.

3. Мухамбет Ибрахимов " Макал-лакаптар жана учкул сөздөр"

4. Акматова А.А. Кыргыз этнопедагогикасы жана анын калыптанышы.

УДК: 37.013.77.

Бекмырзаева А.Б. *преподаватель*
Бишкекский гуманитарный университет имени К.Карасаева
E-mail:bekmyrzaeva1992@mail.ru

ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ СТУДЕНЧЕСКОГО ВОЗРАСТА И ИХ УЧЕТ В ВОСПИТАНИИ ГРАЖДАНСТВЕННОСТИ БУДУЩЕГО УЧИТЕЛЯ

БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРГЕ ЖАРАНДЫК БИЛИМ БЕРҮҮДӨ СТУДЕНТТИК КУРАКТЫН ПСИХО-ПЕДАГОГИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮН ЭСЕПКЕ АЛУУ

PSYCHOLOGICAL AND PEDAGOGICAL FEATURES OF THE STUDENT AGE AND THEIR ACCOUNTING IN THE EDUCATION OF THE CITIZENSHIP OF THE FUTURE TEACHER

Аннотация: *Для сохранения и развития культурного многообразия и духовно нравственных ценностей государства, для реализации данной проблемы студенты – будущие учителя должны получить соответствующую подготовку. Нами в статье сделана попытка раскрыть решение данной проблемы. Показан вклад выдающихся мыслителей и педагогов, таких как: Сократ, Платон, Аристотель, Коменский Я.А., Руссо Ж.Ж., Ушинский К.Д. и др.; кратко освещено современное состояние гражданственности.*

Ключевые слова*: Традиционное народное воспитание; народная педагогика; народная культура*

Аннотация: *маданий көп түрдүүлүктү жана мамлекеттин руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктарды сактап калуу жана өнүктүрүү максатында. Бул маселенин студенттери ишке ашыруу үчүн - болочок мугалимдерге тиешелүү даярдыктан өтүүлөрү зарыл. Биздин кагаз көйгөйдү чечүү ачып берүүгө аракет болуп саналат. Көрүнүктүү ойчулдар жана мугалимдердин салымы. Сократ, Платон, Аристотелдин, Я.А. Коменский, Руссо Ж. Ж. ж.б.; жарандыктын учурдагы абалы кыскача чагылдырылды.*

Түйүндүү сөздөр: *салттуу коомдук билим берүү; Элдик педагогика; элдик маданият.*

Annotation: *For the preservation and development of cultural diversity and the spiritual and moral values of the state. To implement this problem, students - future teachers should receive appropriate training. We have made an attempt to solve the problem in this article. The contribution of outstanding thinkers and teachers is shown: Socrates, Plato, Aristotle, Comensky YA, Russo Zh.Zh., Ushinsky K.D. and etc.; briefly highlights the current state of citizenship.*

Keywords: *Traditional public education; popular pedagogy; folk culture.*

Воспитание гражданственности будущих воспитателей является социальным заказом суверенного, светского и демократического государства Кыргызстан, активно движущегося в сторону возрождения ценностей гражданского общества.

Целенаправленная работа по формированию гражданственности будущего учителя невозможна без обращения к бесценной сокровищнице мировой и отечественной гуманной педагогики.

Обращение к бесценному опыту мировой и отечественной педагогики по вопросам гражданственности показало, что передовые мыслители достаточно глу-

боко исследовали вопросы гражданского становления личности, педагога в частности. Их высказывание о содержательной сущности данного феномена является актуальным и на сегодняшний день.

Следует отметить, что обращение к мировой педагогике (Сократ, Платон, Аристотель, Коменский Я.А., Руссо Ж.Ж., Ушинский К.Д.) дало нам возможность не только проследить те изменения, которые прошло понятие «гражданственность» во взглядах великих педагогов прошлого, но и уже на первоначальном этапе, определить ряд требований и условий по эффективному воспитанию у будущих учителей.

Хотелось бы дополнить: кыргызские мыслители, раскрывая требования к совершенной, граждански воспитанной личности будущего учителя, по существу, также как и передовые мыслители мировой педагогики, дали характеристику гражданственности как интегративного качества, вбирающего в себя такие качества как: патриотизм, гуманизм, высокую образованность, толерантность, самостоятельность, ответственность, справедливость, решительность. По их мнению будущий учитель должен быть стойким в процессе овладения науками, любить истину, справедливость не проявлять своенравия и эгоизма в своих желаниях, быть личным примером во всем. Он должен стремиться к истине, возвышенным деяниям, справедливости, приносить максимальную пользу государству посредством самообучения, самообразования, самосовершенствования. Его должно характеризовать стремление к овладению мировой культурой и образованием.

В положении высшего общепедагогического образования КР отмечено, что каждая специальность требует от человека определенных качеств личности, обеспечивающих эффективность его деятельности в определенной области. Эти качества личности являются профессионально значимыми и формируются в процессе деятельности будущего учителя. Если исходить из всего вышеизложенного и взять во внимание, что содержание гражданственности будущего учителя должно исходить из объективных требований, предъявляемых к учителю обществом, то, с нашей точки зрения, гражданственность как интегративное качество личности будущего учителя и есть по своей сущности профессионально значимое.

Гражданственность как интегральное специально значимое качество будущего учителя определяется нами как социальная направленность и гражданская позиция, выраженная в системе отношений к обществу, к себе, другим людям, к собственной профессиональной деятельности на уровне осознания её ценности, ответственного отношения к своим профессиональным обязанностям, как нравственного долга перед обществом и государством, осознанного, добровольного, бескорыстного служения интересам своего народа и целям общественного процесса, во имя будущего подрастающего поколения. Такое понимание гражданственности определяет её как высшую форму проявления действенного патриотизма личности будущего учителя.

Обзор и исследование психолого-педагогических овладений задачами воспитания будущих специалистов в высшей школе позволил нам не только актуализировать значение воспитания гражданственности будущих учителей, но и определить ряд педагогических условий, при которых воспитание исследуемого феномена в условиях целостного педагогического процесса вуза становится значительно эффективнее. Так, по мнению ученых (Дъяченко М.Н., Хмель Н.Д., Кандыбович Л.А. И др.), воспитание и обучение в вузе должно: 1) обеспечить формирование личности специалиста с такими качествами, опытом, которые бы соответствовали современным требованиям и гарантировали бы успех практической деятельности с самого начала её осуществления; 2) быть эффективным, т. е. действительно приводить к ожидаемым результатом. Достижение эффективности предполагает наиболее реальное использование средств и времени, исключение нежелательных деформаций во внутреннем мире личности; 3) оказывать на личность студента максимально развивающее влияние, т. е. Действительно обеспечивать процесс его положительного изменения, приобретение качеств, опыта, нужных ему как будущему специалисту с высшим образованием; 4) воздействовать на их психику и деятельность с целью формирования личностных свойств качеств.
Эффективному формированию качеств личности способствует применение педагогически целесообразно подобранных принципов воспитания.

Психологический смысл правильного использования принципов воспитания заключается в том, что результатом является такая оптимизация деятельности и взаимодействия воспитателей и воспитуемых, которая наиболее эффективно ведет к формированию личности. Среди предлагаемых принципов мы взяли во внимание: принцип деятельности, принцип субъективности, принцип лелостности, принцип целеустремленности и системности.

Весь комплекс осознанно используемых средств, форм, методов и приемов в единстве с педагогически целесообразно разработанными заданиями: опосредует высокую степень субъективной включённости будущих учителей в учебно-познавательную, общественно-политическую, научно-исследовательскую, практико-ориентированную деятельность; способствует раскрытию механизмов самоосмысления, самосовершенствования гражданственности будущего учителя, постепенному наращиванию их теоретических знаний от первого курса к выпускному.

Профессиональный выбор, осуществляется студентом при поступлении в вуз, ужу определяет его субъектную позицию как будущего профессионала, так как обучение в вузе воспринимается им с точки зрения реализации жизненных задач, а поступление в вуз — осознанная социальная установка на достижение совершенной цели. [9]

По мнению психологов, общий способ инициирования субъективности студентов в вузе - придать воспитанию деятельностный характер.

Главным течением пополнения сущности обучения в высшей школе является обеспечение роста и обогащение творческого потенциала личности учителя. Указанное основание требует развернутой на весь период обучения целостной системы подготовки будущих учителей к профессиональной деятельности. Каждый учебный год должен быть направлен на реа-

лизацию разных и при этом достаточно конкретных самостоятельных целей. Совокупность этих целей, позволит придать целостный характер процессу подготовки, благодаря использованию возможностей каждого учебного предмета, а также комплекса психолого-педагогических дисциплин в педагогизации всего образовательного процесса.

Целенаправленная работа по воспитанию гражданственности будущих учителей в вузе одновременно требует: 1) учета психологических особенностей студенческого возраста (направленности личности студента, характера, способностей, темперамента); 2) абсолютной педагогизации, гуманизации и гражданской направленности всех сфер жизнедеятельности будущего учителя в целостном педагогическом процессе вуза; 3) всемерной субъектной включенности во всё многообразие видов деятельности с ориентацией на перемены в нравственном сознании будущих учителей, на их саморазвитие, самовоспитание, самообучение, самообразование, на единение сознания и поведения.

Технология воспитания гражданственности завтрашнего учителя в целостном педагогическом процессе должна быть основано на диагностике и проектировании, конкретизации задач, содержания, средств, форм, методов и приемов, оценки текущих результатов, их корректировка, итоговая диагностика, анализ и оценка результатов педагогического взаимодействия, постановка новых проектов и проблем.

Значимость использования педагогических технологий воспитания гражданственности будущего учителя как его профессионально значимого качества обусловлена тем, что: любые педагогические процессы создаются для ускорения и упорядочения развития обучающихся. Проектировать их — значит создавать процессы, убирать мешающее или негативные факторы, создавать им противодействующее. Педагогическое проектирование, если оно профессионально, всегда связано со стремлением педагога организовать для своих учащихся такую среду обучения и внеучебной деятельности, в которой они полнее раскрывали бы свой внутренний мир, были бы свободны, достигали успеха и чувствовали себя комфортно; педагогическое проектирование призвано приблизить процесс к реальным условиям будущей профессиональной деятельности. Уже в нем будущие учителя должны адаптироваться к производству и профессиональному труду; в процессе и посредством пректирования создается педагогическая технология, обеспечивающая развитие участников педагогического процесса. [Безруков Б.С.]

Следует заметить, что под целостным педагогическим процессом понимается единство учебной и внеучебной деятельности студентов, осуществляемой на протяжении всех лет их обучения в вузе, под непосредственным руководством преподавателя, взаимодействии его с ними, а также взаимодействия студентов между собой, в соответствии с целями, задачами, содержанием, средствами, формами, методами, приемами, то есть целостным процессом воспитания гражданственности будущего учителя в единстве его мотивационного, содержательного и поведенческого компонентов, способствующих превращению данного феномена в устойчивое образование — качество.

Основу системы формирования гражданственности завтрашнего преподавателя составляют курсы педагогики, психологии, изучаемые ими на протяжении всех лет обучения в вузе, в единстве и взаимосвязи с предметами философии, правоведения, истории, политологии, всех видов педагогических практик, учета всего многообразия видов их деятельности от учебно познавательной до общественно — политической, с всемерным использованием инновационных педагогических технологий: технологии личностно — ориентированного характера (тренинги, диспуты, дискуссии, дебаты, ролевые и деловые игры, создание специальных ситуаций), технологии творческого развития, непрерывного самообразования студентов, как саморегулируемого обучения взрослого, который в системе формирования гражданственности будущего учителя остается одним из приоритетных.

На основе уже существующих теоретических и практических положений появляется возможность предложить несколько предложений.

1. Воспитание гражданственного сознания завтрашних педагогов, как мастерски значимая работа будущего педагога представляет социальную направленность и гражданскую позицию, выраженную в системе отношений к социуму, к себе, другим людям, к собственной профессиональной деятельности на уровне осознания её ценности, ответственного отношения к своим профессиональным обязанностям, как нравственного долга перед обществом и государством, осознанного, добровольного, бескорыстного служения интересам своего народа и целям общественного прогресса, во имя будущего молодое поколение. 2. Основополагающими правилами воспитания гражданственности будущего педагога в целостном воспитательном процессе в вузе являются: правилами деятельности, принцип субъективности, принцип целостности, особенность целеустремленности и системности. 3. Вся система воспитания гражданственности будущего учителя в целостном педагогическом процессе вуза должна быть сориентирована на осознании ими того, что: а) получаемое ими образование входит в их личностную систему, обогащает их отношение к окружающему миру, к самому себе, становится предпосылкой саморазвития, самосовершенствования, содействует формированию «чувства не успокоенности» как одного из важнейших проявлений зрелой личности; б) включения образования в контекст их жизнедеятельности делает их субъектами учебной деятельности. Поскольку они совершаю выбор в пользу нового образа жизни; в) самовоспитание становится условием успешности их профессиональной деятельности, способствует постоянному пополнению профессиональной и культурной информации, постоянному обновлению индивидуального опыта в самом широком плане.

Следования этим требованиям и есть одно из важнейших условий высокого уровня воспитания данного качества у будущего педагога в целостном педагогическом процессе вуза.

Литература

1. Абсаттаров Р.Б., Садыков Т.С. Воспитание культуры межнационального общения студентов: теория и практика;

2. Бережноваа Л.Н., Набок И.Л., Щеглов В.И. Этнопедагогика.

3. Баронин, А. С. Этнопсихология : учебное пособие / А. С. Баронин. – М.: МАУП, 2000;

4. Бороздина, Г.В. Психология и педагогика: Учебник для бакалавров / Г.В. Бороздина. - Люберцы: Юрайт, 2016. - 477 с.;

5. Волков Г.Н. Этнопедагогика.

6. Ёлкин С.М. Этнопедагогика и этнопсихология.

7. Кузнецова Л.В. (ред.) Этнопедагогика в глобальном образовательном пространстве.

8. Кравченко, А.И. Психология и педагогика: учебник / А.И. Кравченко. - М.: Проспект, 2015. - 400 с.

9. Медетбекова Г.О. Психолого-педагогический аспект воспитания гражданственности у будущих учителей в целостном педагогическом процессе вуза. - Авт. Алматы, 2006 г.

УДК 378.147:811.512.154

Сегизбаева Н. К. *– преподаватель*
КГУ им. И. Арабаева
e-mail: Segizbaeva8@mail.ru

КЫРГЫЗ ТИЛИН ҮЙРӨТҮҮДӨ ДЕҢГЭЭЛДЕР БОЮНЧА КОММУНИКАЦИЯЛЫК КОМПЕТЕНЦИЯНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

ПРОБЛЕМЫ РАЗВИТИЯ КОММУНИКАТИВНОЙ КОМПЕТЕНЦИИ ПО УРОВНЯМ ВЛАДЕНИЯ ЯЗЫКОМ ПРИ ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ

PROBLEMS OF DEVELOPMENT OF COMMUNICATIVE COMPETENCE ON LANGUAGE LEVEL LEVELS IN TRAINING KYRGYZ LANGUAGE

Аннотация*: Бул макалада кыргыз тилин деңгээлдерин окутууда коммуникативдик компетентүүлүктүн өнүгүү көйгөйлөрүнө жана ЖОЖдордо кыргыз тили эне тили жана экинчи тил катары окутулат. Ошондой эле, методикалык бөлүгү да каралат, методика окутуунун каражатты катары.*

Түйүндүү сөздөр*: тил өздөштүрүү деңгээлдери, экинчи тил, эне тил, тилдин компетенциясы, кептик компетенциясы, коммуникативдик компетенциясы, кеп ишмердүүлүк.*

Аннотация: *Данная статья посвящена проблемам развития коммуникативной компетенции по уровням владения языком при обучении кыргызскому языку и как родному, и как второму в вузе. Рассматривается методическая часть как в вопросах средств обучения, так и собственно самой методики.*

Ключевые слова*: уровни владения языком, второй язык, родной язык, языковая компетенция, речевая компетенция, коммуникативная компетенция, речевая деятельность.*

This article is devoted to the problems of development of communicative competence in terms of language proficiency in teaching Kyrgyz language both as a native language and as a second language in an institution of higher learning. The methodical part is considered both in the questions of the means of instruction and in the methodology proper.

Key words: *language proficiency levels, second language, native language, language competence, speech competence, communicative competence, speech activity.*

Учурда билим берүүдө компетенттүүлүк мамиле кылуу талап кылынууда. Республикада ЖОЖдордо кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүдө студенттердин коммуникациялык компетенциясын өнүктүрүү маселеси курч бойдон кала берүүдө. Себеби, окууга өткөн студенттердин кыргыз тилин өздөштүрүү деңгээли ар башка, аларды тил тайпаларына так бөлүштүрүү, саны жагынан академиялык окутуу талаптарына туура келген тил тайпаларын түзүү өтө оор. Мына ушундан улам сан талабына ылайык тил тайпалары түзүлгөндө тайпада тил өздөштүрүү деңгээли ар башка студенттер топтолуп, окутуу процесси анча натыйжалуу болбой калууда.

Экинчи маселе – бул тил өздөштүрүү деңгээли ар башка тайпалар үчүн дидактикалык материалды тандоо, жалпы эле коммуникациялык компетенцияны тил өздөштүрүү деңгээлдери боюнча калыптандыруу. Дидактикалык материал маселеси окуу китептерине, окуу куралдарына келип такалат. ЖОЖдордо

колдонулган окуу китептеринин көбү грамматикалык-котормо методунун негизинде жазылып [3, 4], коммуникациялык компетенцияны өнүктүрүү талабы коюлганга чейин пайда болгон, алардын авторлорунун бул компетенция тууралуу маалыматы аз, же болгон эмес, болсо да, аны окуу китебин жаратууда пайдаланган эмес. Эске сала кетсек, коммуникация – бул өз ара түшүнүү максаттарын аткарып, кеп аркылуу турмушка чагылдырган коомдук жана тарыхый жактан негизделген социалдык жүрүм-турум болуп саналат, ошондой эле баарлашуунун түрүн түзөт. Тил окутуу – бул «маектешүүгө, адам жамаатынын функциясы болгон кайсыл бир ишмердикке үйрөтүү» [6]. Коммуникациялык (адабияттарда "коммуникативдик" деп берилип жүрөт) компетенция – бул үйрөнүп жаткан тилдин эрежелерине жараша текст түзө билип, ар кандай кырдаалдарда сүйлөшө билүү жөндөмү. Ал өзүнө тилдик жана кептик компетенцияларды камтыйт. Тилдик компетенция - үйрөнүп жаткан тилдеги сөз жасоо, морфология, синтаксисин билүү, кептик компетенция – бул үйрөнүлүүчү грамматикалык моделдерге ылайык фразаларды туура түзө билүү көндүмдөрү жана билгичтиктер. Демек, коммуникациялык (коммуникативдик) компетенцияны калыптандырууда, комплекстүү түрдө тилдик жана кептик компетенциялардын негизинде коммуникативдик компетенцияны калыптандыруу маселеси келип чыгууда.

Коммуникациялык методго басым жасалып түзүлгөн окуу куралдарындагы [1], окуу китептериндеги мүчүлүштүктөр – бул тил өздөштүрүү деңгээлдеринин чегин ажыратпай колдонууда. Окуу китебинде эң жөнөкөй, баштапкы тил өздөштүрүү деңгээлине (A1, A2) тиешелүү материал менен бирге ортоңку (B1, B2) жана жогорку (C1, C2) тил өздөштүрүү деңгээлине тиешелүү лексикалык, грамматикалык материалдар камтылууда. Мындай мүчүлүштүктөрдүн себеби – тил өздөштүрүү деңгээлдери тууралуу маалыматтар негизинен чет тилдеринде жазылгандыгында жана алар менен таанышууга мүмкүнчүлүктөрдүн чектелгендигинде (кыргыз тилинде тил өздөштүрүү деңгээлдерине тиешелүү маалыматтар аз, акыркы кезде пайда болгон автореферат, монография, диссертацияларда, методикалык жетектемелерде кездешет [2]). Мисалы, A1 деңгээлине тиешелүү, таанышууга арналган "Сенин үй-бүлөң чоңбу?" сыяктуу сүйлөмдөгү өтө жөнөкөй лексика менен бирге ошол эле окуу китебинин кийинки бетиндеги B2, C1 деңгээлине тиешелүү "Чоң атам кадырлуу карыя, ал пайгамбар жашынан өткөн" же "Күндүз көчөдө улгайган адамдарды жана мадыра баш балдарды көрүүгө болот" сүйлөмдөрүндө "кадырлуу карыя", "пайгамбар жашынан өткөн", мадыра баш балдар" сыяктуу кыргыз тилин өздөштүрө баштаган тил үйрөнүүчүлөр үчүн татаал түшүнүктөрдү туюндурган сөз айкаштары, лексика кездешет [1: 8-9].

Мындай мүчүлүштүктөргө жол бербөө, окутуу процессинин негизги факторлорунун бири болгон окуу куралын, окуу китебин методикалык жактан туура түзүү үчүн тил өздөштүрүү деңгээлдери боюнча туура багыт алуу зарыл. Тил өздөштүрүү деңгээлдерине арналган "Чет тилин өздөштүрүүдөгү жалпы европалык компетенциялар: изилдөө, окутуу, баалоо" аттуу программалык документте [5] тил өздөштүрүү деңгээлдери: эң жөнөкөй түрдө колдоно билүү (A1,A2), өз алдынча колдоно билүү (B1, B2), эркин колдоно билүү (C1, C2) делип, жалпы шкаласы мындайча берилген:

A1 – Конкреттүү милдеттерди аткарууга керектүү болуп үйрөнүлгөн фразаларды жана айтымдарды түшүнөм жана колдоно алам. Өзүмдү, башкаларды тааныштыра алам, жашаган жерим, тааныштар, мүлк тууралуу суроолорду бере алам, мындай суроолорго жооп бере алам. Мени менен сүйлөшүп жаткан адам жай жана так сүйлөп, жардам берүүгө ниеттенсе, татаал болбогон маектешүүгө катыша алам.

A2 – Жашоонун негизги сфераларына байланыштуу айрым сүйлөмдөрдү жана кеңири тараган айтымдарды түшүнөм. Мага белгилүү болгон же жашоотиричилик темаларга тиешелүү жөнөкөй маалымат алмашуу менен байланыштуу милдеттерди аткара алам. Жөнөкөй айтымдарды колдонуп, өзүм, туугандарым, жакындарым тууралуу айтып берип, күндөлүк турмуштун негизги аспектилерин сыпаттай алам.

B1 – Жумуштагы, окуудагы, эс алуудагы ж.б. учурлардагы темаларга байланыштуу адабий тилдеги билдирүүлөрдүн негизги идеяларын түшүнөм. Үйрөнүп жаткан тил өлкөсүндө пайда боло турган кырдаалдардын көбүндө сүйлөшө алам. Мага кызыктуу же белгилүү болгон темалардын тегерегинде байланыштуу билдирүүлөрдү жасай алам. Окуяларды, алардан калган элестерди, үмүттөнүүлөрүмдү, каалоолорумду сыпаттап, келечекке болгон пландарымды, пикиримди айтып, аларды негиздеп бере алам.

B2 – Абстракттуу жана конкреттүү темаларга арналган, алардын ичинде кууш адистик боюнча тексттердин жалпы мазмунун түшүнө алам. Эне тилинде сүйлөгөн адамдар менен тоскоолсуз пикир алышуу үчүн тез жана такалбай сүйлөй алам. Түрдүү темаларга арналган так жана кеңири билдирүүлөрдү жасай алам, негизги проблемага карата өзүмдүн көз карашымды билдирип, түрдүү пикирлердин артыкчылыктары менен бирге кемчиликтерин да көрсөтө алам.

C1 – Түрдүү тематикага арналган көлөмдүү, татаал тексттерди, алардын көмүскөдөгү маанисин түшүнөм. Тез темпте сөздөрдү жана айтымдарды тандоодо кыйналбай сүйлөй алам. Илимий жана кесиптик ишмердүүлүктө сүйлөшүү үчүн тилди натыйжалуу колдоно алам. Татаал темаларга арналган так, деталдуу, туура түзүлгөн билдирүүлөрдү түзүп, текст түзүү моделдерин колдоно билгендигимди, тексттин элементтерин байланыштыруу жана бириктирүү элементтерин колдоно алгандыгымды көрсөтө алам.

C2 – Практикалык түрдө, кандай гана болбосун, бардык оозеки жана жазуу түрүндөгү билдирүүлөрдү түшүнөм, бир неге оозеки жана жазуу булактарына таянып, байланыштуу текстти түзө алам. Такалбай, жогорку темпте, так, керек болсо эң татаал учурлардагы маанилик кубулуштарды баса белгилеп сүйлөй алам [5: 24].

Демек, кыргыз тилин тил өздөштүрүү деңгээлдери боюнча үйрөтүүдө жогорудагы жоболорду жетекке алып, окуу куралындагы, окуу китебиндеги дидактикалык материалдарды түзүүдө ар башка деңгээлдерде тиешелүү материалдарды аралаштырбай иштеп чыгуу зарыл.

Адабияттар

1. Акматова А. Кыргыз тили. Тексттер жана тапшырмалар. Окуу китеби / Борбордук Азиядагы Америка университети. 2-бас., оңд., толук. Б.: Бийиктик. 2007. – 327 б.

2. Биялиев К.А. Кыргыз тилин мамлекеттик тил катары колдоно билүү деңгээлдери (Европада кабыл алынган классификация боюнча А1, А2, Б1 деңгээлдери). – Б., 2008. – 140 б.

3. Жапаров Н.Р. Мамлекеттик тил – Государственный язык: Ч. 1: первый уровень. – Б., 2005. – 306 с.

4. Кыргыз тили: Учебник для русских групп вузов страны и самостоятельно изучающих гос. язык Кыргызской Республики / Ж. Жусаев, А. Карабекова, А. Каныбекова, А. Молдоев. – Б.: Мектеп, 2000. – 320 с.

5. Общеевропейские компетенции владения иностранным языком: Изучение, обучение, оценка. Департамент по языковой политике, Страсбург. – М.: МГЛУ. – 256 с.

6. Щерба Л.В. Преподавание иностранных языков в средней школе. Общие вопросы методики. – М.: Высшая школа, 1947.- 112 с.

УДК: 34:37.013

Базакечова Г. Э.
К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети

БОЛОЧОК МУГАЛИМДИН УКУКТУК КОМПЕТЕНТҮҮЛҮГҮ

ПРАВОВАЯ КОМПЕТЕНТНОСТЬ БУДУЩЕГО УЧИТЕЛЯ

LEGAL COMPETENCE OF THE FUTURE TEACHER

Аннотация: *Бул макалада автор жаш муундар арасындагы укук-мыйзам бузуу, кылмыштуулук өлкөбүздүн актуалдуу маселелеринин бири экендиги жана аны чечүүнүн натыйжалуу жолдору жөнүндө өз пикирин билдирет.*

Түйүндүү сөздөр: *болочок мугалим, жаш өспүрүм, кылмыштуулук, укук, мыйзам, укуктук компетентүүлүк.*

Аннотация: *В данной статье автор затрагивает один из самых актуальных проблем нашей страны является преступность молодого поколения и выражает свое мнение об эффективных путях преодолении вышеназванной проблемы.*

Ключевые слова: *будущий учитель, молодое поколение, преступность, право, закон, правовая компетентность.*

Annotation: *In this article the author touches on one of the most pressing problems of our country is the crime of the younger generation and expresses his opinion on effective ways to overcome the above-mentioned problem.*

Keywords: *future teacher, young generation, crime, law, law, legal competence.*

Кыргыз коомчулугу бүгүнкү күнү базар экономикасынын шартында оор сыноону башынан өткөрүү менен, кылымдап калыптанган каада-салттардын, маданий дөөлөттөрдүн көпчүлүк баалуулуктарынан айрыла баштады жана көйгөйлүү маселелерди жаратууда. Коомдун эң коркунучтуу, көйгөйлүү маселесинин бири – жаш муундардын укук-мыйзам бузууларга, кылмыштуулукка улам көбүрөөк тартылуусу. Кылмыштуулук барган сайын улам кооптуу жана коркунучтуу нукка өтө баштаганы мектеп мугалимдерин, укук коргоо органдарын, ата-энелерди тынсыздандырууда. Жаш өспүрүмдөр арасында мушташуу, бейбаштык, ууручулук, коркутуп акча алуу жана башка ушул сыяктуу көрүнүштөр байкалууда.

Кыргыз Республикасынын ИИМги азыркы мезгилде жашы жете элек өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугунун «жашаруу» тенденциясын, ошондой эле криминалдык активдүүлүгү 50%га өскөндүгүн белгилейт.

Азыркы мезгилде техникалык, технологиялык революциялар шартында жашаган окуучулардын акыл-эс жагынан эрте жетилиши, алардын бири-бирине болгон инсандык муктаждыгынын күчөшү, ар кандай глобалдык деңгээлдеги табигый жана социалдык кыйынчылыктарга туруштук берүү зарылчылыгынын өсүшү жана ага каршы туруу үчүн өз ара түшүнүүчүлүккө, жардамдашууга, жол көрсөтүчүлүккө, тынчтыкты биргелешип сактоого дилгир, демократиянын шартында ийгиликтүү социалдаша ала турган келечек ээлерин калыптандырууда мугалим актуалдуу ролду ойнойт.

"Кыргыз Республикасынын Конституциясында" [2], "Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү Мыйзамында" [3], "Кыргыз Республикасындагы элдердин жана этностор аралык мамилелерди бекемдөө Концепциясында" [6] жана башка расмий иш кагаздарда чагылдырылган жарандардын укугун жана эркиндигин сактоого тиешелүү шарттарды түзүү боюнча белгилүү милдеттер коюлган. Бул мамлекеттик документтерине ылайык, жаш муундарды мамлекеттин коомдук турмушунда жарандык укуктарын туура пайдалануга жана өз милдеттерин так аткарууга даярдоо, мыйзамдардын негизинде жаш муундун укуктук аңсезимименен укуктук маданиятын калыптандырууга багытталган таалим-тарбия, уюштуруучулук, жамааттык жана жеке иш-чаралардын кеңири комплекси менен камсыздоо орчундуу орунда турат. Ошондуктан өспүрүмдөрдүн арасында, укуктук билим берүү жана алардын укуктук маданиятын калыптандыруу коомдук зарылдыгы жаралып жатат. Азыркы кезде балдардын укуктук аң-сезимин ойготууга, жүрүм-турумдун укуктук маданиятын, жарандык позициясын жана укугун коргой алган укуктук компетенттүүлүгү калыптанган мугалимдерге муктаж [8]. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, ички иштер органдары, мамлекеттик жана коомдук уюмдар кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча көптөгөн иш-чараларды жүргүзүп жатышат.

Бирок бул иште эң чоң жоопкерчилик баланын инсандык касиеттерин. сапаттарын калыптандырууда, укуктук тарбия берүү процессин уюштурууда жана тарбиялык иштерди жүргүзүүдө мектеп мугалимдерине жүктөлөт.

Азыркы учурда педагогдор жалпы жана кесиптик компетенттүүлүктөрдү (анын курамындагылардын бири-укуктук компетенттүүлүк) түзгөн баалуулуктардын жаңы системасын өздөштүрүүсү зарыл болууда. Биз педагогдун укуктук компетенттүүлүгүнүн маселесин чечүү үчүн А. Алимбеков, А.Д. Бабаева, И. Бекбоев, К. Д. Добаев, Н. Ы. Жусупова, А. Мамытов, М. Сейдакматов, Т.М.Сияев, К.М. Төрөгелдиева жана башка окумуштуулардын илимий изилдөөлөрүн окуп-үйрөнүү менен алардын чечмелеген изилдөөлөрүн, ой тыянактарын жетекчиликке алдык.

Болочок мугалимдин комптентүүлүгүнүн ядросун педагогикалык ишмердүүлүккө теориялык жана практикалык жактан даярдыгын жана андагы билимдүүлүгү жана билгичтиги түзөт. Билимдүүлүк - өз ичине педагогика илиминин категорияларын жана методологиялык негиздерин, инсандын өнүгүүсүндөгү закон ченемдүүлүктөрдүн мазмунун, таалим-тарбиянын максатын жана технологияларын, психологиялык, анатомиялык закондорун өздөштүрүүнү камтыйт. Ал эми билгичтик (ыктуулук)-деп, педагогикалык түрдүү кырдаалдарда аң-сезимдүүлүккө, турмуштук тажрыйбага жана алган билимине таянып тез, так жана дайыма даяр боло алганды айтабыз.

Келечектеги адистин компетентүүлүгү сөзсүз түрдө аналитикалык, прогностикалык, проективдик жана окуучуга укуктук нормалар жөнүндө билим берүүнүн негизиде аң сезимдүү (өз алдынча) мамиле түзүүгө үйрөтүү билгичтиги менен байланыштуу.

Аларды чечмелеп көрөлү: аналитикалык билгичтик – анализдеп (ажыратып, талдап) ой жүгүртө билүү дегенди билдирет. Аналитикалык билгичтик аркылуу студенттин педагогикалык жалпы ой жүгүртө билүүсү аныкталат.

Прогностикалык билгичтик – деп (прогноз-алдын -ала айта билүү) инсанды таалим-тарбия процессинде педагогикалык максатты жана маселени алдыга коюу, ага жетүү жолдорун тандоо, натыйжасын алдын-ала сезе, көрө билүүнү айтабыз. Педагогикалык прогноздоо – бул мугалимдин кыялында модель (үлгү) түзүү, гипотеза жаратуу, эксперимент жүргүзө билүү сыяктуу методдорго ээ болуусун талап кылат.

Проективдик билгичтик – (проект-долбоор) ойду, педагогикалык прогноздоонун жыйынтыктарын материалдаштыруу же болбосо таалим-тарбия иштерин ойдон, кыялдан конкреттүү иш жүзүнө ашырууну билдирет.

Окуучулардын жарандык аң-сезимин калыптандыруу - окуучунун, ата-эненин, эркиндигин жана укугун так билип, укуктук жана нравалык нормаларга таянып, окуучулардын укуктук аң-сезимдүүлүгүн калыптоого, инсандын өзгөчө укуктук мейкиндигин түзүүгө, үй-бүлө, мектеп коомчулук карым - катышын укуктук принциптердин негизинде уюштурууга ар тараптан даяр болушу зарыл.

Жогоруда каралган болочок мугалимдин мүнөздөмөлөрүн ишке ашырууда орчундуу жана маанилүү орунда *мобилдүүлүк жана коммуникабелдүүлүк* (өзгөчө иш мамилесинин аспектиси катары) сапаттары турат.

Биздин макалабызда коммуникативдүү, интерактивдүү жана башка усул ыкмалардын жардамы менен сүйлөө (монолог) жана сүйлөшүү (диалог) жөндөмдөрүн өстүрүүнүн усул-ыкмалары жөнүндө сөз болмокчу.

Тил үйрөтүүдө окутуунун пассивдүү, активдүү жана интерактивдүү деген усулдары кеңири колдонулуп келүүдө.

Окутуунун пассивдүү усулу. Окутуунун бул түрүндө окутуучу менен студенттин ордосундагы байланышта, негизги ролду окутуучу аткарат, башкача айтканда окутуучу айтат, түшүндүрөт, маалымат берет, ал эми окуучулар угушат, кабыл алышат.

Окутуунун активдүү усулу. Мында окутуучу менен студенттин ортосунда өз ара эриш-аркак байланыш болот. Окутуунун активдүү усулуна дидактикалык оюндар, талаш-тартышты жаратуучу кырдаал-суроолор, мээге чабуул жана башкалар кирет.

Окутуунун интерактивдүү усулу. Интерактивдүү (латын. «Inter» - өз ара, «act» - аракет кылуу) өз ара аракеттешүү, башка бирөөлөр менен сүйлөшүү, диалог куруу дегенди билдирет. Башкача айтканда **интерактивдүү усул-ыкмалар** окуучу менен окутуучунун ортосундагы сүйлөшүүгө гана багытталбастан, окуучулардын бири-бири менен болгон өз ара баарлашуудагы активдүүлүгүн жогорулатууга багытталат.

Интерактивдүү окутуу ишмердүүлүктүн атайын формасы болуп эсептелинет. Интерактивдүү ишмердүүлүк жеке бир ойдун же жеке бир студенттин оюнун үстөмдүк кылуусуна шарт түзбөйт. Тескерисинче, студенттердин өз ара пикир алышуусуна, өз ара аракеттенүүсүнө, биргелешип бир чечим кабыл алуусуна шарт түзөт. Бул усул-ыкманын негизинде окуучулардын сынчыл ойлому калыптанат, карама-каршы ой пикирлерди талкуулоого жана маалыматтардын негизинде

маселени чечүүгө, өз оюн таңуулабастан туура түшүндүрүүгө, адистик деңгээлде сүйлөшүүгө жетишет.

Жогоруда сөз болгон усул ыкмалардын негизинде оозеки кепти өстүрүүнүн 3 формасы жөнүндө сөз кылабыз:

1. «Шиңгил» түзүү аркылуу оозеки кепти өстүрүү;

2. Талаш-тартышты жаратуучу суроолор аркылуу оозеки кепти өстүрүү;

3. Сүрөттөрдүн негизинде оозеки кепти өстүрүү.

Кластер – англис тилинен которгондо «ыраттуулук» дегенди билдирет. Ал эми «шингил-бүчүргө байланган жүзүмдүн топтому» дегенди билдирет. Ушундан улам шарттуу түрдө «шингил» деген сөздү топтомду, ырааттуулукту билдирген түшүнүк катары кабыл алууга болот.

Шиңгил түзүүнүн жолдору:

1. Жеке шиңгил түзүү;
2. Эки экиден шиңгил түзүү;
3. Команда менен шиңгил түзүү;
4. Жалпы шиңгил түзүү.

Жалгыз шиңгил түзүү: Мында ар бир окуучуга атайын барак таркатылып берилет, же болбосо дептерге да иштөөгө болот. Адегенде окуучуларга шингилдин темасы берилет. Окуучу ошол берилген темага байланыштуу сөздөрдүн ар бирин бөлүктөргө жазып чыгат. Мисалы: «Үй-бүлө» деген тема боюнча шингил түзөбүз дегенде, ар бир окуучу өздөштүргөн сөздөрдү жазып чыгат: *ата, апа, эже, байке//ага, чоң ата, чоң эне, таене, таята, карындаш, ини, синди, жаша-, иште-, айыл ж.б.* Бул сөздөрдүн жардамы менен окуучу сүйлөм түзөт. Окуучулар мурунку сабактарда өтүлгөн сөздөрдү шингилге жазышат. Натыйжада өтүлгөн лексика кайталанып, дагы бир жолу бышыкталат жана





окуучулар өз алдынча сүйлөм түзүүгө жетишишет.

Эки экиден шиңгил түзүү; Окутуучу 2 окуучуга бир тема боюнча же эки башка тема боюнча тапшырма сунуш кылат. Ар бир окуучу кааласа дептерге же атайын таратылган кагазга окутуучунун берилген тапшырмасы боюнча 2 башка темага шиңгил же бир темага шиңгил түзөт. Ар бир окуучу өзүнө берилген темага байланыштуу сөздөрдү шиңгилге жазып чыгат жана ошол шиңгилге жазылган сөздөрдү экинчи окуучуга түшүндүрөт. 2-окуучу 1-окуучунун түшүндүрүүсү боюнча шиңгилге жазылган сөздү табыш керек. Ушул эле жол менен 1-окуучу түшүндүргөн сөздү 2-окуучу тапкандан кийин, өзүнүн шиңгилине жазылган сөздү түшүндүрө баштайт. *Маселен, "чоң ата" – атамдын атасы"*

Натыйжада группадагы окуучулар эки-экиден өз алдынча иштей баштайт. Окуучулар сөздөрдү түшүндүрүү үчүн мурдагы өтүлгөн лексиканы эстөөгө аракет кылышат жана кайталоого шарт түзүлөт. Окуучунун сөз кору байыйт жана өз оюн туура, так түшүндүргөнгө жетишет.

Команда менен шиңгил түзүү: Мында окуучуларды 2 топко бөлүштүрүп, ар бир топко тема берилет. Калыстык үчүн окутуучу 2 теманы кагазга жазып, билет түрүндө команданын ичинен бирден окуучу чыгып теманы тандашат. Кайсы тема туш келгенин үн чыгарып командалар бири-бирине айтышат. Окутуучу тарабынан белгилүү убакыт берилет. Ошол берилген убакыттын ичинде командалар сөздөрдү жазып бүткөндөн кийин мурдагы «шиңгил» оюну сыяктуу сөздөрдүн маанилерин түшүндүрө башташат. Кайсы команда көп сөздү тапса ошол команда утушка ээ болот. Бул оюн түрүндөгү сабактын максаты окуучулар командага бөлүнгөндөн кийин команданын ар бир мүчөсүнө, жок дегенде, бир сөздү түшүндүрүүгө туура келет. Ошондуктан окуучулар, адегенде, команданын артта калбашы үчүн күрөшүшөт, сөз кору аз окуучуга да, команда үчүн аракет кылууга туура келет жана сөз үйрөнүүгө жетишет. Оюнду жыйынтыктоо үчүн командалар шиңгилдеги сөздөрдөн бир канча сүйлөмдөрдү түзүшсө да болот.

Жалпы шиңгил түзүү: Мында маселе окутуучунун алдына койгон максатына жараша болот. Эгерде окутуучу өтүлгөн темаларды жыйынтыктоо максатын койсо, анда ар бир окуучуга ар башка темада тапшырма берет. Ал эми өтүлгөн теманы кайталоо үчүн болсо, анда окуучулар бир эле теманын үстүндө шингил түзүшөт. Ар бир окуучу өзүнүн жазган сөзүн мурда айтылгандардан башкаларын түшүндүрө баштайт, топтогу окуучулардын каалаганы ал сөздү табат. Окуучулар шиңгилдеги сөздөрдүн түшүндүрмөсүн жазып, андан кийин окутуучуга айтып беришет Көп сөздү тапкан окуучуга ыраазычылык билдирилет жана эмгеги баалланат. Натыйжада лексикалык темага байланыштуу

сөздөр негизинен толугу менен кайталанат. Көп сөз билген окуучунун эмгеги бааланат жана жаңы өтүлө турган темадагы сөздөрдү эстеп калуу үчүн окуучуда стимул пайда болот.

2. Талаш-тартыш жаратуучу суроолор аркылуу оозеки кепти өстүрүү

Талаш-тартыш суроолорду талкуулоонун ар кандай (дебат, диспут) ыкма жолдору бар. *Дебат* – кандайдыр бир чогулуштагы, жыйындагы талкуу, пикир алмашуу, жарыш сөзгө чыгуу. Ал эми *диспут* - илимий, адабий, ж. б. темада көпчүлүк алдында жүргүзүлүүчү пикир алышуу талашы. *Дискуссия* – кандайдыр бир талаш маселени көпчүлүктүн катышуусу менен эркин түрдө талкуулоо.

Талкуунун түлөрү:

- Диспут
- Дебат
- Дискуссия (сүйлөшүү).

Биздин максатыбыз оозеки кепти өстүрүү, ошондуктан окутуучу өтүлгөн теманы бышыктоо максатында жана окуучулардын өздөштүргөн сөздөрүн практикада туура колдонуусуна шарт түзүү үчүн **сүйлөшүү усул-ыкмасын** колодоно алат. Актуалдуу талаш-тартышты жаратуучу темалар боюнча суроолор, кырдаалдар ортого салынса, сүйлөшүү усул-ыкмасын колдонуу аркылуу сабак өз максатына жетет.

Сүйлөшүү усул-ыкмасынын өзгөчөлүгү:

- Окуучунун тилди практика жүзүндө колдоно алгандыгында:

- Талкууга коюлган кырдаал эч бир студенттин жеке турмушу менен байланыштуу эместигинде:

Талаш-тартышты жаратуучу кырдаалдык суроолорду сунуштоодо төмөнкүлөргө басым жасалуусу керек.

Талкуулоодогу негизги этаптар:

- Идеялардын көптүгү;
- Эч кандай сындын болбошу;
- Сандырак (абсурд) ойлордун да ортого салынышы;
- Ортого салынган ар бир ойдун кубатталышы;

Оозеки кептин натыйжалуулугун күчөтүү үчүн колдонулуучу сөздөр:

Менимче//менин оюм боюнча, анткени//себеби, ошондуктан, албетте, бирок, тилекке каршы, чын айтканда, мен бул пикирге макулмун (макул эмесмин) /каршымын, туура айтасыз.

«Тил көпүрө» окуу топтомунун мугалимдер китебиндеги «*Өзүңлү текшер*» рубрикасындагы сүйлөшүү (диалог) үчүн түзүлгөн көнүгүү-тапшырмалардан өрнөк:

Тема: *Таанышуу:* Адегенде жигит кыз менен таанышыш кере. Жок, кыз жигит менен таанышса да болот. *Анткени ...*

Тема: *Үй-бүлө:* Үйдөгү иштерди аял эле жасаш керек. Жок, эркектер да жардам бериши керек. *Анткени ...*

Тема: *Үй.* Үйдүн чоң, 2 кабатуу болгону жакшы. Жок, үй чоң эмес, чакан, ыңгайлуу болушу керек. *Анткени ...*

Тема: *Шаарда*: Шаардын борборунда жашаган жакшы. Жок, шаардын четинде жашаган жакшы. *Анткени ...*

Тема: *Соода-сатык:* Буюмдун арзанын алыш керек. Жок, буюмдун кымбатын алыш керек. Дайыма мода менен кийиниш керек. Жок, классикалык кийимдерди кийген жакшы.

Талаш тартыш суроолор:

1. Аба ырайынын кескин өзгөрүүсү, адамдардын табиятка жасаган мамилесине байланыштуу. Жок, аба ырайынын өзгөрүүсү бул жөн гана жаратылыштык кубулуш.

2. Бүгүнкү күндө көркөм адабий китептерди окуунун кажети жок. Анткени интернет бар. Жок, көркөм чыгармаларды жаштарыбыз сөзсүз окушу керек.

3. Бүгүнкү күндө жогорку билимдүү болуу шарт. Жок, жогорку билимсиз деле ойдогудай жакшы жашоого болот.

Жогоруда ортого салынган талаш-тартыш суроолордун негизинде окуучу өз оюн таңуулабастан туура, так түшүндүрүүгө, курбалдаштарынын оюн угууга, айтылган ойлорго каршы болсо да, сабырдуулук менен угууга жана башкалардын оюн сыйлоого аракет кылууга жетишет.

3. Сүрөттөрдүн негизинде оозеки кепти өстүрүү

Элдик оозеки чыгармачылыктын түрү болгон макал-лакаптардын маанисин сүрөттөргө байланыштырып, студенттердин оозеки кебин өстүрүү натыйжалуу усул ыкмалардын бир түрү болуп саналат. Интерактивдүү усулдардын ичинен Синквейн ыкмасын да колдонууга болот.

Сүрөт менен иштөөнүн жолдору:

I. Берилген сүрөткө тема коюу жана сүрөт боюнча суроолорду түзүү:

Албетте, колдон келишинче окуучуларга сюжеттүү сүрөт берүү талаптардын негизгилеринин бири. Сүрөт боюнча окутуучу өзү суроолорду даярдап келип окуучулар менен даяр суроолордун үстүндө иштесе болот. Же болбосо окутуучу окуучуларга сүрөт боюнча суроо түздүрсө жана кээ бир суроолор боюнча окуучунун жеке оюн кыска убакыттын ичинде жаздырып алса да болот. Мисалы,

1. Азыркы учурда ийгиликке жетүү абдан кыйын. Ошондуктан жаштар ийгиликке жетүү үчүн эмне кылуу керек?

2. Жогорку билимдүү адам гана билимдүүбү же, жогорку билими жок адамды да билимдүү десек болобу?

3. Өткөн замандарда адамдар өз элин, жерин коргоо үчүн согушка катышышкан. Азыркы учурда жаштар өз өлкөсү үчүн эмне кылышы керек?

4. Бүгүнкү күндөгү билим берүү системасын өзгөртүү керекпи?

5. Сиздин оюңуз боюнча. билим алууда акча канчалык деңгээлде роль ойнойт?

6. Бул сүрөттү карап, эсиңизге эмнелер түштү?

Практикада тил үйрөтүүнүн мындай ыкмасын колдонуу менен сабактарыбыздын жемиштүү болоруна толук ишендик. Маселен 6 суроо боюнча Түркия Республикасынан келген студенттин жазган чакан дилбаяны күбө.

«Бул сүрөттү карап отуруп, «ӨССде» отурганым эсиме түштү. («ӨСС»- бул Туркияда жогоку окуу жайларда бюджеттик негизде окуу үчүн кирүү сынагы) Мен сынакта абдан кыйналдым. Сынакты бир аз даштап коюп, башка нерселерди ойлодум. Мисалы: сынактан өтпөсөм эмне болот деген суроо оюма келди. Ошол замат сынактан өтүп, анан жакшы бир университетте окугум келди. Котормочу болсом, үй-бүлөмө жардам берсем, алардын каалаган нерселерин алсам, буюрса тилектеримди ишке ашырсам, көп акчам болот деп ойлодум. Сынак бүттү, азыр университетте окуп жатам. Максатыма жетиш үчүн дагы көп иштешим керек. (Селва Камбур)

II. Сүрөткө байланыштуу макалдарды сунуштоо аркылуу кеп өстүрүү;

Окутуучу сүйлөшүүгө жем таштоо үчүн атайын макал-лакаптарды сунуштайт. Окуучулар берилген макалдарды чечмелөө аркылуу сүрөттүн мазмунуна байланыштуу макалды тандап алышат. Окутуучу макалдардын маанисин чечмелөө үчүн сөздөрдү сунуш кылса, окуучу үчүн жеңил болот жана окуучунун оозеки кебинин «түшүмдүүлүгү» жогорулайт.



Жогорудагы сүрөттөргө байланыштуу *“Берекенин баары айылда”, “Айыл эли - бир эл, бир журт”, “Ааламга жол айылдан башталат”* жана башка ушул сыяктуу темаларды сунуштоого болот. Бул темалардын негизинде окуучу ички оюн, ой жүгүртүүсүн, айылга болгон көз карашын түшүндүргөнгө аракет кылат. Же болбосо ушул эле сүрөткө маниси жагынан жакын келген бир нече макалдарды сунуштоо да ылайыктуу. Маселен: *“Жаз жарыш – күз күрөш”, “Аракетке – берекет”, “Кыштын камын жазда көр”, “Ырыс алды ынтымак”, “Эмгек эрезеге жеткирет”*. Бул макалдардын маанисин чечмелөө менен бирге сүрөткө кайсы макалдын маниси жакын келерин табышат. Макалдарды жаттап калуу мүмкүнчүлүгү пайда болот жана оозеки кепте колдонууга шарт түзүлөт.

III. Тест түрүндө түзүлгөн тапшырмалар аркылуу сүрөт менен иштөө;

Чет элдик студенттерге тил үйрөтүү менен биз кыргыз элинин маданиятын, тарыхын, каада-салтын, улуттук оюндарын да үйрөтөбүз. Улуттук оюндардын атын эсинде сактап калуу максатында төмөнкүдөй тест түрүндөгү суроолорду берүүгө болот. Сүрөт боюнча суроо түзүп, суроонун жообун тест түрүндө сунуш кылып, сунуш кылынган жооптор адаттагы тесттер сыяктуу 1 туура жооп эмес, суроонун 2–3 туура жообун сунуштайбыз.

1. Сүрөттөгү улуттук оюндун аты эмне?

А) *Улак тартыш.* Б) *Кыз куумай.*

В) *Ат чабыш.* Г) *Көк бөрү.*

Тесттин жардамы менен сүрөттөгү оюндун аталышынын варианттарын туура табуу менен ал оюндун аттары эсте калат жана кыргыз элинин мындан башка улуттук оюндарынын атын үйрөнөт. Муну менен кыргыз элинде эзелтеден бери ойнолуп келген улуттук оюндардын атын үйрөтүүгө жетишебиз.

2. Бул оюнга кандай жигиттер катыша алат?

А) *шамдагай* Б) *күчтүү*

В) *копол* Г) кең далылуу.

Бул суроодо да жогоруда көрсөтүлгөн принцип сакталат. Бирок жогоруда зат атооч сөздөр берилсе, 2 суроодо сын атооч сөздөр берилди.

3. Бул оюнду кантип ойношот?

А) алып кач- Б) сууруп ал-

В) талаш- Г) теп-

Өзүңүздөр көрүп тургандай эле биринчи суроонун жообу зат атооч, экинчи суроонун жообу сын атооч, үчүнчү суроонун жообу этиш сөздөр болду.

Мындан окуучуларга оюндардын атын атоого, оюнга катышкандардын мүнөзүн сыпаттоого, ал оюндарда аткарыла турган кыймыл-аракеттерди үйрөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Жыйынтыгында кыргыз тилин чет тил катары окутууда окуучунун сүйлөө жана сүйлөшүү кебин өстүрүү үчүн коммуникативдүү көнүгүү-тапшырмалар, кырдаалдык суроолор, дидактикалык оюндар, көрсөтмөлүү сүрөттөр жана сүрөттүү тапшырмалар сунушталса, максатка жетүүнүн ыңгайлуу жолу деп эсептейбиз.

Адабияттар

1. Тил көнүрө: Кыргыз тили чет элдиктер үчүн: Окуу китеби / З.Дербишева, С.Досоева, З.Мажитова. - Б., 2005.154 б.

2. Давыдов В. В. Теория развивающего обучения. - М.: ИНТОР, 1996. -544 с.

УДК: 811.512.154:37.09.3

С. Ибрагимова
Бишкек медициналык колледжинин
Мамлекеттик тил боюнча методисти

Ж.БАЛАСАГЫН БАЛАГА БЕРГЕН ТАРБИЯ ЖӨНҮНДӨ

Ж. БАЛАСАГЫН О ВОСПИТАНИЯ РЕБЕНКА

ABOUT CHILDREN EDUCATION BY JUSUP BALASAGYN

Аннотация: *Макала Орто кылымдардан биздин доорго жеткен Ж.Баласагындын "Кут даарытар билим" (Кутадгу Билиг) дастанындагы таалим-тарбия, айрыкча жаш баланы тарбиялоонун мааниси, келечеги жөнүндө айткандарын чечмелөөгө арналган.*

Түйүндүү сөздөр: *түрктөр, улуттар жана карапайым эл, лакаптар, бала жана тарбия, сүйлөө өнөрү.*

Аннотация: *Статья посвящена знаменательному труду Средневековья Ж. Баласагына "Благодатное Знание" (Кутадгу Билиг) и интерпретации высказываний мыслителя о воспитании детей в семье.*

Ключевые слова: *Тюрки, "верхи и низы", пословицы, ребенок и воспитание, умение говорить.*

Abstract: *The article is devoted to Jusup Balasagyn's work "Kutadgu Bilig" and interpretation of philosopher's sayings about children education in the family.*

Key words: *Turkic people, nations and simple people, proverbs, child and education, speech art.*

Ж.Баласагындын «Кутадгу билиг» дастаны мындан миң жыл мурун жазылса дагы андагы айтылган ойлору, акыл-насааттары, керек болсо ой жүгүртүүлөрү, сунуштары аркылуу адамзат коомунун, анын ичинде түрк элдеринин өнүгө баштаган мезгилинен кабар берген өчпөс шам катары бааласак болчудай. Орто кылымдагы доордо (X–XV кылымдар) Чыгыш калкынын кайсы элдери өздөрү жөнүндөгү маалыматты кайсы жол менен дүйнөгө тарата алды экен? Албетте Кытай, Индия сыяктуу тектүү жана даңазалуу элдердин дареги тийиштүү окуялар аркылуу ааламга угулуп тургандыгы тарыхта белгилүү. Алар көбүнчө жаңы жер ачылыштар, ааламды каптаган жаратылыш кырсыктары, диндердин таралышы, экономикалык жана маданий байланыштар, жеке саякатчылардын «жаңы жерлерди» ачышы сыяктуу толуп жаткан окуялар, фактылар менен угулуп же айтылып отурган болуу керек. Бирок биздин оюбузча түрк элдери, түрк тектүү көчмөн же жер которуп жүргөн «бейтааныш» элдер жөнүндө ааламга даңаза кылган же кабар берген дал ушул Жусуп Баласагындын «Кут даарытар билим» деген дастаны болгондугун бүгүн илимий коомчулук моюнга алып, тийиштүү баасын берип, маанисин ачып жаткандыгыбыз жалган эмес.

Орто кылымдардагы түрк элдери, анын ичинде кыргыздар жөнүндө бир нече тарыхый, географиялык, тилдик, этнографиялык маалыматтар бар экендигин тана албайбыз. Маселен В.В.Бартольд, И.М.Семенов-Тяншанский, С.Е.Малов, Н.М.Прежевальский, Ч.Валиханов сыяктуу 19-кылымдын окумуштуулары-нын эмгектери эле Кыргыз таануу илиминин калыптанышына баа жеткис салым кошконун бүгүн эскерте кетүүнүн кезеги келип турат. Ж.Баласагындын биз сөз кылып жаткан эмгеги өзгөчө маанидеги окуя. Аны биз, улуу бабабыздын бүгүнкү муундары, өзүбүздүн өткөн доорубуздан кабар берген улуу көркөм, жазма чыгарма деп билишибиз кажет. Бабабыз өзү айткандай түрк элдери дагы Борбордук Азиянын чексиз чөлкөмүндө көчүп-отурукташып жүргөн, жалпысынан «**түрктөр»** деген аталыш менен тааныл-ып келген элдерден экенбиз. Дастандын текстиндеги маалыматтарга караганда биздин бабаларыбыздын доорунда дагы элдин, журттун бирикмеси, тобу, уруусу жана буларга байланышкан алардын башкаруучусу, мырзасы, башчысы, кулдары, карапайым эли, элди башкарып, алардын жүрүш-турушун жөнгө салган башчылары, аксакалдары же азыркыча айткандай «ак-сөөктөрү» болгондугу дастанда катышкан каармандардын өз ара мамилесинен байкалып турат. Мындай улуу даражалуу адамдары бар, аларга кызмат кылган «чабармандары» бир коомдо, ар түрдүү маселе чечүүдө даража, улуу-кичүү, бай-

кедей, малчы-жылкычы, жер ээлери сыяктуу толуп жаткан социалдык чөйрөнүн өкүлдөрү болгонун дастандын мазмунунан байкап турабыз. Демек, ошондо эле улуу-кичүү, ата-бала, эне-кыз, башчы-аткаруучу сыяктуу өз ара мамилелер дайыма болуп келгендиги «көрүнүп» турат.

Элдин катарында болуу, ата-эненин эмгегин актоо, башка катмарга кайрымдуу, элпек, жоопкер болуу сыяктуу күнүмдүк жана түбөлүктүү талаптар эзелтен бери эле айтылып, кайталанып, жарыяланып келген экен. Мындай түшүнүктө бабалардын дастанындагы уул жана кыз балага карата айтылган тарбия-таалим, анын башталышы менен жүрүшү жана акыбети жөнүндө айтылган саптардын төмөнкү тексттерине эле көңүл буруунун маанисине токтолдук.

1219 Тарбиясы катуу болсо баланын,
Жүзү жарык эне менен атанын.
1220 Бекем кармап балаңды башкарбасаң,
Андан түңүл, баш бербей арган кетет.
1223 Эрке болсо кимдин уул кыздары,
Азабың жеп анык жүрөк сыздары.
1224 Бармактайдан кетсе бала ээн баш,
Балада эмес, бул күнөөдө ата баш.
1225 Жаман жорук чыкса эгер баладан,
Анын баары болгон болот атадан.
1227 Ата экенсиң катуу болгуң уулуңа,
Күлкү болбой, шылдың болбой **сонгуга.**
1228 Уул кызга үйрөт нуска, билимди,
Нарктуу болсун сыпаа-сылык, күйүмдүү ж.б.

Айтылган сөздөр кадимки эле азыркы кыргыз макал-лакаптарын эске салат. Бирок макалга берген аныктамаларда анын көп учурда белгилүү бир түйүндүү пикирди айтып, кыска-кыска, кээде уйкалышып сүйлөнө турган болсо, **лакап** көбүнчө сөздүн сырткы сулуу кооздугуна карап, бир нерсени таалим катарында калтыруу үчүн айтылат же, бабабыздын айткандарын бизге калтырган акыл-насыят же учкул сөздөр десек болот. Алардын айтылышы эле көкүрөктү ээлеп, жаттап алууга ыңгайлуу, уйкаш сөздөр жана сөз айкаштары, сүйлөмдөргө жык толгон.

(3,24) Жусуп Баласагындын дастанындагы жыйынтыктар, үзүндүлөр бир эле учурда макалга, көпчүлүк учурда **лакапка** окшоп кетет.(1) Анын үстүнө орто кылымда жазылган Улуу дастан улуу бабабыздын өз доорунун жүрүм-турумуна, күндөлүк жашоосуна негизделип, кийинки муундарга багышталып айтылган ар бир ой жүгүртүүсү, бизге бүгүнкү муундарга лакап болуп кала берүүсүнө эч ким шек келтирбесе керек.

Уул мекендин сактоочусу, ата-эненин келечекке карата таянган тоосу, кыз үй-бүлөнүн абийири, асыл сапаттардын алып жүрүүчүсү. Ошондуктан аларга берген тарбияга олуттуу маани берип, келечегине жаштайынан кам көрүү абзел. Бирок бала дагы жаштайынан баштап өзүн сергек кармап, кайда, кайсы жерде кантип сүйлөш керек, өзүн улуу-кичүүнүн алдында кандай кармап, кандай сезүү керек.

Бабабыз айрыкча эл алдында сөз сүйлөөнүн тартиби, мааниси, сөздөрдү колдонуунун жол-жобосун алдыбызга тарткансып турат. Бүгүнкү көз караш менен баалап келгенде кадимки эле сүйлөө маданиятына тарбиялап жаткандай.

Күндөлүк турмушта сүйлөгөн сөзүбүз башка угуучуга кандай жетет, кандай таасир берет жана угуучу сөзүбүздү кандай мааниде кабыл алды, буларга маани бербейбиз. Көрсө айтылган сөздүн жаңырышын; тийгизген таасирин жана аларга жараша жообун, таасирин, жыйынтыгын кулагыбыз менен угуп же экинчи жактын кыймылын, көз карашын угуп-көрө алышыбыз күтүлөт турбайбы. Сүйлөп жаткан мезгилде ичибиздеги ниет, бере турган түз, тескери, какшык маанилер кошо кетип жатпайбы.... Ошого жараша жооп күтүлө тургандыгы жашырын эмес го. Ошондуктан

167 Сөзүң байка ал башыңа жетпесин,
Тилиң байка, тишиң сынып кетпесин.

Бабабыз башынан өткөн үчүн бизге эскертип жатат.

163 Тил келтирет бакыт-таалай, даңкыңды,
Тил кор кылып, алат алтын башыңды.

Адам коому күндөлүк иш-аракет, жашоо тиричилигине байланышкан учурлар, зарылдыктар, муктаждыктар кимдер менен гана бизди жолуктурбайт. Ал эми алдында турган адам ким, кандай мансабы бар, ойлогон же каалаган максат-милдети бетинде көрүнүп турбайт. Балким өз убагында , айрым жагдайда үн кошпой коюу да туура болуп жүрбөсүн:

171 Көп сүйлөгөндөн артык пайда таппадым,
Сүйлөбөй да көп болбоду тапканым.
169 Эсендикти сен тилесең өзүңө,
Тилиңди тый, сак болгунуң сөзүңө.

Көпчүлүктө улуу кичүү катышкан жерде, мейли тели-теңтуштардын арасында сүйлөгөндөн уккан жакшы дейт улуу муундун өкүлдөрү. Нуска, осуят сөздөр жаштар үчүн айтылат. Алар көпчүлүк айткан мындай эреже, нускоону көкүрөккө тутуп, жашоодо эреже катары ала жана колдоно жүрүшү керек. Кезексиз сүйлөп, орунсуз ой айтып, ортону бузгандар болгон жана алар бул кылыгы үчүн тийиштүү жоопторду алган. Дал ушундай жагдайлар эске түшүп:

176 Тилди тыйса аман болот алтын баш,
Аз сүйлөсө узун болот алтын баш

деп чыгармада бизге эскертүү берилип жатат. Күндөлүк гана эмес, узак өмүр өткөрүү үчүн, эл ичинде тийиштүү кадыр-баркы болуп, узак жашоо үчүн:

162 Акыл, билим көпүрөсү кызыл тил,
Таамай сөздөр жан жыргатат муну бил
жана дагы:

2478 Таза көңүл, элпек жанга кут конот,
Өңү, сөзү жылууга эл топтолот.

Көрүнүп тургандай Жусуп Баласагын бабабыздын миң жыл мурун жазылган «Кут даарытар билим» дастаны күнү бүгүнкүдөй бизге таасир берип, туура жолго багыштап келет. Себеби:

190 Ата сөзү балага мурас болот,
Мурасты сен сактасаң оомат конот.

Адабияттар

1. Жусуп Баласагын Кут даарытар билим (Кутадгу билиг) Avrasia vasnrasi. -Б.,2008.

2. Жусуп Баласагын. Куттуу билим. -Б., 2015.

3. Закиров С. «Кыргыз элинин макал, лакаптары». -Ф.: Мектеп, 1972.

4. Гапаров С. Кыргыз макал, лакаптарынын синтаксистик түзүлүшү. -Ф.,1979.

5. Ибрагимов М. (жыйнаган) Кыргыз макал-ылакап, учкул сөздөрү. -Карабалта, 2005.

УДК: 37:378:378.978

Джумагулова Г. А. *– п.и.к., доц. м.а.*
К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети
E-mail: gulnura.dzhumagulova@mail.ru

БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮНҮН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК КОМПОНЕНТИ

ТВОРЧЕСКИЙ КОМПОНЕНТ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ

CREATIVE COMPONENT OF PROFESSIONAL COMPETENCE OF FUTURE TEACHERS

Аннотация: *Макалада болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн педагогикалык чыгармачылыгы каралган. Чыгармачылык компонент болочок мугалимдердин педагогикалык милдеттерди чечүүдө стандарттан тышкаркы чечимдерди таба билүүсү жана шык-жөндөмдүүлүгүнөн көрүнөт.*

Түйүндүү сөздөр: *компетенттүүлүк, кесиптик компетенттүүлүк, чыгармачылык, педагогикалык чыгармачылык, окутуу процесси, болочок мугалим.*

Аннотация: *В данной статье рассматривается педагогическое творчество профессиональной компетентности будущих учителей. Творческий компонент проявляется в способности и умении будущего учителя находить нестандартные решения педагогических задач.*

Ключевые слова: *компетентность, профессиональная компетентность, творчество, педагогическое творчество, процесс обучения, будущий учитель.*

Annotation: *in this article are considered pedagogical creativity of professional competence of future teachers. The creative component is shown in ability and ability of future teacher to find non-standard solutions of pedagogical tasks.*

Keywords: *competence, professional competence, creativity, pedagogical creativity, training process, future teacher.*

Чыгармачылык компонент болочок мугалимдердин педагогикалык милдеттерди чечүүдө стандарттан тышкаркы чечимдерди таба билүүсү жана жөндөмдүүлүгүнөн көрүнөт. Педагогикалык ишмердикти ийгиликтүү ишке ашыруунун негизинде чыгармачылык жатат.

Болочок мугалимдердин чыгармачыл (креативдүү) жөндөмү, кесиптик компетенттүүлүгү тууралуу айтуунун кереги жок. Конкреттүү тема боюнча бир эле сабак ар түрдүү параллелдерде, класстарда же окуу топторунда бирдей өтпөйт. Окуучулардын индивидуалдуулугу, алардын даярдыгынын деңгээли, маалыматты жана жаңы билимди кабыл алуудагы кыйынчылыктар мугалимди окуу процессинин жүрүшүнө жана окуучулар менен өз ара мамилелердин системасына ыңгайлашууга мажбурлайт.

Ошондуктан мугалим дайыма натыйжалуу каражаттар жана көп учурда капыстан, күтүлбөстөн пайда болуучу проблемалуу кырдаалдарды чечүүнүн жолдорун чыгармачылык менен издөөгө милдеттүү. Эгер мугалим көптөгөн белгисиз нерселерге байланыштуу тапшырмаларды чече албаса, ал туңгуюкка кабылат, бул өзүнүн даяр эместигин сезген сезимдерге, ал тургай педагогикалык ишмердиктен кетүүгө алып келет.

Педагогикалык ишмердикте чыгармачылыктын бир нече түрлөрү бар: дидактикалык чыгармачылык – бул окуу материалдарын ылгап алуунун ар түрдүү ыкмаларын ойлоп табуу жана структуралаштыруу, аны берүүнүн методдору, окуучулардын өздөштүрүүсү боюнча окутуу тармагындагы ишмердик; технологиялык чыгармачылык, педагогикалык технология жана долбоорлоштуруу тармагындагы ишмердик, бул окуучуларды окутуу жана тарбиялоодо натыйжалуулукту жогорулатууга түрткү берүүчү жаңы педсистема, педпроцесстерди жана окуу педкырдаалдарын издөөнү; чөйрө, мугалим менен окуучунун өз ара мамилелерине жараша пландаштыруунун, көзөмөлдүн жаңы ыкмаларын түзүүдө, күчтөрдү жайгаштырууда, ресурстарды мобилизациялоо боюнча башкаруу жана уюштуруу тармагындагы чыгармачылык.

Педагогикалык чыгармачылык жогорку кесиптик-педагогикалык компетенттүүлүккө таянган учурда натыйжалуу болот. Окутуу жана тарбиялоонун объективдүү жаңы технологиясын түзүүчү мугалимдер өтө аз, бирок ар бир сабак, практикалык сабак белгилүү методдорду жана методиканы ийгиликтүү айкалыштырса анда, тиги же бул деңгээлде чыгармачылыктын натыйжасы болуп саналат. Белгилүү элементтерден жаңы система түзүү – бул чыгармачылык. Ар бир сабактын курулушу жана өтүлүшү чыгармачылык мамилени талап кылат, анткени сабак – бул дайыма топтун ар кандай социалдык-психологиялык абалы, ар кандай индивидуалдуулук жана албетте, сабакты өтүүнүн ар түрдүү схемасы, окутуунун ар кандай методдору.

Педагогикалык ишмердик, башкалар сыяктуу эле сандык эле эмес, сапаттык мүнөзгө ээ. Педагогикалык эмгектин мазмуну жана аны уюштуруу мугалимдин коюлган максаттарга жетүүдө өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруусунун даражасын чагылдыруучу өзүнүн ишмердигине чыгармачыл мамилесинин деңгээлин аныктоо менен гана туура баалоого болот. Ошондуктан педагогикалык ишмердиктин чыгармачыл мүнөзү анын объективдүү мүнөзүнүн маанилүү элементи болуп саналат.

Бул педагогикалык кырдаалдардын көп түрдүүлүгү, бир тараптуу эместиги, анализге вариативдүү мамилени жана андан келип чыккан милдетти чечүүнү талап кыла тургандыгы менен шартталат. Педагогикалык ишмердик – үзгүлтүксүз чыгармачылык процесс. Бирок башка тармактардагы чыгармачылыктан (илим, техника, искусство) мугалимдин чыгармачылыгы социалдык баалуу жаңыны, оригиналдууну түзүүнү максат кылат, анын натыйжасы дайыма инсанды өнүктүрүү болуп кала берет. Албетте, чыгармачылык менен иштеген мугалим, мугалим-новатор өзүнүн педагогикалык системасын түзөт, бирок ал берилген шартта мыкты натыйжа алуунун каражаты гана болот.

В.В.Краевскийдин пикири боюнча мугалимдин чыгармачыл ишмердиги негизги эки формада ишке ашат: белгилүү каражаттарды педагогикалык кырдаалдардагы билим берүү процессинде келип чыккандар менен жаңыча айкалыштыруу жана мугалим мурда ээ болгон аналогиялуу кырдаалдарга карата жаңы каражаттарды иштеп чыгуу [1].

Чыгармачылык педагогикалык процесс өзүнүн биринчи стадиясында жаңы байланыш жана комбинацияларды, мурда белгилүү, атайын методиканын негизинде ишке ашырылган түшүнүк жана кубулуштарды калыпка салууну көрсөтөт. Аны ишке ашыруунун оптималдуу жолдорун алгоритм аркылуу же чечимди жеңил чечүү үчүн, эрежелердин эвристикалык системасын аныктоого болот. Педагогикалык ишмердикке бул ишмердиктин чечимин кошуп жазуу – мугалимдин ишине илимий негизделген жетекчилик зарыл. Бул кошуп жазууну аткаруу (эгер ал догма эмес, жетекчилик катары колдонулса) мугалим үчүн чыныгы чыгармачылык мейкиндикти ачып берет.

Азыркы адабиятта педагогикалык чыгармачылык өзгөрүлмөлүү шарттардагы педагогикалык милдеттерди чечүү процесси катары түшүндүрүлөт. Типтүү жана стандарттуу эмес көптөгөн милдеттерди чечүүгө кайрылуу менен мугалим башка изилдөөчү сыяктуу өзүнүн ишмердигин эвристикалык изденүүнүн жалпы эрежелерине ылайык курат: педагогикалык кырдаалды анализдөө; келип чыккан маалыматтарга ылайык жыйынтыкты долбоорлоо; жыйынтыкты болжолдоо жана жетишүү үчүн зарыл каражаттарды анализдөө; алынган маалыматтарды баалоо; жаңы милдеттерди белгилеп жазуу.

Е.Ш.Нусубалиеванын пикиринде «коммуникациялык компетенттүүлүк – баарынан мурда, болочок мугалимдин педагогикалык баарлашуу милдеттерин чечүү үчүн кеп каражаттарын максаттуу пайдалануу жолдору жөнүндө билиши» [4].

Албетте, чыгармачыл педагогикалык ишмердиктин тажрыйбасы – ойдун пайда болушу, аны иштеп чыгуу жана идеяга айлантуу (гипотеза), ой менен идеяны ишке ашыруунун ыкмаларын табуу – педагогикалык ишмердикти чагылдыруучу атайын тандалган милдеттерди чечүү боюнча системалык көнүгүүлөрдөн жана болочок мугалимдердин окуу жана реалдуу кесипке багытталган ишмердигин уюштурууда өздөштүрүлөт.

Көп учурда мугалимдин чыгармачылыгы пайда болгон тармак, аны педагогикалык милдеттерди стандарттуу эмес, оригиналдуу чечүүгө алып келүү менен тарый берет. Ошол эле учурда мугалимдин чыгармачылыгы педагогикалык ишмердиктин негизи жана өзгөчөлөнгөн фон катары көрүнгөн коммуникативдик милдеттерди чечүүдө да аз эмес көрүнөт.

В.А.Кан-Калик, мугалимдин чыгармачыл ишмердиги менен катар логикалык-педагогикалык жана субъективдүү-эмоционалдык аспектисин бөлүп көрсөтүү менен мугалимдин ишмердигиндеги коммуникативдик чыгармачылыкты белгилейт (жаңы коммуникативдик милдеттерди издөө жана табуу, окуучулардын сабак учурундагы инсан аралык өз ара мамилелериндеги жаңы каражаттарды мобилизациялоо, окуучулардын топтук ишинде жаңы форманы түзүү ж.б.) [2].

Мугалимдин ишмердигиндеги чыгармачылык ар кандай деңгээлдер менен мүнөздөлөт. В.А.Кан-Калик педагогикалык чыгармачылыктын төмөнкүдөй деңгээлдерин бөлүп көрсөткөн [3].

Класс менен өз ара мамилелешүүнүн элементардык деңгээли: мугалим кайтарым байланышты колдонот, анын жыйынтыктары боюнча өзүнүн таасирлерин оңдоп түзөйт, бирок ал «методика боюнча», «шаблон боюнча», башка мугалимдердин тажрыйбасы боюнча аракеттенет.

Мугалимдин мурда тааныш окутуунун методдорунун жана формаларынын мазмуну туура тандалып жана максаттуу айкалышканда пайда болгон чыгармачылык учурдагы сабактагы ишмердикти пландаштыруудан тартып оптимизациялоонун деңгээли.

Эвристикалык, мугалим окуучулар менен жандуу карым-катнаштын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн колдонгон учурда.

Мугалимдин чыгармачылыгынын жогорку деңгээли анын толук өз алдынчалуулугу, даяр ыкмаларды колдонуусу, бирок инсандык башаттарын кошуусу менен мүнөздөлөт, ошондуктан алар анын чыгармачыл индивидуалдуулугуна, тарбияланууучунун инсандык өзгөчөлүгүнө, класстын өнүгүүсүнүн конкреттүү деңгээлине ылайык келет.

Мына ошентип педагогикалык чыгармачылык өзүнөн-өзү – бул мурда жыйналгандарды (адаптация, репродукция, билим жана тажрыйбаны кайра жаратуу) өздөштүрүүдөн тартып, өзгөрүүгө, бар тажрыйбаны кайра курууга чейинки процесс. Педагогикалык кырдаалга ыңгайлашуудан тартып, аны кайра курууга чейин мугалимдин чыгармачылыгынын динамикасынын мазмунун түзөт. Болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн чыгармачылык компонентинин мазмуну жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү жана ар бир педагогикалык милдетти чечүү үчүн, ар бир педагогикалык кырдаалдарда стандарттуу эмес чечимдерди табуу билгичтиктерин калыптандыруудан турат.

Литература

1. Краевский, В.В. Общие основы педагогики [Текст] / В.В.Краевский. – 2-е изд. испр. – М., 2005. – 257 с.

2. Кан-Калик, В.А. К разработке теории общего и профессионального развития личности специалиста в вузе [Текст] / В.А.Кан-Калик // Формирование личности специалиста в вузе. Сборник научных трудов. – Грозный, 1980. – С. 5-13.

3. Кан-Калик, В.А. Учителю о педагогическом общении [Текст]: книга для учителя / В.А.Кан-Калик. – М.: Просвещение, 1987. – 190 с.

4. Нусубалиева, Е.Ш. Формирование межкультурной коммуникационной компетентности у студентов в условиях педагогического вуза [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук / Е.Ш.Нусубалиева. – Б., 2005. – 23 с.

УДК.82:398-378,811512,152

Ибраимова Ж.Т.
КМЮАнын ага окутуучусу

МАКАЛ-ЫЛАКАПТАРДЫН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ ЖАНА ТААСИРИ

ЗНАЧЕНИЕ ПОСЛОВИЦ И ПОГОВОРОК И ИХ ВЛИЯНИЕ НА ВОСПИТАНИЕ

THE MEANING OF PROVERBS AND ITS INFLUENCE TO THE UPBRINGING

Аннотация: *Бул макалада макал-ылакаптардын тарбиялык мааниси, ролу жана таасири тууралуу айтылат.*

Түйүндүү сөздөр*: таалим-тарбия, идея, көркөм, маанилүү, акыл-насаат*

Аннотация: *В этой статье раскрывается значение пословиц и поговорок и их влияние на воспитание.*

Ключевые слова*: Воспитание, идея, художественное, содержательное, нравоучение*

Annotation: *This article deals with the meaning of proverbs and sayings and its influence to the upbringing.*

Key words: *upbringing, idea, literary, content moral studying*

Башка айрым элдердин макал-ылакаптарындай эле кыргыз элинин макал-ылакаптары дагы мазмунга, формасы жагынан ар түрдүү көркөмдүүлүккө , элестүүлүккө өтө бай. Мына ушундай терең мазмундуулукка, турмушту таанууну, таалим-тарбия берүүдөгү маанисине жана көркөм формасынын жеткиликтүүлүгүнө карап, макал-ылакаптарды элдик поэзиянын, элдик акыл ойдун чалкып жаткан деңизи деп тайманбай эле атап койсок болот. Адатта, макал-ылакаптарды эл эң жогору баалоо менен аларды “сөздүн гүлү”, “сөздүн бермети” деп коюшат. Көркөм формасынын жеткиликтүүлүгү, кыскалыгы, элестетүүлүгү, таамай жана тактыгы, жаттап алууга жеңилдиги каралат. Ошондой эле эң негизгиси – турмушту таанытуучу, жалпылоочу, акыл, насыят, таалим-тарбия берүүчү күчү, терең мазмуну, идеясы үчүн оозеки чыгармалардын ичинен макал-ылакаптарды угуучулар, окуучулар, студенттер, жаштар өтө жогору баалашат. Макал-ылакаптарда олку-солку, талаш-тартыш, бүдөмүк ой-пикирлер айтылбайт. Аларда турмуштук тажрыйбалардын негизинде келип чыккан, такталган кыскача, кескин, ачык түрдөгү корутунду, жыйынтыктар берилет. Булар – нагыз турмуштук тажрыйбанын, кыраакылык менен байкоонун негизинде келип чыккан жыйынтык жана корутунду болуп эсептелет. Адатта макал-ылакаптарды эл турмушунун, адам оюнун, ээсинин энциклопедиясы деп коюшат. Жалаң эле бизде, кыргыз элибизде эле эмес, башка элдерде да макал-ылакаптарды терең мазмунуна, таалим-тарбиялык ролуна, көркөмдүк касиеттерине эң жогорку баалар берилет. Макал-ылакаптарда өмүр жана өлүм, адилеттик жана адилетсиздик, чындык жана жалгандык, адамдардын мыкты жана начар сапаттары, кыял-жоруктары, ачык, айкын чагылдырылып келген. Ошондой эле башка ар түрдүү тема, акыл, насыят ирээтиндеги ой-пикирлер, байкоолор жана жалпылоолор да кеңири чагылдырылат. Көркөм формасы боюнча кыска, таамай элестүү, так, көпчүлүгү афоризмдерге, учкул сөздөргө жакын турган макал-ылакаптар адамдын сүйлөө кебинде колдонууга, пайдалануууга өтө ыңгайлуу келишет. Сүйлөө кебинде колдонууга анын жанр катарында бөтөнчөлүктөрү, ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрү айрым жанрларга салыштырганда артыкчылыктары арбын.

«Буттан мүдүрүлгөн турат, тилден мүдүрүлгөн турбайт». Кыргызда «ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө», «бура сүйлөгөн күлгөнгө жакшы», ойлобой сүйлөгөн айыкпас ооруга чалдыгат» – сымал макалдардын маани-жайы бирдей. Анткени сөз кыйын, чагып коет, чагымды пайда кылат. Сөз куну устарадай ойду алып түшөт. Илгертен эле сөздү угууга, сүйлөөгө татымдуу айтууга мыкты болуучу. Жакшы сөз – жан эритээрин, жаман сөз жан кейитээрин, кээлери сөз билгилиги үчүн сый-урмат көрөөрүн, «сыйга сый, сыр аякка бал ичээрин» баалап келишкен. Көңүл калды сөздөн адамдар канчалык асылкеч болсо да, бири-бири менен катышпай калат. Себеп-сөзүнөн кетирди, таалуу жерине батыра, жеткире сөз айтып койгодуктан көңүл калып калат. Ошондуктан адамдан көңүлү гүл деп бекер салыштырышпайт. Макалдардын тарбиялык мааниси өтө чоң жана өзүнчө эле чоң философиялык мектеп.

Көркөмдүк бөтөнчөлүктөрүнө байланыштуу өзүнүн сүйлөө кебинде тигил же бул деңгээлде макал-ылакаптарды аралаштыра сүйлөбөгөн кыргызды турмушта сейрек кездештиребиз. Негизги ой, мазмунду

тереңдетүү, элестүү кылуу максатында улуу окумуштуулар, жазуучулар, ар түрдүү коомдук-саясий ишмерлер да макал-ылакаптарды өз эмгектеринде ыгы, орду менен чебер пайдалана билишкен.

Дүйнөдө турмушка карата болгон элдик көз караштар, коомдук, социалдык мамиле, байланыштар, карама-каршылыктар, тарыхый, этнографиялык жагдайлар, мындан башка да толгон-токой мазмун, темалар макал-ылакаптарда таасын көркөм ыкмада чагылдырылган.

Макал-ылакаптарда эчактан бери эмгек темасы эң орчундуу, маанилүү темалардан болуп келген. Себеби эмгек, тиричилик, турмуш жашоонун негизин, маңызын түзөөрүн ар бир эл турмуштук тажрыйбадан ачык байкашкан. Ушул эле мазмундагы, темадагы кыргыз элибиздин макал-ылакаптары өтө көп: Күзүндө чыгынбаган, Кышында жылынбайт. Байлыктын атасы-эмгек, энеси – жер. Кышта көрсөң камылга, келээрки күздө табылга. Мээнетиң катуу болсо, татканың таттуу болот. Эл дөөлөтү – эмгек, эмгек – баарын жеңмек.

Булар эмгекке байланыштуу күндөлүк тажрыйбадан келип чыккан так, таамай байкоолор. Эмгекке арналган көп макалдар үлгү, насаат мүнөзүндө айтылуу менен мазмунун, тыянактарын үндөө, чакырык түрүндө бүтүшөт. Эмгекке байланыштуу келип чыккан макал-ылакаптарда темасы, мазмуну жактарынан жогорку мисалдарда келтирилген.

Мазмуну, идеясы боюнча нукура залкар ойлор, чыныгы патриотизмге, эң сонун асыл сапаттарга тарбиялаган акыл-насааттар эл журт, Ата Мекен темасындагы макал-ылакаптар кыргыз элибизде өзгөчө орду, максаты бар идеяларга бай, өтө көп кездешет. Ар бир адамдардын киндик каны тамып төрөлгөн өз жери баарынан жогору бааланат:

Элин сагынбас эр болбойт, үйүрүн сагынбас ат болбойт. Боло турган азамат, болоттон кылыч байланат. Эр энеден туулат, эл үчүн өлөт. Туулган жердин топурагы алтын.

Ошентип, туулган жердин, бир тууган элдин бийиктиги, ыйыктыгы андан жогору турган нерсенин эч качан болбостугу жөнүндөгү идея, мазмунду берген макалдарды жогоруда белгилеп өттүк. Бул сыяктуу макал ылакаптарды том кылып жазса болот, анткени кыргыз эли макал ылакаптарга ушунчалык бай экендигин жакшы билебиз. Алардын ар бири өзүнчө терең философияга ээ жана тарбиялык мааниси өтө күчтүү. Студенттерге кыргыз тил сабагын өтүүдө сөзсүз макал ылакаптарды колдонуп, айрымдарын жатка айттырып, маанисин терең түшүндүрүп үйрөтүү окутуучунун милдети, бул эч качан ашык болбойт. Кыргыз тилин үйрөтүүдө макалдардын маниси чоң. Бекеринен ушул күнгө чейин ооздон-оозго өтүп сакталып келбеген чыгаар.

Өзгөчө мен эпостук чыгармаларды белгилеп кетким келет. Ал чыгармаларда эсте калаарлык курч сюжеттүү окуялар, орчундуу орунга ээ болгон баяндоолор, кызыктуу эпизоддор айрым макал-ылакаптардын пайда болушуна түрткү болушкан. Эпосторду санап өтсөк: “Курманбек”, “Жаныш-Байыш”, “Эр-Төштүк”, “Жаңыл-Мырза”, Эр-Табылды”, “Манас” эпосторун айтабыз. Ошондо кыргыз элибизге таанылган эпостордун алкы, эң чоңу деп “Манас”, “Семетей”, “Сейтек” үчилтигин алып карайбыз. Бул эпос биздин тарыхыбызды, үрп-адаттарыбызды, жашоо мыйзамдарыбызды баарын ушул эпостон алып, үйрөнүп, окуп, андан ары да бизден кийинки урпактарга өткөрүп беребиз. Жер жүзүндө кыргыз жашап турганда “Манас” эпосубуз ыр болуп ырдалат, сырлары да эч качан бүтпөйт. Канчалык тереңдеп окуган сайын, түшүнгөн сайын “Манас” эпосу көп нерсеге үйрөтөт жана алга сүрөйт. “Бөлүнсөң бөөрү жеп кетет , бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет”, - деп Бакай атабыз Чубакка айткан. Эл журтту бириктирген, үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган. Баардык күчүн ынтымак болсун, достук болсун деп жумшаган. “Жоого намыс бергенче ажалым жетсе өлөйүн, малым менен жанымды, олжого кантип берейин, өлбөй тирүү жүргөндө не мураска жетейин, калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин”-деп алар Ата-журтту, арнамысты өтө бийик баалашкан:

Манас-белге таңар бел, медер кылчу эр.
Манас- акылмандын тунугу, ак калпактын улугу.
Сөзү жатык, акылы артык.

“Манас” эпосундагы кызыктуу окуялардын бир тобу башкы каармандардын бири – Чубак менен байланыштуу экендиги баарыбызга маалым. Чубак душмандар менен согушуп, алар тараптан өлтүрүлгөн. Ошондон кийин кыргыз баатырлары анын кунун кууш үчүн бир топ жортуулдарга барышкан. Жылкыларга тийишип, көпкө чейин душмандардын алын кетиришкен. Бул өч алуу, кун куу узакка созулган. Буга байланыштуу “Чубактын кунундай чубалган” деген ылакап тараган. “Манас” эпосундагы тескери каармандардын кыял-жоруктары, мамилелеринин негизинде жаралган.

“Семетей” бөлүгүндө Тайбуруулдан ажырагандан кийин Семетей көп жапа чегет. Ушул учурга байланыштуу “Тайбуруулдун тартуу болуп кеткени, Семетейдин ажалынын жеткени” деген ылакап бар.

Кыргыз элибизде акылман, көрөгөч улуу ойчулдар жашап өткөн. Алардын келечекти алдын ала көрө билгендиги, элди ынтымакка үндөп, аларга өздөрүнүн акыл насаатын айтып турушкан. Алар: Мойт аке (1750-1843), Сарт аке (1780-1865), Тилекмат аке (1800-1863), Карга аке (1718-1828), Садыр аке (1821-1905), Карач аке (1837-1914), Кыдыр аке (1843-1926).

Элде “ Сөз атасы – Тилекмат”, “Акыл атасы – Сарт аке”, “Сөздү уюткан - таңдай, Бугу, Сарбагышты уюткан – Сартбай”. (Сарт акенин азандагы аты). ”Нукура акыл сурасаң Сарт акеге, ыйык бата сурасаң Мойт акеге, асыл сөз сурасаң Тилекмат чеченге бар” деп айтылат. Булардын ар бир сөзгө баа берген акылмандуулугу, чечендиги, олуялыгы эл арасында бүгүн да айтылып келет.

Карга акенин айткандары:
Жардынын байы бол,
Жакырдын жайы бол.
Жетимге санаалаш бол,
Жесирге каралаш бол.
Ак кетилет,
Жетим жетилет.
Мойт акенин айткандары:
Ырыс алды ынтымак,
Ынтымагы бар элдин,

Айсыз кара түндө да,
Асманында күн турат.
Ынтымагы жок элдин,
Балдары иттей ыркырап,
Ачык жарык күндө да,
Асманында түн турат.

Сарт акенин айткандары:

Аска-аска-аска тоо,
Аягы барып чап болот,
Атадан алтоо болсо да,
Сыйлашпаса жат болот.

Кыдыр акенин айткандары:

Ниетиңди оңдо, пейилиңди бузба,
Ач көздүккө азгырылба.
Туура бийде тууган жок,
Тууганчыл бийде ыйман жок.

Ар бир эл кылымдан кылымга өзү басып өткөн жолундагы турмуштук тажрыйбалардын эң керектүүсүн, келечекте үлгү, сабак боло турган мисал, фактыларды, пайдалуу байкоолорду сары майдай сактап, улам кийинки муундарга жеткирип турат. Ошондой турмуштук тажрыйба менен фактылардын негизинде пайда болгон рухий байлыктарга макал- ылакаптар киреринжогоруда жазып, тастыктап өттүк. Макал-ылакаптар – фольклордук чыгармалардын ичинде өзүнчө спецификалык, көркөмдүк, мазмундук бөтөнчөлүктөргө ээ. Алар элдик оозеки чыгармачылыктын башка жанрларынын, түрлөрүнүн ичинде мазмунунун тереңдиги, таамайлыгы, кыскалыгы, элестүүлүгү менен айырмаланып турат.

Адабияттар

1. Макал-лакаптар. К.Нускаев. -Б., 2002.
2. Макал-лакаптар. Акыл китеп. Э.Эстебесов. 2014
3. Кыргыз макал-лакаптары, учкул сөздөрү. / Жыйнаган М. Ибраимов. -К., 2005.
4. Кытайдагы Кыргыз эл макалдары. -Б., 2004.

УДК: 159.922.4(571.151)

Абдыкаимова С. Ю.
преп. БГУ им. К.Карасаева

КОЛЛЕКТИВНОЕ БЕССОЗНАТЕЛЬНОЕ КАК ФАКТОР ОБЪЕДИНЯЮЩИЙ АЛТАЙСКИЕ НАРОДЫ

ЖАМААТТЫКТА ЭС БОЮНЧА АЖЫРАТЫЛБАСТЫК, АЛТАЙДЫН ЭЛДЕРИНИН БИРДЕНТИРҮҮЧҮ ФАКТОРУНДАЙ

THE COLLECTIVE UNCONSCIOUS AS A FACTOR UNITING THE ALTAI PEOPLES

Аннотация: *Бул макалада алтайдын элдеринин өнүккөндүгүнүн кыскача тарыхтык карап өтүшү аткарып көрсөтүлгөн, жана алардын өздөрү арасында маданий жана психологиялык байланышышы түшүндүрүлөт.*

Түйүндүү сөздөр: *этнос; алтайдын элдеринин этнопсихологиясы; жамааттыкта эс боюнча ажыратылбастык*

Аннотация: *в статье рассматривается краткий исторический обзор развития алтайских народов, а также объясняется психологическая и культурная взаимосвязь этих народов.*

Ключевые слова: *этнос; этнопсихология алтайских народов; коллективное бессознательное*

Annotation: *article considers a brief historical review of the development of the altai peoples, and the physiological and cultural relationship of these peoples is explained.*

Keywords: *ethnos, ethnopsychology of the altai peoples, collective unconscious*

На сегодняшний день по-прежнему остаются актуальными следующие вопросы: происхождение этноса; родство кыргызов Енисея и Тянь-Шаня. В истории этнического происхождения и дальнейшего развития народов Алтая существуют различные версии. Для рассмотрения данных вопросов необходимо совершить исторический экскурс.

Впервые предположение о происхождении кыргызского народа высказал Г.Ф.Миллер [1]. Также И.Э. Фишер предположил, что кыргызы были переселены с Енисея на Тянь-Шань джунгарами в конце XVII века по договору с Россией [2]. Предположение о переселении разделяли К.Риттер, Ю.Клапорт и др.

Согласно версии китайских источников, тождество терминов "бурут" и "болюй", Н.А.Аристов использует материалы о родоплеменном составе кыргызов и предполагает, что кыргызы под названием усуней обитали на Тянь-Шане еще с III в. до н.э. [3]

К скифской эпохе нарастают различия во мнениях, бытования одного и того же расового типа, именуемого «динлинским» [4].

Этнокультурное единство, которое разорвано вторжением гуннов. Появляется два фронта Енисей и Тянь-Шань для центральноазиатских держав. Походы гуннов одинаково равномерно направлены и против усуней, и против кыргыз Енисея. именно с этого времени начинается разветвление: «Тянь-Шань», «Енисей» [4].

В период тюркского каганата произошел так называемый процесс объединения енисейских и тянь-шаньских племен. "IX-X вв. - эпоха побед кыргыз Енисея и эпоха сложения кыргызского героического Эпоса Манас" [4].

Религиозные воззрения были обусловлены, изначально выражены в проявлении шаманизма. История шаманизма, как зарождение верования в высшие силы, также находит пересечения в народах алтайского происхождения.

Шаманизм частично является актуальным по настоящее время, так как тесно связан с природными проявлениями, эта связь обусловлена почтительным отношением вышеуказанных народов к природе.

Согласно высказываниям языковедов, прослеживается родство языков кыргызского и алтайского народов [5].

По имеющимся данным, можно сделать вывод: кыргызский народ и его культура сложились из двух компонентов: местного среднеазиатского и пришлого центральноазиатского.

Обращая внимание на культурологические особенности, рассматривая фольклор и особенности языка, также отмечается определенное сходство, как с ал-

тайцами, так и с территориально близкими народами: хакасами, тувинцами.

Среди родоплеменных групп тянь-шаньских кыргызов и тюрков саяно-алтая выделяются такие общие этнонимы, как: бугу, желден, мундуз, сарылар, толос и др.

Рассматривая все точки зрения можно сделать следующий вывод: во время частичного переселения кыргызского этноса в период IX-X вв, происходит территориальное разделение единого этноса: Алтай; Тянь-Шань.

Письменные источники также свидетельствуют о родстве данных этнонимов. Формирование современной кыргызской народности берет свое начало с переселения на территорию Тянь-Шань.

Обращая внимание на язык общения алтайских народов, мы можем увидеть общие языковые структурные связи, а также культурно- смысловые взаимосвязи,

Рассмотрим некоторые из них, например, «Ала-Тоо» и «Алтай», что в переводе - высокие горы, что символизирует значимость «высокой тверди». Народы объединяет отношение к природе. Тесная взаимосвязь с природой - это та данность, которая оберегает и защищает.

Интерпретируя понятие «возвышенности», можно предположить, что в данном случае речь идет о духовной ценности, о стремлении к духовному развитию. Также высота гор указывает на путь, т.е., на то, как много еще предстоит узнать.

Рассмотрим следующий слово-образ - «алтын», что в переводе золото, ценность. в данном случае ценность заключается не в материальном, а в высоком «горы», то есть «ценность» - «алтын» заключено в высоком «Ала-Тоо» - «горы».

Подобная интерпретация перекликается и с другими народами, например, в славянской мифологии «алатырь» обозначен как источник жизни, в латинском языке «альтус» - глубина.

На основании этих родственных образов выстраивается следующая смысловая взаимосвязь: духовная ценность - высота - глубина - знание, т.е ценностью является знание.

Всё вышеперечисленное можно объединить в следующие факторы, которые могут свидетельствовать о единстве народов: общие структурно-языковые взаимосвязи; общие особенности в культуре и религии.

Если территориально рассматривать запад, можно увидеть следующее, место высоких гор, символизирующих стремление к развитию, занимают высотные здания, небоскребы и т. д., возможно это обусловлено желанием компенсировать недостающий природный ресурс.

К сожалению, искусственно созданный элемент не может заменить естество, другими словами высокие горы обеспечивают условия стремлению к «духовной возвышенности», в то время как, высокие здания, стремление к приобретению материальных благ.

Согласно теории бессознательного, архетипы; прообразы, выражаются через символы, формы поведения.

Карл Юнг придавал особенное значение духовной жизни индивида, считал родовое наследие основным фундаментом человеческого развития, в свою очередь психика выступает, как итог эволюции.

Вся система установок от поведенческих актов до универсальных образцов, является врожденными установками, которые благодаря наследию и усвоенному жизненному опыту передаются из поколения в поколение и совершенствуется. Индивидуальная душа, связана с семьей, родом, племенем, народом, человечеством в целом [11].

1. Николенко Е. Ю., Иванова О. В. Система работы с художественным фильмом на уроках РКИ. // Русский язык за рубежом. – М., 2013. – № 52.

2. Весова Т. Н., Чистякова Е. В. Методические основы использования художественных фильмов в процессе преподавания русского языка как иностранного. // Известия Волгоградского государственного технического университета. – Волгоград, 2008.

3. Страмнова Т.В., Шантурова Г.А. Видеозапись художественных фильмов как средство совершенствования устной речи на продвинутом этапе обучения // Вопросы практической методики преподавания русского языка как иностранного / Под ред. А.Н. Щукина. М., 1995.

УДК 947.1/.9

Бикбулатова А. Р.
Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына,
Кыргызская Республика, г.Бишкек.
E-mail:tataroved.anisa@yandex.com

ИЗ ИСТОРИИ ТАТАР ГОРОДА КАРАКОЛ

КАРАКОЛДУК ТАТАРЛАРДЫН ТАРЫХЫНАН

FROM THE HISTORY OF KARAKOL CITY TATARS

Аннотация. *В данной статье рассматривается история татар города Каракол Кыргызской Республики. Указывается время, причины переселения и их численность. А также их вклад в культурное развитие города.*

Ключевые слова: *Кыргызстан; Каракол; татары; история; переселение; численность.*

Abstract. *In this article history of tatars of city Karakol Kyrgyz Republic. Time, reasons of migration and their quantity, is specified. And also their contribution to cultural development of city.*

Keywords: *Kyrgyzstan; Karakol; tatars; history; migration; quantity.*

Территория Кыргызстана в средние века хорошо было известно торговцам. Через нее проходили караванные пути, один из ветвей этой дороги пролегал по побережью озера Иссык-Куль, через перевал Бедель в Китай. Долгие годы этот караванный тракт считался коротким и безопасным. Вдоль этой дороги недалеко от озера появляется поселение Каракол. В начале оно служило местом меновой торговли с кочевым населением. После присоединения края к Российской империи в Каракол переносится уездное и военное управление. Он приобретает статус уездного города согласно законо положениям Российской империи. Город стал пограничным форпостом России на Тянь-Шане, у границ с Цинским Китаем. [5, с.27]

После присоединения края к Российской империи торговые отношения становятся более оживленными. Этому способствовало в целом проводимая политика государства в этом регионе. Как сообщал, министр иностранных дел России К.Н. Нессельроде, в конце XVIII начале XIX века политика государства в Средней Азии заключалась в расширении торговли и поисках новых торговых путей с Китаем и Индией. [3, с. 28]

Для реализации в жизнь этой политики, расширения торговли в регионе Российские власти привлекали купцов из числа татар. Их привлекали в качестве проводников караванов, переводчиков «телмач», также не маловажное значение имело, то что они были мусульманами. Местные жители с единоверцев, т.е с мусульман брали налог 2,5% от стоимости товара, тогда как с представителей других конфессий 5%.[7, с. 78] Это все служило весомым аргументом в привлечении татар в торговое дело. Таким образом, на территории Кыргызстана, в том числе в г. Каракол во второй половине XIX века появляются татары – купцы.

В эти же годы появляются первые сведения об их численности. Исследователь истории г. Каракол Т.Рыскулов пишет: «в 1870 году из 130 человек первооснователей Каракола русские составляли 17 человек, остальные были узбеки и татары, занимавшиеся меновой торговлей и отчасти сельским хозяйством.[5, с. 33] По данным статистического комитета Кыргызской Республики, в 1869 году Иссык-Кульском уезде, а город Каракол был центром этого уезда, было 109 татар, из них 72 мужчины, 37-женщины.[4, с. 73] Таким образом, имея выше указанные сведения, не сложно посчитать этнический состав населения города, татар- 109, русских- 17 и 4 человека представители узбекской национальности. Из этих сведений мы можем сделать вывод, что основателями города Каракол были татары.

В городе бурно развивалась торговля, росло количество населения, на начало XX века из 102 купцов 78 были татары.[1, с. 52] Многие из них владели мельницей, мучным складом, сосредоточили в своих руках продажу керосина, детских игрушек, галантерейных, бакалейных изделий. Среди них Х. Абдувалиев, А.Г. Каримов, В.Г. Рафиков, братья Идрисовы, Давлетшины [2, с. 5] и т.д. Татары не только торговали, но и на свои средства строили мечеть, школы «мектеб» и медресе.

В Караколе на пожертвования татарских купцов в 1878 году был построен мечеть.[8, с.35] История этой мечети связан с именем Мухтурулла Баширова.

В 1840-году он по направлению Казанского муфтията отправляется в город Верный, 1850-году перебрался в город Каракол и остался жить. Среди местного населения он был известен своей набожностью и ученостью. По его инициативе в 1878 году на средства местных жителей и татарских купцов, в городе Каракол была начато строительство татарской мечети. Строительство мечети было завершено в 1887 году. После завершения строительства мечеть стали называть «татар мечеть». Это здание было одним из первых красивейших зданий города. В советское время купола мечети были разрушены, а здание переделано под кинотеатр. После 1991 года здание отреставрировано, ему вернули его первоначальный вид, и он стал выполнять свое предназначение. Но в народе и по сей день мечеть называют «татарским».

При этой мечети была устроена начальная школа для детей всех мусульман. Учителями были в основном татары, получившие образование в Казани и Уфе. Они поддерживали тесную связь с этими городами Поволжья. Получали книги, газеты, выпускаемые в выше указанных городах. Таким образом, они знакомились с передовыми идеями того времени, в том числе и с новым методом обучения И. Гаспринского. Это помогло открыть им новометодные школы в городе Каракол. В этом городе 1901-1902 годах было три школы с новым методом обучения. Одна из первых школ для мальчиков, с новым методом обучения была при татарской мечети.

При мечети также было открыто медресе, где получали образование дети горожан. В медресе в 90 гг. XIX века начали преподавать светские дисциплины. В это время там работал переехавший из Казани со своей семьей Мужабиров Шакир мулла. У него получили образование Иманалы Эркебаев, Абдылда Арыстанов, Ыбырай Абдрахманов, Иса Чокморов, и др. которые в последующие годы стали известными просветителями в регионе. [6, с. 26] По данным исследователя А.П. Яркова по национальному составу: 31 узбек, 20 дунган, 10 татар, обучались в мектебе. В медресе обучалось всего 130 учеников из них 77 татары, 28 кыргызов, 24 дунганина. [8, с.37]

Таким образом из выше изложенных сведений мы можем сделать следующие выводы:

- Татары являются основателями города Каракол;
- На пожертвования татарских купцов был построен мечеть, называемый в народе «татарским»;
- Татары внесли огромный вклад в развитие системы образования города Каракол.

Литература

1. Биз жашаган шаар Каракол. -Каракол: «Карга аке» 2014. -98 б.

2. Иссык-Кульский областной государственный архив. Ф. 1108. Оп.1. Д.№ 6. С.5.

3. История Узбекской ССР. Т.1. Кн .2. Ташкент, 1956. 228 с.

4. Кыргызская государственность. Статистика веков.- Б., 2003.-178 с.

5. Рыскулов Т. История города Каракола (1869-1918гг.) Дисс.канд. ист. наук. 07.00.02. –Б., 1994.-167 с.

6. Татары в истории Киргизии: прошлое и современность. Материалы Международной научно практической конференции г. Бишкек, 6 июня 2009 г. –Бишкек, 2010.- 100 с.

7. Терентьев М.А. История завоевания Средней Азии. С картами и планами. Т. II. Типография В.В. Комарова. СПб., Невский собств. Д. 138. 1876. – 547 с.

8. Ярков А.П. Татары и башкиры в Кыргызстане: Историко-культурный портрет. Часть 1.- Б., 1996.-117 с.

УДК 37.018.2:159.9

Джунушева Б. А., *ст. преп.*
Кыргызская государственная юридическая академия
E-mail: bakyt_aken@mail.ru
Суералиева Д. С., *ст. преп.*
Кыргызская государственная юридическая академия
E-mail: sudamira204@mail.ru

ГЕНДЕРНАЯ СОЦИАЛИЗАЦИЯ ШКОЛЬНИКОВ

МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРДЫН ГЕНДЕРДИК СОЦИАЛИЗАЦИЯСЫ

GENDER SOCIALIZATION OF PUPILS

Аннотация. *В статье рассматривается вопрос влияния гендерных стереотипов на интеллектуальное и социальное развитие мальчиков и девочек. Цель – выявить и показать обществу некоторые аспекты процесса гендерной социализации девочек и мальчиков, показать важность внедрения гендерного подхода в педагогический процесс. Показано, что гендерная социализация начинается в семье, еще до рождения ребенка, культивируется в дальнейшем школой и обществом. Главное внимание обращается на гендерные стереотипы как фактор, влияющий на гендерную социализацию школьников.*

Автор предполагает, что гендерное воспитание позволит создать условия для воспитания отношений между полами, свободных от гендерных стереотипов, что в свою очередь позволит воспитать новую личность, свободную от каких-либо личностных ограничений и страхов, способной к самореализации и развитию.

Ключевые слова. *Гендерный стереотип, гендерная социализация школьников, социальная роль, пол, различия, мальчик, девочка, родители, воспитывать, модель поведения, качества личности, традиция, стереотип, самореализация.*

Аннотация. *Макалада кыздардын жана балдардын интеллектуалдык жана социалдык өнүгүүсүнө гендердик стереотиптердин таасири каралды. Макаланын максаты – балдардын жана кыздардын гендердик социализация процессинин кээ бир аспектилерин жана педагогикалык процессине гендердик ык-амалдарды киргизүүнүн зор маанилүүлүгүн көрсөтүү. Гендердик социализация үй-бүлөдө башталаары жана акырында мектеп жана коом тарабынан колдоолору белгиленди. Мектеп окуучулардын гендердик социализацияларына таасир берген гендердик стереотиптер негизги фактор катары көрсөтүлдү.*

Автор гендердик тарбиялоо жыныстар аралык карым катнаштарга өбөлгө түзүп берери жана гендердик стереотиптерден көз каранды эместиги, келечекте жаңы эркин инсанды тарбиялоого шарттын түзүлүшү, кээ бир инсандык чектөөлөрдөн жана коркунучтардан эркин, өзүн-өзү өнүктүрүүгө, жөндөмдүү болууга шарттардын түзүлүшү болжолдолду.

Түйүндүү сөздөр. *Гендердик, стереотип, гендердик социализация, социалдык ролу, жыныс, айырмачылыктар, эркек бала, кыз бала, ата-эне, тарбиялоо, жүрүм-турумунун модели, инсандын сапаты, өзүн өзү реализациялоо.*

Abstract. *The impact of gender stereotypes on the intellectual and social development of boys and girls is researched in the article. The goal is to identify and to show the public some aspects of the process of gender socialization girls and boys, to show the importance of gender mainstreaming in the educational process. It is shown that gender socialization begins in the family, even before birth, cultivated further in school and society. The main attention is drawn to gender stereotypes as a factor influencing gender socialization of pupils.*

The author supposes gender education will create conditions for the education of gender relations which are free from gender stereotypes, which in turn will lead to a

new personality free from any personal limitations and fears, who are capable of self-realization and development.

Key words. *Gender stereotypes, gender socialization of students, social role, gender, differences, boy, girl, parents, raise, behavior model, personality, tradition, stereotype, self-realization.*

В советском обществе преобладали стереотипные взгляды на воспитание мальчиков и девочек, на поведение мужчин и женщин, на их социальные роли. Считалось, что раз мужчина «хозяин в доме», то он должен быть сильным, уметь зарабатывать и обеспечивать семью. Мужчина a priori должен быть волевым и стремиться к власти, а значит он играет доминирующую роль. Он более независимый, самоуверенный. Агрессивность не возбранялась. И по сей день считается, что мужчина умнее женщины, способность рассуждать логически – его прерогатива. В то же время женщина должна быть покладистой, уступчивой, домашней. А значит, она более зависима, более эмоциональна и нежна. Такое представление о мужественности (маскулинности) и женственности (фемининности) изначально противопоставляло мужчин и женщин. [4]. Любое нарушение такого стереотипного поведения осуждалось обществом, и в первую очередь в семье и как следствие, приводило к конфликтам и непониманию.

Что же такое гендерные стереотипы, гендерная социализация и как они возникают. Гендерные стереотипы – это разновидность социальных стереотипов, стандартизированные представления о моделях поведения и чертах характера, соответствующие понятиям « мужское» и « женское». [5].

Гендерная социализация – процесс усвоения норм, правил поведения в соответствии с культурными представлениями о роли, положении и предназначении мужчины и женщины в обществе. [5]. На социализацию детей и их воспитание большое влияние оказывают гендерные стереотипы.

Гендерные стереотипы существуют как в семейной, так и в профессиональной среде. Причем, для женщин главными социальными ролями являются семейные роли (жена, мать, хозяйка), для мужчин – профессиональные. Так сложилось в обществе, что успешность женщины оценивают по наличию семьи, а мужчин оценивают по успехам в профессиональной деятельности [4]. Потому что мальчикам с детства прививают только половые роли: их воспитывают только как мужчин, а не как будущих мужей или отцов. О социальных ролях забывается.

Какие социальные институты влияют на процесс гендерной социализации детей? Думаю, никто не будет отрицать, что одним из главных социализирующих факторов являются родители и семья. Они показывают пример социального поведения, распределения гендерных ролей. Матери, как правило, хорошие домашние хозяйки. Они добры, нежны, заботливы, отзывчивы, тактичны, дипломатичны. Женщины/матери понимают чувства других. В то же время она – слабое существо, а значит нуждается в защите. В то же время у мужчин больше времени на карьеру, на личностное развитие. И соответственно мужчина должен быть более предприимчивым, агрессивным, независимым, доминирующим. Чтобы сделать карьеру, мужчина должен обладать деловыми навыками, легко принимать решения. Женщина/жена должна обеспечивать для этого все условия. Поэтому все домашние заботы и воспитание детей ложится на их плечи.

Такое стереотипное поведение культивируется в обществе и СМИ и усваивается в детстве и далее в школе. В качестве образца поведения выступают родители, сестры, братья, сверстники. Влияние родителей на гендерную социализацию детей начинается с самого их рождения, задавая разные направления развития мальчикам и девочкам [4]. Учеными были проведены исследования среди родителей. Родителям была предложена анкета из 11 вопросов по теме «Влияние семейных отношений на формирование гендерных ролей». Ответы показали, что 75 % родителей считают, что девочек и мальчиков надо воспитывать по-разному. На уровне первичной социализации «в кругу семьи» уже происходит ориентация на патриархальные ценности. Родители считают, что в мальчиках надо воспитывать мужественность, смелость, ответственность, порядочность, уверенность. А в девочках нежность, ласку, доброту, чистоплотность, уважение, качества необходимые будущей женщине/матери, а мальчику соответственно будущему отцу – главе семейства. Применяют насильственные методы воспитания к мальчикам 30% родителей, к девочкам – 8 % [5].

Сегодня еще до рождения ребенка многие родители уже знают пол будущего ребенка. В голове родителей и родственников начинает складываться «план воспитания» ребенка, в духе какой половой роли, мужской или женской. Гендерная социализация ребенка начинается буквально еще до рождения ребенка. Цвет одежды, игрушки указывают на пол ребенка как ему самому, так и окружающим. Поведение матери с мальчиком или девочкой различны. Как правило, родители положительно относятся к типичному для пола поведению детей и наоборот, выражают недовольство, если ребенок ведет себя по модели поведения другого пола [4].

Гендерные роли – вид ролей социальных, они нормативны, выражают определенные социальные ожидания, проявляются в поведении. На уровне культуры они существуют в контексте определенной системы половой символики и стереотипов маскулинности и фемининности. Гендерные роли всегда связаны с определенной нормативной системой, которую личность усваивает и преломляет в своем сознании и поведении (Кон И.С., 1975) [5]. Сами того не замечая, родители прививают своим детям определенные гендерные роли в зависимости от пола.

С раннего детства семьей и обществом у детей закладываются разные качества личности. У мальчиков – самостоятельность, активность, жесткость, уверенность в себе. У девочек – уступчивость, покладистость,

зависимость, пассивность. Стереотипное поведение наблюдается и в выборе цвета одежды, игр и игрушек. Девочкам покупают одежду розового, красного, словом яркого цвета. Мужским считается голубой, синий, темные цвета. Считается «ненормальным», если девочка играет с машинками, пистолетами, конструкторами, а мальчик – с куклами или детской посудой. Девочкам обычно дают игрушки, связанные с миром дома, семьи; мальчикам чаще покупают игры, стимулирующие активность, фантазию и сообразительность.

Начатая в семье традиция привития разного типа поведения у девочек и мальчиков, продолжается в школьный период. Исследования, проведенные в школах разных стран, показали, что девочкам на 20% меньше уделяется внимания, чем мальчикам. [5]. Девочек реже привлекают к различного рода демонстрациям опытов в учебной среде. Им обычно дают поручения, связанные с заполнением журналов, списков, протоколов, оформления классных уголков и стенгазет. Считается, что девочки успешнее справляются с данными видами работ, т.к. они более усидчивые и аккуратные, чем мальчики. В тех случаях, когда не хватает учебных пособий или приборов, их скорее получают мальчики. Девочек хвалят за послушание, прилежность и исполнительность, мальчиков – за их знания и правильные ответы. Поощрений за знания девочки получили на 80% меньше. Негативное отношение к неудачам в интеллектуальной сфере составило 30% у мальчиков и 75% у девочек. Осуждают мальчиков и девочек за разное: мальчиков за плохое поведение, девочек – за ошибки в ответах. [5].

По-разному объясняют плохие успехи школьников разного пола: неуспех девочек – отсутствие способностей, неуспех мальчиков – недостатком усидчивости и трудолюбия. Следовательно, девочек меньше настраивают на работу. В скрытой форме их поощряют принять то, что есть, как должное. Обратное справедливо для мальчиков. Их настраивают работать больше, чтобы добиться успеха [5]. Это отличие имеет большое значение, т.к. показывает, что якобы девочки изначально менее способные и трудолюбие не решит проблему. Мальчиков же больше стимулируют и мотивируют для достижения успеха. Со стороны учителей и родителей на девочек оказывается сильное давление с тем, чтобы заставить их беспрекословно подчиняться всевозможным нормам, правилам поведения и традициям.

Каковы возможные последствия стереотипной гендерной социализации детей? Одним из главных последствий у девочек является формирование внутренних барьеров, которые затрудняют личностное и профессиональное саморазвитие, и как результат, у девочек наблюдается недостаток настойчивости, боязнь общественного порицания, боязнь неудачи, неуверенность в себе. Из-за большей чувствительности к ожиданиям окружающих одаренные девочки рано понимают, каковы приоритеты для женщины в представлениях современного общества. [5]. Девочкам/девушкам внушается, что главное для женщины – это семья. Карьера женщины неважна, потому что у нее другое предназначение – рожать, вскармливать и воспитывать детей. А раз женщина «сидит» дома, то она становится зависимой от мужа. Зависимой и материально, и психологически.

Но развал СССР, изменившиеся реалии свели на нет эти стереотипы. В «лихие» 90-ые и мужчинам и женщинам пришлось изменить социальные роли. Тысячи мужчин и женщин остались без работы. Но в той непростой ситуации женщины оказались более приспособленными к новым реалиям, чем их мужья. Многие женщины начали «челночить», зарабатывать свой первый капитал, открывать свое дело, тем самым обеспечивая свои семьи. Их мужья семейные заботы взяли на себя. Им пришлось осваивать новые роли. Таким образом, мужчинам и женщинам пришлось сменить, закреплявшиеся веками, социальные роли.

Социальные роли сменили, но отношение к своей идентичности, то что соответствует маскулинности (мужественности) и фемининности (женственности), осталось прежним. И как результат – домашние конфликты, недовольство собой и второй половинкой, недовольство жизнью, постоянные стрессы.

Гендерное образование – один из способов избежать в будущем таких конфликтов, привлечь внимание к изменению социополовых отношений в условиях социальной трансформации. И такое образование нужно начинать еще с дошкольного и далее школьного возраста. Оно готовит людей к новой реальности, знакомит с новыми ценностями и нормами социального поведения. [4].

Как же нужно воспитывать мальчиков и девочек, чтобы в будущем не возникало трудностей с распределением ролей в семье и далее в обществе в целом?

Очевидно, что мальчики и девочки имеют биологические и индивидуальные различия, но эти различия не могут быть основанием для установления иерархии между людьми или иной дискриминации по признаку пола. [5].

Необходимо в мальчиках – развивать мягкость и чуткость; учить их больше сосредотачиваться на процессе; научить их не бояться признавать свой страх и не бояться поражений; в девочках – развивать самостоятельность и напористость; учить их больше сосредотачиваться на цели; не стесняться допускать агрессивность и, главное, развивать свои таланты и не бояться успеха. Может нам стоит прислушаться к советам специалистов и именно так готовить к жизни наших детей? [5].

В заключение отметим, что введение гендерного образования в школе, привитие мальчикам и девочкам новых социальных ролей позволит понять, что пол не является основанием для дискриминации. И у педагогов, и у школьников появится возможность свободного выбора способов и форм самореализации, развития своей индивидуальности. Традиционная полоролевая социализация девочек и мальчиков, в которой активно участвует школа, продолжает воспроизводить патриархатные стереотипы взаимодействия полов в общественной и личной сферах. Эти стереотипы все чаще вступают в противоречие с реальными трансформациями гендерных отношений в современном обществе, становятся препятствием для раскрытия индивидуальностей, равноправия полов, устойчивого развития демократических отношений. [4]. Школа должна давать ученикам возможность развивать индивидуальные

способности и интересы, независимо от принадлежности к тому или иному полу, противостоять традиционным стандартам в отношении полов.

Литература

1. Айвазова С. Г. Гендерное равенство в контексте прав человека. - М., 2001.

2. Воронина О.А. Категории пол – гендер в философии феминизма. Философские исследования, 1995, № 4.

3. Гендерный подход в дошкольной педагогике: теория и практика. В 2-х ч. - Мурманск, ОУ КРЦДО иРЖ, 2001.

4. Клецина И.С. Гендерная социализация / Учебное пособие. - СПб.: Издательство РГПУ им. А.И. Герцена, 1998. – 92 с. [Электронный ресурс] – Режим доступа: http://psymania.info/gend/klezina/soc.php

5. Ковырзина О.Б., Яковлева Н.Н. Гендерная социализация школьников. [Электронный ресурс] – Режим доступа: http://открытыйурок.рф/статьи/524024/

УДК 376

Иманкулова С. Э., *п.и.к.*
И.Арабаев атындагы
Кыргыз мамлекеттик университети
saadatesen@mail.ru

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ӨНҮГҮШҮ

РАЗВИТИЕ ИНКЛЮЗИВНОГО ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

DEVELOPMENT OF INCLUSIVE EDUCATION IN THE KYRGYZ REPUBLIC

Аннотация. *Заманбап мезгилде Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын өнүгүшүндө бирден-бир негизги милдеттердин бири, ар бир баланын өнүгүшүнө, анын психикалык жана дене өзгөчөлүктөрүнө, мүмкүнчүлүктөрүнө жана жөндөмдүлүктөрүнө карабастан шарт түзүү болуп саналат.*

Бул макалада Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүшү кандай деңгээлде жүрүп жаткандыгы жөнүндө баяндалат.

Түйүндүү сөздөр: *инклюзия, инклюзивдик билим берүү, принцип, социализациялашуу, өнүгүү, инсан, балдар, интеграция, мүмкүнчүлүгү чектелген, ден-соолук.*

Аннотация: *На современном этапе в развитии образования Кыргызской Республики одним из основных задач является создание условий для развития детей, несмотря на его психические и физические особенности, возможности и способности.*

В этой статье рассматривается, на каком уровне идет развитие инклюзивного образования в Кыргызской Республике.

Ключевые слова: *инклюзия, инклюзивное образование, принцип, социализация, развитие, личность, дети, интеграция, ограниченными возможностями, здоровье.*

Abstract: *At the present stage in the development of education in the Kyrgyz Republic, one of the main tasks is the creation of conditions for the development of children, despite its mental and physical characteristics, capabilities and abilities.*

This article examines the level of development of inclusive education in the Kyrgyz Republic at what level.

Key words: *inclusion, inclusive education, principle, socialization, development, personality, children, integration, limited opportunities, health.*

Азыркы учурда Кыргызстандагы саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр билим берүү тармагындагы максат жана милдеттердин мурунку түшүнүгүн өзгөртүү керек экендигин аныктады. Алар бардык кызыктар тараптардын сапаттуу билим алуусун эске алуу менен коомдун уламдан-улам өсүүчү керектөөлөрүн канааттандырууга жөндөмдүү болгон билим берүү системасын калыптандырууга багытталган.

Акыркы он жылдык билим берүү системасында чоң өзгөрүүлөр менен мүнөздөлөт. Эгемендүү Кыргызстандын жаңы мамлекеттик саясатына ылайык билим берүү демократиялык принциптерди өздөштүрдү. Билим берүү тармагында мамлекеттик саясаттын бир көрсөткүчү катары болуп калктын аяр категориялары-на, алардын арасында ден-соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарга мамиле эсептелинет.

Кыргызстан инклюзивдик саясат жана инклюзивдик практикага карата активдүү калыптануу баскычында турат. Буга Кыргыз Республикасынын Эл аралык Концептуалдык Докладдарды, 1993-жылы БУУнун Генералдык Ассамблеясы кабыл алган резолюциясын, майыптар үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуунун Стандарттуу эрежелерин таануу, Кыргыз Республикасынын Балдардын укугу жөнүндө Конвенцияны ратификациялоосу (1994) балдардын, ошондой эле мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын кызыкчылыгын жана укугун коргоо боюнча Улуттук мыйзамдуулукту калыптандыруу үчүн негиз болуп калды. Бүгүнкү күндө республиканын балдарынын кызыкчылыгын жана укугун камсыз кылуу боюнча мыйзамдуулук базасы 30дан ашык мыйзамдар жана нормативдик актыларды камтыйт.

Ушул концепцияга ылайык Кыргыз Республикасында ден-соолугу, мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды коомго камтуу маселеси ишке ашырылып жатат.

Инклюзия (камтуу) – бул өзгөчө муктаждыктары бар адамдардын потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн толугу менен ачууга максималдуу жана ар тараптуу багытталган мамлекеттик жана мамлекеттик эмес чаралардын системасы.

Бардык мектептер, ал атайын же орто жалпы билим берүү мектеби, ЖОЖдор болбосун инклюзивдик билим берүүнү чагылдырылышы керек, анда уюмдар окуучулардын муктаждыктарын канааттандыруу жана ушул процессти ишке ашыруу үчүн ресурстарды сунуштайт [2].

Инклюзивдүү билим берүү **төмөнкү принциптерге** таянат:

- адамдын баалуулугу анын жөдөмдүүлүгүнөн көз каранды эмес;
- ар бир адам ойлоно жана сезе алат;
- ар бир адамдын баарлашууга жана ишмердүүлүккө укугу бар;
- бардык адамдар бир-бирине муктаж;
- бардык адамдар достукка жана колдоого муктаж;
- ар түрдүүлүк адамдын жашоосун бардык жагынан күчөтөт.

1990-жылга чейинки инклюзия түшүнүгүндө постсоветтик мамлекеттер баланын майыптыгын медициналык моделинен карашкан, ал өзүнүн параметрлери боюнча дискриминацияга алып келген.

1995-жылдан баштап инклюзивдик билим берүү идеясы Кыргызстандын мектепке чейинки мекемелеринде тарала баштаган. Бул идея дүйнөдөгү 30 мамлекетти камтыган “Кадам артынан кадам” Эл аралык билим берүү программасынын алкагында ишке ашырылган. Бүткүл дүйнө боюнча статистика көрсөткөндөй, мектепке чейинки кураста тиешелүү билим алган жана кичинекей кезинен тартып жакшы багылган балдар мектепке дагы, жашоого дагы көбүрөөк ийгиликтүү болушат» [1; 40-б].

Мамлекеттин билим берүү жаатында саясаттык көрсөткүчтөрдүн бири калктын ичиндеги мүмкүнчүлүгү чектелген категориядагы адамдарга болгон мамиле болуп саналат.Балдардын укугу дүйнөлүк Конвенциянын бир принциби билим алууга укук болуп саналат. Балдардын билим алууга болгон укук, аларды парталарга отургузуп коюу гана эмес, балдардын өнүгүүсүнө туура таасир эткен шарттарды мектепте түзүүгө багытталган иш-чаралар да кирет.

Кыргызстандык изилдөөчү, психолог Н. А. Багдасарова өзүнүн “Инклюзивдик билим берүү жана майыптыктын модели” аттуу изилдөөсүндө инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүүсүнүн эволюциясы жөнүндө төмөнкүдөй оюн айткан: “Инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүүсү, коомдо майып түшүнүгү менен тыгыз байланышта, ошондуктан өзгөчө талаптары бар адамдардын жашоосу жөнүндө кандай түшүнүктөр көбүрөөк тарагандыгын билүү абдан маанилүү (анткени, Кыргызстандагы коомчулук ар башка болгондуктан ар кандай коомдук топтордо же региондордо ар түрдүү түшүнүктөр басымдуу кылат).

Майыптыкка мамиле жана түшүнүктөрдүн 4 моделин бөлүп караого болот: диний, медициналык, коомдук жана маданий. Тарыхый жактан бул моделдер биринин артынан бири пайда болгон, бирок бүгүн булардын ар бири бардык мамлекеттерде бар жана буларды ар кандай коомдук түзүлүштөрдө жана топтордо кезиктирүүгө болот” [3; 6-б].

Медициналык моделдин пайда болушуна атайын педагогика боюнча белгилүү изилдөөчү К.М.Тилекеев кеңири токтолуп төмөнкүлөрдү белгилеген: психофизикалык өнүгүүсүндө өзгөчөлүктөрү бар балдарга кылган мамилелердин тарыхынын этаптарын Л.С.Выготскийдин концепциясына таянуу менен талдоонун негизинде, төмөнкүлөдү белгилейт: «Мектепте психофизикалык өнүгүүсүндө өзгөчөлүктөрү бар балдарды окутуу тарыхын шарттуу түрдө төмөнкү этаптарга бөлүүгө болот:

- XX кылымдын башталышы – 60-жылдардын ортосу – «медициналык модель» → **сегрегация**
- 60-жылдардын ортосу – 80-жылдардын ортосу – «нормализация модели» → **интеграция**
- 80-жылдардын ортосу – азыркы учур – «социалдык модель» → **кошуу.** [1; 9-б]

Адам баласы коомдо жашайт жана коом аркылуу өсөт деген негизди таануу менен, педагогикада чөйрө багыты алдынкы мааниге ээ болуп эсептелет. Эгерде окуучулар социалдык биримдикти, гармонияны, бири-бирине урматтоону колдогон билим берүү мейкиндигинде болушса, анда ушул нерселер аларды тынчтыкта, тирешүүсүз жашоодо жашаганга жана ошону менен бирге алар өзүнүн аброюн, өзгөчөлүгүн сактап калганга үйрөтөт.

Ал эми азыркы учурда башталгыч класста окутуучу ар бир предметтин программасын инклюзивдик билим берүүгө адаптациялоо иштери жүргүзүлүп жатат. Бара-бара бул программалар жалпы орто билим берүүчү мектептердин башталгыч класстарына киргизилип, ар бир мүмкүнчүлүгү чектелген бала билим алат деген ойдобуз.

Адабияттар

1. Инклюзивное образование в высшей школе: Интегрированное учебно-метод. пособие. – Б., 2010. – 172 с.

2. Усенко Л.В., Дудкина О.И., Сейдекулова Г.С. Инклюзивное образование Методическое пособие для воспитателей ДОО и учителей начальных классов. – Б., 2012.

3. Учебный модуль «Создание инклюзивной развивающей среды в дошкольных организациях Кыргызстана. – Б. 2017.

УДК: 371.315.5:5

Г.Д.Исмаилова
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университети

«АЗЫРКЫ ТАБИЯТ ТААНУУНУН КОНЦЕПЦИЯЛАРЫ» КУРСУН ОКУТУУДА СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИН УЮШТУРУУ

ОРГАНИЗАЦИЯ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ СТУДЕНТОВ ПРИ ИЗУЧЕНИИ ДИСЦИПЛИНЫ «КОНЦЕПЦИИ СОВРЕМЕННОГО ЕСТЕСТВОЗНАНИЯ»

ORGANIZATION OF INDEPENDENT WORK OF STUDENTS STUDYING THE DISCIPLINE “CONCEPTS OF MODERN SCIENCE”

Аннотация: *Бул макалада студенттик конференцияны өткөрүү методикасы сунушталган. Конференциянын максаты - гуманитардык багыттагы негизги билим берүү программасында көрсөтүлгөн компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу.*

Түйүндүү сөздөр: *концепция, табият таануу, уюштуруу, ыкма, оз алдынча иш, долбоор, маалымат, конференция.*

Аннотация: *В данной статье представлена методика проведения студенческой конференции. Целью конференций является формирование компетенций, которые согласуются с указанными в основной образовательной программе гуманитарных направлений.*

Ключевые слова*: концепция, естествознания, организация, метод, самостоятельная работа, проект, информация, конференция.*

Annotation: *This paper presents a methodology of student conference. The aim of conference is to develop competencies that are consistent with those in the basic educational program of humanities.*

Key words: *concept, natural, organization, method, independent work, project information, the conference*

Азыркы күндүн педагогикалык проблемаларынын бири студенттердин чыгармачыл шыктарын, аң-сезиминин активдүүлүгүн өнүктүрүү, алардын таанып-билүү мүмкүнчүлүгүн өстүрүп-өнүктүрүү. Студенттердин өз алдынча иштерин туура уюштуруу алардын өсүп-өнүгүүсүнө чоң таасир берип жана ар бир студентин өз алдынчалыгын өстүрүүдө керектүү каражат болуп саналат.

Студенттердин өз алдынча иштерин туура уюштуруу бир нече оң таасир берет: биринчиден, студенттер предметти өз алдынча аң сезимдүү жана бекем өздөштүрүшөт; экинчиден, өз алдынча билим алуу ыкмаларын билишет; үчүнчүдөн, өз алдынча билимге ээ болуу муктаждыгын өсөт.

Өз алдынча даярдануу ар бир студенттин акылэсин, бийик маданиятын калыптандырат, өз алдынча иштөө ыкмаларына ээ болууну камсыздайт, өз убактысын акылдуулук менен пайдаланууга үйрөтөт жана профессионалдык жарамдуулуктун пайда болушуна таасир берет. Андан тышкары ар бир студент көп сапаттарга ээ болот: уюштуруучулук, эркүүлүк, тартиптүүлүк, демилгелүүлүк жана башка ушул сыяктуу ойлоо шыктары өсүп-өнүгөт (анализ, синтез, салыштыруу, жана өз алдынча ой-жүгүртүү, өз алдынча иштөө стилин калыптандыруу жана таанып билүү ыкмалары өнүгөт).

«Азыркы табият таануунун концепциялары» курсунун маалыматтык материалы физиканын, химиянын, астрономиянын, биологиянын жалпы закондорунун негизинде түзүлгөн. «Азыркы табият таануунун концепциялары» курсун окутуунун төмөндөгү проблемалары бар: студенттик тайпалар физика, химия, биология, астрономия сабактары окутулбаган гуманитардык лицейлердин, гуманитардык багыттагы

орто мектептердин класстарынын ж.б. бүтүрүүчүлөрүнөн түзүлөт. Буга байланыштуу табият таануунун мыйзамченемдүүлүктөрүнө тиешелүү курстун материалдарын окуп үйрөнүү маселеси пайда болот.

Кийинки маселе өз алдынча ишти: лабораториялык иштерди, практикалык сабактарды (окутуунун интерактивдүү системасын колдонуу менен [1]) аткарууга, (бул эле курста эмес) жетиштүү деңгээлде даяр эместигине байланыштуу пайда болот.

Маселелерди чечүү

Биринчи маселени чечүүдө гуманитардык багыттагы студенттер үчүн «Азыркы табият таануунун концепциялары» курсу окутуу методикасы иштелип чыккан [1]. «Азыркы табият таануунун концепциялары» курсунда «Табият таануунун тарыхы» деген тема бар анда курстун кийинки материалдарын окуп үйрөнүү үчүн негизги маалыматтар берилген. «Азыркы табият таануунун концепциялары» курсунун болжолдуу программасына (үчүнчү муундагы ФГОС үчүн) [1] жана азыркы табият таануу концепциясына жараша логикалык жактан түшүндүрүлүп, индуктивдүү, дедуктивүү методду колдонуу менен жеткиликтүү берилген.

Бул макалада студенттик конференцияны өткөрүү методикасы сунушталат. Конференциянын максаты - гуманитардык багыттагы негизги билим берүү программасында көрсөтүлгөн төмөнкү окутуунун натыйжаларын калыптандыруу;

- Табигый илимий мыйзамченемдүүлүктөрдү жана азыркы учурдагы дүйнөнүн сүрөттөлүшүн өздөштүрүү жөндөмдүүлүгүн.
- Реферат, курстук долбоорлор, дипломдук иштер, макалалардын ж.б. үстүндө иштөөнүн илимий методдоруна ээ болуу жөндөмдүүлүгүн.
- Жаны илимий багыттарды (синергетика ж.б.), азыркы учурдагы табият таануунун маселелерин жана келечегин өздөштүрүү жөндөмдүүлүгүн.
- Теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөрдөн алынган маалыматтарды иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгүн.
- Глобалдык компьютердик тармактардагы жана маалыматтык системалардагы маалыматтар менен иштөө жөндөмдүүлүгүн.
- Кесиптештери менен бирдикте, коллективде иштөө көндүмдөрүнө ээ болуу жөндөмдүүлүгүн.

Көрсөтүлгөндөргө кошумча өз алдынча иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу маселесин чечүү үчүн төмөнкү иштер жасалды.

Долбоордук методду колдонуу менен иштөө: студенттик тайпалар үч-төрттөн бөлүнөт, студенттер өз тобунун жетекчисин шайлашат, жетекчи өз тобунун иши үчүн жоопкерчиликти алып, милдеттерди бөлүштүрөт, чогулган материалдарды алдын ала карап чыгат ж.б. Бул метод семестр ичинде студенттик окуу-илимий конференцияларга даярдануу үчүн колдонулат.

Өздүк өсүүгө багытталган мамиле колдонулат: студенттер окутуучу сунуштаган докладдардын темаларынын ичинен өз алдынча теманы тандашат, ошондой эле студенттер өз темасын сунуштай алат.

Изилдөө методу докладды даярдоодо колдонулат, студенттер керектүү маалыматтарды сунуштаган адабияттар, видеофильмдер, интернет ж.б. колдонуу менен табышат.

Курстту окуп үйрөнүүнүн мотивин докладдардын темаларын тандоо менен курчутулат:

1. Санариптик фотоаппаратта фотопленка кайсы жерде катылган?
2. Гравитация аркылуу түзүлгөн дүйнөлөр.
3. Жылдыз чаны.
4. Түбөлүк жашоого жол.
5. Мезгил тасмасы : «Табият таануунун тарыхы».
6. Байыркы цивилизациялар: Гиперборея, Атлантида, Ацтектер, Майя, Кытай (Тибет, Шамбала), Египет, Япония, Месопотамия, Инки.
7. Төмөнкү сөздү түшүндүрүү : «Муктаждык ойлоп табууну жаратат, ал эми ойлоп табуу – эки эсе муктаждыкты жаратат».

Докладды даярдоо үчүн мөөнөттүн болжолдуу көлөмү – он сааттын тегерегинде биргелешкен эмгек. Докладдар презентация түрүндө даярдалып, изилдөөчүлүк, чыгармачыл мүнөздө болушу керек. Долбоордун жетекчиси докладдын мазмуну тапшырмага толугу менен дал келишин текшериши керек. Докладды даярдоодо гана төмөнкү компетенциялар калыптанат: маалыматты издөө, иштеп чыгуу жана сунуштоо жөндөмдүүлүгү, логикалык ой жүгүртүү, маалыматты талдоого жана синтездөөгө, ошондой эле илимий көз карашты калыптандырууга жана тапшырмаларды аткарууда илимий методдун элементтерин пайдалануга жөндөмдүүлүгү.

Регламент: доклад жети мүнөт, суроо-жообу жана талкууга беш мүнөт берилет. Докладдардын темалары жана методикалык көрсөтмөлөр студенттерге семестрдын башында таратылат. Студенттер конференциянын төрагасын, катчысын шайлашат, алардын милдеттери: конференциянын программасын түзүү, мындан тышкары ар бир топто студенттердин докладдарын жана суроолорду жазып турган катчы шайланат. Семестр ичинде окутуучу бир нече жолу (муктаждыкка жараша) докладдардын жана презентациялардын тексттин карап чыгып, эскертүүлөрдү берет, маалыматтарды иштеп чыгууда, презентацияларды даярдоодо жардам берет.

Докладды жазуунун методикалык көрсөтмөсүндө сунушталган маалымат булактары (адабият, видеофильмдер, интернет-ресурстар), докладды даярдоонун негизги жоболору берилет. Мисалы, «Мезгил тасмасы : «Табият таануунун тарыхы» темасы үчүн студенттер маалыматты издөө методу, ал методдун өзгөчөлүгү жана кемчиликтери жана аны келечек кесибинде пайдалануу жолдору тууралуу айтып бериши керек.

«Мезгил тасмасы» – бул маалыматты окуялары хронологиялык ирээт менен берилген мезгил шкаласы түрүндө көрсөтүүнүн жолу. Бул долбоорду аткарууда студенттер маалыматты топтоп, аны пайда болгон күнү боюнча талдап, мезгилдик шкаланы түзүшөт, ага күнүн, сүрөттөөлөрдү, сүрөттөрдү, видео, аудиолорду жана шилтемелерди киргизишет. Сүрөттө студенттердин Prezi.com жана dipity.com. интернет – ресурстарын пайдалануу менен аткарган «Мезгил тасмасынан» фрагменттер берилди.

Байыркы цивилизациялар тууралуу докладдарда төмөнкүлөр чагылдырылышы керек:

1. Берилген байыркы цивилизациянын өкүлдөрү курчап турган чөйрө жөнүндө эмнени билишкен?

2. Эмнени жасай билишкен, эмнелерди курушкан?

3. Кандай механизмдерди жаратышкан?

4. Эмнелер азыркы учурга чейин сакталып, колдонулуп келет?

Корутунду чыгарууга аракет жасалат: цивилизациялардын өнүгүшүндөгү жалпылыкты, өз ара сиңишүүнү көрсөтсө болобу. Цивилизациялардын өнүгүү деңгээлиндеги басымдуу айырмачылыктар (эгер байкашса).

Конференцияга даярдык көрүү, докладды окуу студенттердин абдан чоң кызыгууларын жаратат. Алар өз алдынча маалыматтарды издеп табышат, бир жагынан учурдагы заманбап каражаттар аркылуу бул иш көп деле эмгекти талап кылбайт, бирок, экинчи тарабынан алып караганда, студенттер маалыматты башка булактар аркылуу текшергенге үйрөнүшөт. Маалыматтардын карама-каршылыгы талкууну жаратат, буга доклад даярдабаган студенттер да катыша алышат.

Окутуучу конференцияга угуучу катары катышып, төрага менен катчынын ишине кийлигишпейт, маалыматтар окутуучу үчүн да кызыктуу болот. Мисалы, «Муктаждык ойлоп табууну жаратат, ал эми ойлоп табуу – эки эсе муктаждыкты жаратат» деген сөздү талдап жатып, студенттер дөңгөлөктү ойлоп табууну жөө жүргүнчүлөр арасынан өтө албаган машиналар бар азыркы учурдун сүрөттөлүшү менен бирге карашат ж.б.

Студенттердин өз алдынча ишин уюштуруу үчүн курс методикалык жактан камсыз болгон. Курстун мазмуну компьютердик класстарда, окутуучулардын сайтында, окутуучулар менен болгон интервьюларда берилген. [2].

Конференцияны өткөрүү студенттердин долбоордо берилген тема боюнча маалыматты издөөдөгү, докладды логикалуу түзүүдөгү өз алдынча көндүмдөрүн калыптандырууга, ой жүгүртүү операцияларын (анализ, синтез, салыштыруу, чыгарып таштоо ж.б.) өстүрүүгө мүмкүндүк түзөт. Конференцияны өткөрүүнүн максатка ылайыктуулугун студенттердин кызыгуусу, алардын талкууга активдүү катышкандыгы далилдейт. Гуманитардык багыттардын студенттеринин өз алдынча ишин уюштурууда көрсөтүлгөн методдордун практикалык колдонулушу алардын өз алдынча изилдөө иштерин жүргүзүү көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн маанилүүлүгүн далилдейт. Жеке адамга багытталган докладдардын темалары студенттердин сабакты окуп үйрөнүүгө болгон мотивациясын курчутат. Макалада берилген мамилелерди «Азыркы табият таануунун концепциялары» курсун окуп үйрөнүүдө гана эмес, башка сабакты окуп үйрөнүүдө да пайдаланса болот.

Адабияттар

1. Ерофеева Г.В., Немирович-Данченко Л.Ю. Организации самостоятельной работы студентов при изучении дисциплины КСЕ // Фундаментальные исследования. – 2014. – № 8-1. – С. 177-180;

2. Георге, И.В. Принципы организации самостоятельной работы студентов в процессе профессиональной подготовки. 2009. - № 11.

3. URL: https://www.fundamental-research.ru/ru/article/view?id=34530 (дата обращения: 09.04.2017).

УДК: 82:372.03(575.2) (04)

Касымбекова Э.Т.
Кыргыз мамлекеттик консерваториясынын мугалими

Т. КАСЫМБЕКОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫН ОКУТУУНУН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК, ДИДАКТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

МЕТОДОЛОГО-ДИДАКТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ОБУЧЕНИЯ ПО ПРОИЗВЕДЕНИЯМ Т.КАСЫМБЕКОВА

METHODOLOGICAL AND DIDACTIC BASES OF TEACHING ON THE WORKS OF T. KASYMBEKOV

Аннотация. *Макалада тарыхый романдарды окутуунун методикалык максаттары, өзгөчөлүктөрү, көп түрдүү милдеттери каралат. Көп түрдүү татаал жанр катары тарыхый романдын методикалык өзгөчөлүктөрү белгиленди. Т. Касымбековдун "Сынган кылыч" тарыхый романын окутууда тарыхый окуялардын, инсандардын, тарбия берүүчүлүк, эстетикалык, дидактикалык ж. б. баалуулуктары белгиленет. Тарыхый романды окутуудагы тарыхый-салыштырма методун өзгөчө орду көрсөтүлдү.*

Түйүндүү сөздөр: *Тарыхый роман, жанр, эстетика, дидактика, адабият, адабият таануу, тарбия, образ.*

Аннотация. *В статье рассмотрены цели, специфика, многогранные задачи обучения историческим романам. Также отмечены методические особенности обучения такому сложному, многоаспектному жанру литературы, как исторический роман. При изучении исторического романа Т. Касымбекова «Сынган кылыч» рассматриваются воспитательные, дидактические, эстетические возможности изображённых исторических событий и личностей. Особо отмечены место и роль сравнительно-исторического метода при обучении историческим романам.*

Ключевые слова: *Исторический роман, жанр, эстетика, дидактика, литература, литературоведение, воспитание образ.*

Annotation. *The article considers the goals, specificity, and multifaceted tasks of teaching historical novels. Also the methodological features of teaching such complex, multifaceted genre of literature as a historical novel are noted.When studying the historical novel "Syngan kylych" (A broken sword) of T. Kasymbekov the educational, didactic, aesthetic possibilities of depicted historical events and personalities are considered. The place and role of the comparative-historical method in the teaching of historical novels is highlighted.*

Key words: *historical novel, genre, aesthetic, didactic, literature, literature studies, education, image.*

Ар кандай адабий чыгарманы талдоо, үйрөнүү ал чыгармаларды адабиятчылардын, сынчылардын канчалык «ачып» бергендиги менен байланыштуу. Адабиятчылар бул же тигил чыгарманын эстетикалык баалуулугун, идеялык салмагын тактап, таразалап берет, окурмандарга чыгарманы дагы тереңирээк түшүндүрөт, окурман байкабай кеткен учурларды алып чыгат, ал чыгарманы тарыхый доор, башка чыгармалар менен типологиялык жактан байланыштырат, ийгилик-кемчилдиктерин көрсөтөт. Орус окурмандары А.С.Пушкиндин «Евгений Онегин» романын В.Г.Белинскийдин сындарынан кийин мыкты өздөштүргөнүн тарых тастыктап берген.

Т.Касымбековдун чыгармалары да адабий сында жана адабият таануусунда бир топ изилдеген, ошол изилдөөлөр адабият мугалими үчүн методологиялык негиз болуп саналат. «Сынган кылыч» тарыхый романдардын кыргыз адабиятындагы жаңы доору, - деп айтат А.Садыков. - ...Тарыхты курулай окуса да болот. Ал аны көркөм образдарга айлантып жатат. Андагы

ар бир образ, Аксыдагы Теңирберди менен Сарыбай же тигил кан ордосунда жүргөн Нүзүп, Алымбек датка. Анан Ыскак деген эмне деген адам. Кокон кандыгына, падышалыкка каршы күрөшкөн баатыр. Т.Касымбеков түзгөн ар бир образ тип болуп турат. Анын мыктылыгы да ушунда. Тарыхый чындыкты көркөм чындыкка айландыра билиш деген оңой-олтоң жумуш эмес» (1).

Мында сынчы «Сынган кылыч» романынын эң биринчи артыкчылыгы – жазуучу түзгөн ар бир образ тип экендигинде. Тип, типтүүлүк деген ар бир эле катышуучу каарманга мүнөздүү көрүнүш эмес, андай деңгээлге жетүү үчүн ошол каарман өз мезгилиндеги ондогон, жүздөгөн адамдардын башка белгилерин, сапаттарын, кыймыл-аракеттерин өзүндө сактап турушу керек.

Мындагы окуучуларга түшүндүрө турган нерсе, мисалы, Теңирберди деген бир гана конкреттүү киши – дыйкан Теңирберди эмес, ал Кокон хандыгында эзилген, салык төлөп, кыйынчылык менен күнүмдүк жашоосун өткөргөн миңдеген жер менен оокат кылгандардын жалпыланган образы. Ал көркөм образ, ал эми көркөм образ – бул адамдардын тиби, жазуучунун ошол кесиптеги адамдардын ошол доордогу абалы тууралуу көркөм концепциясы, ошол көркөм концепцияны көркөм тил менен айтып берүүсү.

Адабият таануу багытындагы эмгектер (К.Асаналиев, С.Байгазиев, К.Даутов, Ү.Култаева, Г.Мурзахметова, Б.Темирова, Д.Чокоева ж.б.) Т.Касымбековдун чыгармаларын окуп үйрөнүүдө кандай максаттарда методологиялык негиз түзүп берет.

- Т.Касымбековдун тарыхый романдарынын жанрдык белгилеринин жалпы тарыхый жанрдын табияты, талаптары менен канчалык деңгээлде дал келгендигин аныктоо үчүн;
- жазуучу чыгармачылыгын жараткан учурдагы адабий процесстин өзгөчөлүктөрүн, советтик адабияттын динамикасын түшүнүү үчүн;
- жазуучунун жалпы кыргыз, андан өтүп Борбор Азия элдеринин адабиятындагы ордун аңдап билүү үчүн;
- Т.Касымбековдун чыгармаларынын идеялык-эстетикалык салмагын, көркөмдүк күчүн, образдарынын жеткиликтүүлүгүн дагы тереңирээк аңдап билүү үчүн.

Ошол эле кезде Т.Касымбековдун чыгармалары менен башка тарыхый жанрда жазылган чыгармаларды салыштыруу төмөнкүдөй бир натыйжаларды көрсөтөт.

1. Тарыхый факт, документалдык материалдарды пайдалануу тарыхый жанрдын негизги белгилеринен болгондугуна карабастан, ал көркөм-эстетикалык принциптердин негизинде кайрадан иштелип чыгууга муктаж. Алар романдын көркөм аянтына, чыгарманын идеялык-тематикасына, сюжеттик-композициялык структурасына шайкеш келбесе, ал тарыхый романдын жанрдык касиетине тескери таасирин тийгизиши мүмкүн («Боордоштор»).

2. Тарыхый инсандын идеологиялык басымга негизделген жалаң коомдук ишмердүүлүгү аркылуу тарыхый жанрды талапка ылайык иштеп чыгууга мүмкүн эмес. Каармандын жеке тагдыры өзү жашаган коомдун социалдык карама-каршылыктарынын татаал байланыштары аркылуу терең аңдоону талап кылат («Тарых эстелиги»).

3. Тарыхый инсандын образына бир жактуу мамиле тарыхый жанр күткөн натыйжаны бере албайт. Тарыхый инсанды ашыкча идеализациялоо менен тарыхый жанрдын эстетикалык баалуулугун камсыз кылууга мүмкүн эмес экендигине да адабий тажрыйба күбө («Болот калем»).

4. Тарыхый чыгармалардын генетикалык кодун, геналогиялык булактарын түзгөн фольклордук чыгармаларды: тарыхый баяндоо, санжыра, легенда, уламыш ж.б. даяр материалдарды пайдалануу жаңы эстетикалык деңгээлге алып чыгуу улуттук адабий процессте чечүүнү талап кылган маселелерден. Аларга жасалган автордун чыгармачыл мамилеси аркылуу фольклордук чыгармалардын жаңы сапаттык белгилерге ээ болушу зарыл («Көчмөндөр кагылышы»).

5. Тарыхый романдардагы фольклор менен жазма адабияттын карым-катышын адабияттаанууда терең изилдөө маселеси теманын илимий келечегин болжолдоого мүмкүндүк берет.

6. Кыргыз элинин узак жылдар көчмөн турмушта жашоо кечирүүсү, натыйжада архивдик материалдардын, жазма булактардын жетишсиздиги тарыхый жанрдагы чыгармаларды жазууда кыргыз тарыхый романист жазуучуларды чоң кыйынчылыктарга дуушар кылган («Көк асаба»). Бул жагдайда коңшулаш өлкөлөрдөгү архивдик материалдарды үйрөнүү максатка ылайык.

7. Коомдук системанын өзгөрүшүнө байланыштуу, тарыхый инсандардын образы өзүнүн таанып-билдирүүчү, тарбия берүүчү, эстетикалык баалуулукка ээ болуу үчүн мурунку (социалисттик реализм) чен-өлчөмдөрдөн башка жаңы көркөм принциптердин, методдордун негизинде жаңы көз караштагы ойдон жаратууга муктаж («Баскын», «Кыргын») (2).

Жогорудагы пикир жалаң эле Т.Касымбековдун тарыхый романдарын окутууда эске алынбастан, кыргыз адабиятынын башка чыгармаларын талдоо учурунда да эске алынууга тийиш.

Жазуучунун чыгармаларын талдоодо тилдик материалдарды өздөштүрүү бир топ оорчулукту жаратат, ал романдын окуялары сүрөттөлгөн доордун, географиялык аймактын, адамдардын кызматын, даражасын, кесибин мүнөздөөнүн өзгөчөлүктөрү менен байланышат. Бул жагынан адабият мугалими сабакта Ж.Мукамбаевдин «Сөз күчү» (3), Т.Назаралиевдин «Тарых чындыгы жана көркөм чыгарманын тили» (4), Ж.Мамытовдун «Сынган кылыч» романындагы тарыхый стилизация» (5) деген макалаларын, Т.Аширбаевдин «Язык романа «Сломанный меч» деген темада кандидаттык диссертациясын колдонууга болот.

Ж.Мамытовдун макаласында «романда тилди тарыхый стилизациялоонун каражаты катары историзмдердин ар кандай типтери – лексикалык, семантикалык, фразеологиялык историзмдер жана историзм-макалдар кеңири пайдаланылат» деп келип, алар төмөнкүдөй классификацияланат:

1) Коомдук саясый турмушка байланыштуу историзмдер (хан, падыша, жарым пааша, дарга ж.б.);

2) Согуш ишине байланыштуу историзмдер (миң башы, кол, кошун, удайчы ж.б.);

3) Динге байланыштуу историзмдер (мечит, шарият, жаназа, шайтан, зикир ж.б.);

4) Турмуш-тиричиликке байланыштуу историзмдер:

а) кийим-кечектин жана алар тигилген кездеменин аты (манат, быязы, паттайи кепич ж.б.);

б) өткөн мезгилде колдонгон музыкалык аспаптар (дабыл, керней, сурнай ж.б.);

в) улуттук оюндар (чек эчки, топу бекитмей, кыз оюн ж.б.);

г) аза күтүүгө байланышкан этнографиялык историзмдер (кара такыя, көк көйнөк ж.б.);

д) акча жана чен бирдиктери (бир мири, тилла теңге, теше ж.б.) (6).

Жогорудагыдай лингвистикалык изилдөөлөр романдын тилин азыркы окуучуларга жеткирүүдө методологиялык база түзүп берүү менен окуучулардын тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандырууга көмөк берет.

Ал эми Т.Касымбековдун чыгармаларын окутуунун дидактикалык негиздери жалпы эле адабиятты окутуунун дидактикасы менен байланышат. Улуу дидактиктер Я.А.Коменскийдин (1592-1670) «Великая дидактика» (1667) деген эмгенинен тартып балдарды окутуунун жалпыланган принциптерин жана эрежелерин иштеп чыккан, анын оюн И.К.Песталоцци, А.Дистервег, Ж.Ж.Руссо, К.Д.Ушинский ж.б. педагогдор андан ары тереңдетип, окутуунун жалпы жолдорун, окуучу жана мугалим байланышынын татаал багыттарын иштеп чыккан. Анда ар бир класска ылайык окуу предметинин мазмуну; илимдердин негизи; окутуу, б.а.мугалимдин окуу процессин уюштуруудагы ишмердиги; окуучунун ишмердиги; окутуу каражаттары, алардын бири-бири менен бир максатка багытталышы айтылган. Бул дидактика илиминин негизги милдеттери: а) окутуунун максат-милдеттерин аныктоо; б) окутуу процессинин мыйзам ченемдерин табуу; в) билим берүүнүн мазмунун аныктоо; г) окутуунун натыйжалуу методдорун жана уюштуруу формаларын сунуштоо.

Т.Касымбековдун чыгармаларын үйрөтүүнүн башкы өзөгү – көркөм чыгармаларды талдоо. Талдоосуз жазуучунун идеясын түшүнүү мүмкүн эмес. Ал эми көркөм чыгарманы талдоо мугалимден өз алдынча ар тараптуу изденүүнү, чеберчиликти, дегинкиси, сабактын жүрүшүнүн так-таасын **уюштурулушун** талап кылат. Алар:

- окуу программасы койгон талаптарга, б.а., бөлүнгөн саатына, теманын милдеттерине, талдоого алынып жаткан чыгарманын көркөм-эстетикалык асылдуулугуна, таанып-билүүчүлүк нарк-насилине, тарбиялоо касиетине жана окуучулардын анализдөө билимдерине, билгичтиктерине, көндүмдөрүнө карата аныктоо жана чечүү;
- чыгарманын мазмунунун окуу китебиндеги чагылышы, б.а., окуучулардан талап кылган адабий-дидактикалык материалдын чечилиши, анда негизги илимий жана тарбиялоо идеяларынын айкын баяндалышы, окуучулардын кабылдап өздөштүрүүсүнө ылайык жүзөгө ашышы;
- коюлган максатка карата теманын ачылышынын логикалык жактан негизделиши, б.а. көркөм чыгарманы талдоо менен адабий билимдердин өздөштүрүлүшүнүн мыйзам-ченемдүүлүгү, мурдагы билимди өркүндөтүүнүн ыраатуулугу, теориялык түшүнүктөрдү кабылдоого карата системалуулугу көркөм аңдаштыруунун турмуш менен байланыштуулугу, теория менен практиканын өз ара карым-катышынын ачылышы, окуучулардын үйрөнүүсүндөгү илимийлүүлүк жана анын жеткиликтүүлүгү, ошондой эле сабактын жүрүш ыкмаларынын алдын ала структуралык талдоодон өтүшү, анын натыйжасында чыгарманы анализдөө методдорунун мугалим тарабынан иргелиши, коюлган проблемага карата дарстын түрүнүн тандалып алынышы жана чыгарманын кайсы бөлүктөрү окуучулар тарабынан өз алдынча өздөштүрүүгө сунушталышы;
- ар бир сабактын темасын, ага ылайык көтөргөн жүгүн айкындоо, ар бир дарста көркөм чыгарманы талдоого карата маанилүү проблемаларды чечүү жана алардын негизги милдеттерин үйрөнүү чеберчилигине жараша бөлүп көрсөтүү;
- сабактын жүрүшүндө чыгарманын мазмуну менен формасын бирдиктүү талдоо аркылуу берилген окуу-тарбия иштерин чечүү мүмкүнчүлүгүнө карап, окутуу каражаттары менен усулдардын ийкемдүүлөрүн, натыйжалууларын тандоо;
- сабакта окуучулардын окуу иштерин уюштуруунун класстык, топтук, же жеке түрлөрүн аныктоо;
- сабактын жүрүшүндө чыгарманы талдоонун оптималдуу вариантын табуу;
- сабакты жыйынтыктоодо жана тапшырма берүүдө өз алдынча үйдөн талдоо жүргүзүүнүн ыңгайлуу ыкмаларын табуу, чыгарманы жеке талдап, окуунун ийкемдүү усулдарын колдонуу» (7).

Адабияттар

1. Сынган кылычтын сыны жана сыры. Журналист Б. Шамшиевдин адабиятчы А.Садыков менен маеги // Азаттык, 2010. – 16-янв.

2. Таирова К. Кыргызстандын тарыхын окутууда көркөм адабий чыгармаларды колдонуунун педагогикалык негиздери. Магистрдик диссертациялык иш. – Б.: Манас университети, 2010.

3. Мукамбаев Ж. Сөз күчү //Кыргызстан маданияты, 1972, 5-янв.

4. Назаралиев Т. Тарых чындыгы жана көркөм чыгарманын тили // Мугалимдер газетасы, 1972, 11-март.

5. Мамытов Ж. «Сынган кылыч» романындагы тарыхый стилизация // Ала-Тоо, 1977, №12.

6. Батаканова С.Т. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутууда көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн илимий-педагогикалык негиздери. – Пед. илим. доктору дисс. автефераты. – Б., 2011. – 18-19-бб.

УДК 37.034:37.017.92

Кенжекараева Ч. М.
И.Арабаев ат. КМУ нун ага окутуучусу

КЫРГЫЗ ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАСЫНДАГЫ АДЕПТҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛООНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ НРАВСТВЕННОГО ВОСПИТАНИЯ В КЫРГЫЗСКОЙ ЭТНОПЕДАГОГИКЕ

THEORETICAL BASES OF MORAL EDUCATION IN THE KYRGYZ ETHNO-PEDAGOGY

Аннотация: *Бул макалада кыргыз элдик педагогикасы жана андагы адеп тарбиясынын теориялык негиздери жөнүндө жазылган. Адеп бул адамдардын коомдогу жүрүш-туруш нормаларынын тарыхый жыйындысы экендиги ачып көрсөтүлгөн.*

Түйүндүү сөздөр: *элдик педагогика, адеп тарбиясы, теория, адам, коом, турмуш, мамиле, жүрүм-турум нормалары, маданият.*

Аннотация: *В этой статье написана о кыргызской этнопедагогике и о теоретических основах нравственного воспитания. Нрава-это прежде всего отношение людей в обществе и с обществом, исторический сборник этических норм поведения.*

Ключевые слова: *этнопедагогика, нравственное воспитание,теория, человек, общество, жизнь, отношение, этические нормы поведения, культура.*

Annotation: *this article is about national peculiarities and the theoretical bases of moral education in the Kyrgyz ethno-pedagogy.*

Key words: *ethno-pedagogy, moral upbringing, theory, human, society, life, attitudes, ethnic norms of behavior, culture.*

Элдик педагогика – элдик оозеки чыгармачылыкта, үрп-адат, каада-салттарда, оюндарда сакталган педагогикалык идеялардын жана тарбиялык тажрыйбалардын тутуму, тарбия жаатындагы элдик эмпирикалык билимдер.

“Элдик педагогика – бул баарынан мурда, тигил же бул улуттун социалдык турмушунун практикасы, таалим-тарбия жаатындагы предметтүү, жөрөлгөлүү иш-аракеттеринин бөтөнчө системасы. Демек, элдик педагогика тарбиялоо билим берүү жаатындагы акыл-ойлордун, ишеним-идеалдардын гана уюткусу эмес, ал баарынан мурда, ошол идеалдарды калыптандырууга багытталган элдин практикалык педагогикалык иш-аракеттерин өз ичине камтыган өзгөчө феномен”,-деп жазат окумуштуу-этнопедагог Б.Апышев. Элибиздин адептик этикалык маданияты өз ичинде көп кылымдык рухий практикалык тажрыйбаларды камтыйт. Адеп-ахлак тарбиясы жөнүндө Б.Апышев мындай деген: “Адеп-адамдардын коомдогу жана жеке турмушундагы бири-бири менен, коом менен мамилелеринин жана жүрүш-туруш нормаларынын тарыхый жыйындысы. Адептүүлүк адамдардын жеке мамилелерине, коомго жасаган мамилелерине, бири-бири менен жана коом менен карым-катнашына, жакшылык-жамандык, абийирдүүлүк-уятсыздык, айкөлдүк-мыкаачылык деген түшүнүктөрдүн негизинде баа берет. Коом адеп-ахлак нормаларын иштеп чыгат жана коргойт. Ага илим, саясат, философия, дин, укук, көркөм өнөр өндүү коомдук аң сезимдер да таасирин тийгизет. Адамдардын адептүүлүк нормаларын сактоосун көзөмөлгө алуучу каражат коомдук пикир, элдин назары. Үй-бүлөдө жана мектепте балдарды адептүүлүккө тарбиялоонун милдети инсандагы идеялык өзөктү, жарандык көз карашты, ишенимди, жүрүм-турумду, сөз менен иштеги биримдикти калыптандыруу. Инсанды мындай идея менен шыктандыруу педагогикалык маданияттын башаты да, тарбиячылык чеберчиликтин туу чокусу да болуп эсептелет.

Кыргыз элдик педагогикасынын тажрыйбаларын мектептердин, ЖОЖдордун окуу тарбия процессинде колдонуу боюнча изилдөөлөрдүн натыйжалары Р.А.Абдраимова, А.Акматалиев, А.Алимбеков, Х.Ф.Анаркулов, Б.А.Апышев, Н.А.Асипова, С.О.Байгазиев, Ж.Бешимов, Н.Имаева, С.Иптаров, А.Исаев, А.Т.Калдыбаева ж.б. эмгектеринде кеңири чагылдырылган.

Элдик педагогиканы үйрөнүүдө ар бир улутка тиешелүү болгон оозеки чыгармаларды талдап көрүүнүн

мааниси зор. Башка элдер сыяктуу эле, кыргыз элинде оозеки чыгармалар бир муундан экинчи муунга өтүп турушу шартка ылайык болгон.

Кыргыз элинде балдар үй-бүлөдө тарбияланган-дыгы белгилүү. Ата-энелер тарбия куралы катарында оозеки чыгармаларды кеңири колдонушкан. Биздин элде "Манас" эпосунан тартып элге кеңири таралып ар кайсы учурда өз шартына ылайык колдонулуучу макал-ылакаптар көп. Ошолордун ичинен үй-бүлөдө тарбиялоодо колдонууга ыңгайлуулары жомоктор жана макал-ылакаптар.

Кыргыз фольклорунун арасында жомоктор белгилүү орунду ээлейт. Ал жомокторду айтуучу атайын жомокчулар болушкан. Жомокту көбүнчө мал четинде чогулуп алышып айтуу менен уктабай малга көз салып, жомокко алаксып таңды аттырышчу. Мал багуучулардын арасында тестиер эркек балдар да көп болгон. Жомок айтылган жерге аны угуу үчүн үйдөгү балдар, аялдар келишчү. Жомок угуу көңүл ачуучу негизги иштердин бири болуп эсептелген. Балдар жомокту айрыкча жакшы көрөөрү белгилүү. Жомок айтуучулар улгайган адамдар болушкан. Ишендирүүдө жомоктордун мааниси чоң жана чындыктын үлүшү бар. Анда адамдардын ой тилеги, каалоосу да кеңири көрсөтүлөт.

Ата-энелер балдарына жомок айтып бергенде аны чындык менен байланыштырып, балдардын жүрүш-турушуна оң таасир бергидей кылып баяндашкан.

Профессор Г.Н.Волков жомок айтуудагы чоң энелердин чебердигин баалаган: "Чоң энелер жомок айтууга чебер келишет, алардын айткан жомоктору улууларды урматтоо, эмгекчилдик, чынчылдык, адептүүлүк ж.б жөнүндө айтышат", – деп жазган . Кыргыз эл жомокторунун башка элдердин жомокторуна окшоштук жактары көп. Мисалы, чуваштарда "Кучер и барин", кыргыздардын "Акылдуу дыйкан, акмак бай", орустардын "Сказка о балде" деген жомокторунун бардыгынын мааниси бири-бирине жакын, негизги идеясы эмгекчил адамды даңазалоо.

Балдар табиятында бейпил, мээрман карыларды жакшы көрүшөт. Алардын айткан акылы, даана берген акыл-насааттары турмуштан алган өрнөгүн билгичтик менен балдарга үйрөтүүсү жаштар үчүн баалуу. Карыларды урматтоо бардык эле элдерде кездешет. А.С.Пушкин өзүн баккан Арина Радионовнаны өтө жакшы көргөн. Ал адам А.С.Пушкиндин белгилүү акын болушуна көмөк берген. Эртели кеч жомокторду айтып, ырдап, акындык талантын ойготкон.

Ал эми Л.Н.Толстой болсо өзүн тарбиялаган адам жөнүндө төмөнкүдөй пикирин айткан: "Татьяна Филипповна жүрөктү элжиреткен адам эле, ал баккан балдарынын ата-энелери менен ушунчалык жакын болуп кете алган. Ал менин эсимден эч качан чыкпайт".

Белгилүү тарыхчы С.М.Соловьев өзүнүн биринчи эмгегин өзүн баккан аялга арнаган. "Менин мүнөзүмдүн калыптанышына ушул аялдын таасири чоң. Ал өзү токтоо мүнөздүү адам эле", – деп эскерген.

Элдик "Ач көз карга" деген жомокто, карга ач көздүк кылып, өзү менен катарлаш балапан чыгарып жаткан бүркүттүн жумурткасын ал жокто кошуп алат. Бүркүттүн балапаны көзүн ачкандан кийин карганын балапандарын бүт жеп аягында карганын өзүн жеп коет. Бул жомок ач көздүктү, ичи тардыкты жек көрүүгө тарбиялайт. Тарбиялык маанисин жогору баалаган академик А.Э.Измайловдун пикирине кошулбай коюуга болбойт: "Кыргыз жомокторунун өзгөчөлүгү баарынан да акыл эстүүлүккө үндөйт", – деп айткан.

Үлгүлүү жүрүм-турумду тарбиялоодо жаш өзгөчөлүгүнө карата жана ар бир баланын мүнөзүнө жараша жомоктордун туура тандалышы маанилүү.

Орус элинин улуу педагогу А.С.Макаренко: "Жакшы айтылган жомок маданияттуу жүрүш-турушту тарбиялоонун башталышы", - деп жомоктун тарбиялоочулук күчүн таамай белгилеген.

Балдарды кичипейилдикке, токтоолукка, ак ниеттүүлүккө тарбиялаш үчүн айтылган жомоктор да аз эмес. Кичинесинен баштап эле ар бир адамга жылуу мамиле жасоо, көпчүлүк учурда аларды кокустуктан сактап каларын далилдешкен.

Кыргыз жомоктору жаш муундардын талантын ачууга да чоң жардам берген. Кыргыздын белгилүү акыны Токтогулдун энеси Бурма элдик оозеки чыгармаларды мыкты билген. Бурма кошокту да кыйын айткан адам болгон. Токтогулга жаш кезинен баштап ар кандай жомокторду айтып берип, болочок акындын талантын өрчүтүүгө жардамдашкан. Кичинекей Токтогул энесинин айткан жомокторун өтө кунт коюп уккан. Жомоктогу фантазиялуу окуялар анын учкул кыялын алыска-алыска алып жөнөй турган.

Эл жазуучусу Т.Сыдыкбековдун энеси кошокту жана жомокту жакшы билип, өз баласынын талантынын ачылышына таасирин тийгизген.

Ата-энелер балдарга жомок айтууда алардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуулары талапка ылайык. Эси кире элек бала жакшы көргөн каарманынын кор болуп азап чегишин, өлүп калышын каалабайт. Жомоктогу каарман менен бирге өзү да убара тартып кыйналышы, терең кайгырып, маанайы түшүп кетиши мүмкүн. Өтө кайгылуу жомоктор бойго жеткен балдардын арасында айтылса анча коркунучтуу эмес. Ал эми кичине балдарга коркунучтуу жомокторду айтуу зыяндуу.

Адабияттар

1. Алимбеков А.А. Кыргыз эл педагогикасы. -Б., 1996.

2. Кыргыз эл педагогикасы. / Түз: С.Иптаров. – Б., 1998. – 69 б.

3. Кыргыздар: Он томдук жыйнак. / Түз: Жусупов К., Иманалиев К. – Б.: Учкун, 2004. – 1-т., 523; 2-т., 499; 3-т., 510; 4-т., 531; 5-т., 388; 6-т., 498; 7-т., 534; 8-т., 534; 9-т., 542; 10-т., 511 б.

4. Муратов А. Ат этнопедагогикасы -Айтматовдо.-Б.: Айан, 2005, 54 б.

5. Муратов А. Аталар сөзү – акылдын көзү. Адеп аңгемелери. 1-китеп. – Б., 2008. – 148 б.

УДК 37:372

Н.К. Койлубаева
И. Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын доценттин м.а.,педагогика илимдеринин кандидаты
E-mail: Koilubaeva.n@mail.ru

ЭНЕ ҮЛГҮСҮ АДЕПТҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛООНУН МЫКТЫ УСУЛУ

ПРИМЕР МАТЕРИ - НАИЛУЧШИЙ МЕТОД НРАВСТВЕННОГО ВОСПИТАНИЯ

THE EXAMPLE OF MOTHER IS THE BEST METHOD IN BRINGING UP A CHILD

Аннотациясы: *Макалада балдарды адептүүлүккө тарбиялоодо эненин мыкты үлгүсү өзгөчө мааниге ээ экендиги жана эне үлгүсү аркылуу баланын жүрүм-туруму, адептик сапаттарынын түптөлүү натыйжасы жемиштүү болору жөнүндө сөз болот.*

Түйүндүү сөздөр: *үлгү, эне үлгүсү, адептик сапаттар, жүрүм-турум, тарбия, кенже курактагы балдар, усул.*

Аннотация: *В статье идет речь о значимости идеального примера матери в воспитании ребенка, о плодотворности укрепления нравственных качеств и поведения ребенка через материнский пример.*

Ключевые слова: *пример, пример матери, нравственные качества, поведение, воспитание, дети, метод.*

Abstract: *This article tells us about ideal example of mother and its meaningfulness in bringing up a child and its' productiveness in attaching moral characteristic and behavior of a child.*

Keywords: *example, example of mother, moral characteristics, behavior, bringing up, children, method.*

Үй-бүлөдөгү күнүмдүк жашоодо балдар тарабынан кабылданган эненин үлгүсү сөзсүз түрдө биринчи орунга коюлушу керек. Үлгүнүн таасирдүүлүгү чөйрөдөгү балдарга өз көз караштарын, кылык-жоруктарын таңуулашпагандыгында. Балдар жагымдуу, позитивдүү жүрүм-турумга көзү түшүп, кызыгышат жана өзүлөрүнүн жүрүш-турушу үчүн аны үлгү кылууга умтулушат. Үлгүнүн бул түрү адам тарабынан анын бөбөк кезинен, эненин балага болгон биринчи камкордугунан башталып кийин инсан катары бүтүндөй өмүр бою коштолот. Бул үлгү адамдын өсүшүнүн алгачкы жашоосунда түшүнүксүз, ал эми кийин анын күнүмдүк жашоосунун жана тарбиянын таасиринен улам, барган сайын аң-сезимдүү кабылданат. Балдар ата-энеси айткан сөздөрдү, жасаган иштерди үлгү, чындык катары кабыл алышат. Үлгү – өспүрүм үчүн багыт болуп эсептелет, ал аны менен өзүнүн турмушун салыштырат. Энелердин күндөлүк жасаган кылык-жоругу, мамилеси, баскан-турганы, дегеле, бардык жагынан көрсөткөн сапаттык үлгүлөрү баланын көңүлүнө терең из калтырат.

Эне үлгүсү – бардык кырдаалдарда, өзгөчө, жакшы сапаттарды үйрөтүүдө ыйык. Тарбиялап жаткан балдарыбызга карата сезимдерибиз, ой-пикирлерибиз, сөздөрүбүз, жүрүш-турушубуз руханий жашообузда ар дайым үлгү болуу максатын көздөшү керек. Эненин мыкты үлгүсү аркылуу баланын жүрүм-туруму, адептик сапаттарынын түптөлүү натыйжасы жемиштүү болот деген ой келет.

Бул ойдун тууралыгын жазуучу М. Горькийдин: «Инсандагы бардык жакшы касиет, эненин сүтү менен күндүн нурунан пайда болот. Энесиз – эч ким, баатыр да, гений да, акын да болбойт» – деген сөзү менен далилдөөгө болот [1, 37-б].

Эненин үлгүлүү тарбиясы жөнүндө академик А.Э. Измайлов өз эскерүүсүндө: «Мен бир топ жашка барып калган адаммын, бирок балалык чагымда, чоң энемден, чоң атамдан, атам менен апамдан укканларым өмүр бою эсимде сакталып калды», – деп ата-эненин айткан акыл-насаат сөздөрү балдар үчүн өтө маанилүү экендигин эскертет [2].

Окумуштуу Y. Култаева энелердин коомдогу орду тууралуу мындай деп жазат: «Дегеле, Айтматовдун чыгармаларында айрыкча 1-этабында Эне жана Аял проблемасы өзгөчө орунда турат. Мунун өзү да турмуш чындыгы эмеспи. Биринчиден, жазуучунун атадан эрте калып, энесинин колунда тарбияланышы, болгондо да сөөгү таза, акылы тунук, билимдүү аялдын колунда өсү-

шү, экинчиден, балалыгы согуш мезгилине туш келгендиктен «бүт аалам аялдардын колунда» турганда, адам катары калыптанышы анын чыгармачылыгына өз таасирин тийгизбей койгон эмес» [4, 172-б].

Баланын адептик сапаттарга калыптануусунун деңгээли эненин дүйнө таанымынан жана жүрүм-турумунан, анын тарбия берүү процессине болгон мамилесинен, ошондой эле анын жөндөмүнөн (көпчүлүк жаш энелерге бул өзгөчө маанилүү) көз каранды. Мектеп бул багытта эненин ордун алмаштыра албайт. Алар дайыма шериктеш жана чыгармачыл байланышта болушу керек. Эне алгачкы тарбиячы болгондуктан, бала көпчүлүк учурда анын образына окшоп тарбияланат. Ал эненин адептик сапаттарын келечекте түшүнүү менен турмушта колдонуу максатында өзүнө топтойт. Эненин өз баласын толук билип, туура тарбиялай билүүсү анын тубаса тарбиячы экендигин көрсөтөт.

Демек, эне үлгүсүнүн таасири астында, алардын жүрүм-турумун, иш-аракетин тууроо менен балада алгачкы адептик сапаттар пайда болот.

Л.Н. Толстой: «Тарбиялоо – бул биз кимди тарбиялап жатсак, ошолордун жүрөгүнө таасир көргөзүү. Жүрөккө таасир берүү акыл-эсти, жан-дүйнөнү толук бийлеп алгандай мыкты үлгү аркылуу гана ишке ашат. Эгер тарбиялоочу өзү кем акыл болсо, тарбия берүүнү мен кыйын деп эсептебестен, дегеле мүмкүн да эмес деп ойлойм» деп жазат [5, 354-б].

Чындыгында эненин образы, анын сүйүүсү, балдарга болгон камкор мамилеси, талыкпаган энелик эмгеги – кызынын, баласынын интеллектуалдык жана эмоционалдык эсинде өмүр бою сакталып, «жол көрсөтүүчү жылдыз» болуп калат.

Энелердин турмуштук таалим-тарбия проблемаларына карата айтылган, макал-лакаптарына кайрыла турган болсок: «Энесин көрүп кызын ал», «Эне адеби – кыз адеби », «Эне адаты кызга үлгү», «Энени көрүп кыз өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт», «Энеден тарбия башталат, эне тилден улут сакталат» деген аялзатынын таалим-тарбиясын, үй-бүлөдөгү ордун, ролун, даанышмандыгын өзгөчө белгилеген ата-бабаларыбыз үйдүн куту да, жакшы-жаманы да аялдардын жүрүм-турумуна, акыл-эсине байланыштуу болорлугун таамай сөз аркылуу берген элдин ой-тилеги педагогика илиминин уюткусу катары жаш муундарда адептик сапаттарды калыптандырууда кеңири пайдаланылат [3].

Эне үлгүсүнүн өзүнө гана таандык ачык-айкын өзгөчөлүктөрүн белгилесек, алар төмөнкүлөр:

1. Эне – адамзаттын негиздөөчүсү, улуттун сактоочусу. Эне гана толгоо тартып, перзентти жарык дүйнөгө алып келет. Табигатта бул – улуу сыр, бийик жоопкерчилик энеге гана энчиленген. Ошондуктан, эненин үлгүсү – бүткүл адамзатты өзүнүн таасири менен ээлеген, бүтүндөй адамдардын тукумун анын узак тарыхында кучагына алган метод. Эне – адамзаттын түбөлүктүүлүгүн көрсөтүүчү символ. Тарбиянын жалпы жана түбөлүктүү мүнөзү эненин, анын өзгөчө миссиясынын дал ушул башкы функциясы менен аныкталат.

2. Эненин үлгүсү – бул анын өз жанынан да артык көргөн балдарына болгон сүйүүсү. Эне бала үчүн баарына чыдайт, баарын көтөрөт, баланын бүт жамандык-жакшылыгы эненин жүрөгү аркылуу өтөт, балдары үчүн энелердин мээрими – океандай чексиз, боорукер, камкор. Эне – биринчи кезекте жашоо берүү менен бирге таалим-тарбия берген тубаса тарбиячы. Эне өзүндө миң жылдык генетикалык программаны алып жүрөт.

3. Балдар үчүн өмүрүн аябаган эненин бийик сүйүүсү өз балдарынын жооптуу сүйүүсүн чакырбай койбойт. Балдарынын бул сүйүүсү алардын өмүрүнүн алгачкы жылдарында өзүмчүл болуу менен жетишерлик эмес деңгээлде түшүнүлсө, улам чоңойгон сайын туура тарбиянын натыйжасында мындан да күчтүү, таасирдүү боло баштайт, анткени өзүнүн адаты, өзүнүн жүрүм-туруму жана өзүнүн өмүрү үчүн туулган адам эненин алдында, ата-эненин алдында, үй-бүлөнүн алдында жоопкерчилиги менен өтө органикалуу биригет. Адамдын энеге мамилеси – анын адамгерчилигинин, адамдарга болгон мамилесинин биринчи критерийи, энеге болгон сүйүүсүнүн калыптанышы – башка адамдарга туура гумандуу мамиле кылуусунун башталышы.

4. Эне – коомдун кичинекей бөлүкчөсү жана эң маанилүү системасы, балдардын шайыр күлкүсү угулуп турган үй-бүлөнүн куруучусу. Үй-бүлөдө эне – бардыгын бириктирүүчү башат, анын өзөгү. Эрежеге ылайык энесиз үй-бүлө болушу мүмкүн эмес. Эне өзүнүн сүйүүсү, чыдамкайлыгы, кечиримдүүлүгү, сабырдуулугу, мээримдүүлүгү менен үй-бүлөнү, өз балдарын, андан соң неберелерин бириктирет, алардын жакындыгынын уңгусу болуп саналат.

5. Үй-бүлөдөгү эне – өз элинин улуттук менталитетин, анын маданиятын, тилин алып жүрүүчү. Жаңы төрөлгөн наристе энесинин сүтү аркылуу өз элинин эне тилин алат. Ошондуктан «эне тили – эне сүтү» делет, тил аркылуу билим бекемделет. Энелер – элдик уюткулуу үрп-адатты, салт-санааны сактоочулар жана укумдан-тукумга мурас катары өткөрүп берүүчүлөр.

Демек, айтылгандардан улам биз: эненин үлгүсү тарбиянын усулу катары анын образын жокко чыгара албайт, - деп ырастай алабыз. Эне үлгүсүн – балдарды адептүүлүккө тарбиялоонун мыкты усулу катары карасак болот.

Адабияттар

1. Горький М. Сказки об италии [Текст] / М. Горький. – М., 1961. – 37 с.

2. Ибрагимов, М. Кыргыз макал-лакап, учкул сөздөрү [Текст] / М. Ибрагимов. – Б., 2008.– 500 б.

3. Измайлов А.Э. Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казакстана [Текст] / А.Э. Измайлов – М.: Педагогика, 1991. – 400 с.

4. Култаева У. Турмуш чындыгы жана көркөм образ [Текст] / У. Култаева. – Б., 2002. – 172 б.

5. Толстой Л.Н. Педагогические сочинения / Л.Н. Толстой. – М.: Педагогика, 1989.– 354 с.

УДК 378.1.15:373.0.

Молдалиева А. Ж.
И.Арабаев ат. КУУнун ага окутуучусу

АЗЫРКЫ УЧУРДАГЫ ОКУУЧУЛАРДЫН ЭТНОМАДАНИЯТТЫК ТАРБИЯСЫ

ЭТНОКУЛЬТУРНОЕ ВОСПИТАНИЕ СОВРЕМЕННЫХ УЧЕНИКОВ

MODERN ETHNO-PEDAGJGICAL EDUCATION OF PUPILS

Аннотация: *Бул макалада тарбия берүүдөгү улуттук өзгөчөлүктү эске алуу менен эскирген ырым-жырымдарды, педагогикалык шарттарды түзүүнү билиши керектиги тууралуу жазылган.*

Түйүндүү сөздөр: *Этнопедагогика, этномаданият, этнос, элдик тарбия, метод, компонент.*

Аннотация: *В этой статье наряду с учитыванием национальных особенностей раскрыто содержание старых национальных нравов и обычаев.*

Ключевые слова: *Этнопедагогика, этнокультура, этнос, народное воспитание, метод, компонент.*

Annotation: *this article is about national peculiarities and the meaning of old national games, manners and customs.*

Key words: *enhno-pedagjgic, article, national enhno-pedagjgical, peculiarities, education, mean, manners, customs.*

Азыркы окуучулардын этномаданияттык тарбиясы жөнүндө келечектеги мугалимдердин түшүнүгүн кеңейтүүчү этнопедагогикалык билимдин арсеналына эмпирикалык билим гана кирбейт. Алардын ажырагыс компоненти болуп, элдик тарбия берүүнүн каражаттары, методдору, принциптери менен байланышкан инструменталдык билимдер менен келечектеги мугалимдердин куралдануусуна мүмкүндүк берген маалыматтар эсептелет.

Мындай антологиялык элдик методдордун аң-сезимге, жүрүм-турумга, сезимге, тил алдыруу, каалоо, сураныч, кеңеш берүү, ишарат кылууга тыюу салуу, жактыруу сыяктуу таасир берүүсүн актуалдаштыруу зарыл. Саналган каражаттар көптөгөн кырдаалдарда салтуу колдонулуп келет. Жашоонун салттуу түрүндө каалоолордун маанилүүлүгү таасирдүү жана салмактуу. Бул жөнүндө турмуштун өтө жоопкерчиликтүү учурунда, улуулардан бата алууга умтулган аракеттер, каалоотилектердин, батанын, улуу адамдардын тоскоолдуктарды жеңүүдөгү күчүнө ишенүү жөнүндө айтылат.

Келечектеги мугалимдерге баланын инсандык калыптанышына оң таасирин тийгизген элдик педагогиканын методдорун колдонууну сунуштайбыз. Ошону менен катар студенттер тарбия берүүдөгү улуттук өзгөчөлүктү эске алуу менен эскирген улуттук ойлорду, ырым-жырымдарды, жок нерсеге ишенимди, улуттук чектелгендик менен түнтүктү муундан-муунга өткөрүүгө тоскоол болуучу педагогикалык шарттарды түзүүнү билиши керек. Мисалы, элдик педагогикада жазалоо ар түрдүүлүгү менен айырмаланат. “Уруп жазалоого элдик педагогикадагы мамиле карама-каршы”, – деп жазат белгилүү окумуштуу Г.Н.Волков. Инсанга таасир берүүнүн ар түрдүү принциптерине ылайык, көпчүлүк учурда элдик педагогикада уруп, согуп жазалоого карама-каршы таасир берүүнүн башка чаралары коюлган, кай бир учурда денелик жазалоону колдонуу ачык талкууга алынган”.

Келечектеги мугалимдер элдик педагогиканын чыныгы методдорун калпыс, төгүн методдорунан айырмалай билиши керек. Билим берүүнүн системаларын башкаруу бөлүмүндө этникалык маданиятты сактоонун жана өнүктүрүүнүн маанилүү институту катары улуттук мектептин феномени улуттук аң-сезимдин калыптанышы, балдардын жана жаштардын, дүйнөлүк жана өз элинин маданиятынын баалуулуктарын өздөштүрүү жөнүндө кеп кылынат. Мазмундун, методдордун, билим, тарбия берүү системаларын уюштуруунун формаларынын баштан аяк өзгөрүүсүнө, мектептин өзүнүн тибинин өзгөрүшүнө жаңы типтеги улуттук окуу жайларынын: жогорку деңгээлдеги билим берүүнү ишке ашырган лицейлердин, гимназиялардын ачылышына илимий-методологиялык мамилелер каралат. Бул абалга өзгөчө басым жасалат, себеби элдик каада-салтты, элдик педагогикадагы педагогикалык баалуулуктарды азыркы учурдун талабына ылайык заманбап окуу-тарбиялоо иштерин модернизациялоо татаал процесс. Окумуштуулар Ю.Ш.Атангулов, В.Ф.Афанасьев, Б.Н.Волков, М.С.Ва-

сильевдердин изилдөөлөрүнө таянуу менен элдин өзү тарабынан иштелип чыккан жана элдик башкарышка негизделген тарбия, абстрактуу педагогикалык идеяларга сугарылган, эң мыкты системалардын өзүндө жок тарбия берүүчүлүк күчкө ээ экендигине ишендиребиз. Ошону менен бирге, мисалы, кыргыздын элдик мектеби өзгөрүлүп жаткан дүйнөнүн шартында дайыма эле азыркы талаптарга ылайык келе бербейт. Индустриалдык доорго чейин кыргыздардын мүнөздүү салттык маданиятынын педагогикалык багытына сын көз менен карап талдоонун негизинде, салттуу улуттук баалуулуктар адамдын жашоосунун актуалдуу соцмаданияттык шарттарына жана мүнөзүнө ылайык келиши керек деген жыйынтык чыгарылат. Демек, салттуу кыргыз педагогикасы бир топ эле консервативдүү система болуп эсептелет, ага балдарды тарбиялоодо тил алчаактыкты, жүрүм-турум иерархиясын орнотуу мүнөздүү.

"Социалдык чөйрө тарбия берүүнүн каражаты катары" темасында окуучуларга этномаданияттык тарбия берүү процессинде үй-бүлөлүк, мектептик жана ачык айылдык социумду ишке ашыруудагы субъектилердин ишмердүүлүгүн координациялоо жөнүндөгү суроо актуалдаштырылат.

Лекцияларда тарбиялоо процессинин конкреттүү субъектилери белгиленет. Кыргыздын айылдык социумуна ылайыктуу субъектилер:

– үй-бүлө, туугандары, кошуналары;

– мугалимдер, теңтуштары, достору, коомчулуктун өз алдынча өкүлдөрү;

– өз алдынча адистер же ар кыл профилдеги адистердин топтору;

– тарбия берүү процессинин субъектилеринин санына айылдык мектепке түз же кыйыр таасир кылган райондук же айылдык деңгээлдеги административдик - башкаруучулук системалар кире алышат.

Келечектеги мугалимдердин этнопедагогикалык көз караштарынын калыптанышында "Педагогиканын тарыхы" курсунун ролу өзгөчө. Бул курс ар түркүн элдерде, ар башка дооорлордо түзүлгөн педагогикалык системалардын өзгөчөлүгүн көрүүгө мүмкүндүк түзөт.

Белгилүү болгондой, тарыхый-педагогикалык ойлордун компоненти болуп, кеңири элдик массанын көп кылымдык педагогикалык практикасында чагылдырылган элдик педагогиканын көз караштары жана тажрыйбалары эсептелет. Тилекке каршы, бүгүнкү күнгө чейин курстун программасында көптөгөн элдердин педагогикалык ойлорунун мазмундук тарыхы кысымга алынып, басылып келген. Философия жана билим берүүнүн тарыхы боюнча азыркы окуу китептери жана окуу программалары өткөн жылдарга таандык аналогиялык окуу китептерден жана методикалык долбоорлордон айрымаланып турат."Евроцентризмди" жеңүү максатында курстун окуу материалын түзүүдө педагогикалык маданияттын өнүгүшүнүн тарыхын этнопедагогикалык түшүнүктү эске алуу менен жазылган бир топ окуу китептери жана окуу куралдары иштелип чыкты. Аларда педагог-демократтардын мурастарын анализдөөдө өзгөчө элдүүлүк принцибине басым жасалат.

Чындыгында эле, өз өмүрүн өз элине патриоттук кызмат кылуу менен тыгыз байланыштырган өткөндүн атактуу педагогдорунун бардыгы дайыма элдик педагогикага таянышкан. "Алар (педагог демократтар) өздөрүнүн калыптанышында элдин тарбия берүү процессиндеги тажрыйбасын жалпылаштырышкан, элден үйрөнүшкөн, акыл-ой кенчтеринен көптү өздөштүрүшкөн", – деп жазат академик Г.Н.Волков Өзүн элдик илим менен айкалыштыргандар улуу педагог-демократтар болуп калышты. Келечектеги мугалимдердин этнопедагогикалык билимдер менен куралданышында окуу курсунун мындай бөлүмдөрү - "Кыргыз педагогикасы тарыхый-педагогикалык билимдердин структурасында", "Байыркы дүйнөдөгү тарбия берүү жана мектеп", "Чыгыш элдериндеги тарбия берүү, мектеп жана педагогикалык ойлор", "Байыркы Рустагы педагогикалык ойлор", "Манас эпосу" – кыргыз элинин педагогикалык ойлорунун энциклопедиясы".

"XIX кылымдын акыры XX кылымдын башындагы кыргыз акын-демократтарынын педагогикалык идеялары", "Педагогикалык ойлордун өнүгүшүндөгү кыргыз жазуучуларынын ролу" ж.б. чоң мааниге ээ.

Ошентип тажрыйбалык эксперименталдык иш окуу-тарбия ишинин логикасын бузбастан атайын жана педагогикалык дисциплиналардын мазмунун келечектеги мугалимдин этнопедагогикалык даярдыгы аркылуу органикалык байланыштагы билимдер менен байытууга болот. Ошол эле учурда окуу пландарынын чегинде педагогикалык даярдыгы менен сабактарды үйрөнүү процессинде студенттер ээ болгон билимдер жана анын негизинде калыптанган жөндөмдөр студенттердин этнопедагогикалык даярдыгынын бардык компоненттеринин калыптанышы анын сапатында көрсөтүлөт.

Адабияттар

1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. 1-бөлүк. -Б., 1997.-67 б.

2. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү өзгөртөбүз, дүйнө бизди өзгөртөт. / Түз. Тургунбаев С. – Ф.: Кыргызстан, 1978.

3. Айтматов Ч. Балалыгым: жазуучунун Ф.Хитцерге айтып берген өмүр таржымалы: Түрк тилинен которгондор: Муратов А., Чыныбаева Б. – Стамбул, 2004. – 2-басылышы. – 114 б.

4. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби: элдик салт. – Б.: Баласагын, 1993. – 220 б.

5. Акматалиев А. Балдарга арналган салт жана ырым жырымдар. – Бишкек, 2000.-124 б.

6. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. -Б., 2000. 42 б.

УДК: 342.813: 37.013

Мураталиева М., *к.п.н., доцент*
Бишкекский гуманитарный университет им. К. Карасаева
E-mail:

К ВОПРОСУ ФОРМИРОВАНИЯ КОМПЕТЕТНОСТНОЙ МОДЕЛИ ВЫПУСКНИКА ВУЗА ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ НАПРАВЛЕННОСТИ

ПЕДАГОГИКАЛЫК БАГЫТЫНДАГЫ БҮТҮРҮҮЧҮНҮН КОМПЕТЕНТТИК МОДЕЛИНИН КАЛЫПТАНУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

TO THE QUESTION OF FORMATION OF THE COMPETENCY MODEL OF A GRADUATOR OF A PEDAGOGICAL DIRECTION STATION

(на примере бакалавра по педагогическому направлению «Социально-экономическое образование», профиль «История»)

Аннотация. *В статье рассматриваются вопросы подготовки учителей истории в системе высшей педагогической школы согласно действующему государственному образовательному стандарту, разработанного в логике компетентностного подхода. Сделан вывод о том, что опора на формирование совокупности общепрофессиональных и специальных компетенций как важнейших характеристик, обеспечивают возможность приобретения и совершенствования необходимых качеств будущего учителя истории для решения профессиональных задач педагогической деятельности.*

Ключевые слова: *компетентностная модель, компетентностный подход, компетенции, компетентность, стандарт, учитель истории.*

Аннотация*: Макалада азыркы мамлекеттик билим берүү стандартына логикалык компетентүүлүктүн жаатында кайрадан иштелип чыккан тарых боюнча мугалимдерди даярдоодогу суроолор каралат. Жыйынтыктап айтканда, болочок тарых боюнча мугалимдердин педагогикалык ишмердүүлүгүндө профессионалдык маселелерди чечүүдөгү универсалдуу компетенциялардын калыптануусуна басым жасалат жана эң олуттуу сапаттар катары саналат.*

Түйүндүү сөздөр: *компетентүүлүк модель, компетенттик багыт, компетентүүлүк, стандарт, мугалим, тарых.*

Annotation*. The article deals with the issues of training history teachers in the system of higher pedagogical school according to the current state educational standard, developed in the logic of competence approach. It is concluded that the reliance on the formation of a set of universal and professional competencies as the most important characteristics, provide opportunities for the acquisition and improvement of the necessary qualities of the future history teacher to solve professional problems of pedagogical activity.*

Keywords*: competence model, competence approach, competence, competence, standard, history teacher.*

В рамках глобализации и интеграции в мировое образовательное пространство высшее профессиональное образование Кыргызской Республики активно включилось «в конкурентную борьбу за обладание компетенциями» [1].

Г. А. Барышевой (2009) отмечается, что «уровень профессионального образования определяется совокупностью показателей: приобретенным объемом базовых знаний, привитыми умениями, выработанными навыками, развитым кругозором в сфере будущей

профессиональной и практической деятельности» [2]. Реализация такого подхода обеспечит формирование компетентностной модели выпускника педагогического вуза, предполагающей набор универсальных, общепрофессиональных и специальных компетенций, степень его подготовленности к выполнению стандартных и нестандартных задач, т.е. формирование модели выпускника, направленной на сферу профессиональной деятельности.

Мы разделяем точку зрения, что «модель специалиста - это описание того, к чему должен быть пригоден специалист, к выполнению каких функций он должен быть подготовлен и какими качествами должен обладать» [6].

В последнее время в педагогической науке и практике все более широко обсуждаются такие вопросы, как определение и структура компетентностей педагога. Так, наиболее распространенными подходами, в рамках которых выделяют три основные группы компетентностей являются:

- общие, профессиональные и академические (по В.И. Байденко [1]);

- социально-личностные, общепрофессиональные и специальные (по В.Д. Шадрикову [9]);

- компетентность в общенаучной сфере, которая является базой соответствующей профессии, компетентность в широкой области профессиональной деятельности (инвариантной к различным специальностям), компетентность в узкой (специальной) области профессиональной деятельности (по Ю.Г. Татуру [7]).

Непосредственно применительно к педагогической профессии ряд исследователей называют следующие виды компетентностей: общекультурные, методологические и предметно-ориентированные (по Ю.В. Фролову, Д.А. Махотину [8]).

В рамках проекта TUNING были выделены универсальные компетенции и предметные компетенции в области педагогического образования, математики, физики и др.[1].

В действующем в Кыргызском государственном университете им. И. Арабаева (КГУ им. И. Арабаева) государственном образовательном стандарте высшего профессионального образования (ГОС ВПО) по направлению «Педагогическое образование» (бакалавр), построенного в логике компетентностного подхода, определены две группы компетенций: универсальные и профессиональные [3].

Однако по результатам анализа научно-педагогических работ зарубежных и отечественных ученых, исследовавших проблему компетентностного подхода, нами была взята за основу система компетенций, предложенная О.И Мартынюк и соавт. (2006), которые считают, что для специалистов педагогического профиля применительна модель, состоящая из трех групп компетентностей [6]:

1. Ключевые, общекультурные, общие, социально-личностные и т.п. Сюда входят компетентности, которые являются общими для современных специалистов различных профилей;

2. Педагогические, общепрофессиональные и базовые, т.е. включены компетентности, базовые для всех специалистов педагогического направления;

3. Специальные, академические и предметные. Это компетентности, обусловленные конкретной предметной областью.

Таким образом, при формировании компетентностной модели специалиста в области профессионального педагогического образования (на примере выпускника факультета истории и социально-правового образования) согласно ГОС ВПО по направлению «Педагогическое образование» (бакалавр) мы будем использовать следующие названия групп компетентностей: **универсальные** и **профессиональные**. При этом помимо универсальных и профессиональных компетенций при подготовке учителя истории в группу профессиональных компетенций включены *общепрофессиональные* и *специальные компетенции*, являющиеся базовыми для всех специалистов педагогического профиля [5].

В данной статье мы предложим свою компетентностную модель выпускника – бакалавра педагогического направления «Социально-экономическое образование» (профиль «История») согласно ГОС ВПО. В этой связи нами была предпринята серия опросов. В них приняли участие 17 учителей истории школ г. Бишкек, 32 преподавателя истории в вузах республики, 14 директоров и завучей школ, 22 студента выпускного курса (бакалавры) факультета истории и социально-правого образования КГУ им. И. Арабаева.

В начале экспериментального исследования нам необходимо было выявить понимание со стороны респондентов содержания самого понятия «компетенция». Результаты ранжирования анкет учителей школ, преподавателей университета и выпускников позволили выявить следующие группы определений понятия «компетенция»:

1. Это совокупность знаний;
2. Это совокупность умений;
3. Это совокупность знаний и умений;
4. Это применение знаний, умений и навыков в профессиональной и практической деятельности;
5. Это качество личности;
6. Это совокупность качеств личности;
7. Другие определения, которые не подлежат группировке.

В ходе анализа анкет было установлено, что лишь 52% учителей школ и 62% профессорско-преподавательского состава факультета дают наиболее точное определение понятия «компетенция» как совокупность применения знаний, умений и навыков и личностных качеств, а остальные респонденты формулировали понятийный аппарат «компетенции» в процентном соотношении очень разбросанно.

Определение понятия «компетенция» со стороны выпускников выявило следующую картину: 39,1% студентов выделяют «компетенцию» как совокупность знаний, 18,9% - как совокупность знаний и умений, 13,5% - как применение знаний, умений и навыков в профессиональной и практической деятельности, 8% - как качество личности.

В связи с этим мы можем сделать вывод о том, что академический персонал, персонал школы, сами выпускники в полной мере не ориентируются в вопросах определения понятия «компетенция». Только незначительная часть студентов (20,5%) реально оценивают требования к собственной профессиональной компетентности.

На следующем этапе наших исследований проведено анкетирование представителей администрации школ. Заданием для участников опроса было продолжить предложения: «Хороший учитель знает …» и «Хороший учитель может, способен…». Ответы были сгруппированы и проранжированы.

Следовательно, на основании всего вышеизложенного нами были выделены универсальные и профессиональные компетенции и их компоненты.

Далее остановимся более подробно на содержании каждой компетентности.

Универсальные компетенции составляют ядро компетентностной модели выпускника любого вуза, которые имеют двойственную природу. Во-первых, они не являются профессионально обусловленными. Данные компетентности должны быть характерны для всех современных специалистов независимо от сферы и области их деятельности. Во-вторых, ключевые компетентности имеют профессиональную значимость, так как они составляют базу, основу при формировании профессиональных компетентностей и способствуют им более успешно реализовываться.

Важной характеристикой универсальных компетентностей является то, что они дают возможность выпускникам вуза педагогической направленности при необходимости быть востребованными со стороны работодателей на рынке труда, результативно реализовывать себя в других профессиях, в тех сферах деятельности, которые не связаны с полученной в вузе квалификацией.

Поставив перед собой цель, определить универсальные компетентности специалиста в области педагогического образования, нами проанализированы и обсуждены различные подходы к определению универсальных компетенций, учитывая особенности и специфику педагогической профессии: личностно-ориентированный, практико-ориентированный, деятельностный, системный, культурологический, средовый и другие. Практически во всех подходах присутствуют (под теми или иными названиями) общенаучные, инструментальные и социально-личностные компетенции. Отметим, что эти же компетенции указаны в ГОС ВПО, которые необходимо включить в модель выпускника вуза педагогической направленности.

Второй группой составляющей модели выпускника являются профессиональные компетенции, представленные *общепрофессиональными* и *специальными компетенциями*, которыми должны обладать специалисты педагогического профиля. Необходимо отметить, что в ГОС ВПО по направлению «Педагогическое образование» (бакалавр) общепрофессиональные компетентности не выделяются в отдельную группу, они представлены разбросанно и относятся либо к блоку общекультурных, либо к одному из видов профессиональных компетенций.

Анализируя работы А.К. Марковой [5], коллективную монографию под редакцией Ю.В. Фролова и Д.А. Махотина [8], мы сформулировали следующие *общепрофессиональные компетентности* выпускника педагогического вуза:

- компетентность в проектировании, организации и проведения учебно-воспитательного процесса;

- компетентность в проведении мониторинга достижений и проблем учащихся;

- компетентность взаимодействия с участниками учебно-воспитательного процесса;

- компетентность профессионального самообразования и самооценки.

Модель выпускника должна содержать компетентности, характеризующие его как работника определенной сферы деятельности. В этой связи необходимо выделить в группе профессиональных компетенций *специальные компетентности*, которые связаны со способностью специалиста использовать для решения профессиональных задач совокупность знаний, умений, навыков и личностных качеств, формируемых в рамках конкретной предметной области [4].

Специальные компетенции в стандарте включены, также как и общепрофессиональные компетенции, в блок профессиональных компетенций и имеют свою специфику для подготовки выпускника - бакалавра педагогического направления «Социально-экономическое образование» (профиль «История»).

Таким образом, путём анализа литературы и проведения анкетирования в рамках нашей работе мы определили сущность понятия «компетенция». При этом оценили уровень понимания данного понятия преподавателями вуза, учителями школ, студентами факультета истории и социально-правового образования КГУ им. И. Арабаева и сделали вывод о том, что только лишь небольшая часть студентов реально оценивает требования к собственной профессиональной компетентности. Далее мы предложили компетентностную модель выпускника педагогического вуза (на примере бакалавра социально-экономического образования, профиль «История»), составляющими компонентами которой являются универсальные и профессиональные компетенции, последняя группа компетенций представлена общепрофессиональными и специальными компетенциями.

Литература

1. Байденко В.И. Выявление состава компетенций выпускников вузов как необходимый этап проектирования ГОС ВПО нового поколения: Методическое пособие - М., 2006.

2. Барышева Г. А. Включение российского образования в конкурентную борьбу за обладание компетенциями // Фундаментальные исследования. - 2007.- № 3. - С. 6.

3. Государственный образовательный стандарт высшего профессионального образования по направлению «Педагогическое образование» (бакалавр). - Б., 2013. - С. 4 - 22.

4. Добаев К.Д., Сакимбаев Э.Р. Еще раз о государственных образовательных стандартах высшего образования на основе компетентностного подхода по педагогическим направлениям и специальностям //Известия КАО. - № 1. - Б., 2011. - С. 12-17.

5. Маркова А.К. Психология труда учителя. - М., 1993.

6. Мартынюк О.И., Медведев И.Н., Панькова С.В., Соловьева О.И. Опыт формирования компетентностной модели выпускника педагогического вуза как нормы качества и базы оценки результатов образования.- М.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, 2006.

7. Татур Ю.Г. Компетентность в структуре модели качества подготовки специалиста //Высшее образование сегодня. - № 3. - 2004.

8. Фролов Ю.В., Махотин Д.А. Компетентностная модель как основа оценки качества подготовки специалистов //Высшее образование сегодня.- №8.- 2004.

9. Шадриков В.Д. Модель специалиста с высшим профессиональным образованием. – М., 2003.

УДК: 37.013:39(560)

Октай Четин
ОшМУнун Арашан гуманитардык институтунун директорунун орунбасары.
oktaycettin@gmail.com
Алимбеков А.
профессор кафедры педагогики КТУ «Манас»
akmatali_alimbekov@mail.ru

АНАДОЛУ ТҮРКТӨРҮНҮН МЕКЕНЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛОО САЛТТАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮ

РАЗВИТИЕ ТРАДИЦИЙ ПАТРИОТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ АНАТОЛИЙСКИХ ТУРОК

THE DEVELOPMENT OF THE TRADITIONS OF PATRIOTIC EDUCATION OF THE ANATOLIAN TURKS

Аннотация. *Макалада Анадолу түрктөрүнүн балдарды мекенчилдикке тарбиялоо жаатындагы макалдарда чагылдырылган салттык көз караштары талдоого алынып конкретүү кырдаалдардагы чындыкка айланышын тастыктаган мисалдар менен бекемделет. Ошону менен жаңы Туркиянын мектептеринде Ататүрк баштаган окуучу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо саясатынын салттык баалуулуктар менен байланышына олуттуу орун берилет.*

Түйүндүү сөздөр: *Анадолу түрктөрү, мекенчилдикке тарбиялоо, ата сөздөрү, салттык маданият.*

Аннотация. *В статье проанализированы традиции Анатолийских турок в сфере патриотического воспитание детей и подкреплены конкретными действительными фактами истории. Вместе с тем, особое внимание уделяется раскрытию взаимосвязи традиционной системы и политики новой Турции в области патриотического воспитание детей и молодежи.*

Ключевые слова: *Анатолийские тюрки, патриотическое воспитание, пословицы, традиционная культура.*

Annotation. *This article analyzes the traditions of Anatolian Turks in the field of Patriotic education of children and supported by concrete facts of history. At the same time, special attention is paid to the relationship between the traditional system and the policy of the new modern Turkey in the field of Patriotic education of children and youth.*

Key words: *Anatolian Turks, Patriotic education, Proverbs, traditional culture.*

Азыркы Анадолу түрктөр жайгашканга чейин бир катар христиандык Европалык масштабдуу цивилизациялардын жаралган жери болгону жалпыга маалым. Түрктөр Мазгрит согушунан кийин Анадолуга келген огуздардын алдында көп сандаган түрк калктары пайда болду. Селжук мамлекети жана Түрк бектиктеринен Түркия чыныгы түрк журтуна айланып, Анадолу Түркия болуп калган. [13, 79]

Анадолу маданияты түпкү табияты жагынан *ислам-түрк маданияты* катары калыптана баштаганына карабастан мында түрктөрдүн түпкүрдөн түптөлүп келген салттык маданиятынын өнүгүшүнө да олуттуу өбөлгөлөр түзүлгөн. Балким, улуттун өткөнү менен келечегине стратегиялык өңүттөн ой жүгүрткөн чыгаан көсөм жол башчылар элди уңулуу маданиятынан кол үздүрбөй тескерисинче элдин эс тутумунда, аңыз аңгемелерде, арбактуу салттарында сакталып калган бийик адептик үлгүлөрдү эш тутуп сактап келээр муунга мурастоо үчүн атайын камкордук көрүшкөндүр. Ырасында эле тарыхый өүгүштүн мыйзамы ушу. Бул акыйкатты түрк элдеринин сыймыгы, чыгаан кыргыз жазуучусу Ч. Айтматов төмөнкүчө белгилеген:

"Ажайып искусство образдарында, башкача айтканда, байыркы мифтерде, аңыз-аңгемелерде (легендаларда), классикада сакталып калган рухий таржымалы менен тарыхын унутуп калган адам акыл-эс жагынан эч качан жарыбайт, андай адам азыркы ашкан татаал турмушту аңдаганга алсыздык кылат" [9, 112]

Ал эми көрнүктүү этнопедагог Г.Н. Волков тарабынан *"Эс тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз тарбия болбойт, тарбиясыз личность болбойт, личностсуз улут болбойт"* – деп XXI кылымдын эң оригиналдуу педагогикалык формуласы катары айкындаган. [12,166]

Бул макалада биз жогорку ойлорубузду Анадолу түрктөрүнүн адеп-ахлак тарбиясына байланыштуу байыртан бүгүнкү күнгө чейин элдин турмуш практикасында жашап келген макал лакаптардын жана турмуштук фактылардын мисалында бекемдөөнү көзөмөл тутабыз.

Анадолу түрктөрүндө макалды "ата сөзү" деп өтө урматтуу кадырлуу ой пикир катары кабылданат. Ошондуктан "Ата-бабалардын сөзүн укпаган киши четке кагылат, акыретте айбандарга кошулат» деп айтылат. Мында «Макал» түшүнүгү оозеки чыгармачылык жанры маанисинен да кыйла жогорку мааниде, башкача айтканда, ата-бабалардын кеңеши, көрсөтмөсү катары кабылдана тургандыгын туябыз.

Жогорудагы "ата-бабалардын сөзүн укпаган киши четке кагылат" деген сүйлөмдөгү "четке кагылат" фразеологизмин адам катарынан чыгат элден бөлүнөт деп түшүнсөк болот. Ошондой эле бир макалда бул жаза дароо ишке ашырылаары белгиленет: «Ата-бабалардын сөзүн укпаган октой атылат». Түркия түрктөрүнүн фольклорунда «Аталардын сөзүн укпаган же теке же бүкө» -деген да макал бар. Бул макалда да салттуу турмуштун эреже салттарын тартипке салып турган макалдарды этибарга албаган дам «теке» болуп камакка алынаары же «бүкө» болуп токойго айдалып сүргүн жазасына тартылаары эскертилет. Макал ылакаптарды олуттуулугун белгилеген ой тыянактар башка түрк калктарында да көп учурайт. Бул маселе боюнча Алтай түрктөрүндө «Аталардын сөздөрү талкууланбайт», «макалдар базарда сатылбайт», «мисал – роза, ал эми сөз – гүл» жана «ата-бабалардын сөзү – акыл», чуваштарда «Улуунун сөзү жерде калбайт», Кыбрыс түрктөрүндө «Карынын сөзү четке ташталбайт», өзбек түрктөрүндө «макал акылдын каймагы» же болбосо «макалдар-акылдын көзү», түркмөндөрдө «аталар сөзү-сөздөрдүн негизи» -деп айтылат. [10, 45]

Макалдарда байкалган тарбиялык кубулуштарды интеграциялоо функциясы алардын педагогикалык баалуулугун көтөрөт. «Ойду эсте сактоо, кабыл алуу жана аң сезимде кайра иштеп чыгуу процесстерин жеңилдетүү максатында калктын коллективдүү акыл эси ойду сарамжалдуу код аркылуу бекемдейт. Ар бир макал көптөгөн сандагы маалыматты камтыйт. Ой, маалымат бул жерде бекем сакталат. Мындай көрүнүш, бир жактан, кабыл алуу жана эсте сактоо ишин жеңилдетсе, экинчиден аны түшүнүү жана чечмелөө ишин татаалдаштырат» [11,166]. Макалдарда катылган билим технократиялык көз караштарга, микродүйнө менен макродүйнө тууралуу маалыматка, рыноктук эсеп-кысаптуулукка анчейин коошпойт. Себеби алардын негизин текти-төркүндү ызаттоо, адамгерчиликти баалоо, асыл сапаттарды даңазалоо сыяктуу касиеттүү мааниле түзөт. И. Аксой жана Ө Асым белгилегендей *"Булар салт-санааны, адат-традицияны бекем сактоочу сыр сандык сыяктуу. Алар өздөштүрүлгөн, кабыл алынган, тажрыйбада текшерилген гана пикирлерди, эрежелерди, императивдерди камтыйт. Макалдар ойдун жалпылоочу формуласы катары убакытты өтмүшкө, учурга жана келечекке ажыратпай, дайыма туруктуулукту сактайт»*. Aksoy, Ö. Asım. (1970). Atasözleri ve Deyimler El Kitabı. Ankara: Ankara Üniversitesi Basımevi. Ушулардан улам макалдар педагогикалык кубулуштардын, жагдайлардын жалпылоочу символу катары кызмат кылат жана ар бир символдун артында терең жана сырдуу маани жатат деп айтууга негиз бар.

Биз макалада негизги булак катары Анадолу элини оозунан жыйналып алынган макалдар жыйнагын колдонууга аракет кылдык. Ал жыйнак Өзкул Чобаноглунун «Түрк дүйнөсүнүн орток макалдар сөздүгү». [2] Мында түрк элдерине таандык макалдар тематикалык жана семантикалык тектештигине жараша кылдат жикке бөлүштүрүлгөн.

Анадолу түрктөрүнүн адеп-ахлак маданиятынын өзөктүүсү – бул эл жер жана мекенди сүйүү коргоого тарбиялоо. Мекенге жана өз элине болгон сый-урмат мамиле элдин эң маанилүү моралдык талабы болуп эсептелет: **«Yad elde beylik sürmeden, yurtta züğürt gezme yeğdir»** *("Башка элде султан болгончо өз элиңде ултан бол")*.

Эл мекенден ажыратылгыс бир түшүнүк болуп, мекенсиз жашоону элестетүү мүмкүн эмес болгонуктан, адамдын рухий жана физикалык болмушу мекен менен органикалык түрдө байланышта турат: **«Halkın kudreti, büyük kudret, Vatan toprağıysa servetti»** *(«Элдүү түлкү ач өлбөс»);* **«Halk varsa yiğit var, yiğit olan yerde halk var»** *("Эл болбосо, эр болбойт»). Анадолу түрктөрү үчүн бул тарыхый эс тутум гана эмес керек учурда ачыкка чыгып чындыкка айланганда бийик адамдык сапат болгон. Муну, Чанаккале согушунда* улук лейтенант Захиддиндин энесине жазган каты тастыктап турат: "Бул күндөрдө күндөгүдөн маанилүү салгылашууларга киребиз. Билесиң, ар салгылашууга кирген өлбөйт. Бирок, мен өлсөм такыр кам санаба... Ата Мекен үчүн шейит болсом кандай бактылуумун" [6, 87-б].

Ал эми Хасан Этемдин жазган акыркы катында түрк жеринин табиятынын кооздугуна көзү тойбогон сүйүү да, аны сактоо жөнүндөгү ичтен чыккан рух, аллахтан акыркы суранычы да таасирлүү берилген: "Оо, түрктөрдүн улуу Аллахы, Оо, ушул сайраган куштун, ары бери жайылган жана маараган койдун, ийилип жүгүнгөн көк эгин жана чөптөрдүн, ушул айбаттуу тоолордун жаратуучусу. Сен булардын баарын түрктөргө бергенсиң. Кайра түрктөргө ташта. Анткени, мындай кооз жерлер Сени аздектеген жана Сени улуу деп билген түрктөргө тиешелүү." [6, 10].

Элдик тарбия системасы жаштарды өз элин душмандардан активдүү түрдө коргоого даярдагандыктан, жаш муундарда мекен үчүн жанынан кечүү даярдыгы калыптанат: **«At ölür meydan kalır, yiğit ölür şan kalır»** *(Эр жигит эл четинде, жоо бетинде)*. Мекенге карата мындай терең урмат жана берилүү,

жашоодогу эң баалуу нерсе болуп эсептелген жанын берүүгө даяр болуу кыргыз жана түрк элдеринин эң мыкты уулдарына мүнөздүү сапат болуп келген. Мына ушул өзгөчөлүк кыргыз жана түрк элдеринин баатырларын баалоонун башкы критерийи болуп эсептелет.

Мекен сүйүүсүнө байланыштуу макалдар жаштардын коркоктук жана чыккынчылык сыяктуу уятка калуудан алыс болууну үйрөтөт. Себеби коркоктор жана чыккынчылар мекендин кечирилгис душмандары болуп эсептелет: **«Besle kargayı oysun gözünü/ Düşmana nefreti olmayanın vatana sevgisi olmaz» («***Элден безген эр эмес, жоодон качкан шер эмес»);* **«Tuz, ekmek hakkını bilmeyen kör olur» (** *«Туз, нан акысын актай албаган адам сокурдан айрымасы жок»); «Korku dağları bekletir (aşırır)» (Коркок миң өлөт, баатыр бир өлөт); «***Cesurun bakışı, korkağın kılıcından keskindir» («***Жүүнү боштун жүзү бириксе да, бир баатырга тең келбейт»); «***Korkana çift görünür/ Korkak kendi gölgesinden de korkar» («***Коркконго кош көрүнөт, кошогу менен беш көрүнөт»).*

Элдин пикиринде душмандан коргонууда ар дайым кайраттуу, күчтүү жана тайманбас адамдар жеңишке ээ болот. Күч, кайрат жана тайманбастык жаштардын эрктүүлүгүн калыптоодогу негизги сапаттар болуп эсептелип, эл ичинде төмөндөгүчө нускаланат: «**Korkunun ecele faydası yoktur» («***Өлүмдөн коркон жеңе албайт»); «***Yatakta ölmektense müminlerin yardımına koşarken ölmeyi tercih etmek/ Ölürse yer beğensin, kalırsa el beğensin» («***Жатып өлгөнчө, атып өл»); «***At ölür meydan kalır, yiğit ölür şan kalır» («***Кордук өмүрдөн, эрдик өлүм жакшы»).*

Макалдарда белгиленген өз өмүрүн мекенге арноо жөнүндөгү ойлор башка мурастарда да тереңдетилип таасири күчөтүлгөн. Ушундай мүдөө жана идеалдардын негизинде жазылган "Түрк кызынын насааты" деп аталган бешик ыры өзгөчө кызыгууну туудурат. Ырдын тексти төмөндөгүдөй:

Алдей, бөпөм, сен уктасаң рухуң угат үнүмдү
Түрк кызымын чек аранын боюнда саймалуу
жоолугумдун кесими
Ыза болбо мен сени да журтум үчүн терметем
Румелиде агызылган кызыл канга ыйлаймын
Алдей, алдей, алмаз балам, жүрөгүңдү азапка салба
Чыккынчы душмандын намысы жок, үнүңдү бас, ыйлаба
Бул дин үчүн, журтум үчүн бешигиңди терметем
Боорум чок болуп, сүңгүлөнгөн күнөөсүздөргө ыйлаймын
Алдей, алдей, арстан балам, мекен сенин өч
алышыңды күтөт
Сен чоңоюп душмандарга кылычыңды бир көрсөт
Илим алсын, билим алсын уулум деп мен терметем
Кудайым, сакта, бул элибиздеги сабатсыздыкка
ыйлаймын [5, 111]

Бул ырда кош кабат педагогикалык максат мүдөө катылганын байкоо анчалык кыйын эмес. Биринчиден, баланын келечектеги парзы жөнүндө айтылса, экинчиден балдарды эмне максатта тарбиялоо керектиги жөнүндөгү энелерге айтылган акыл кеңеш берилген.

Түрк поэзиясында мекенчилдик темасын терең мазмундуу чагылдыруу аркылуу бүткүл улутка таасир эткен улуу чыгармачыл инсан Түрк улуттук гимнинин автору – Мехмет Акиф Эрсой. Гимнде тарбияланууучуларды эркиндик, азаттык, көз карандысыздык жалпы эле мамлекеттин эмес, ар бир инсандын бакыбат жашоосунун зарыл шарты экендигин ынандырууга негиз болгон төмөнкүдөй саптар орун алат.

"Мен эзелтен бери эркин жашадым, эркин жашаймын
Кайсы эсин жоготкон мага чынжыр байлайт? Таң каламын.

Мехмет Акиф мекендин бакубаттыгы анын чыныгы ээлери болуп эсептелген мекенчил инсандар аркылуу камсыз болоорун нускап, жаштарды ушундай нарк насилге ээ болууга үндөйт:

Ээси болбогон мамлекет жоюлуп кетет,
Эгер сен ага ээ боло алсаң сакталып калат"

Мында баамдалгандай, "мекен сүйүү" таалим-тарбиясы мамлекеттин билим берүү саясатынын өзөгүн түзгөн.

Анадолу түрктөрүнүн мекенчилдик жана мекенди сүйүүгө тарбиялоо салттары жаңы өлкөнүн билим берүү системасынын максатынын өзөктүү багыттарынын бири болгон. Бул маселе тууралуу 1922-жылы 1-мартта түрк парламентинин ачылышында сүйлөгөн сөзүндө мындай деп айткан [3, 296].

"Тарбиялана турган балдарыбыз менен жаштарга адегенде Түркиянын эгемендүүлүгүнө, иденттүүлүгүнө, улуттук салтына кедергисин тийгизген бардык факторлор менен күрөшүш зарыл экени үйрөтүү керек." Улуу жол башчы мамлекеттин тагдырын мектептердин таалим-тарбия иши менен ажырагыс биримдикте карап "мектептер-мамлекет" (1923-жыл,12-декабрь) деп эсептеген.

1923-жылы мартта Коньядагы жаштарга кайрылып жатып: "Дүйнөнүн бизди урматташын кааласак, адегенде биздин өзүбүзгө жана мамлекетибизге бул урматты сезимибиз менен, жүрүш-турушубуз менен көрсөтөлү; улуттук өздүгүн таба албаган мамлекеттер башка мамлекеттердин жеми экенин билишибиз керек" деп жаңы түрк мамлекетинин улуттук биримдикке болгон көз карашын билдирип, алдынкы жылдарда түзүлө турган мамлекеттик билим берүү системасынан белги берип кеткен [3, 85].

Бул баалуулуктар азыркы Түркия мектептеринин билим берүү жана тарбиялоо мазмунунун өзөгүн түзөт.

Түрк коомунун фундаменти үй-бүлө болуп эсептелет. Билим берүү министрлиги тарабынан бекитилген "Мектеп жана үй-бүлөнүн иш бирдигинин" жоболоруна ылайык мугалимдер ата энелер менен биримдикте окуучуларды ата мекендин ыйык символдоруна, алар аркылуу өз өлкөсүнө, эли-жерине, тарыхына жана маданиятына карата иш жүзүндөгү урмат-ызаат сезимин өнүктүрүүгө өбөлгө боло алуучу улуу жеңиштерге байланыштуу майрамдарга, өлкөнүн өнүгүшүндө өзгөчө мааниге ээ тарыхый жерлерге электрондук жана жандуу экскурсияларга катыштыруу, эрдиктерди эскерүү кечелерге, туу көтөрүү аземине, айрым ата-энелердин балдарды мекенчилдикке тарбиялоо боюнча өрнөктүү тажрыйбаларын үйрөнүүгө катыштырышат.

Адабияттар

1. Aksoy, Ö. Asım. (1970). Atasözleri ve Deyimler El Kitabı. Ankara: Ankara Üniversitesi Basımevi

2. Çobanoğlu, Özkul, 2004, Türk Dünyası Ortak Atasözleri Sözlüğü, AKM yay.: Ankara.

3. Gn. Kur. Bşk. lığı. (2001), Atatürkçülük 2 nci Kitap. MEB yayınları, İstanbul, s. 85.299.

4. Kafesoğlu İbrahim, Türk Milli Kültürü, İstanbul 1999, 19. baskı, s. 236-237.

5. Oğuzhan, A. F. Çocuk Edebiyatı [Metin] / Ankara, (2001), 232 s.

6. Ortaokulların 6.sınıf 'Sosyal Bilimler' öğrenci kitabı. [Metin] / Milli Eğitim Başkanlığının devlet kitapları. İstambul, (2007), 203 s.

7. Tozlu Selahattin. Anadolu Türk tarihi ve Fnadoluculuk// Kazım Karabekir Eğitim Fakütesi Dergisi Yıl: 2004 Sayı:9. -

8. Türk atasözleri ve deyimleri. I. - istanbul: Milli Eğitim Bakanliği Yayinlari, 1997. - 143 s.

9. Айтматов Ч.Т. В соавторстве с землёю и водою. Очерки, статьи, беседы, интервью [Текст] / Ч.Т. Айтматов. – Ф.: Кыргызстан, 1978. – 406 с.

10.Алимбеков А. Түрк дүйнөсүнүн ойчулдарынын мурастарындагы педагогикалык идеялар. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн. – Б.; 2016.-336 б.

11.Волков Г.Н. Этнопедагогика [Текст] / Г.Н. Волков. – Чебоксары, 1974. – 358 с.

12.Волков, Г.Н. Этнопедагогика [Текст]: учебник для студентов средних и высших педагогических учебных заведений / Г.Н.Волков. – М.: ACADEMA, 2000. – 174 с.Волков 24,166-б

13.Решат Генч. Түрк дүйнөсүнүн кыскача тарыхы. -Б., КТМУ, 2002, 335 б./ 79

УДК: 394.014 (575.2) (043.3)

Омурзакова Ж. К. *к.и.н.*
"Кыргыз Республикасынын Эл Аралык университет" мекемеси
доценттин м.а. e-mail: omurzakova.74@mail.ru

ШААРДЫК КЫРГЫЗДАРДЫН АРАСЫНДАГЫ ОКУРМАНДАРДЫН КОШ ТИЛДҮҮЛҮГҮ *(Бишкек шаарынын мисалында)*

БИЛИНГВИЗМ ЧИТАТЕЛЕЙ СРЕДИ ГОРОДСКИХ КЫРГЫЗОВ *(на примере г.Бишкек)*

BILINGUALISM OF READERS AMONG URBAN KYRGYZ *(on the example of Bishkek)*

Аннотация: *Бул макалада шаардык кыргыздардын арасындагы окурмандардын кош тилдүүлүгү каралган. Окурман кайсыл тилде ой-жүгүртүүсү кеңири болсо ошол тилди жашоосунда көбүрөөк пайдалана тургандыгын макалада кеңири каралган.*

Аннотация: *В статье рассмотрен вопрос распространения билингвизма среди читателей городских кыргызов. Язык использования в повседневной жизни зависит и на выбор восприятия читателя.*

Annotation: *The article considers the issue of the spread of bilingualism among the readers of urban Kyrgyz. The language of use in everyday life depends on the choice of the reader's perception.*

Адабият – искусствонун бир түрү катары, чындыкты биздин эстетикалык сезимдерибизге таасир этүүчү көркөм образдар формасында чагылдырып берүүчү каражат.

Эгерде музыка адамдын көңүл-күйүтүн үн аркылуу чагылдырса, живопись адамдын ички дүйнөсүн эле эмес, аны курчаган чөйрөсүн, мисалы, жаратылышты кайра жаратат, ал эми скульптура болсо адамдын жашоосуна мүнөздүү бир абалды (күрөшкө умтулуусун, кайгысын, кайратын ж.б.) берет. Адамдын жашоосу толугураак, жетишээрлик деңгээлде кеңири көркөм адабиятта гана чагылдырылат.

«Сөз, – деген В.Г. Белинский, – үн да, сүрөт да жана ачык берилген элес да, ошондуктан адабият искусствонун бардык түрлөрүнүн элементтерин бир өзүнө камтыйт жана искусствонун башка түрлөрүнө таандык нерселердин бардыгын пайдаланат» [1: 210 б].

"Китеп – бул илим булагы", – деп бекер айтылбаса керек. Себеби, китеп менен жан дүйнөсүн байытат, ошондой эле башка маалымат каражаттардан айырмаланып, баардык мезгилди бириктирген, адамзаттын улутуна карабай бириктирген курал.

Улуттук жазуунун жана басма сөздүн негизделиши элдин маданиятын көтөрүүдө өзгөчө окуя болгон. 1924-жылы араб алфавитинин негизинде кыргыз жазуусу ишке киргизилип, 7-ноябрда кыргыз тилинде «Эркин Тоо» гезити басылып чыккан. 1925-жылы 12-мартта орус тилинде «Батрацкая правда» гезити чыккан. 1926-жылдын ноябрында жаштардын «Ленинчил жаш» гезити негизделет. «Коммунист» журналы да ушул жылы чыга баштайт. 1928-жылы «Жаңы маданият жолунда», «Дыйкан» аттуу журналдар чыгарылган [2: 98].

Акырындык менен кыргыз профессионалдык адабияты да өнүгө баштайт. Анын башатында К. Тыныстанов, Т. Үмөталиев, Ж. Бөкөнбаев, К. Маликов, А. Токомбаев, М. Элебаев, Ж. Турусбеков жана Я. Шиваза турган.

Согушка чейин кыргыз жазуучуларынын чыгармачылыгы жаңы бийиктике көтөрүлгөн. 1934-жылы апрелде өткөн Кыргызстан жазуучуларынын биринчи съезди кыргыз адабиятынын буга чейин өнүгүшүн жыйынтыктап жаңы милдеттерди белгилеген. Съездде Кыргызстан жазуучуларынын союзу уюштурулуп, анын төрагалыгына А. Токомбаев шайланган. 1937–1941-жылдары бул союзду Т.Үмөталиев жетектеп, ал «Манас» эпосун, жана «Курманбек», «Кедейкан», «Жаныш-Байыш», «Ак-Саткын», «Эр Табылды» өндүү ондогон кенже эпосторду чогуллтуруп, китеп кылып элге жеткирүүдө өзгөчө зор эмгек сиңирген [2:99 б].

Адабияттын өз алдынча болуусу жеке эле искусство эмес аң-сезимдин саясат, мораль, философия, илим өңдүү башка формалары менен салыштырууда да таасын көрүнөт. Адабият идеологиянын бул түрлөрүнө абдан жакын, тактап айтканда ал да ошол эле философия же тарых көтөрүп чыккан маселелерди көтөрөт.

Бирок жазуучунун ойчулдук ишмердиги аң-сезимдин башка чөйрөлөрүнөн, мисалы, илимден айырмаланат. Бул айырма баарынан мурда предмет таануудан жана аны чагылдыруудан көрүнөт. Илим адамдын иш аракетинин, жана башка бардык нерселердин айрым жактарын үйрөтөт. Жазуучу болсо чындыкты бүтүн түрдө кайра жаратууга тийиш. Ал адамды же бир кубулушту бир жактуу эмес бардык аспекттерден сүрөттөйт жана анын адамдарды кызыктыра турган жактарын өзгөчө бөлүп көрсөтөт.

Орус классикалык адабиятынын негизги белгилерин бийик идеялуулук, аёсуз жана аң-сезимдүү реализм, адам жан дүйнөсүнүн сезим-туюмдарына тереңдеп кирүү, социалдык көрүнүштөрдү, мүнөздөрдү даана ачуу, нравалык тазалыкка үндөө, сөздү көркөмдүктүн жогорку деңгээлинде колдонуу сыяктуу касиет-сапаттары түзөт. Орус адабияты менен таанышуу аркылуу биз мезгилдик байланышты туябыз, социалдык экономикалык процесстердин мыйзам ченемдерин таанып билебиз, адамзат иштеп чыккан тажрыйбалардын түрдүү жактарын өздөштүрөбүз, турмушка карата активдүүлүк, патриоттук, жамандык менен келишпөөчүлүк сапаттарга үйрөнөбүз. Орус классикалык адабиятынын коомдук мааниси, дүйнөлүк адабияттын алтын казынасына кошкон салымы мына ушунда.

Чыгармачылык тили катары орус тилинин базасына негизделген көркөм чыгармалардагы кош тилдүүлүк салты өзгөчө тарыхый жана маданий мааниге ээ. Анткени орус тили Балтика боюндагы, Борбордук Азиядагы, Орто Азиядагы өлкөлөрдүн ар биринин улуттук адабиятынын өзгөчө өнүгүшүнө кубаттуу түрткү берип, алардын жазма адабияттарынын өнүгүү тенденцияларын аныктады. XX кылымдын башында улуттук тилдердин жана орус тилинин пайдаланылышынын ортосундагы айырмачылык, орус тилин билүүнүн зарылдыгы, кош тил билген инсандардын жетилүүсү, улуттук адабияттардын орус тилинде жазылышы жаңы структуранын пайда болгондугун айтып турат. Орус тили бул мезгилде орус тилине таандык маданият менен «геолингвистикалык» жактан да, «маданий-рухий мейкиндиги» боюнча да дал келбей калган. Орус жана улуттук маданияттардын өнүгүүсү коммуникациянын жаңы шарттарындагы тигил же бул объекттерди сүрөттөөнүн жаңы ыкмаларын талап кылган. Ошондуктан маданият «ортомчуларды» ортого алып чыккандыгы орус тилинин маданиятын кабыл алуусун шарттаган. Ага ылайык, кош тилдүү авторлордун пайда болушу, биринчиден тарыхый шарттардан улам сөзсүз боло турган факт эле, экинчиден маданияттардын эволюциясы көз карашынан караганда мыйзам ченемдүү болгон.

Азыркы учурда орус жана башка тилдердин маданияттарын, XX кылымдын экинчи жарымындагы адабияттын ролу менен маанисин жана жазуучулар түзгөн көркөм образдардын да, тарыхый процесстеги жазуучулардын, алардын ичинде чыгыш теги орус эмес, бирок орус тилдүү жазуучулардын өздөрүнүн да ролун жана функцияларын изилдеп-үйрөнүүнүн жаңы парадигмаларын аңдап-түшүнүүгө аракеттер жасалууда. Улуттук жазуучу орус тилинде көркөм образды түзүүдө колдонгон тил каражаттарын изилдөө кош тилдүү жазуучунун чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн да, эки тилдин маданиятынын өзгөчөлүктөрүн да ачып көрсөтөт.

Орус тили кыргыз жазма адабиятынын пайда болуу мезгилинде башкы ролду ойногон. Кыргыздын тунгуч интеллигенттеринен алгач К. Тыныстанов кыргыздын улуттук жазуусун иштеп чыгууга, асыресе араб алфавитин кыргыз тилине ылайыкташтыруу, араб алфавитин латынча, латынчаны орус алфавитине алмаштыруу иштерине катышкан. Азыркы кыргыз орфографиясынын негизги принциптерин иштеп чыгып, кыргыз тилинде туңгуч окуу китептерин, кыргыз тилинин туңгуч грамматикасын жана тил илими боюнча кыргызча терминологияны түзгөн. Касым Тыныстанов адегенде казакча, кийин кыргызча жазган ырлары Алматы жана Ташкенде казакча чыгуучу газета журналдарга жарыяланып, 1925-жылы «Касым ырларынын жыйнагы» деген ат менен Москвада жарык көргөн. К. Тыныстанов – туңгуч көркөм котормочу. Ал «Интернационалды», И.А. Крыловдун тамсилдерин биринчи жолу кыргызчалаган [2: 99 б].

Кийинчерээк К. Баялинов, А. Осмонов, М. Элебаев биринчи кезекте орус жазуучулары А.С. Пушкиндин, М.Ю. Лермонтовдун, Н.В. Гоголдун чыгармаларын которууга киришишкен.

Которулган классика жаш адабиятты байыткан, анын жардамында жаңы жанрларды – сюжеттик поэманы, романды, драманы өздөштүрүү башталган. Сахна искусствосун биле элек кыргыздар орус тили жана маданияты аркылуу өздөрүнө театрдын таң калыштуу дүйнөсүн ачышкан. Орус тили дүйнөлүк маданий байлыкка, адамзаттын көркөм баалуулуктарына жетишүүгө көмөкчү болгон.

1950-жылдарда партиянын атактуу XX съездинен кийин адабий жана гуманитардык өнүгүү секириги башталган, анда дүйнөлүк классик-жазуучулардын, акындардын, философтордун чыгармалары орус тилине которулуп, массалык тиражда чыгарылган. Орус тилинин таралыш ареалы кеңири горизонтко ээ болгон.

50-жылдардын башында, 60-жылдардын аягында Кыргызстанда улуттук тилде да, орус тилинде да чыгармаларын жазган кош тилдүү жазуучулар (Ч. Айтматов, М. Байжиев, кийинчерээк К. Өмүркулов, Э. Борбиев) пайда болгондугу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ал эми 1970–1980-жылдарда орус тилинде гана чыгарма жазган жазуучулардын жаңы генерациясы пайда болгон (У. Токомбаев, С. Күрүчбеков, Ч. Нусупов, М. Шабаева, Б.Сарыгулов) [3: 103].

90-жылдарда– мамлекеттик көз карандысыздыкка жетишкен мезгилде өлкөнүн социалдык маданиятында түп-тамырынан бери өзгөрүүлөр башталган. Кыргыз тили мамлекеттик тил статусун алган, улуттук мурастарга кайрылуу, улуттук каада-салттарды, үрп-адаттарды калыбына келтирүү процесстери башталган. Эгемендүүлүктүн мындай дүркүрөгөн этабына карабастан, орус тилинин ролу эч кандай төмөндөгөн жок.

Кош тилдүү кыргыз жазуучулардын ичинен Ч.Т. Айтматовдун ысымын өзгөчө белгилөөгө болот. Биринчи чыгармасы «Жамиля» повести дүйнө коомчулугунун жогору баасына татыктуу болгон. Жаш прозачы көп улуттуу совет адабиятына зор салымын кошту. «Жамиля» повестинен кийин «Делбирим», «Бото көз», «Биринчи мугалим», «Гүлсарат» повесттери жана «Кылым карытар бир күн» жана «Кыямат» романдары жазылды.

Тоолук жаш жазуучу сөз маданиятын мыкты билип, мезгилдин чыгармачыл бийиктиктерин багынты. Изилдөөчүлөр белгилегендей, жазуучунун табигый шык-жөндөмүнүн тез өнүгүшүндө кыргыз элинин илгертен бери келаткан сөз маданиятынын бийиктиги олуттуу роль ойноду. Кыргыздар өзгөчө сүйлөө жөндөмү менен айырмаланышат. Чындыгында, кыргыздардын сүйлөгөнүнө таң калбай коё албайсың. Кыргыз ар дайым такалбай жана токтолбой, шар сүйлөйт. Өз ойлорун так жана таамай айтып, сүйлөп жаткан сөзүнө көркөмдүктүн белгилүү үлүшүн бере алат.

Жазуучунун чыгармачылык индивидуалдуулугун калыптандырууда советтик элдердин улуттар аралык карым-катыш тили болгон орус тилин эң жакшы билүүсү жана сүйлөөшүүсү чоң роль ойногон. Бирок ал орус тилин жөн гана билбестен, аны өз чыгармаларын жазган эки тилдин бири катары колдонду. Мында жазуучунун чыгырмачылык өзгөчөлүгүн түшүнүү үчүн абдан маанилүү болгон Ч. Айтматовдун кош тилдүүлүгүн дагы бир жолу белгилей кетүүгө тийишпиз. Совет мезгилиндекөптөгөн жазуучулар чыгармаларын өз эне тилинде жана орус тилинде жазышкан, бир тилден экинчи тилге которушкан (В. Быков, Р. Кутуй, Ю. Рытхэу). Кээ бир теоретиктер жана адабиятчылар «башка тилдеги сөз менен мааниси жактан так дал келген бир да сөз жок» экендигин белгилешкен. Чыңгыз Айтматов өзүнүн чыгармачыл дүйнөсүнө котормочулук эмгектин жагымдуу таасири тийгенин белгилечү, анткени эне тилдин байлыгын аны башка тилдер менен салыштырууда гана түшүнүүгө мүмкүн болот.

Өзүбүздүн изилдөөбүздө сурамжыланган респондентер окурман катары өздөрүнүн көз караштарын белгилешти. Албетте, окурмандардын кызыкчылыгына билим деңгээли да таасирин берди.

1-таблица.

Билимине жараша китеп окуу, % менен

№	Билими	
1.	Жогорку	49,8
2.	Кесиптик орто	18,5
3.	Орто	20,3
4.	Бүтпөгөн жогорку	11,4

Канчалык билими жогору болсо, ошончолук окуу көлөмү да кеңири болот. Себеби таблицада көрүнүп тургандай жогорку билимдүүлөр өздөрүнүн кесиби боюнча, же болбосо кесиптик талабын жогорулатуу максатында китеп окуу зарыл. Алардын арасында китеп окууда басымдуулук кылуучу окурмандар билими боюнча жогорку – 49,8%, орто – 20,3%, кесиптик орто – 18,5%, бүтпөгөн жогорку – 11,4% түздү. Мындан биз билим деңгээли респонденттердин кесибине, иштеген ишине, адистигине таасир берерин аныктадык. 3.8. таблицада көрүнүп тургандай эркектер (50,7%) аял затына (49,3%) караганда китептерди көбүрөөк окушат. Билимге умтулуу сөзсүз түрдө колдонулган тилге байланыштуу болот. Анткени, китеп окууда эң маанилүү нерсе бул тил тандоо жана тил билүү. Себеби окурмандар өзүнө жакын тил аркылуу, маанисин түшүнө тургандай болуш керек. Окурмандар өздөрүнүн кызыкчылыгына жараша китеп тандоосун белгилей кетишти. Муну, биз окурмандардын талабына жараша карасак болот. Мисалга алсак, медицина кесибиндегилер өздөрүнө ылайыктуу китептерди тандашса, техника кесибиндегилер башка китептерди тандайт. Албетте, мындай китептер көбүнчө орус тилинде чыгарылгандыктан (медициналык, техникалык терминдер) айылдан келген окурман деле орус тилинде окуганга мажбур болот. Себеби кыргыз тилинде мындай терминдер которулган эмес, которулса да мааниси башкача болуп калышы мүмкүн. Демек, окурмандар кесиптик талабына жараша китептерди тандап жатканда кош тилдүүлүккө жатыкталышы айкын.

Албетте, жалаң гана китеп эле окуп башка маалымат булагы каралбай калды деп айтууга мүмкүн эмес, бирок китептин баракгарын баракгап, сезип, болгон маалыматты алып (илимий китеп болсо), же болбосо көркөм чыгарманын образына кирип, кошо аралашып, болгон окуяны баштан өткөрүп бүт дүйнөсүн байытат. Ошондой эле китеп эч убакта, интернетке, же уюлдук телефонго салыштырмалуу өчүп калбайт. Интернет булагына салыштырмалуу, китеп ар дайым далил катары көрсөтүлө алат, ал эми интернеттин булактары кээ бир учурларда жалган, далили жок маалымат болуп калышы мүмкүн. Бирок, кандай маалымат болсо дагы аны тандап, колдонулган тил аркылуу гана түшүнөсүң.

Жыйынтыктоодо массалык маалымдоо каражаттары бул коомубузга өз учурунда окуялар жөнүндө маалымат берүү болуп саналат. Ар бир жаран маалымат алыш үчүн массалык маалымат каражаттарына кайрылат. Шаардык кыргыз коомун маалыматташтыруунун өнүгүшү менен жалпы коммуникация каражаттары коомдун жашоосунун ар түрдүү чөйрөлөрүнө жана калктын жүрүм-турумуна анын ичинен кош тилдүүлүктүн өнүгүшүнө бир кыйла таасирин тийгизет. Ошону менен бирге коомдун жашоосуна түздөнтүз таасирин тийгизип жеткиликтүү жана жөндөмдүү кызматты аткаруу менен коомдун жашоосунда маанилүү роль ойнойт. Маалымат алуучу, массалык маалымат каражаттарынын комментарий берилип жаткан ар түрдүү социалдык кырдалдарды оң же терс баалап, салыштыруу мүмкүнчүлүккө ээ.

Массалык маалымат каражаттарынын бири газета журналдар. Шаардык кыргыздар өзүнүн маалымдоосун газета окуган учурда канааттандырат. Массалык маалымат каражаттарынын экиден үчү кыргыз тилинде, чейреги орус жана өзбек тилдеринде чыгат. Бирок кыргыз тилинде чыгарылган маалымат көп болсо да, шаардык кыргыздардын орус тилдүү газеталарга кайрылуусу көп. Же болбосо эки тилде бирдей жарымынан көбү окуй аларын изилдөө көрсөттү. Биздин изилдөөбүзгө таянсак жыл өткөн сайын газета окубагандардын саны көбөйгөнү байкалып турат. Себеби сурамжыланган дардын күнүмдүк жашоосунда

убакыттык жоктугу, массалык маалымат каражаттарынын баасынын жогорулашы ошондой эле шаардык кыргыздар заманбап гаджиттерине кайрылуусу көбөйүп баратат. Же болбосо убакытты үнөмдөө үчүн радио, телеберүүлөрдү, интернет булактарын тандап алышы. Массалык маалымат каражаттарындагы кош тилдүүлүктүн пайдаланышы анын мазмуну чоң роль ойнойт. Анткени, котормочулардын шашылыш же профессионалдык тажрыйбасынын аздыгынан улам которгон котормолорундагы тилдин бурмаланышы, басылманын өз алдынча чыгарылбагандыгы шаардыктарга жакпай, нааразычылыктарды пайда кылат. Биздин этносоциологиялык изилдөөлөрүбүздүн натыйжалары да шаардыктардын дээрлик бардыгы маалыматтардын негизги массасын телекөрсөтүү аркылуу алууну артык көрүшөөрүн көрсөттү. Массалык маалымат каражаттарынын арасынан өзгөчө телекөрсөтүү популярдуу, бирок респонденттердин социалдык-демографиялык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу буларга карата мамилеси бирдей эмес. Телекөрсөтүү менен радионун популярдуулугу жаш-куракка жана социалдык-профессионалдык статуска жараша болот.

Окурмандар арасында кош тилдүүлүк басымдуураак болорун аныктадык. Себеби, окурмандар билимине, кесибине, адистигине жараша китеп тандоосу болот. Сурамжылангандардын жалаң үчтөн бири орус, жалаң бир чейрегине жакыны кыргыз, ондон бири башка тилде окуган окурмандар. Бишкектик кыргыздардын жашоосу, айлана-чөйрөсү баары тең кош тилде жана жалаң орус тилинде сүйлөшөт. Окурмандардын тил тандоосуна мектептеги окуган тили да таасирин тийгизбей койбойт. Окурман кайсыл тилде ой-жүгүртүүсү кеңири болсо ошол тилди жашоосунда көбүрөөк пайдалана тургандыгын биздин анализ толук көрсөтө алды.

Шаардык кыргыздардын социалдык-маданий мүнөздөмөлөрүндөгү өзгөрүүлөр шаардык кыргыздардын руханий дүйнөсүн байытуу менен маданият чөйрөсүнө көбүрөөк көңүл буруш абзел. Маданият чөйрөсүнө мамлекеттик тилди тартуу үчүн жана шаардык кыргыздардын арасына жайылтуу, бул кыргыз тилиндеги көркөм чыгармаларды, илимий жана башка адабиятты башка этностордун тилдерине, дүйнөлүк тилдерге которуу практикасын жандандырып жана колдоо көрсөтүлүш керек.

Адабияттар

1. Белинский, В.Г. [Текст] // Крат.лит.энцикл.: в 9 т./ гл.ред. А.А.Сурков. – М., 1962. – Т.1: Аарне-Гаврилов. – С. 503-510.

2. История киргизского искусства [Текст]: крат. очерк /Б.К.Джамгерчинов, К.Орозалиев, Т.Аскаров и др.; / под ред. А.А.Салиева. – Ф.: Илим, 1971. – 407 с.

3. Дубинин, Б. Если объединить усилия [Текст] / Б.Дубинин // Журналист. – 1990. – № 2. – С. 45-46.

УДК: 746:39(575.2)

Султаналиева Н. И.
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети
т.и.к., доцент
Nazi_s@mail.ru

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮНДӨ АЯЛДАРДЫН ТАРБИЯЛЫК ИШТЕРГЕ КОШКОН САЛЫМЫ

ВКЛАД ЖЕНЩИН В ВОСПИТАНИИ В РЕМЕСЛЕ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

THE CONTRIBUTION OF WOMEN IN EDUCATION AND IN THE CRAFT OF THE KYRGYZ PEOPLE

Аннотация. *Кыргыз уздары, дегеле ар бир аял жаштарды, кыздарды тарбиялоону кол өнөрчүлүк, узчулук өнөрлөрдү үйрөтүүдөн баштаган. Кол өнөрчүлүк өз алдынча кесипчилик болбогондуктан,, жөнөкөй өрмөк аспабы менен, таар согууну, кийизден түрлөп шырдак, ала кийиз, териден көлдөлөң, көздүн жоосун алган сайма, туш кийиздерди жасоо ар бир кыргыздын аялдары билген. Кол өнөрчүлүктү жакшы өздөштүргөн кыздар келечекте сарамжалдуу, тыкан болуп, үй бүлөөдө оз орундарын табышкан. Буга байланыштуу макал лакаптар да далил болуп турат.*

Түйүндүү сөздөр: *Кыргыздар, салттуу маданият, жүн, тери, шырдак, кийиз, аялдар.*

Аннотация. *Статья посвящена о роли искусство и мастерство кыргызской женщины в воспитании молодежи. Кыргызские женщины мастерицы воспитывали молодых девушек обучая традиционному рукоделию. Так как, рукоделие не было профессией каждая кыргызская женщина умела ткать безворсовое и ворсовое ткачество, делать войлок, из него ковер, шырдак, көлдөлөн и т.д. хорошо усвоившие рукоделье девушки умели вести хозяйство, в семье находили свое место. Этому свидетельствует и кыргызские пословицы.*

Ключевые слова: *кыргызы, традиционное культура, шерсть, кожа, шырдак, войлок, женшины*

Annotation. *The article is devoted to the role of art and skill of a Kyrgyz woman in the education of youth. Kyrgyz women skilled workers brought up young girls by teaching traditional crafts. Since, needlework was not a profession, every Kyrgyz woman was able to weave lint-free and tufted weaving, make felt, from it a carpet, shyrdak, koldlen, etc. well-assimilated needlework girls were able to farm, in the family found their place. This is also evidenced by Kyrgyz proverbs.*

Key words: *Kyrgyz, traditional culture, wool, leather, shyrdak, felt, women*

Салттуу маданият өнөрү өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөрү менен кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүндө, материалдык, руханий маданиятында орчундуу орундардын бирин ээлейт. Бул биринчи кезекте мал чарбасынан алынган сырьелор, жана аларды иштетүү менен кол өнөрчүлүктүн, колдонмо–декоративдик искусствонун өнүгүшүн шарттаган. Эгерде кыргыздарда кол өнөрчүлүк өз алдынча кесипчилик болбогонун эске алсак, жөнөкөй өрмөк аспабы менен, таар согууну, кийизден түрлөп шырдак, ала кийиз, териден көлдөлөн, көздүн жоосун алган сайма, туш кийиздерди жасоо ар бир кыргыздын аялдары билген. Чынында эле, кыргыз элинин уздарынын, деги эле ар бир аялдын колунан чыккан буюм улутубуздун жүзү, байлыгы катары карасак болот. Түрлөнтүп боз үйдүн боо-чууларын гана согушпастан, анын ичин да, азем, кол күчү менен жасалган буюмдарга толтурушкан. Кийим-кечектерден тартып күндөлүк турмушка керектүү кооз, бышык куржун, баштык, кап, шалчаларды жөнөкөй эле өрмөктүн жардамы менен ишке ашырышкан. Тамак-аш үчүн өзүнчө баштыктардын (чай баштык, туз баштык, идиш аяк кап) болушу кыргыз аялдарынын

тазалыгынан, тыкандыгынан, сарамжалдуулугунан кабар берет.

Ал эми кыргыз мамлекети көз карандысыздыкка жетишкенден бери элибиздин салттуу маданиятына кызыгуу күчөп бара жатат. Боз үйдүн кайрадан көп колдонула баштаганынан улам жүндөн, өрмөк менен согулган терме боо-жип шууларынын баарын өндүрүү жандана баштаган. Жаштардын кийинчерээк унутулуп келе жаткан кол өнөрчүлүктүн бул түрүн өздөштүрө баштаганын жагымдуу көрүнүш катары бааласак болчудай.

Ошондуктан кыргыз уздары, дегеле ар бир аял жаштарды, кыздарды тарбиялоону кол өнөрчүлүк, үзчулук өнөрлөрдү үйрөтүүдөн баштаганы бекеринен болбосо керек.

Кыргыздардын кол өнөрчүлүгүнүн бардык түрүндө эле алгач жүндү тандап алуудан, иштетүүдөн башталган. Күзгү кыркымдын чыбашын кетириш үчүн жүндү сууга салат да анан алат. Адатта кыркып жаткандан тартып эле жүндү ылгай баштайт. Карасын карага, көгүлтүрүн көк боекко, кызылын кызылга, агын агына ылгап чыгарышкан. Койду кырккандан кийин анын жүнүн сорттошот. Мында көбүнчө кылчык жүндүү кыргыз койлордун катуу кылдуу жүндөрүн терип тазалашат, башкача айтканда бул процесс *жүн кылдоо* деп аталат [5.55]. Кийизге өзүнчө кылчык, кыска, ийрилүүчү жипке узун-узун жүндөр тандалып алынгандан кийин өтө чыбаш болсо, бир эки күнгө чейин сууга чылап коюшкан да аябай таза жуулуп, агын сууга чайкалган. Жүндү, жипти жана кездемени аппак кылыш үчүн XIX кылымдын атайын кир жуугуч каражаты – *шакарды* же аки таш пайдаланылчу. Акиташ жүндү же жибекти талаптагыдай агартуу менен бирге боектун негизги корушу үчүн да ойдогудай мүмкүнчүлүк түзөт. Шакарды кыргыздар XIX кылымдан – XX кылымдын башына чейин *ала бата* куурай чөбүнөн жасашкан. Ал үчүн ала батаны чаап келип, кургатышкан да, таза жерге өрттөшкөн. Өрттөлгөндөн калган күлдү сууга аралаштырып даярдап алган соң, казандын үстүнө чийден, куурайлардан тизип, чыпкалап, сүзүп куюшкан. Натыйжада күлдөрү калып, казанга сапсары түстөгү тундурмасы гана куюлган. Отту күчтүү эмес, табы менен жагып, күйгүзүп жибербеш үчүн тынбай аралаштырып туруш керек болгон. Бул үчүн атайын *сойгок* деп аталган жыгачты колдонушкан. Эгер бир казан тундурма куюлса, көп убакытка чейин, 100-200 граммдай гана аппак майда болуп, кургаганга чейин кайнатышкан. Мындан кийин чыгарып, муздагандан соң эчкинин майына аралаштырып, абдан ийлешкен да, талкан көөлөгөндөй формага келтирип, томолоктошкон. Мына ушул пайда болгон самынды *шакар* деп аташкан [6.76]. Эгер жуула турган жүн көп болсо кошуна аялдар жардамга чакырылат. Жуулган жүндөр топ-топ кылып мамычаларга илинип коюлуп, суусу сарыктырылат. Андан соң суусу сарыккан жүн жерге жайылган чийдин үстүндө кургатылат [6.34]. Кургаган жүндү сабашкан. Бул үчүн атайын сабоолорду колдонушкан. Сабоо бул узундугу 90 сантиметрден 1 метрге чейин жеткен жыгач аспап. Сабоону кыргыздар *шилбиден, ыргайдан, четинден, талдан, кайыңдан, долонодон,* ошондой эле, көбүнчө *табылгыдан* жылмалап, жонуп жазашкан [4.7]. Кол кармай турган жагы жоонураак келип, улам ылдыйлаган сайын ичкерип кеткен. Туурасы 7-10 милиметр келет. Аны кээ бир уздар атайын кооздоп, көркөмдөп да алышкан. Жүндү атайын торпоктун же тайдын терисинен жасалган талпакты тегиз жерге салышып, ага сабала турган жүндү текшилеп салат да жанына үч бүктөлүп төшөлгөн төшөккө отуруп, ыргактуу кыймыл менен бирде оң колду өйдө көтөрүп, бирде сол колу менен чаап отурат. Жүн көп болсо сабоого бир нече аялдар катышат. Алар маңдай тескей отуруп алышып, жүн үлпүлдөп, көөп чыкканча сабалат. Мында аялдардын чогулуп алып бири-бирине жардам бериши *ашар* деп аталат. Жумуш жүрүп жаткан мезгилде бир чети ылдам бүтүш үчүн, кошуна аялдар чакырылат. Экинчиден, бул кошуналардын бири-бири менен жолугушуп, кабар алып, күнүмдүк турмуш жөнүндө жаңылыктарды алмашуу, сүйлөшүп, узун күндү чогуу өткөрүүнүн бир түрү болгон. Мындан сырткары, ушундай чогуу иштеген мезгилде, жүндү иштетүүнүн ыкмаларын кийинки муундарга калтыруунун бир формасы болгон. Мындай жерлерге жаш кыздарды, келиндерди кошо ала келишкен же болбосо чакырышкан. Улгайган, же жашап калган, көптү билген аялдар, жаш келиндерди, кыздарды жанына отургузуп, жүндү чабуунун, дегеле жүндү андан ары иштетүүнүн техникасын, ыкмасын үйрөтүшкөн. Мындай аялдардын чогуу жүндөрдү сабоосу кийинки жаш муун – уздарга сабак болуучу, үйрөтүүчү мектеп болгон. Жаш уздарды ортого коюушуп эки жагындагы аялдар «мындай чап», «андай сабаш» керек деп үйрөтүп турушкан. Жүндү сабап жаткан кезде улуу байбичелер сөз билген аялдар терең тарыхты, салт санааны эске салып, узун санжыранын учугун улашкан. Же болбосо күлкүлүү-шакабалуу окуяларды айтышып, шаңдуу иштей беришкен. Жүндү сабоо үчүн чогулган аялдардын чогулушу бул өзүнчө бир аялдардын салттуу жасай турган иштеринин алмашуу байытуу, тереңдештирүүнүн бир куралы, жаңылыгы болуп эсептелип, жаштарга үйрөтүүнүн өзүнчө бир сабагы болгон. Үй ээси аялдарды нааразы кылбай, колдон келсе карын майын ачып, жакшы тамагын берген же козу-койдон союш союуга чейин сыйлашчу, узун сөз, андан ары да уланчу [2.104].

Жүн сабалып бүткөндөн кийин, жүндү тытуу процесси башталат. Аны чоң чоң кылып түрмөктөштүрүп каптарга салышат да четинен тытышат. Жүндү үлпүлдөтүп тытуу адатта жаш кыз- келиндерин милдети болгон. Аялдар көбүнчө мал, үй оокаты менен алек болуп жүргөн мезгилде, улгайган аялдар, жаш келиндер менен кыздарды тегерегине чогултуп жүндү тытышкан. Жүн тытуу процессинде жөн гана жүндү борпоң кылып, үлпүлдөтүп коюу максат эмес. Мындай учурда, шырдак, кийиз, көлдөлөңдөрдү сыртка чыгарышып, кенен отурушуп, анан узун сөздүн учугун улашып, кыз-келиндерине узчулукту үйрөтүүнү, андан ары кандай иштеткендиги жөнүндө өзү көргөзүп айтып берип, жүндү тыттыруудан башташат. Бул жүн тытуу процесси, улуу аялдардын жаш кыздар менен келиндерге, үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун өзүнчө сабагы жана мектеби болгон. Ыр ырдашып, жаңылмак айтышып, күлкү тамаша менен жүндү тытышкан. Үйрөнчүк кыздар жүндү үлпүлдөтүп тытууга абдан тырышып аракет кылган. Улуу аялдар аларды мактап кеткенди да унутушкан эмес.

Мындан кийинки процесс тытылган жүндү ийрүүгө ылайыктап жоондугу ортондой кылып созуу, аны узундугу бир сөөм, бир карыш чүпүрөктү эки бүктөп туруп,

ошол түпүрөккө орой баштайт. Ал жүн оролуп отуруп чоңдугу чайнектей болот. Аны *түйдөк* дейт. Кыргыздарда жини келгенде урушканда «түйдөктөй болбой» деген сөздү колдонушкан. Бул таарынганда ачылбай, тултуйуп, эки бүктөлүп жатып калган кишиге карата айтылган сөз [6.80]. Экинчиден кийим-кечеси тыкан эмес, чачы-башы саксайып жүргөн аялдарга карата да айтылчу экен, «түйдөктөй болуп» жүдөө аял деп.

Түйдөктүн ичиндеги түпүрөктүн илмегин же буйласын сол колдун ортонуна илип алып ийрий баштайт [3.30]. Негизи эле ийригенде кило дегендин ордуна *түйдөк жип, түрмөк жип* деген өлчөм колдонулган. Түрмөк ар кандай көлөмдө келет. Орточо түрмөктө төрт-беш ийик жип болот.

Жүндү жипке айландыруу процесси колдун күчү менен ишке ашкан оор, убакытты көп талап кылган жумуштардын бири. Ошондуктан кыргыз аялдары жыл маалы бою, кышы да үй жумуштарынан колдоору бошой калган ар бир убактысын жип ийрүү менен алек болгон. Жип ийрүү кыргыз аялдары үчүн көнүмүш жумуш болуп эсептелингендиктен, бир эле убакта малга көз салып же балдарын карап да турууга жетишет [1.166].

Негизи жиптин ийрилиши чоң мааниге ээ. Бир караганга ийик көзгө илээшпей чимирилип, жүн өзүнөн өзү жипке айланып жаткандай көрүнгөнү менен ага да өзүнчө ык керек. Ийик ийрүү аялдардын өз алдынча иштеле турган процесси. Эмгектин бул түрү аркылуу да жаш кыз-келиндерди кол өнөрчүлүккө, чарбачылыкка үйрөтүүнүн дагы бир тепкичи болуп эсептелинет. Улгайган энелер, аялдар, жаш кыздарга, келиндерге ийик ийрүүнү сөзсүз үйрөтүшкөн. Себеби күндөлүк турмуш-тиричилигинде пайдалануучу ар кандай жиптерди ар бир үйдө ийрүү аркылуу алышкан. Ошондуктан ийик ийрий албаган аялдарды шылдың кылышып, жүдөө аял, оокатка жөндөмү жок деп эсептешкен. Келин жаңы келип, көшөгөнүн ичинде отурганда эле кайнене ак кебез менен ийикти алып келип ийриткен да салт кездешет. Эгерде жаш келин жипти чыйрак ийрисе тың келин, бош, одуракай кылып ийрисе жүдөө келин болот экен деп коюшкан. Мында келин жипти сөзсүз оң тарапка чыйратыш керек болгон. Байбичелер «ийиктей имерилип турган келин бол» деп бата беришкен. Өзүнүн чоркоктугун байкабай аспапка шылтаган кыз-келиндерге карата айтылган «ийик ийрий албаган ийиктен көрөт» деген макал кыргыздарда кеңири тараган. Ушул эле макалдын экинчи вариантында «ийик ийрий албаган түйдөгүнөн көрөт» деп айтылат [7.7].

Натыйжада кыргыздардын кол өнөрчүлүгү жон гана кыргыздардын күндөлүк турмушуна керектүү буюмдарды жасоо менен чектелбестен, кийинки муунду тарбиялоодо да чон роль ойногон.

Адабияттар

1. Загряжский Г.С. Кара киргизы (Этнографический очерк) Туркестанские ведомости. – Ташкент, 1874, № 42.

2. КР УИАнын кол жазмалар фонду Тянь – Шань областынан жыйналган этнографиялык материалдар. 1946 ж. Жыйнаган А. Өмүрзаков. Инв № 527/306.

3. КР УИАнын кол жазмалар фонду. 1973 ж. Жыйнаган Ж.Казакбаев. Инв № 635/5273 Тетрадь № 1.

4. КР УИАнын кол жазмалар фонду. Колониалдык доордун мезгилиндеги кыргыздардын маданияты. Жазган: Ы.Абдрахманов 1945 – ж. Инв. (336) 129.

5. Талаа дептери № 1.

6. Талаа дептери № 2.

7. Талаа дептери № 3.

УДК: 161.201.3

Эсенаманова Ж.Ж.
К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин аспирант, E-mail: jibekesen@gmail.com

ИДЕНТТҮҮЛҮК, ИДЕНТТЕШҮҮ ЖАНА ИДЕНТТЕШТИРҮҮ КОНЦЕПЦИЯЛАРЫНЫН ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ПРОБЛЕМЫ КОНЦЕПЦИЙ ИДЕНТИЧНОСТИ И ИДЕНТИФИКАЦИИ

THEORETICAL ISSUES OF IDENTITY AND IDENTIFICATION CONCEPTS

Аннотация. *Аталган макалада идентүүлүк, идентешүү жана идентештирүү феномендеринин теориялык негиздери каралат.*

Түйүндүү сөздөр: *идентүүлүк, идентешүү, идентештирүү, жарандык идентүүлүк ж.б.*

Аннотация. *Статья посвящена теоретическим основам феноменов идентичность и идентификация*

Ключевые слова: *идентичность, идентификация, гражданская идентчиность и др.*

Annotation. *The Paper is devoted to the Theoretical Basics of the Identity and Identification Phenomena.*

Keywords: *identity, identification, civil identity*

Идентүүлүк. Кээ бир изилдөөчүлөр идентүүлүктү агартуудан кийин пайда болгон көрүнүш катары айтышса да идентүүлүк көрүнүшүнүн өтмүшү коомдук жактан да психологиялык жактан да терең тарыхты камтыйт. Тарыхтын ар кандай замандарында үстүртөн же ар кошкон, жаралуудан же кийинчерээк жетишилген идентиктер алдыңкы планга чыга алат. Мындай абал коомдордун баалуулук түрлөрүнө, өнүккөн деңгээлдерине, ал коомду кызыктырган жана алар алектенген тармактарына карата өзгөрөт. Бирок факт болгон нерсе сөз жок ар бир кишинин идентиги бар экендиги. Мисалы, бир кишинин жашаган жеринде эң үстүртөн маалымат ала турган болсок баланчанын уулу, кызы, же баланча жердик, эгер теги жөнүндө эч бир маалымат болбосо ал киши ал жерде чоочун деп эсептелет. Мындай көрүнүш адамзаттын баштапкы чагынан бери ушундайча уланып келүүдө. Анткени идентүүлүк таануу жана таанылууну камсыз кылган негизги курал болуп эсептелет. Таануу жана таанылуу муктаждыгы болсо адам коому бар болгон ар жерде сөзсүз түрдө бар [1. 5-32].

Концепция катары идентүүлүк, жамааттык таандыктарынан башка, арзуларыбыз, кыялдарыбыз, өзүбүздү көрсөтүү, жашоо, байланыш куруу-таанылуу сыяктуу жашоодо ээлеген ордубузду билдирген сапаттардын жыйындысын түшүндүрүү. Кишилик, «кандай бири» суроосуна; идентүүлүк болсо «бул ким» суроосуна жооп берет. Физикалык жактан алганда ден-соолук факторлору, биологиялык мурас жана башка факторлор менен бирге эле бардык социалдык факторлор, мендиктин түзүлүшүнө салым кошушат (ошондо эле).

Идентүүлүк – инсандын ошондой эле улуттун, калктын башкалардан айырмаланган же бирдейлигин сезе турган сапаттарынын, ишениминин, идеясынын жыйынтыгы. Инсандын же улуттун бул өзгөчө сапаттары, ишениими жана идеясы алардын маданиятына, т.а. анын цивилинин деңгээлине, өзгөчөлүгүнө тиешелүү [2. 159].

Идентүүлүк – адамдын бардык мүнөздөмөлөрүнүн бир структурага келтирилген синтези жана ал өзгөрүлүп турган дүйнөдө субъективдүү прагматикалык ориентациянын натыйжасында аныкталып өзгөрүлөт. Идентүүлүк түшүнүгү жакынкы убакытка чейин колдонулган эмес, анын ордуна «өзүн-өзү таануу», «өзүнөзү аңдап-түшүнүү» ж.б.у.с. түшүнүктөр колдонулган. Аталган термин илимий чөйрөдө акыркы жылдары гана кеңири колдонула баштады, бирок али да болсо бир жактуу так аныктама берилбей, мааниси ачылбай, коомчулукка түшүнүксүз болуп келе жатат. Батыш мамлекеттеринде бул термин популярдуулук менен колдонулуп, бүгүн түшүнүү аппаратынын үзгүлтүксүз

атрибуту болуп калууда. Иденттүүлүк бул субъективдүү чындыктын негизги элементи болуп эсептелинет жана коом менен ар дайым тыгыз диалектикалык байланышта жүрөт.

Иденттүүлүк социалдык кубулуштар аркылуу түзүлөт. Ал түзүлгөндөн тартып өзгөрүлүп жана социалдык кубулуштар менен кошо кайрадан жаңыланып, толукталып турат. Иденттүүлүктүн түзүлүшү менен байланыштуу социалдык кубулуштар – социалдык түзүлүш менен детерминацияланат жана тескерисинче акыл-эстин, индивидуалдык аң-сезимдин жана социалдык түзүлүштүн катышы менен түзүлгөн иденттүүлүктөр - берилген социалдык түзүлүштү колдоп же өзгөртүп дагы коёт.

Иденттүүлүк – бул адамдын же топтун өз иденттешүүсү (идентификациясы), бирок чындыгында иденттешүү сени башкалар кабыл алуусуна чоң таасир тийгизет деп белгилеген америкалык окумуштуу Самюэль Хантингтон (Хантингтон., С. 2004:53). Анын көз карашы боюнча иденттүүлүк өзү менен башкалардын ортосундагы айырманы кабыл алуу дайыма эле атаандаштыкка андан өтсө жек көрүүгө алып келбейт. Бирок ким психологиялык жек көрүү муктаждыгынан алыс болсо душмандын болуусуна алып келген процесске шарт түзөт. Иденттүүлүк айырмалануу (дифференциация) талап кылат. Акыркысы өз кезегинде «биздин» топ «алардын» тобунан айырмалануучу белгилерди бөлүү менен салыштыруу талап кылат. Салыштыруу баалоону жаратат: «биздин» белгилер «алардын» белгилеринен жогорубу же төмөнбү? Топтун эгоизми логикалык жыйынтыгына алып келет: бардык эле жерде «биздин» болушунча жогору. Ал эми канчалык башка топтордун өкүлдөрү аналогиялык образда сындашат, чатакташкан көз караштар атаандаштыкка алып келет. «Биз» «биздин» деп чакырык ташташ керек, «алардын» үстүнөн коюу керек. Атаандаштык ичке иденттүүлүктөрдүн кеңейүүсүн жана антагонизмге алып келип, бир фундаменталдуу иденттүүлүккө жеткирет (ошондо эле).

Самюэль Хантингтон элдердин алдында өз иденттүүлүктөрүнүн бай, чексиз тандоо мүмкүнчүлүгүнүн булагы тураарын белгилеген. Алардын көбүрөөк маанилүүрөгү төмөнкүлөр:

1. Аскриптивдүү - жаш курак, жыныс, кандык туугандык, этникалык жана расалык таандыктуулук;

2. Маданий–туугандык, уруулук, тилдик, улуттук, диний, цивилизациялык таандыктуулук;

3. Территориялык – жакынкы чөйрө, айыл, шаар, провинция, штат, регион, климаттык зона, континент, шаарча;

4. Саясый - фракциялык жана партиялык (кеңири маанисинде – кликтен коомдук кыймылга чейин);

5. Экономикалык –жумуш, кесип, кызмат, жумушчу чөйрө, лидерге берилгендик, кызыкчылыктар тобу, идеология, мамлекеттин кызыкчылыгы;

6. Социалдык – достор, клубдар, командалар, коллегалар, көңүл ачуучу компаниялар, социалдык статус (Хантингтон С. 2004:57)

Алгачкы жолу психиатр жана психанализчи Эрик Эриксон иденттүүлүк түшүнүгүн 1950-жылдары илимий адабиятка киргизген. Адегенде анын эмгектери негизинен профессионалдык психологдор арасында белгилүү болгон. 1950-жылдардын соңунда, ушул кезге чейин уланып келген социологдордун жана антропологдордун кызыгуусун арттырган. 1970–1980-жылдары Эриксондун пикиринин аркасында, иденттүүлүк дисциплиналар аралык билим категориясы макамына ээ болот. Э. Эриксон иденттүүлүктү үч негизги багытка бөлгөн: 1) иденттүүлүктү сезүү; 2) иденттүүлүктүн калыптануу жүрүшү (процесси), 3) бул жүрүштүн жыйынтыгы катары иденттүүлүктүн натыйжасы. Иденттүүлүк проблемасы алгачкы жолу анын жазууларында жана бир гана кишилик иденттүүлүктү таануу, белгилөө максатында көрүлөт (Эриксон Э., 1996:7-9).

Окумуштуу Л. Сильверстейн психоаналитик Э. Эриксон сыяктуу эле, иденттүүлүктү ата-энелик мамиленин, жүрүм-турумдардын, энелик мээримдин, көрүнүштөрдүн жана баалуулуктардын индивид тарабынан өзүнүн жеке инсандык сапаты катары өздөштүрүү жөндөмү деп сыпаттайт. Индивид ата-энелердин, мындан сырткары жакын адамдардын инсандык өзгөчөлүктөрүн өзүнө кабыл алат. Иденттүүлүк – белгилүү жүрүм-турумдун калыптануусун жөнгө салуучу күчкө ээ болгондуктан, аны позитивдүү механизм деп айтууга болот деп белгилеген (Пучков А.С.,2010).

Н. Лумандын эмгектеринен да социалдык системалардын өзүн-өзү уюштуруусуна арналган, системалардын өзүнө-өзү окшоштукка ээ болуу механизмдери жөнүндө жалпыланган пикирлерди табууга болот. Ал, алардын ар биринин типологиялык таандыктыгынан көз карандысыз эле, жашоого жөндөмдүүлүгүн сактоо үчүн, курчап турган чөйрө менен дал келүүчүлүгү жана өзүн-өзү рефлексиялоосу абдан зарыл экендигин баса белгилеген (http://www.soc.pu.ru/materials/golovin/reader/luhmann/r_luhmann1.htm). Мындай механизмдин аракети өзүн-өзү окшоштуруу катарында чөйрөгө болгон мамилесин айырмалоону камсыздайт. Дал ушундай эле, мен-иденттүүлүк да ар бир өзүн-өзү сунуштоодо өздүк ички түрткүнүн негизинде сыртка чагылдырылат.

